Суранчы Жетимишов

# КОЖОМКУЛ САЯПКЕР



Ош – 2015

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-8
Ж – 85

Ж - 85 С.Жетимишов «Кожомкул саяпкер»
Ош, 2015 240 б

***Китепти каржылаган***
***Кожомкулов Рамазан Бурканович***

ISBN 9967-22-728-8

Кыргыз эли байыртан эле төрт түлүк малдан жылкыны өзгөчө кастарлаган. Анын сын-сыпатына өзгөчө баа берип, сырын билип, таптап-куштап, оюн-зооктордо, дегеле жашоосунда өзүндөй ишенип «ат адамдын канаты» деп аздектеген.

Чыгармада жөнөкөй айылдык адамдардын жылкы сырын, канаттуу-куштардын табын таап, «тил алдырып», турмушта аларга таянган өзгөчө өнөрлөрү жөнүндө баяндалат.

Ж – 9967-417-13-15
ISBN 9967-22-728-8

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-8
© С.Жетимишов, 2015



## Эрке тай

Кыргыз баласы жылкыга жакын. Анын жөнү, тоолуктун баласы эс тарткандан ээрге отуруп, ат бастыргандан атасынан тизгин талашып, «Өзүм бастырам» деп, басыгына алымсынбай, жортуп берсе, борсулдап күлүп, кубанычын аттан таап, айтоор, өспүрүм кезинен жылкыга жакын болуп өскөнүнөн окшойт. Тоолуктардын жашоосун жылкысыз элестетүүгө болбойт. Анын үстүнө, ата да баласын эртели-кеч келгенде атка өңөрө коюп, мал тосуп, чыргоолонсо атка мингизе, алаксытып жүрүп биротоло көндүрүп койгондой. Жылкы жаныбар да адамга жабыз, турмуш-тиричилигине эриш-аркак. Баскан, турганы кыял-пейили сүйкүм, сымбаты келишип, көркөмү башка. Башка малга окшоп чоочуркабай, ыгыңа көнүп, кол бала болуп, тил алчаактыгын айт.

Неси болсо да, адам баласынын барам деген жагына жеткирип, канчалык коркунуч болсо да кабылтпай, эчен азап-тозоктон алып чыгып кеткен жанажан жакыны. Учурган канаты, дегдеген санаты, чыныгы күйөрманы. Ошол себептен элде атка, жылкы баласына байланышкан, аны ардактап, кастарлаган ар кыл сөз арбын. Макал-лакап толтура.

Тоолуктардын жашоосу жылкы менен жуурулушуп кеткен. Бири-бирисиз жашай алышпайт. Желедеги кулун кезинен сырын да, сынын да билип, ошого жараша аны бапестеп барктайт, аздектеп асырайт. Буйурса жолго батпас жорго чыгат. «Дабан ашкан күлүк болот». «Ылдыйга минсе мүргүбөйт, өйдөгө жүрсө арыбайт». Деги эле, каалаган максатка жеткирер артыкчылыгын туюп, тайынан таптап, кунанында кулпуртуп, асыйында ардактап, ат болгондо маарага кошот. Ээсинин тилегин жаземдебей актаган аргымак анан барып, байлык, ырыскы, бакытты өзү менен кошо алып келет. Бир үйдү эмес, бир журтту баккан атакка келет. Элдин намысына жараган даңкка жетет.

Желедеги кулундун күлүк, ариетке жараган бийик болоорун тоолуктар кантип билет? Андай көрөгөчтүк көрүнгөн

эле пенденин колунан келе береби? Жок. «Акылман акылманды алыстан тааныйт» демекчи, жылкы баласына сырдана, сын-сыпатын, башкалардан өзгөчөлүгүн көрө билген көсөм, аргымактыгын аныктай алган акылман гана туят. Анын башкалардан айырмачылыгы баамчылдыгы, сынчылдыгы. Ал эми табына келтирип тапташ, алына жараша ардакташ саяпкердик өнөр. Ал күн сайын күлүк менен сырдашат. Өөнүнө өөн, көңүлүнө кир кетирбей, ашык болсо алып, кем болсо толуктайт. Казысына ашыкча май, өпкөсүнө карарган из, муунга түшөр сары суу, кардында каткан тезек калтырбай тазалап таптаган өнөргө кимдер гана суктанбаган. Ошол үчүн саяпкер делет. Качан гана таптаган күлүгүн, көксөгөн максатына жете суутуп, көңүлүнө ылайык кубатына келтиргенден кийин, көпчүлүккө көрсөтүп, байгеге кошот. Ошол ат-күлүккө ышкыбоз миңдеген ак көз, кара көз караламандын алдында тулпардын тулпардыгы, саяпкерин саяпкерлиги сыналат. Канча күндөрдөн берки даярдыгы, күн тынымын, түн уйкусун эчен бөлгөн мээнетинин акыбети айкындалып, ошол байгеде көрүнөт, өнөр баасын алат. Жеңип чыкса абийир. Жеңилип калса уят.

Кожомкул да жаш кезинен эле тайын тарап, колтук-башына чейин кашып, жумуштан колу бошогондо, эртели-кеч эрмектейт. Анысы да кашып-сылаганды жактырып, ээсин көргөндө алыстан чуркап келет. Жооштугун айт, жаныбардын. Төрт аягынын алдынан жөргөлөгөн бала тургай, ит өтсө да селт этип койбойт. Токум жаап, ээр тартып, барган жагына жетелеп алат. Кол чаначтагы суусундук, ээр каштa. Болжогон жерге жеткен соң, ээр-токумду алып, жүгөнүн шыпыра, бош кое берет. Өзү керээлден-кечке суу байлап эгин сугарат. Үйгө кайтаарда, каалаган чөптүн бүрүн тандап жеген тайы, чакыртпай өзү келет. Жайлы жайлата салкын төрдө, ээн-эркин оттогон эрке тай, күздө кунан сынына кирип, бою жетилип, мүчөсү толо, өңү өзгөрдү.

Түздөгү эгинди, беттеги бетегени эркинче кечип –аралап, эгиндин башын, чөптүн бүрүн тандап жеген тайды көргөндөр «Эрке тай кимдики?» деп жүрүшүп, ал «Эрке тай» атыгып кетти. Күздө эгин оруу, кызыл кырман башталып Кожомкул тайы менен таңды-кеч талаада. Чөп катып, сүтү чыккан арпа дүмбүлдөн өтүп баратканда аны тандап, үзүп жеш «Эрке тайга» адат болуп калды. -«Кой дээр» Кожомкулу анын оюна койгон. Салкында оттоп келип, тунук булактан суусунун кандырат. Күздүн күнүнүн ачуу тийген табынан качып, топ теректердин көлөкөсүндө, аркырап жүргөн тоонун желине магдырап, же чедирейген

курсагын күнгө кактап уйкуга кетет.

Кечке тынбай оттогон тайдын курсагы челкийип, куйрук жалы тикеленип турат. Эрте менен анча-мынча суусундук кана жонуна салынбаса, оор жүк артыла элек. Аңыздын эгини тартылып, кырманга жыйылган соң, кынык алган «Эрке тай» теминден чыккан арпадан искейт. Тиштерине тыгылаар, ууртуна сайылаар кылканы жок арпа, ага аябай жаккан окшойт. Как чөптү оттобой, кырмандан каалаганча арпа жейт. Аны айдаган эч ким жок. Карды тойгондо өзү басып кетет. «Эрке тай» эркелеп жүрүп «ак төөнүн карды жарылган» берешен сары күздү өткөрдү. Жыйын-терин аяктап, күн суугуна айланып, эртели-кеч, боз кыроо-шак түшкөн маал келди. Эл түгөл жайлоодон кайтып, аш-той, оюн-зоокко даярдыктар көрүлүп, аттарды таптап, сууту башталды.

Мурунтан кыялында барбы, же элди көрүп ээликтиби, айтоор, Кожомкул да «эрке тайын» аса байлап, ичин тарттыра, суута баштады. Эртели-кеч отту үнөмдөп салып, көбүн эсе, ачка коет. Отко коердо сугарып келип, чөп салаарда «эрке тайы» кадимки чоң аттай болуп оонап алат. Анан да, аш-баш дегичекти алдындагы чөптү күрсүлдөтүп сугалактык менен заматта жеп, «дагы барбы?» дегенсип окуранып калат. Улам-улам от салса, чөп түтпөгүдөй. Эрте менен кечинде, ченем менен от берип, калган убактарда аса байлап койчу болду. Он беш, жыйырма күнгө жетпей «эрке тайдын» ичи тартылып, жоон сандардагы булчуңдары билине баштады. Чен-өлчөм менен от жеген семиз тайдын сыны чыгып, кунан сыпатындагы тулкусу, келишимдүү ат болоорун айгинелеп турду.

Эртели-кеч жоош тайын минген Кожомкул айылдан алыс барып кайтат. Эттүү тай, алгач азыраак жүргөндө терлеп, муундары титиреп, шайы кетчү. Чарчаганы билинчү. Күн өткөн сайын, баягы аралыкты басып келгенге тери азайып, муундары титиребей калды. Ичи тартылган сайын кубатына кирип, жүрүшү шайдоот. Жумшак жерди ныгыра-ныгыра басат. Бакбаяк муунагы кыйла эле кубаттанып, сүмбөдөй туяктары тегиз өсүп, байбелчек, толорсуктары тартылып, шадылуу ат сымал, аяк шилтеши ишеничтүү.

Күндө эле тайы менен алек болуп, түйшүктөнгөнүн байкаган Майрам эне, баласынын оюн билейин деп, жанына басып келди. Тайынын жал-куйругун тарап, кашып жаткан уулуна суроо салды.

- Тайыңы эмне, суутуп жатасыңбы?

Эч кимге айтпаган сырын энеси билип алганын туюп, башын көтөрбөй, мукактана:

- Ooба.

- Эмне, байгеге кошосуңбу?

- Жо-ок. Жөн эле, таптап көрөйүн дедим эле.

- Ooба, ooба. Жылкы баласын табына келтирип, минген жакшы.

Атайлап келип, тайынын абалына көңүл бурган апасына кызыга суроолуу тиктеди. Төрт чарчы, сөөлөтү келишкен апасынын келбети дале сындуу, карыганы али билинбейт.

- Кана, тайыңдын туяктарын көтөрчү? Оозун аччы? Дурус Эрке тайыңды жайы менен эркине койдуң. Күздөн бери ичин тарттырып суутуп жатасың, деги бир нерсе чыгар бекен?

- Билбейм. Чыгабы дейм.

- Чыккыдай. От-жем жешинде айыбы жок. Басканы кубаттуу, оңойлук менен чарчабайт. Көп чаап күйүктүрбө. Акырындап көнүктүр.

Шумдук. Апасынын айтып тургандары түгөл туура. Бар балээнин баарын билет окшойт. Сууту канганын сурасамбы, же сурабасамбы? Анда «Суутуп жүргөн сен билбесең, үйдө отурган мен билемби» десечи. Уят болбоюн. Дагы эмне дейт экен,-деп Кожомкул апасына жооп узатты.

- Көп чаппайм. Бирок, бир элирип алса токтобойт.

- Жаштыгы, курчтугу. Жаштыгынан чарчаганын билбейт. Бирок, ачуу тери чыга элек экен.

Балээ бас. Өзүнүн ойлогон оюнун үстүнөн түштү. Аял башы менен аны кайдан билет?

- Ат суутуп, таптоо көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Бул чоң өнөр. Ат таптагандын баары эле саяпкер эмес. Анын эч ким билбеген сыры бар. Чыныгы саяпкерлердин колуна түшкөн кээ чобур, табы келишип, тулпарга айланат. Чала саяпкерге жолуккан тулпар, табы келишпей чобурдан калат-деп айткан аксакалдардын кеби зээниңде болчу.

- Ачуу тери алынбаган аргымактын сууту канбайт. Ачуу тери чыкпаса, аргымак күйүгүп өлөт дешкен аксакалдар.

Ачуу терин кантип алдырат. Терин кантип чыгарсам болот экен? Апаман сурасамбы деп, ойго чөмүлдү Кожомкул.

- Бүгүн, эртең ачуу терин алдырып көрчү. Тайыңдын дарамети ачык байкалат-деди апасы көзү каныk немедей.

- Аны кантип алдырам?-деди Кожомкул сырын жашырбай.

- Күндө кай жерден кайтып жүрөсүң?

- Тиги, Куку-Дөбөдөн.

- А, ал жер да оңор эмес. Чоң аттарга ылайык аралык. Сен

азыр жабууларды ыраста. Аз болсо түндүк жабууну кош. Аны камдап, даярдагандан соң, жөнө. Катуу барып, катуу кел. Токтобо. Сууту жетилип калыптыр күйүкпөйт. Жөнө! Аяба!-деди апасы.

Айылдагылар апасын, билермандыгынан «чоң байбиче» деп коюшчу. Бирок, жылкы жайын мынчалык билгенине баласы таң калды. Тоолуктар мал менен тиричилик өткөрүп, малдын сырын беш колундай билип, каныk болуп жашайт тура. Жо-ок. Аны билгени билет. Билбегендер толуп жатпайбы. Короосундагы желини толгон уюн, же бээсинин качан туурун билбей, агытып жиберип, анысы талаада тууп, каканагы жарылбай, же ийинге түшүп кетип, жалгыз-жарым калганда ит-кушка алдырып, төлүнөн кур жалак калгандарды көрүп эле жүрөбүз го.

Чарбадар апасы бүгүн кайсыл кой, кайсыл маалда тууйт. Кайсыл бээ, кай жерге барып тууйт, баарын билип, эскертип турат.

- Тигил уй бүгүн, түштөн кийин тууйт. Байлагыла!-деп, балдарына эскертип, көз салып турат. Апасы айткандай, так ошол болжогон мезгилде тууп, туңгагы алынып, ооз-кулагын сыдырып үйлөп, жаңы төлгө жаңы ууз эмизип, аман-эсен алып-калып жүрүшпөйбү.

Эмне, апасынын айтчуусу, колдоочусу барбы? Күн кайсыл күнү бүркөлүп, кайсыл күнү жаап-ачылары апасына белгилүү. Көчүп- конушту да, алдын-ала айтып, күндү болжойт. Бекеринен «билерман байбиче», «чоң байбиче» аталбагандай.

Жолду ката, ушул ой менен болгон Кожомкул тайын такыр аябады. Күндөгүгө караганда арбын тердеп, көл-шал болуп, көзү кана кургак калыптыр.

Апасы экөөлөп, эрке тайды жабуулап-кымтылашты. Ал аз келгенсип, туурдук жабууну ороп, бастырманын шамалдан далдоо жагына аса байлап коюшту. Кожомкул тайдын жанынан жылбай үймөк чөптүн үстүндө түнөдү. Таң кылайып, жер жарый баштаганда апасы келип жабууну алдырды.

Эрке тайдын үстүнөн булоолонгон буу көтөрүлдү. Тайды таанып болбойт. Тер жабуунун сыртына чыга түшүптүр. Тим эле эрмендин жытынан да ачуу тер чыгып, жүндөрү бири-бирине жабышып, сууга түшкөн чычкандай, тикирейген кирпиктери гана кургак калган. Эти ысып, жабуунун ичинде ысылаган денесине чыдабай жерди тепкилей берип, турган жайдагы кесектер майдаланып, тапталып калыптыр. Апасы суу болгон жабууларды жайдырып, тайды ары жетелетти. Тай тайтая тура калып, куйругун көтөрдү. Ачуу заарасы жерге куюлду. Акырга таза чөптөн

бир кучак салдырып, эрке тайды отко койдурду.

Андан он күн өтпөй, айылындагылардын бирөөсү баласын отуругузуп, эл чакырып сүннөт той берди. Аталарын ээрчишип, кунан минген балдар көп келишкендиктен, билермандар кунан чабыш өткөрөлү деп, жалаң кунандарды тандашса, саны отузга жетти. Кожомкул да өзүнүн эрке тайы менен катарга кошулду. Чогулгандардын айтымына караганда сүрөөнчүлөрдү, туурадан чыга калып тосуп, ат жыгар, кычылык кылуучуларды токтотмой болушту.

- Кунан чабыш таза болсун, эртеңки тулпарларды бир сынайлы дешиптир.

Ат айдоочу жалаң тай минген «чабандестерди» оңор эмес жерге алып барып, ээрлерин оңдотуп токутуп, басмайылдарын тарттырган соң, катарга тизип кое берди.

Ай-да. Күлүктөрдүн туяктарынан чыккан көп үн, дүбүрттөп эле жатып калды. Кыйкырык ызы-чуу. Жердин бети чаңып, үлгүргөнү алдыга оозуп, калгандары чаңга аралашып, түрүлгөн булут жер бетине тийип-тийбей учуп бараткансыды. Отуздан ашыктай-кунандын көрүнүшү да, көлөмдөрү да ар кыл эле. Кээлери аттай зор, кээлери тайдай чакан болуп, ээлеринин «бир сынап көрөлү» деген ойлору менен байгеге кошулган.

Чү деген жерден эле эки кунан, андан соң Кожомкулдун эрке тайы бөлүнүп чыккан. Тээ бир окумга чейин, эки кунандын куйругуна эрке тай эрмешип келди. Жер ыраактык кылдыбы, же кубаттары ошончо элеби, эки кунандын тең күүлөрү тайып эрке тай эшик төрдөй алдыга чыкты. Аны көргөн эки кунандын ээси, тепеңдеше аргымактарына кайра-кайра камчы шилтешип, өздөрү кошо жүткүнүштү.

Эки кунандан эптеп үзүлүп кете албай, эрке тай башын жерге сала арышын керет. Дүпө-дүп, дүпө-дүп, жер сабаган туяктар бирдей ташталып, бирдей ыргактагы аркыраган шамал тай күлүктөрдү аймалап, куйрук жалдарын сапырат. Жетип келчүү маара ары качып, күлүктөр анын артынан кубалап, такыр эле жетпөөчүдөй сезилет. Аркыраган жел тай үстүндөгү балдардын жүзүн аймалап, көздөрүнөн мөлт-мөлт жаш ыргыйт. Бирдей ташталган туяктар анда-санда жерге бир тийип, күлүктөр тим эле учуп бараткандай.

Күлүк үстүндө баратып, бир кылда, күлүктөрүнүн сооруларын сабап келе жаткан балдарды байкап, баягы аксакалдардын айткандары эсине түшөт.

- Күлүккө эгери камчы салыштын кереги жок. Тулпар камчысы

жок чуркайт. Камчыга сүйөнгөн күлүк, күлүк эмес. Качан гана маарага жакындаганда, же күлүктөр жанаша түшкөндө камчыны шилте. Ал күлүккө кубат, сүрөөн болбосо, күлүк жаны ачышып, шыбаган камчыга  алагды болуп, ыргагынан бузулуп, арышы кемийт дешкенин ойлойт.

Атаандаштар алмак-салмак камчы шилтешинен ачырканган кунандар, алдарынын келишинче чуркашты. Маарага чыккандан бери чай кайнам убакыт өткөн соң, баягы арыш кере аркасынан, куйрук улаш келе жаткан кунандардын кубаты кете баштадыбы, же эрке тай күчүнө кирдиби аларды аркан бою артка таштаптыр.

Зып-зып эте, жол четиндеги караган-бута, тоо-таш күлүктү ээрчий кошо чуркагансып, жанаша калат. Туягынан даңкан учкан эрке тайдын соорусунан Кожомкул эңкейе, улам-улам сылап коет? Элирип, этинен эми тер нымшып, чарчаганы билинбейт. Кайсы кунан келатат?-деп чабандес, аркасын дагы бир кылчая карады. Баягы, жанаша келе жаткан эки кунанды басып өткөн тору кашка менен чабдар жээрде кунандын кубаты далилдей. Алардын аркасында, саны канча экени билинбей топ күлүктөр көрүнөт.

Баскан жолду, алдыдагы аралыкты болжоп, «эми күлүктөр бириндейт»-деп ойлоду. Айткандай эле мурда топ-тобу менен куйрук улаш, бучкакташа келе жаткан күлүктөр, жол арбыган сайын биринен бири калып, улам тандала баштады. Анын үстүнө кунандар байгеге алгач кошулуп жаткандыктан, айрымдары катуу чуркап энтиге жолдон чыгып кетишип, кээлери күүлөнгөн бойдон токтоно албай,  алдыда баратканга урунуп, биринин туяктарын бири басып, же алдыда бараткандарга жакындаганда аң-дөңдөн жаңылып, ой-чукурду  көрбөй жаза басып, ала-сала мүргүгөндөрү да арбын болду.

Топтошкон элдин карааны Кожомкулга, анын карааны элге көрүнгөндө эрке тайга кубат бере кыйкырды.

- Айда, айда! Уу-уу уу-уйт!-деп алынын жетишинче кыйкырып, колун көтөрүп булгалады. «Эрке тай» ээсинин үнүнө элирип, алдыңкы туяктарына, арткы туяктары тийе кала, ыргыган таштай түйүлө-түйүлө жанын сабайт.

Тургандардын уу-чуусунан кулак тунат. «Эрке тай» «Эрке тай!». «Кожомкул, Кожомкул! «Эрке тай-Кожомкул» деген эле кыйкырык. Ат жетелөөчү аны той башкаргандардын алдына алып келди. «Соогат», «Соогат», «Соогат?» дешип жакындары кубанып жүрөт. «Эрке тай» эти кызып, элирип алган. Чуркап келгенгеби, же элдин чуусунанбы Кожомкул тайы экөөнүн тең денелери

титирейт.

«Чоң байбиче» эл алдына чыгып, баласына өзү бата тиледи.

-Уулум, элге кошулуп, эр жеткениң ушул. Өзүң адам бол, тайың аргымак болсун. Дайыма намыс алып жүргүлө! Оомийин!

Көпчүлүк ага кошула чуу эте бата беришти.

Үйгө келген соң эрке тайын момукка аса байлап, эс алдырды. Кожомкул соорундан эч нерсе алган жок. Тийген байгени той башкаргандар, айылдагы аба-аксакалдар түгөл бөлүп алышып, ырымга дешип, бир улакты берип жиберишиптир. Эртеси апасы аны сойдуруп, түлө өткөрдү. Ошол күздө айылдагылардын эрмеги Кожомкул менен эрке тай болду.

- Бу баладан, бир нерсе чыккыдай.

- Жаш эле туруп, тапчылдыгын айт.

- «Эрке тайда» иш бар.

- Табы келишпесе «эрке тай» эмес, кунандар да чыкпайт.

- Көрдүк го. Кунандарды артка таштады.

- Чаалыкканы түк билинбейт.

- Темир өпкө, жез канат окшойт?

- Бу, тапчылылыкты кимден үйрөнгөн?

- Ата-бабасынан калган.

- Жо-ок, тага журтунан. «Чоң байбиче» жөн адам эмес.

- Катын киши, жылкы сырын билмек беле?

- «Чоң байбичеге» он эркегиң тең келбейт.

- Кожомкулдун дээринде бар. Өнөрү күч.

- Көрөбүз. Кимдин кимдиги тез эле билинет.

- Оомадысы жүргөн бала экен.

- Ата арбагы колдойт деген ушул.

- «Эрке тай» баралына келгенде кантээр экен?

- Кожомкул дале балалыгында ушундай, эр жеткенде дагы бир шойкомдун үстүнөн чыгат.

- Чыгат, чыгат. Кеп-сөзү ордунда. Баамчыл. Эстүү. Бир укканын жаза кетирбейт.

«Чоң байбиче» уулуна «эрке тайды» эми эркелетпе деди.

- Келечеги ат болсун десең, кунанында бышыр. Аябай, катуу мин! деп табыштады. Себеби, элде: Жылкы баласын «тайында тапта, кунанында курут-жоош болот. Асыйында асыра-кийин ат болот»-деген сөз бекерден чыкпаган.

※ ※ ※

Ал жаш кезинен эле өнөргө шыктуу кармаган ишке ыктуу. Кайсыл ишти колуна албасын, өөнү жок бүтүрөт. Жүгөн, камчы

өрүп, ээр каптап, көмөлдүрүк, куюшкандарды тилеби, эп келише жарашып жатып калат. Куш түйүп, кылтак салууну эч кимден сурабайт. Тайган агытып, куш таптоодо да, ар дайым жолдуу. Көп кырдуу өнөрдүн баардыгы колунан келет. Айрыкча жакшы ат көрсө айланчыктап кете албай, имере тиктеп сынын сыпаттап, арык-торугун, кесел-кемтигинен бери айбын түк жаземдебей баамдайт. Бирок, биреөлөргө окшоп, тымпыйбай, ак көңүлдүүлүгөн салып айтып жиберет.

- Ата, табын бузуп коюптур, Майын чайнатып алыптыр. Жеми түшүп калган, Э, тели болгон экен да, А бул көракпаш экен, Ысык өткөрүп алган тура деп өзүнчө кобуранып, анан ээсине кеңешин берет.

- Сазга байла, Катуу чаппа, Агын суу кечир, Жемдебе десе, аны көргөн-билгендер.

- Бу, жаш эле туруп кайдан билет-дешип, аң-таң.

Тоолуктардын мүнөзү да, кызык, деги эле айылда эки адам жолукса,

- Ат көрдүңбү?

- Өңү -түсү кандай?

- Кайда жүрөт?-дешип, издөө салган малын, же жоготкон миңгичтерин сурашкандан соң, анан кол алышып, учурашышат эмеспи.

Кожомкул бала кезинде айылдагы аксакалдар жолуккан жеринен эле жылкы баласы туурасында кеп салышып, «Кай жердин күлүгү, кимдин жоргосу» экендигин айтышканын кулагына катып, ат ышкысына түшүп баратканын түк туйган эмес. Айылда өткөрүлүүчү улак тартыш-көк бөрүгө, ат чапкан байгеге үзбөй барат. Көргөн атты сындан өткөрчү. Балалык дүйнөсү менен күлүгү кайсы, чобуру кайсы - өз кыялында айырмалап, арык-семиздигине көңүл бөлчү. Эттүү, жакшы аттар сындуу көрүнсө, арык-торуктары көзгө комсоо болуп, ээсинин кимдигин айгинелеп турчу.

Күн алыс болчу улакта, тамаша көрүп отурган аксакалдар, аттарды байкашып кеп кылып калышчу.

- Тиги ойкуштаган карагер, кандай ат экен? Билесиңби?

- Улакчы экен. Баятан бери аттарга жеткирбейт.

- Ооба. Аягы жеңил экен.

- Улакка бекер чаап жатат.

- Анан эмне кылсын?

- Байгелик ат экен. Көп улакка чапса ат бузулат?

- Бузулат дегени эмнеси?

- Улакта кыска кайрып, улам токтойт. Анткенде, чуркап бараткан ат ыргагынан бузулат.

- Ии?

- Анан да, аяктуу жылкыга улактын салмагы түшүп тез чарчайт. Көрчү терлеп алыптыр. Эгер, ээси өпкөсү басыла электе сугарса барбы. Муздак суунун табы, кызыган өпкөгө өтүп, аты жөткүрчөк болот. Ысыган кан тамырлары барсайып, сыртына чыкчу болот.

- Тиги, четтеги чабдарды кандай дейсиңер?

- А чабдарды көп семиртип чаап, казысын айрып алыптыр. Эми көпкө чейин суутуу канбайт.

- Эмне кылса болот?

- Бир жайга чейин арыктатып, казысын оңдоп алдырыш керек.

Кожомкул улактын тамашасын көргөнчө, отургандардын ар бир сөзүн сая кетирбей угуп, алардын баамчылдыгына таңдана

- Мен да, ушулардай болуп, жылкы сырын билсем. Анан ат таптасам деп кыялданчу.

Ошол бала  күндөн баштап, атты таптап минишке, кызыга баштады. Айылындагылар бүт эле жылкы сырын жакшы билип, ат таптагандар.

- «Табына келген ат дайыма байгеде чыгат. А табына келтириш көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Ал үчүн табырка кылып, тажрыйба арттырыш зарыл. Ат таптоонун сырын үйрөнүш керек»-дешчү.

Айылдыктар кызык эле. Алдына салып айдап жүрөр жандыктары болбосо да, керүүдө бир ат байланып турушу тийиш. Ат болбосо адам жыланча сойлоп калат. Бутагы жок дарактай, же канаты жок куштай шалдайып, отуруп калат. Эркек адам үйүнөн чыгып, башка жакка бара да албайт. Анан да, той-тамашага барчуулар аттууну «жүр» дейт. Атың болбосо үй күчүксүң. Ары дөңгө чыгасың, бери дөңгө келесиң. Акырында үйгө кирип аялдын ишине, баланын оюнуна кийлигишип, аларды кошо жадатасың. Үйгө батпайсың. Улооң болсо, каалаган жагыңа бастырып көөнүң шайдоот, көңүлүң ачык. Эртели кеч, анын жал-куйругун тарап, соорусун кашып, отко коюп, сугарып, кечтин киргенин, таңдын атканын да билбей каласың.

Кожомкул кышы менен «эрке тайына» канчалык от берсе да, кынжыйып, арык чыкты. Ала-телек кыш кетип, ала-шалбыт жаздын башталышында  от жебей, көтөрүм болгондой ыргалып калды. Кожомкул апасы экөө кандай чара көрүшсө да «эрке тайдын» дартын таба алышпады. Кайра сакоо сырап,  от жебей

араң чөп ирмейт.

Айылдагылар:

– Тай көзүгүп калган. Тумар чийдирип, молдого окуткула! дешти. Айрымдары:

- Паланчанын көзү бар. Кийип жүргөн чапанынын этегинен пахта алып, түтөтүп жытаткыла!»-дешсе,

- Көз аткан кишинин бир буюмун алып келип көрсөткүлө дешсе

- Көз мончок куйдургула!-дешип билгендерин айтышты.

Күндөрдүн биринде бейтааныш жолоочу үйдүн жанынан өтүп бараткан экен. «Намаз окуп алайын» деп, Кожомкулдардын үйүнө түшүп калды. Ал атын алып, акырга байлап жатса жолоочу арыктап, сүлдөрү калган тайды көзү чалып

- Бу эмне болгон тай? Таза арыктаптыр?

- Билбейм. Канчалык от берсем да болбойт.

- Көзү тирик экен. Дарты бар.

- Эмне дарты болсун? Көзүктүбү дедик эле?

- Жо-ок. Көзүкпөйт. Токточу. Абдандап көрөлү-деп жолоочу тайдын ар жак, бер жагына өтүп карап, тумшугуна кол сунду. Мурдунан суу агып калганын көрдү.

- Кана, оозун аччы? И болду, болду. Дарты белгилүү.

- Аба, дартын айтыңыз? Айыгабы?

Жолоочу аны олурая, бир карады да.

- Айыгат. Дарты - ууру тиш чыгыптыр. Сакоо сыраптыр.

- Ал эмнеси?

- Жылкыда ушундай дарт болот.

- Аны эмнеге биз билбейбиз?

- Эми мындан кийин билип каласың. Иши түшпөгөн киши эч нерсени билбейт.

- Эмне кылалы?

- Мен даарат алып намаз окуюн. Сен курч кычкач, искана, балка тап. Анан, бышык кыл чылбыр алып кел!-деди да даарат алганы тамды айлана басты.

Кожомкулдун башы маң болуп, айткандарын тез эле алып келе койду. Жолоочу намаз окуп бүтүп, анын жанына келип.

- Бу кунан чыкмага, экөөбүздүн алыбыз жеткидей эмес. Каруу-күчү бар, бир-эки эркектерди чакыр.

Чочуп кеткен Кожомкул, эмне балекет болуп кетет деген ойдо.

- Эркектердин эмне кереги бар? Муну эмнеге жыгабыз?

- Соет дейсиңби? Айткандан кийин, аткара бер-деп ал үстүндөгү тонун чече баштады.

Кожомкул коңшуларынан бир-экөөнү чакырып келе койду. Жолоочунун айтканындай кылышып, «эрке тайды» жыгышып, чидерлеп, буттарын таңышты. Бирөөнө башын бекем бастырып, бирөөсүнө оозун кенен ачтырган жолоочу Кожомкулга тайдын тишин көрсөттү.

- Мына бул арсайып чыгып турган тишти, кыргыздар ууру тиш деп коет. Бул чыккандан баштап, жылкы баласынын башы каңгып ооруйт. Канчалык карды ачса да, бул тиш тоскоол болуп, чөп ирметпейт. Күн өтө берип, мал арыктайт. Акырында от ала албай, ачкалыктан өлүмгө дуушар болот. Арыктаган жылкы баласына илдет тез жабышып, көракбаш болуп, сакоосурайт. Ал көпкө чейин жарылбай жүрө берсе мал көтөрүмүнө айланып, өлүмгө учурайт. Кана, тилин кыймылдатпай кайрыгыла-деп «ууру тишти» кычкач менен кармап, исканаы балка менен тегиздеп ура баштады.

Талкаланган баягы тиш улам кетилип, кыскара берди. Тайдын башы бекем жерге ныгырыла басылып, тили кайрылгандыктан, ал онтоп, оор дем алып жатты. Кунан чыкманын оозу кетилген тишке, канга толуп, улам дем алуусу кыйындайт. Кожомкул ага боор ачып, иштин тез бүтүүрүсүн күтөт.

Жолоочу өз кызматын аткарып, четке чыга берди. Оор түйшүктөн бошонгон кунанчыкма, туруунун аракетинде улам жүткүнүп жатып, тура албай койду. Оозу канга толуп чыгыптыр.

- Эми, бошоткула-деди жолоочу.

- Көракбашын кандай кыласыз?

- Ал өзү айыгат-деди жолоочу.

- Кантип аба?

- Эми бир аздан от жейт. Бирок, тамагынан сакоосырап жута албайт. Андыктан арпадан жибитип, адырасынан атала кылып бер. Жара жарылса тез айыгат.

- Жарылбасачы?

- Жарылбаса кара май жыттат. Көк таш кой. Бир жумада оңолуп кетет-деп колун жууп, аттанууга камданды.

Кожомкул аны үйгө киргизип, даам таттырып, ыраазычылык менен узатып койду.

Айткандай эле кунан чыкманын сакоосу жарылып, улам отугуп, оңоло баштады. Кожомкул жылкы баласынын дартын билип, айыктыруунун жолун да үйрөнүп алды.

※ ※ ※

«Эрке тай» быйыл кунан болду. «Дарт жолборсту мышык

кылат» демекчи, сакоологонунан улам түгү тескери боло түктөйүп, дарманы кетип, илкий басып жүрдү. Аны көргөндөр

-Тай кезинде күйүктүрүп, табын бузуп койду дешсе, кээ бири

-Көзүгүп калды,

-Жаман-жакшынын көзү тийген, көзүккөнү ырас дешип, ар кими өз билгениндей сөздү айтып божомолдоп жатышты.

Апасы-«чоң байбиченин» айтымы боюнча Кожомкул кунанын жазга чыгаары менен айылдагылардын субайларына кошуп, алыскы жайыттагы салкын төргө агытып жибергени менен күндө ичинен тап, көңүлү коңултактап эси-көөнү талаадагы эрке тайында.

-Жылкылардан бөлүнүп калып, ит-кушка жем болбогой эле? Арыктыгынан кабакка тайып, кокту-колоттогу баткакка, же күрткүгө тыгылып калбаса экен! Ууру-кескиден, ит-куштан аман болгой эле? Учуп кеткенден сактай көр, кудай? –деп санаасы сан бөлүнүп санааркай, бушайман жейт. Көөнү алаң боло чыдабай тынчы кетет.

Анча-мынча мал кезип, барып-келгендерден сураштырат.

- Кунаның жүрөт.

- Деги, абалы кандай? деп жалбарыңкы сабыла тиктейт.

А тиги болсо анын кейпин көрүп тамашалап:

- Абалын сурай албадым-деп ичин күйгүзөт.

Дагы бирөөнөн сураса, ал малсаак-баамчылдыгынанбы, же анын көөнүн тындырайын дейби.

- Жайыт жаккан кунаның эми түлөй баштаптыр. Ала-телек кар баштанып, таакысы ар жеринде булаят. Баскан-турганы тың, көздөрү тирик. Жайыт жаккан экен деп, кулагынын кычуусун кандыра, түгөлдөп жооп берет.

Көрбөсө да, көөнү тынгап Кожомкул эрте жазды кош айдоо, эгин себүү менен алек боло күн өткөрүп, колу бошободу. Анан да, жерден ным кете электе тал-терек бутап, чырпык сайып, аны «мал сүйөнүп, сындырып, кабыгын аарчып, кууратып койбосун» деп кашалап, тосуп чыкты.

Жаз этектеп чөп боткоктоп калганда, атайлап барып «эрке тайдын абалын билмекке, жайлоого аттанды. Кунаны аны алыстан көрөөрү менен таанып, чакырбаса да кулагын тикчийте башын чулгуй жанына келип, мойнун акырын созо, ээсинин сунган колун тумшугу менен жыттагылап, улам түрткүлөй, жакын келди. Ал Эрке тайынын көзү-башын, жал-куйругун аяр сылап, кашыса анысы да сагынганын билдиргендей мойнун созо, башын анын мүрүсүнө арта, эркелеп тумшугу менен түрткүлөйт.

Жаныбар, эски даакысы түгөл түшүп, жаңы түк чыкканынанбы сымбаты келишип, чырайына чыга түшүптүр. Жааган жамгырларда жышылып, жаш тулаң чөпкө оонагандыктанбы үстү-башы жылтырап бир да чаңы, кири жок.

Сакоо жылкынын ылаңы оор кыштын суугунан, илешкек дарттын азабынан арыктагандыктан сөөктөрү оркоюп, саналган кабыргалары, чукурайган соорулары эт алып, көзүнө бир топ жылма көрүндү. Туяктары тегиз жетилип, сан булчуңдары чыга, түптүз буттарынын тамырлары айкын, даана көрүнөт.

Ал торбосуна алып барган тузду, кунанынын мойнуна илип, караган-буталардын каткан-куу бутактарын сындырып келип, «Эрке тайдын» денесин бир сыйра зерикпей аркы-терки кашып чыкты. Тартайган сөөк-саактуу денеси бир топ жетилгендей. Чиеленип түктүйгөн жал-куйругун курч жуушаң менен тегиздеп кыркып, бошогон торбосуна салды.

- Бар эми! Үйүрүң менен ойноп жүрө бер-деп соорусуна эркелете чапкылады.

Кунаны аны түшүнгөндөй, кылчак-кылчак карап жанаша жерде оттоп жүргөн шериктерин көздөй басты. Үйүрүндөгүлөр да аны күткөндөй, окурана кишинешип, баштарын серепчилешет. Кунаны тобундагыларга жакындай басып барып, кылчая ээсин тиктеп, кетсемби кетпесемби дегендей, токтой калды эле, ары жактан эки шериги келип, жал-куйругунун тумтуйганын эми көрө кошкуруша чочуркай жыттагылашты. Анан чапчыша түшүшүп, бышкырыныша баштарын чулгуй булгалай, бирин-бири акырын жалдан тиштешишип ойной башташты. Ээликтенген тайлар чогулушуп бирин-бири кубалай ойноп жатышты.

- Айт!-деп Кожомкулдун үнү зоңк этти. Бейгам турган кунан-тайлар селт этише, кулактарын тикчийтишип элейише, бирин-бири карап, кошкура үркүшүп, топтолуша түшүштү.

- Айт, Уйт!-деп тамашага чала, ал ээн коктуну жаңырта кыйкырды. Кунан-тайлар сүрүлө дүрбөшүп, дөңгө чыга кыр жон ылдый атырыла чуркашты. Кээлери эки аягын асманга серпе, кээлери эки колун өйдөгө көтөрө, кубалашып, оюнкарак балдардай болуп, тайраңдаша кең талаада атыраң сала ойношуп, биринен бири өтүп чуркап баратышты.

Эх, чиркин балалык ай! Ойноок кезең деген ушундай болот экен да. Санаада эч нерсе жок. Дүркүрөп учкан топ чымчыктай, ары-бери, болор-болбос шылтоо болсо, же бир нерсени көрүшсө топтошо калышып, таң калыша, анын эмне экенин билмекке, бирөөсүнөн бирөөсү өтүп, кеп талашышып, билгени билбегенин

шылдыңдашып, ага анысы түк таарынбай, кайра эле кубалашып, атыраң ала, эркин чуркашып, кээлери тоңкочук атып, кээлери желдей атырылып, ага жетем деген кыял менен бир топко чейин күйүгө чуркашып, анан жеткен жерлеринде жата кала кең асманды тиктеше, кулачтарын кенен жайышып, кыял кучагына бой ташташат. Анан да бирөөсү тура калып

- Эй, эй! Асманды карагылачы. Тээ-тиги, бүркүттүн учканын көрдүңөрбү?

- Кана, кана?

- Тээ-тигине.

- Ой жалганчы. Жок.

- Тигине, тигине.

- Ооба, ооба. Көрдүк, эмне экен?

- Мен биринчи көрдүм.

- Мен биринчи көрдүм.

- Көрсөң эмне экен?

- Мен ошол бүркүттөй болом.

- Боло албайсың!

- Болом.

Экөө жакалаша түшүшүп, үчүнчүсү келип ортого түшүп, анан ары жакта бирөөсү

- Ээй, тиги булутту көргүлөчү?-десе баары, ал көрсөткөн жакты жапырт карашып, ар кимиси, ар нерсеге окшоштура талашып киришет. Көк асмандын бетинде эркин сүзгөн булут, улам жылган сайын тири укмуштай сүрөттөргө окшошуп, ар бир баланын кыялында, ар кыл буюмдарга окшошуп, көркү, көрүнүшү менен көрком дүйнөгө айлана берет. Балдар дүйнөсүн өзүнө тарткан сыйкырдуу булуттар улам ак карлуу чокуларга жакындаган сайын, шамалдын эпкинине туруштук бере албай чачылган жүндөй сапырылып, сынынан кетет. Заматта көргөн «керемет дүйнөсүнөн» айрылган балдар анан оорун которуштура дагы бир жактарга топ чымчыктай дүр чуркашып, дагы бир оюнга алаксый кетишет..

Балалык ай, балалык! Кечтин киргенин, курсактын ачканын, кийимдин жыртылганын билбей, бардык нерсени эстеринен чыгарыша ойноп жүрө беришет.

Кожомкул кунанынан улам, балалыгы эске түшүп, ой түбүнө чөмүлө кетти. Атасы Мусадан үч бир тууган. Кожомкул эң улуусу. Андан соң Жунус менен Калдыбай. Калдыбай атасы өткөндө төрөлүп аты Калдыбай коюлган. Бир үйдүн түйшүгү балдардын эң чоңу Кожомкулдун мойнунда.

Апасы салт боюнча жан шериги Муса өткөн соң, кайнагасына башы байланган. Ал бардык ишти өзү тескеп, бир үйдө эмес, бара-бара бир атадан таркагандар арасында «билерман» атыгат. Айылдагы жаман-жакшылыкта, той-топурда улуулардан калган салтты улап, ага өзгөчө маани берүү менен эл арасындагы каада-расмилердин эрежесин бузбай, келим-кетим барыш-келиштин ариетине тикеден тик туруп, зыйнатын кылат. Журт кадырын өзгөчө баалаган Майрам эне, паам-парасаттуулугу менен оозго алынган. Анын айтканы айткан, дегени деген эле. Айылдагылардын эч ким ага таарынбайт. Анын ыгына көнсө, иштин баары оң жагында. Кокустан эле «өз билемдик» боло калса, таарынмай-урунмай, кем-кетик чыгып, жөн бараткан иштин ашбалтайы чыга чырга айланат.

- Кокуй, «чоң байбичеге» чуркагыла?

- Ага масилати жок иш кылсаңар, ушундай болот?

-«Билерман энеден» сурагыла?-дешип, көпчүлүк дүргүп калат.

Майрам эне кеткен кемтикти угаары менен, «-Тигини тигиндей. Муну-мындай кылгыла!»-дегенде эле, иш жайына келип, тополоң тынчыйт. Ошентип «билерман эненин» кадыры үйдө эле эмес, айылдан ашып, бир журтка жеткен.

«Эрке тайдын» келишине да, Кожомкулдун ага ээ болушуна да энеси себепкер. Баштагы жылы Майрам эненин төркүнүндөгү жакындарынын бирөөсү өтүп, кабар келгенден соң уулун ээрчитип, батага барат. Айылдагыларга көз көрсөтүшүп, кайтышаарында энесинин бир тууган инисинин эшигине телчигип калган кулун келип, улам эргелчекке башын кашып, алыс кетпейт.

Кожомкул таңыркай, чыгып караса, жаш кулун жакын келип, «бир нерсе берет» дегендей, улам колун жыттайт. Жонун сылап-кашыса, анын колтугуна башын катып, түрткүлөй берди. Жээн-тагаларынын балдары менен ойнобой, эси-көөнү кулунда болуп, бири-бирине эркелешип кечке чейин ажырашкан жок. Кечинде кулунду бастырмага алып барышып, отко койгон аттардын жанына байлашты. Кожомкул жатканда да кулунду эстеп уйкусу бөлүндү. Эртеси кетүүнүн камындагы меймандар аттанамак. Эрте менен сыртка чыгышканда, аларды күтүп тургандай, сагалап келген кулунга карпа-күрпө бет келишти.

- Бу кулундун энеси жокпу? Такыр үйдүн жанынан чыкпайт-деп Майрам эне бир тууганынан сурай кетти.

- Энеси бийик беттен учуп кетип, кулун жетим калды.

- Башка бээге телиген жоксуңарбы?

- Башка бээ алса да, кулун эмбей койду. Балдар нан берип үйрөтүп койгон экен. Кол бала болуп, кетпей, жүдөтүп да бүттү. Жайлоого берип жиберели десек, эки-үч күн жолдо жүрүп, ачка калгыдай. Эмне кыларды билбей турам.

Кожомкул үйүр алышкан кулунду таштап кете албай, же тагасынан сурай албай турган. Үй ээсинин сөзүн угуп, калп эле жөтөлүп койду. Баамчыл эне кече күндөн бери баласынын кулунга имерчиктеп жүргөнүн туйган эле. Уулунун калп жөтөлгөнүн баамдап, карай койсо, уулу да оюн айта албай, кабак чыта кысынып турганын баамдады. Тагасы да, аны ичтен туйганбы, жээнине көңүл буруп:

- Э, жээним. Ушул тайды берсем, алып кете аласыңбы?

Оюндагыны айттырбай билген тагасына ыраазы боло, сүйгүнчүктүү тиктей мулуйду. «Көтөрүп болсун да алып кетем» деп ичиндегини айтмак болуп, кайра тартынды.

Маакул, же жок дебей, дулдуйган уулунун, көңүлү бар экенин туйган эне

- Тагаңа ырахмат дебейсиңби?

- Ырахмат. Алып кете алам-деп, сырын жашырбай Кожомкул маңдайы жарыла сүйүндү.

Жээн келсе, тага журту энчи берүү илгертен келген салт. Аны эч ким танбайт. Ар бир пенде баласы аны илгертпей билүүсү керек. Белек берген таганы, жээн кантип ыраазы кылат. Ал жээндин иши. Апасынын бир тууганы, анын да бир тууганы. Демек, ага өмүр бою кызмат кылуу милдет. Тага журтуң өз журтуңдай сыйлоого жээн башын сайып кызмат кылат. Жээндин сураганын бербей кою деги эле салтта болгон эмес. Ошондон элде «Жээн келгиче, жети бөрү келсин» деген лакап бар. Жээндин суроосун аткаруу шарт. Анын көңүлүн калтырбоо тагага милдет. Аны элдин баары жакшы билет. Ошентип, жээн тагаларынан жолдуу кайтты.

Жолду ката тай жетелеген эне-бала кобурашып бир топ жерге жете келишти. Аяктуу мингичтерден калбай-кээде жортуп, кээде жол жорго сала, кулун жетекте жакшы жүрдү. Улам, сындуу кулунду кылчактап, карай берген баласына «Мойнуң талыйт»-деп айтпаса да да, негедир ичи элжирей, «Атасы тирүү болсо, боору бүтүн болбойт беле» деп бир чети боору ачый, уулунун кудуңдаган кубанычына кошула эненин жүзү тамылжыйт. Мерчемдүү жерге келгенде, эне уулуна кайрылды.

- Аргымагыңды эс алдыр. Кейкейе жетеленип жүрүп, желкеси да талыды окшойт.

Сөз өзүнө карай айтылганын туйган уулу, шап түшө кала, үзөңгү боодогу кулун байланган жипти бошотту. Бая үйдөн чыгаарда аркандын бир учун жетегиндегиге нокто чала коюп, жакшы кылган экен. Болбосо тоо бетиндеги ой-чукур, жаман жол, орчук-бурумдарда, ат арымынан адашып, мүргүп, мойнунан байланган жаш кулун муунуп калмак.

Ал кулундун мойну-башынан, кулагынан кашып эркелете:

- Чарчаган жоксуңбу-дегенче жонуна чапкылады.

- Эми ноктосун шыпырып ал. Сага үйрөнгөн кулунуң эч жакка кетпейт-деди энеси.

Бүт тиричилигин өмүр бою мал менен өткөргөн тоолук, малдын пейил-куюн жатка билет эмеспи. «Адам сүйлөшкөнчө, жылкы жытташканча» демекчи, бир көрүп, жаңы учурашкандан баштап, адам да, жылкы да тил табыша, үйүр алышат. Бошонгон кулун энеси айткандай эле, эч жакка кетпеди. Жашаң чөптүн бүрлөрүнөн тандай терип жеп, анда-санда бышкырына, башын чулгуй чоочуркаганы билинбейт. Тып-тып чөп үзүп, бырт-бырт күрмөй, чайнаган кулунга көңүл бурган Майрам эне эми чындап саресеп салды. Буйурса кабелтең ат болгудай. Жылкы баласы баары эле сымбаты келишип, кулун чагында жорго болот. Анан кийин барып, жортогу да, жол жүрүштүүсү да, тойго минчү сымбаттуусу да, ишке минчү чобуру да, аздектеп, карап-асыроодон аныкталат.

Көбү билип, билбей багат десе, жем-чөптү көп бере берип, кам семизине айландырат. Анан сууй элегинде чапкылай, катуу минип, күйүктүрүп, биротоло керектен чыгарат. Майын чайнаган жылкы табын билбесе ошол боюнча, азали оңолбойт. «Ач арык» болуп жүрө берет. Мингичине маани бербей отко, жемге тойгузбай, барган жеринде каңтара асып коюп, же кыска кыл чылбырды аягына бөгөжөлөп, тартып коюп, өзүнүн камы менен кымыз уулап, дуу-дуулап жүрө берген адам ат кадырын эмес, өз кадырын да билбейт. Учуру келгенде, шашыла ачка атты мине калып, чаап жүргөн шалакылардын мингичине ысык күндүн табы өтүп, катуу мингенден күйүгүп, ачкалыгынан аты жилбик боло муунунан тайыйт. Андай ат азали семирбейт. Жонунан жоору, көзүнөн шору кетпей, ичи ичине кабышып, эти сөөгүнө жабышып, ийне жеген ит баштанып илмейип жүрө берет. Арык аттын басыгы бузулуп буттары чалыштай улам мүргүйт.

Кыргыз баласы адамдын ким экенин атынан тааныйт. «Ат сыйлаган жөө калбайт» демекчи атын бапестеп, куштап-таптаса талаада калбайт. Каалаган максатына жетет. «Аргымак

чапкандан өлбөйт, таптагандан өлөт» деген сөз бар элде. «Табын билбесе таалайлуу ат мукур, тапчыны алмашып кутул» деп айтылып жүрбөйбү. Ат таптоо да чоң өнөр. Күндө тындырбаган, түндө уйку алдырбаган малсаактын түйшүгү мол. Майрам эне аны беш колундай жакшы билет.

Уулу зирек. Адам эмес, аттын да кадырына жетерлик пейили бар. Иш кылуудан эч бир зерикпейт. Мына, азыр да энеси экөөнүн миңгичтерин заматта ооздуруктарын чыгара, куржун артынчактарын алып, белдерин бошото от алдырып жатат. Анан артынган куржундарды аярлай, секиге коюп, муздак булакка колун чайкагандан соң, апасы отурган жерге бир көпчүктүн өңүрүн төшөп, белиндеги курун жая сала, эт туурап, суусундукка кол чаначты көтөрө келди.

- Кана апа, шам-шум этели. Кардыңыз да ачкандыр?

- Өзүң ал уулум- деп шыпылдаган баласына эненин мээрими төгүлө, ичи элжиреди. Баласынын болгон дити кулунда.

- Апа, буйурса, кулунум жакшы ат болчудай, ээ?

- Болсун, болсун! Ууз сүткө тоюп, энесин кана эмди бекен?

- «Кулунун ээрчитип жүрүп, энеси учту» дебеди тагам?

- А, анда уузга тоюптур. Жаны бышык болот.

- Эмне ууздун пайдасы өтө эле чоңбу?

- Ооба, «ууз эмди» деген сөз ошонон калган. Адамбы, малбы- энеден азык алат. Ууз эмбеген бала, малдын төлү башка тамактан тез кубаттана албайт. Кандай чүйгүн азык болсо да, заматта аш кылып кете албайт. Эң алгач, эненин ууз сүтүн оозанган наристенин ичи тазаланып, туңгагы чыгат. Башка малга караганда да, жылкы баласы өзгөчө келет. Ууз сүткө тойбосо, же суукка урунуп калса, ичинде туңгагы катып, түшпөй коет. Аны чарбадарлар билип, мал төлдөөр замат энесин эмизгенге шашылышып түйшүккө түшүшө аракеттенишет. Мал талаада тууса да, уузун эмизүүнүн аракетинде болушат. Энеси да кам көрүп, төлүн тумшугу менен жөлөйт. Жаш төл да эптеп аягынан туруп, энесинин желинин аймалап кирет.

- Эмне эле жаш кулунга сары май берет десе, көрсө туңгагын түшүрүш үчүн окшойт?

- Ооба, ууз сүт эмген төлдүн, ичи жумшарып, туңгак муунак-муунак болуп түшөт. «Туңгагы түштү, эми турарына ишенемин» деп чарбадарлар бекер айтпаган.

Уузду көп ичкен, же желини сүттүү малдын төлүнүн ичи алынып, чычкактайт. Аны да заматта жылуулай койбосо, чычкактаган төл да аш казанына эч нерсе турбай, жалаңдап

ичегиси ирип кетет. Ошондуктан жаш тууган малды, жаңы төлдү илгертен эле 3-4 күнгө сак-сактап, өзгөчө камкордук менен көз салып карайт.

Майрам эненин айткандарынын баары туура. Айрыкча жылкы баласы, жаш кулуну опурталдуу. Андыктан-ээси, бооз бээни көз жаздымга калтырбай, үзбөй карап, тез-тез кабар алат. Бээ да тууруна жакын, өзү белги берет. Желинен сүт куюлуп, куйругун шыйпаңдатып, ичине имериле карап калат. Айтты-айтпаса ошол күнү кеч, же түнү, болбосо таңга маал кулундайт. Жылкы башка малдарга окшоп, жатып алып тууп, кулунун жалабайт.

Кулуну жерге түшөөрү менен бээ ордунан жылып, турат. Кулундун жаткан чарбысы калың болуп, караган-бутага, же чөңөргө илинип жарылбаса, түк жарылбайт. Аны билген карт бээлер, жаш кулундун денесин, ороп каптаган чарбыны, алдыңкы туягы менен чапчып жарат. Бул кезде этият болуп, ээси жете келбесе чарбынын ичинде кулун тумчугуп калышы да мүмкүн. Же чарбы ичинде аба жетпеген кулун чапчылап, ордунан сойлоп кетиши мүмкүн. Жаңы туума байтал бээлер аны билбей, кулунунан айрылып калат. Кулун улам жерге таканчыктайм деп, аракет кыла жыгылып-туруп, ийинге, же куурга, жар-ташка түшүп да кетиши ыктымал. Ал жерде кургабай суук өтүп, же ууз эмбей карышып калары бышык. Андыктан малсаак ээси-бээ тууру менен жете келип, чарбыны жарып, жаңы туулган кулундун оозу-мурдун, кулагын сыгып, дем алуусуна жардам берет. Жөлөп-таяп, кургатып, энесинин ууз сүтүн эмүүгө көмөктөшөт.

Астейдил көз сала этият карабаса кулун жылып, ийинге түшүп кеткен баласын таба албай, бээ түңүлүп, басып кетиши мүмкүн. Аны туйбаган, же билип-көрбөгөн ээси, тууган-туубаганын күмөндөп калат. Себеби, жылкы башка малга окшоп, куйругу канап, булганбайт. Желининен гана байкалбаса, эч жеринен белги билинбейт. Качан тууйт? деп, үмүт этип түңүлбөй, аңдып жүрө берет. Ал тургай, кулунун жоготкон бээ, башка байтал бээлердин кулунун имерип алып, кете берет. Анан ушул, мал төлдөгөн кезде ит-куш да малга тап. Жаш кулун-тай, козу-улакты энесинен жазгырып, карышкыр, түлкү, чөө бөрү, карга, кузгун, жорулар илип кетишет. Чарбадарлар жыл ичинде айрыкча төл мезгилинде күн тынымынан, түн уйкусунан кечишип, мал артында болушары ошондон улам.

Ошол күнү кеч күүгүмдө эне-баланы ээрчиген энчи тай айылга келген.

Ар бир адамдын басып өткөн жолунун өзгөчөлүгү, өзүнө

ылайык таржымалы бар. Майрам эне, айылына чоң эне, «чоң байбиче», «билерман байбиче» атыгып, алардын сыймыгына айланган эле. Төркүнү Коңурат болуп, нике кайып, Ак-Теректеги Боoбек байга келин болуп, анын уулу Муса менен баш кошуп, Кожомкул, Калдыбай, Жунус аттуу үч уул көрөт. Муса өткөн соң, кайнагасы Маматалига нике байланып, Акмат, Токтобай, Мамат, Үсөн аттуу балдарды төрөп, өстүрөт. Нарктуу байбиченин таалимин алган балдары, кийин эр жетишкенде Ак-Теректин ар намыстуу, колдорунан иш келген, эл жүгүн аркалаган азаматтардан болушат.

Майрам эне сөөлөттүү, тулку бою эркектердей болуп, төрт чарчысынан келип, айылындагы аялдардан өзгөчөлөнгөн кабелтең эле. Бир чети көлөмүнө карай «чоң байбиче» аталса, экинчиси сүйлөгөн сөзү өтүмдүү, үй-бүлөсүндөгү бардык маселени өзү бүтүрүп, орундуу сөз айткан акылмандыгынан улам айыл аксакалдарынан баштап, жаштарга чейин аны менен акылдашып, кеңеш сурашып, байбиченин масилети менен иш бүтүрүшчү.

Мээнеткеч байбиче күнү-түнү үй түйшүгү менен алек боло, жайлоодон-кыштоого, кыштоодон жайлоого көчкөндө бир баласын өңөрүп, бир баласын учкаштырып, Боoбектин жылкыларын сүрүп айдап, көч түйшүгүн мойнуна алчу. Балдарынын ар бирин турмушка бышырып, тиричиликтин түйшүгүнө аралаштырып, чарбадар болууга үйрөтөт. Бошоң болбой, чыйрактыкка, эч нерседен жалтанбаган кайраттуулукка тарбиялап, ак жүрүүнү талап кылчу.

- Бекер оокатка кызыкпа. Бирөөнүн буюмун алба. Чагымчынын тилине кирбей, өз оюңду орду менен тике айтууга көнүк. Улуунун кебине кулак түрүп, сөзүн бузба. Оюн түшүнүп, кеңеш береринде-алды-аркасына карай, пикириңди бышыктап айт. Кийин –соңгу айткан сөзүң, өзүңө тийип калбасын. Уккан пенде ынанып, сени менен ички сырын бөлүшкүдөй болсун-деп көп айтаар эле. Нарк-насили таза чоң байбиченин чарбадарлыгын, камдуу, букталуулугун үйрөнгөн балдары кийинки жашоолорунда, өздөрүнө чаң жугузбай ак ниет, адил, акыйкаттыкты өзгөчө баалаган адамдардан болушуп, элден абийир алышты. Урпактары уланып, уюткулуу журттун сыймыгына айланып жашап келе жатышат.

Боoбектин Мусадан башка Маматали, Кара, Эшимбек, Темиркул аттуу балдары болуп, алардын бардыгы чоң байбичеден кеңеш сурашып, масилет менен иш бүтүрүшчү экен.

Кийин алардан таркагандар «Боок уруусунун балдары» деп аталып калат. Баштуу үй-бүлөдөн тарбиялагандардын таасири айылга жайылат. Буларды сыпатына келтирип, сынына чыгарган «билерман байбиче» дешет, таанып-билгендер Майрам энеге кеңешке келчү. Айылдагы билерман байлары да, жаман-жакшылыкта, алыстан келген конокторду күтүүдө, аш-тойдо «чоң байбиче» менен масилет кылышчу.

Анын айтканын аткарышканда, эч кандай кынтыксыз бүтөөр эле-деп улуулар насаат кылып калаар эле кийинки жаштарга.

«Билерман эне» жылкы сырын жакшы билип, күлүк таптоону уулу Кожомкулга үйрөтүп, мөөрөй алышына себепкер болду. Боз үйдүн ичинде отуруп, сыртта бараткан жылкынын дүбүртүнөн кандай ат, күлүк чыгабы айтып берчү. Конок күтүп, балдарына ыр үйрөтүп, келин-кызды айланасына көп топтоп, чебер-уз колдуу келиндерди даңазалап, эркектердин үстү-башына кийчүү кийимдерди өзү ченеп, өзү бычып бергенинен улам билгендердин көбү ага келчү. «Билерман байбиченин» колунан жаралган кийимдер кылдат тигилип, башка айылдагыларды көргөн-билгендерди суктандырчуу.

※ ※ ※

Жазын жедирип, Кожомкул кунанын тутуп келди. Кадимки ат сынындай көрүнүп, аны жабагысы аябагандай кубандырды. Аяк артып жүрүп, чөп орокту да өткөрдү. Дүмбүлүнөн өтүп, кыяра анча-мынча кайракыдагы арпалардын алды быша баштаганда, айылдагылар орокко түшүштү. Айылдагы эр бүлө ынытмакташа ыроолошуп, колдошуп, орок оруп, боо байлаганда бири-бирине барыша кезек менен иш кылышат. Бүгүнкү орокчулук бириники болсо, экинчи күнү башкасына барышып, жалгыз киши беш-он күндө орчу жумушту, бир бирден бүтүрүшкөнчө, арпа тегиз бышып да, орулуп да бүтөт. Анан темин бастырып, кырман сапырыш. Алгоолонгон аракет көптүн күчү менен бир чети эрмектеше көңүлдүү болсо, экинчиси тез бүтүп, жыйынтыктуу болот.

Күз күрөшү түгөнүп, жыйын-терин бүткөндөн соң, ат таптоого кезек келди. Биринен-бири сурап, бирин-бири көрүп, табырка кылган айылдаштардын ар кими өз алынча аттарын таптай башташты. Кожомкул да баягы адатынча кунанын таң ашыра, тер алдырып, суутун келтире баштады. «Жаман атты, жакшы бакса тулпар болот»-демекчи, эртели-кеч тоолуктардын

короолорундагы тапталган миңгичтер башын чулгуй ойкуштап, үстүндөгү ээсинин тизгинди тартканына, ооздукту силккенине карабай моюн бербей элирип, ойноп-туйлайт. Ат сууткандар төрт-бештен болуп, топ-топко бөлүнүп алышып, ар кептен кобураша, эрмектешип, тээ алыска барып анан кайтышат. Кээде аттарынын оюна коюшуп, аяктарын жаза алкынтып, жарыша да коюшат.

Бирок, Кожомкул күн сайын бир калыпта күлүгүн жорттурса да, тизгин бошото чапкан жок. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт» демекчи айрымдарынын аттары эт алып, семиргенге кошкурушуп, бири-бирине жакындашканда жытташа, чапчыша калышып, же артын сала тебише түшүшүп, үстүндөгү ээлеринин колдорун эчен карыштырып, айлаларын кетирди. Кожомкулдун кунаны маңыроо көп дале тойгонуна элирбейт. Оозун бербей, ала да качпайт. Элирген улоолорунун моюн бербей алып качарын ойлоп да коюшпаган айрымдары шериктерин тамашалашып, шоктонуша, атка сала, оморолошуп, жол бараткaнда билдирбей атынын быкынына, же чурайына нукуп, камчы жаңсай коюшуп, жарышууга айласыз кылышат.

Ак төөнүн карды жарылган күз этектеп, элди жан алакетке түшүрө, баш көтөртпөгөн жумуш сээлдеп, тоолуктардын колдору бошой баштады. Аш-той да көбөйүп, күндө айылда кеңеш. Анда да, кеңешке шылтоолой чакан улак боло калып, айрым такымы кычышып, оюнга кызыккандар черлерин жазып алышат. Көптөн бери минилбей, бук боло, элирген аттар анча-мынча улакта чабылып, терлери алынып, шапая түшкөнү менен жемдин күчтүүлүгүнөн дале болсо чоң жолго батпайт.

Айыл-айылдагы чакан тойлор сээлдеп, даңазалуу аш берилип, байге сайылган чоң тойлорго алыстан кабарлар келе баштады. Айылдагы кимдер, кимдерге бара тургандыгы, кай жер менен кимдер катташтыгы бардыгы, алдына ала билинип, алып барар кошумчасы, ээрчитип барар саламчылары аныктала баштады. Кай жактан кабар болбосун Кожомкулдун чакырылуучулар менен кошо барары анык эле. Себеби, анын кунанынан быйыл айылдаштарынын үмүтү чоң.

-Чоң байгелерде баш келбесе да, андан соңку алдыңкылардын катарында чыгат дешип, чоттошуп, эл башчылары байлар өздөрүнчө ичтеринен ишеничтүү. Анча-мынча боло калган топто кээлери угуза айтып да жатышты.

Жакынкы күндөрдүн аралыгында Төбө-Коргондо чоң аш берилип, байге чабыларын билдирген кабар келди. Той ээлери тааныш, катташ болбосо да, кабар берилгенден соң, кур

барбайлы дешип, бир байталды Кожомкулга жетелетишип айыл аксакалдары жөнөп калышты. Таң алды үйдөн чыга жөнөгөн топ, түш ортолой той берген айылга жетип барышты.

- Меймандар келди, ат алгыла!

- Кайда түшүрөбүз?

- Кай жактан экен?

- Ак-Теректенбиз дешет.

- Абдылдажандыкына алып баргыла.

- Куп болот.

- Кана, жүргүлө меймандар?-дешип, келгендерди мурдатан бөлүштүрүлгөн үйлөргө той башчылары жайгаштыра башташты.

Илгертен калган салт боюнча болжогон үйгө түшүрүлүп, аш-тамагы тартылгандан соң, атайын конокторго деп арналган союшка бата берилди. Эт бышканга чейин дешип келгендер буту-колдорун жазмакка эшикке чыгышы. Аш ээсинин даңзасын көтөрүүгө көрүлгөн камылгабы, же марттыгын көрсөтүүгө болгон аракеттериби, төбө-коргондуктар келген кошумчаларды кара малдарды өзүнчө, жандыктарды өзүнчө ачык короолорго камашыптыр. Кошумчага келген буюм-тайым, малдарын аркан керип жайышып, эмеректерди кабаттай тизишип, алардын жанында чакан маараке уюштуруптур. Улам балбандарды чыгарыша, күрөштү башташкан экен.

Тамашага кызыккандар улам котолошо тегеректешип, кең аянт адамдын көптүгүнөн тарый түштү. Улам күрөштө жеңгендерге идиш-аяк, жабан, самовар, казан, көрпө-төшөк коюшуп, сыйлап жатышты. Улам чөлдүктөр чыга беришип, бирин-бири жыгышып, акырында тандалган үч-төрт балбан, ар-ар жерде, таз жорудай локуюп отурушат.

Маараке ээсинин эсине эми гана тоолуктар түштүбү, же алардын караанын көрө калдыбы, же чөлдүктөрдөн чыгарга эч ким калбадыбы, той башкаруучуга бирдемелерди айта, белги берди. Ал ортого чыга калып:

- Кана, тоолук туугандардан чыга тургандар барбы?-деп эки-үч жолу улам кыйкыра, ортодогу аянтты айланып басып келди.

Тоолуктардын арасынан, күрөшкө түшчү балбандар келе элекпи, же отурган балбандардан сестеништиби, эч ким чыккан жок.

- Тоолук туугандардан күрөшкө түшчүүлөр барбы?

- Кана, келсин?

- Эй, бай акелер, балбаныңар барбы? Бар болсо чыгаргыла? Мааракени кызытып, оюн көрөлү?

Ортолукту жардана карап тургандардын арасынан, эч ким суурулуп чыккан жок. Топтогулар бирин-бири суроолуу тиктеп, тоолуктар тарапты улам кылчая карап жатышты. Тоолуктар көпкө аралаша алышпай-өздөрүнчө тургандардын бир-экөө, бирин-бири сүрмөлөдү окшойт. Алардын кыймылы бет-маңдайда тургандарга көрүнүп турду.

- Балбаныңар болсо чыгаргыла, тоолук туугандар! Тамаша көрөлү. Мөөрөй алып кеткиле. Байгенин баары чөлдүктөрдө калбасын деп топ башы кыйкыра, балбандар отурган ортолукту улам айлана басып жүрдү.

Кожомкул да көпчүлүк катары, боло турган тамашага кызыга бейкапар турган. Бирөөлөрдүн ымдоосу болдубу, же тууганынын балбандыгына көзү жетип, ишендиби Кожомкулдун жанында турган Эсеке, тууганын колтукка укуду. Аны кылчая караса «түшпөйсүңбү» дегендей кылып башын серпип койду. Эсеке Кожомкулдун карылуу экенин жакшы билчү. Анын үстүнө айылдагылар кээ-кээде тамашалаша серпише түшкөндө, же күрөшө кетишкенде да, теңтуштарынын баары Кожомкулга алдары жетчү эмес. Айылдагы анча-мынча күрөштө чоң-кичинелер арасында Кожомкулга тең келээри аз эле.

- «Тоолуктардан балбаны барбы?»деген сөздү угуп, Кожомкул бая эле «Кантип эле болбосун?» деп ичинен ойлогону менен өзүнүн ортого түшөөрүн пикирине албаган.

Аңгыча, топ башы дагы ортону айлана басып, колдураган жоон үнү менен зоңк-зоңк этти:

- Тоолуктардан кантип балбан чыкпасын? Коркпогула! Булар да адамдар – деп отурган балбандарды көрсөтө бергенде, тургандар дуу-дуу күлүштү.

Топ башы ансайын койкоңдоп, өктөмдөнө үнү бийик чыгара баштады.

- Тоолуктардын энеси балбан туубайбы? Бычакка сап балбан жокпу? Кимиң бар? Чыккыла! Соорунду алып кеткиле?

Эсекеге бул сөз катуу тийди окшойт, Кожомкулду туюсуздан эле дегдеңдете алдыга түрттү. Заматта топтогулардан бөлүнө калган Кожомкул, өзүн ыңгайсыз сезсе да, абалын билдирбей, башындагы тебетейин колуна ала, ийилип көпчүлүккө салам айткан болду.

- Оо тоолуктардан экен?-дешип, анын кийген кийиминен айырмалай, тургандар чуулдашты.

Топ башыга бирөөсү келип, бирдемелерди шыбырай кетти. Курсагы чедирейген топ башы, башын-ийкеңдете, оң колун

көкүрөгүнө ала, элге жүгүнүп койду.

- Эй буродарлар! Жама-ат. Эшиткиле! Байбатча күрөштө ким жыкса бир тай.-деди.

- Жылкы баласы, ат. Ат койду.

- Баракалда!

- Ата уулу.

- Азамат экен а!

- Тоолуктардан балбан чыкты-деп кыйкырды той башкаруучу.

- Аты ким экен?-деп тургандар уу-дуу боло чуулдашты.

Топ башы Кожомкулдун жанына басып келип, атын сурап, өзүн ортого жетеледи.

- Жа-ма-ат! Бул тоолук балбан жигиттин ысмы Кожомкул. Эшитип алгыла Кожомкул балбан! Жалпак-Таштын Ак-Терегинен экен –деп көпкө тааныштырган соң, Кожомкулга келип, кайра кайрылды.

- Кана кайсыл балбанга түшөсүз?-деп локуюп отурган үч балбанды көрсөттү.

Бар тобокел! Болору болду. Эми кайтуу жок-деп ойлоду ичинен.

- Тандабайм. Кез келгенине түшө берем-деди Кожомкул өзүнө ишеничтүү. Шымаланып, чечкиндүү кадам шилтеди.

Топ башы ымдаары менен аркы жактагы бирөөлөр эски чапан, кур алып келе калды.

- Кана, чечинип, мына буларды кийиң, балбан!-деп топ башы чечинип жаткан балбандын чапанын колуна алды.

Эсеке шып жете келип, Кожомкулдун кийимдерин бирден ала баштады. Акырында бут кийимин да чечтиришип, жылаңайлак коюшту. Жалаң шымчан, жылаңач денесине чапан жабышты эле, анысы жылбышып жерге түштү.

Кожомкулдун жумушка бышкан булчуңдары булуюп, как элес боюна жарашык берип турду. Отурган балбандардан бойлорунан кем келбесе да, денеси тартайып, сууткан аттай кынжыйып турат.

Чапанды мүрүсүнө жаап, курду курчаган соң, топ башы айланчыктап тургандарга карата бурулуп:

- Тоодон келген Кожомкул балбан! деп кайра-кайра тааныштырды.

Кожомкул сыңар тизелей отура калып, элге карай ийиле бата тиледи.

- Омийин! Ата-баба арбагы колдосун. Ийгилик болсун!-деп жердештери чуубулдашты.

Отурган үч балбандын ортосундагы эки эмчеги менен курсагы

салаңдаган, көкүрөгүн түк баскан ноопурушу, берки шериктерине оң колун көкүрөгүнө ала, ийиле.

-Мен түшөйүн?-дегендей башын ийкеңдетти. Ага эки балбан макул болгондой түр көрсөтүшүп, алакандарын жая бата беришти.

Чөлдүк балбан менен Кожомкулду той башкаруучу кол алдырды. Айтууда анын аты Дадабайжан экен. Фергана аймагындагы өткөрүлгөн күрөштөргө катышып Наманган, Анжиан, Маргалан, Кокон калааларына чейин барып, эчендеген күрөштө тандалып, башкаларга мөөрөй бербеген үч балбандын бири экен. Кожомкул анын чоң колдорун кармаганда эле жумшак алакандар урунду.

А, кам семизден экенсиң-деп ойлоп койду Кожомкул ичинен.

Орок оруп, кырман сапырып, күндө түйшүк менен алектенип жүргөн Кожомкулдун колдору бодурайып, таштай катуу эле. Балбандар бирин-бири кыса кармашты. Учурашкан эки балбанды бөлүп, топ башы дагы кыйкырды:

-Тоолук Кожомкул балбан, чөлдүк Дадабайжан балбанга түштү. Тамаша кылгыла! Кимиси жеңсе, бир ат!-деп келип экөөнү колтукташтырды.

Кожомкул кучагын жая, тигини курдан алганда эле, кучагы толо түштү. Тим эле саман тыгылган чоң капты кучактагандай туйду. Колдорун курдан өткөрүп, бурай кармагыча болбой, Дадабайжан аны бир булкуп, серпе кетти. Кожомкул чала-була тизелей калып, өзүн оңдогонго аракеттенди.

Тургандар чуу түшө кыйкырып жатышты:

- Азамат! Көтөрүң, көтөрүң?-дешти.

- Баракалда, ата уулу.

- Дадабайжан алып жүргөн. Алдырбайт. Экинчисинде көтөрүп чабат.

- Баракалда, баракалда ата баласы. Көтөр!-дешип чөлдүктөр кубаттап кыйкырып жатышты.

Кожомкул өзүнүн каршылашы оңор эмес, күрөштүн көп ыгын билген кекседен экенин боолголоду. «Көп күрөшүп жүрүп, бардык илаани билсе керек» деп ойлоду. Улам учурун келтире албай, эки балбан кармашып жатышты. Дадажан да Кожомкулдун накта күчү бардыгын туйду. Кожомкул өзү да ага билдирбей туруп катуу кучагына кыса, бир серпти. Чөлдүк балбан капылеттен «ык» дей түштү.

- «А кам семиз. Күчүң чакталуу окшойт» деп, ичинен сынай баа бергенче Кожомкул өзүн андан алыстатты.

Дадабайжан да бир-эки курдай, өзүнүн билген илаасина салып, согончогу менен толорсукка ура, жерден так көтөрүүнүн аракетин кылды эле Кожомкул ага моюн бербей, буттарын тайтайткан бойдон солк этпей койду. Улам курду бекем кармап, ичке түшүүнүн аракетинде балбанды өзүнө кыса кармаган Кожомкул бир учурда анын бултактаган оюна койбой, эки бөйрөк тушуна курду келтире, колун такап алды. Улам кыймылдаган сайын Дадабайжандын кышылдаганы көбөйүп, өзүнүн кыйналганын билдирип жатты.

Эки балбандын таман алдындагы борпоң топурак сапырылып, чарпышканда, торой чала, көтөрүшө түшүшкөндө «бурк-бурк» эте чаңы көтөрүлдү. Экөө тең боз ала чаңга малынышты. Дадабайжан күч келгенден терлеп, беттеринен чаң кошо куюлду. Чапанынын ичи да, терден жылбышып, улам курчаган куру сүрүлүп, жылып кетет. Ага болбой Кожомкул кармаган жерин кое бербей, бүлкүлдөк бөйрөгүн кошо эзип, кычкачтай колдору менен кыса кармайт. Убакыт узарган сайын Дадабайжандын шайы ооп, алсыздап баратканы сезиле баштады. Ал өзүнүн узакка чыдай албастыгын билдиби, улам-улам серпип, болгон салмагын Кожомкулга сала өмөчөктөп алды. Дадабайдын кыймылына жараша чөлдүктөр кыйкырып, сүрөп турушту.

- Алың Дадабайжан? Алың?

- Көтөрүң балбан? Көтөрүң?

- Ыгыңызга салың, ыгыңызга?

- Ап-баракалда! Бар экенсиз го.

Ал канча серпип, күчүнө сала бултактаса да, Кожомкул козголбой, катуу сыккан колун бошотпой койду. Оюнда, бир аз, желин түшүрөйүн. Кармаган кандай болот экен. Серпкен кандай болот экен. Көрсүн деп, анын сасык терине чыдай муштумун бөйрөгүнөн албай койду. Каршылашынын абалы оорлоп, оозу кургап акактап, таңдайы катты окшойт. Оор дем алуусу тездей көкүрөгүнөн дем алуусу билинип чыйылдай баштады.

Эмне болсо ошол болсун, бир көтөрөйүн! –деген ой менен Дадабайжан каршылашын жерден үзө, так көтөрөйүн деген аракети текке кетип, каршылашы зыл таштай ордунан жылбай койду. Анын оюн түшүнгөн Кожомкул көтөрүш андай эмес, мындай болот дегендей, каршылашы бошошо калганда жерден үзө көтөрүп айландыра барып, бир чапты. Талп эте, Дадабайжан жерде жатып калды.

Көпчүлүктүн кыйкырыгына кошул-ташыл боло, чуру-чуудан

башы тумандаган чөлдүк балбан, жерден эки аягы үзүлө көтөрүлүп барып, жумшак топуракка талп деп жыгылганда, ал жер чаңый түштү. Эсеке чуркап келип Кожомкулду колдон жетелей четке чыга берерде, топ башы келип, Кожомкулду андан талаша, тарткылай көпчүлүккө кыйкырып, жарыя кылды:

- Тоолук Кожомкул балбан жыкты. Таанып алгыла, Кожомкул балбан!

- Азамат. Анык балбан экен!

- Чыныгы ата уулу экен.

- Бар бол, азамат!

Алкоо жамгырдай жаады. Кожомкул жыгылган Дадабайжанга кылчая көз чаптырды. Аны караган эч ким жок. Оордунан араң туруп, шайы оой, жеңи менен терин аарчына, чапанын узун этегин жерге сүйрөлтө, чайпала каздай басып, кетип баратыптыр. Анын бая менменсине теңине албай, кекирейген эки шериги тең жылдыздары түшүп, үңкүйө жер карашат.

Терге чылангандан, аттын тердигиндей болуп, катып калган чапанды, чечип ыргыта Кожомкул Эсекеден өзүнүн кийимдерин алып кийип, топту аралай басканда, элдин ортосу жарыла, аны дагы эле алкап жатышты.

※ ※ ※

Эртеси эрте менен байгеге кошулуучу күлүктөр чогултулду. Арасында не деген сымбаты келишкен буудандар, аягы жеңил аргымактар чогулуптур. Тим эле көрктөрү укмуш, карап отургудай. Кыялы чорт-чалпоо, азоолору жемге тоюп, момурап турган кой маарек жооштору, ыңгырана үргүлөп, көөшүгөн уй баштанып маңыроо, эч нерсени тоготпой тургандары, бир ордунда секирген бүргө баштанып тыбырчылаган чогоол-шоктору да арбын. Кээлерин ого эле жасалгалашып, тапкан жалтырактарын чаптап, көмөлдүрүк куюшкандарынан бери күмүш жаптырып, жабуулап коюшкан. Асыл тукум, таза кандуу аргымактар деги эле арбын. Көргөндөрдүн көбү суктанып, тамшана мактап жатышты. Бирок, байгеде кайсынысы чыгаары белгисиз эле.

Баштарын жоолук менен бууган чабандестер ат үстүндө кыттай отурушуп, кыска үзөңгү боолорун чирене тебишет. Аргымактардан алдын эле, өздөрү учуп кете тургансышып, өпкөлөрүнөн аша көөп кол жоолуктай делбектешет. Көпчүлүгү атка жеңил, тайга чак дешип элпек, чакан балдарды тандашыптыр. Алар узак жолдо чыдамкай болбосо,

анча-мынча бош жүдөгөндөрү, бир күндө жетчү аралыкта көпчүк салынбаган как ээрде такымдары жооруп, белдери талып, жарым жолдо, же маарага жетпей топ эте түшүп калышаары ыктымал. Анын үстүнө аламан байгеде опурталдуу учурлар көп болот. Ар кимиси өз атын чыгарабыз дешип, курч улоолору менен улам обдулуша жол тосушуп, камдуу турушат. Каршылаштарынын атын чалып, же туурадан чыга, омуролотуп жыгышып, күлүк үстүндөгү балдарын торойто чаап кете беришет. Андыктан кыраакы, ого эле чыйрак, ар кандай абалдан суурулуп чыкчуу, сагызгандай сак тириктер тандалат.

Көп байгелерге катышып кексе, айрым окумал болуп бүткөндөрү, болжогон жерге жеткенде ат айдоочуну алаксыта- атынын башын бура тартып, чү коюшу да мүмкүн. Бирөө эле эрежени бузуп, топтон бөлүнө алдыга чапса, аны менен бараткандар жөн турабы. Ителги тийген топ чымчыктай дүр этишип, кой-ай дегенге сес көрсөтүп тескегенге карабай, анын артынан өлө-тириле чубашып, салып-уруп жөнөшөт. Анан, аларды токтотуп көр. Тартип бузгандар маарага эрте жетип, байге бөлүшө келгенде чыр башталып, соорун талаш. Эки тарапка бөлүнүп чаң-тополоң чабышуу, үчүнчүлөрү аларды табалай көкүтүп, таң-тамашанын кадыры заматта кетет. Колдогу камчынын көгү ойноп, былчылдашкан чабышуудан чекелери тумуюп, көздөрү көгөрүп, мурундары, бети-башы күпчөктөй болуп шишип, канжалаган көпчүлүк «кой-айга» болбой, бирин-бири алдары жетишинче жанчыша, кээлери аттан ооп жыгыла, чокусу менен жер сайып, аттарга тебеленип, аягы барып кун төлөө менен бүтөт.

Ошондуктан ат айдоочуга, анча-мынчага моюн бербеген, тил алып жазылбаган, улам чабандестерди зекип, жаза-буза камчыга алып, эрежеден чыкпоонун талабын койгон кара мүртөз, катуу адамдар коюлат. Маслатта бышып, көпкө жарыя болгондой күлүктөрдү түнөтүп чабуу бүтүмү болсо барары менен баарынын аттарын жайдактатып, эс алдырып, эртеси таң каракчысы кылайып билинер билинбес, ире-ширеде, балдарды тегиз тургузуп, аттарын токутуп, качан гана шайма-шай болушканда бирден коргондон чыгарып, колдоруна белги берип тизгенден кийин гана уруксат берет. Андай учурларда ат айдоочунун айтканы айткан, дегени деген. Эч ким анын талабын, жокко чыгара албайт.

Бүгүн да ат айдоочу байгеге чабылчуу күлүктөрдү катар тиздирип эки жардамчысын эки тарабына коюп, тобу менен сүрүп,

алдына сала алып кетти. Аргымактарга суктана тиктеп турган Кожомкулга жакын келген Эсеке тууганы суроо салды.

- Кана, кайсыл тулпар жакты? Кимиси чыккыдай? Деги, көңүлүңө, купулуңа толоору бар бекен?

Кожомкул бир топко сүйлөбөй, ойлонуп туруп, кайра өзүнө суроо узатты:

- Сага жаккандары кайсы?

- Аркы четте бараткан, сары кашкага ат жетпөөчүдөй.

- Ии.

- Ортодогу буурул да андан кем калбайт.

- Ии?

- Анын жанындагы чөөкөр анык темир өпкө, жез канатпы дейм?

- Кийинки катарда турган карагер, алакула, көкчаар, пай-пай, жылкы баласында сымбаты келишкен, көрктүүлөрү көп болот окшойт?

- Кайсынысы чыгат деп ойлойсуң?

- Ким билет. Биринен бири калышчуудай эмес. Баарына эле баш байгени ыраа көрүп отурам.

- Сен айткандардын баарынын, чынында сымбаттары келишкен. Күлүктүгүндө да айыптары жок. Бирок...

Эсекенин ушул жерге келгенде чыдамы кетти.

- Айта бер? Айта бер?

- Жакынкы жерге алдыларына ат өткөрбөй чыгышкыдай. Бирок, узакка чыдай алышпайт.

- Жакынга чуркаган күлүк, алыска жетпей калат дейсиңби? Күлүктөрдөн бөлүнө, оозуп алса, күү менен маарага жете келбейби? –деп билерманга ачуусу келе  Эсеке өзүнүн айтканын жокко чыгарган тууганына чамына сүйлөдү.

- Алыска, аттын аты чуркайт. Сен айткан күлүктөрдү кубаттуу, эти кызыганда күч алчуу, аргымактар бирден терет. Баштагылар алдыга оозуп, күйүгө баштаганда, айрым тулпарлардын туяктары, жаңы кызыйт. Анан, көрүп ал

- Болуптур. Айтчы, сенин оюңда кайсыл күлүк келет?

- Буйурганы келет.

- Эй бирөөсү келет. Аны мен дале билем. Деги  сенин көңүлүңө жакканы барбы? Ошону сурайм?

- Мына, бу жерде турган марал торуну баамдадыңбы?

- Кайсы? Башын жерге салып турганбы?

- Ооба.

- Экинчичи?

- Сен айткан ак сур.

- Үчүнчү кайсыл келет.

- Сары бала минип турган, кула айгырга ат жеткидей эмес.

- Анан эмнеге аны, баш келбейт дейсиң?

- Улакка чаап, туяктарын бастырып коюптур. Анысы талпая өсүп кеткен экен. Саяпкери ага маани бербептир. Катуу чуркаганда туяктары буттарына тийип, чалыштап өксүтүп коет.

- Балээ бас! Балекеттин баарын кайдан билип жүрөсүң?

- Карасаң, ар бир аттын ашык-кеми өзүнөн өзү эле билинет. Айбым мында деп, көрүнүп турат.

- Тфу, тфу! Көз тийбесин. Сенде айтып турчу бир балээң бар- деп тууганына ичи жылыган Эсеке сырын ак ниетин чын көңүлүнөн билдирди.

- Эй, Кожоке! Тиги марал торуну эмнеге чыгат деп турасың? Ал чаалыгып-чарчаган баштанып, башын жерге салып жатпайбы?

- Аның туура. Зап баамдапсың. Аны шашыла суутуп кыйнап коюптур. Бирок, булчуңдары бултуюп, буттары түз. Ашыкча эт калбаптыр. Алыска чабылчу ат экен. Чабандес бала жаштык кылып, үзө чаппаса, маарага башка аттардан аркан бою алдыда келет. Көрөсүң, башын жерге салганы менен мөөрөй меники деп өзүнө-өзү ишенип турат.

- Ак сурду, неге экинчи келет дедиң?

- Ак сурдун табы да, саяпкери да келишкен. Марал тору ага жанашканда, баары бир ага – «Мөөрөйдү сен ал» дейт.

- Алардын эмне, сүйлөшкөнүн уктуңбу? Бул жерден саал, шыпыртып койдуң окшойт?

- Окшобой эле. Акылман акылманды тааныгандай эле. Аргымактар да, бирин бири сүрөп, бири-бирине жол берет. Аксур ак көңүл тулпар экен. Кийинки бир байге түшүп калышса, марал торуну басып өтөт.

- Мунуңу да көрө жатарбыз.

- Мейли көрөбүз.

Чоң аттар айдалгандан соң, кунан чабышка кезек келди. Кожомкул кунан болгон-«эрке тайды» курбалдашы Таштанбекке чаптырды. Себеби, ал өзүнө караганда бир топ жеңил кунанга чак элпек эле.

- Силерди, чогууңар менен болжогон жерге чейин жеткире айдап барышып, анан кое беришет. Ат айдоочу тизгенде, сак бол. Биринчилерден болуп алдыга озсоң кунандын оозун тартпа. Кокус артта кала турган болсоң, чаңга калбай жандап чап. Көп четке чыга бербе. Күлүктөрдүн карааны сээлдегенде өзү терет.

Маарага жетериңде алыңдын жетишинче кыйкырып, үн сал. Кунанга кубат болот. Мен тиги жондо, кунан экөөңдү сүрөп, кыйкырып турам деди.

Таштанбек курбалдаш тууганынын акыл үйрөткөнүнө көп терикпеди. Туура айтасың дегенчелик башын ийкеп турду. Себеби, Кожомкулдун айтканынын баары туура эле.

Айткандай эле ат айдаган жерде «Омийин!»-деп бата берилип жатканда, тынчы кеткен балдар да, күлүктөр да тыбырап жүрөктөрү дүкүлдөп ала каччуудай, сак турушат эмеспи. Таштанбек темине электе кунан жүрүп берип, кайра оозун тарткычакты, жанындагы күлүктөр дүр эте түшүп, тапыр-тупур көп туяктар жер сабап эле жатып калышты. Ойлонуп көрсө, бая Кожомкул айткандай чаңда калчуудай. Тизгинди шарт буруп, күлүктөрдү жандай чапты. Эрке күрөң арышын керип учуп баратты. Дүпө-дүп, дүпө-дүп болуп, күлүктөрдүн туягы көп барабандын ыргагындай жер дүңгүрөйт.

Бир топко барганда күлүктөр териле санга түшкөнсүп бириндей баштады. Алдыда, катар катар жол талашышып үчтөн-төрттөн, аларга куйрук улаш, экиден жуп болгон күлүк чыкмалардын туяктарынан даңкан атат. Жер омкорулуп, бош топурак төбөдө көтөрүлө, күлүктөрдүн караанын жашырган бозомук чаң артта калып жатты. Аркыраган шамал алдыңкыларды желпип өтсө, кийинкилерге учкан чаңды шыбай коюп, көпчүлүк тердеген кунандардын өңү-түсүн өзгөртүп койду.

Жаны калбай жер чапчып, атырылган кунан улам жол арбыган сайын бир ыргак менен арыш керет. Алдыдагы күлүктөрдү катары менен басып өтүп, улам терип келе берди. Бир маалда, эң алдыда эрегише катар келе жаткан күлүктөргө куйрук улаш аралыкка жете келип:

- Кана, силер менен мен да чуркашайын дегендей, жакындап-жакындап, жанын сабап, атырылып келе жатты. Таштанбектин бетиндеги каны дүргүп, кунандын аракетине жетине албай, кубанычтан көзүнө жаш айланат.

- «Айланайын аргымак! Айланайын аргымак!-деп ичинен жалына улам, тизгинди бошото коюп, өзүн канаттуу куштун үстүндө бараткандай сезди. Бир чакырымдай жерге чейин үчөө кубалаша келип, Кожомкулдун кунаны, алардан чылбыр бою өтө чыкты. Ана, эми көрүп ал тапка келген күлүк кунанды:

- Кана эмесе. Артыман эми жеткилечи?-дегенсип бир чуркады дейсиң, шамалдын эпкинине жал-куйругу желектей желбиреп, чуркабай эле сызып, учуп бараткандай. Зып-зып этип учкан жебе

болуп, даңкан сапырып, намыс үчүн жанын аягыдай эмес. Бир кезде жарданышкан көпчүлүктүн карааны алыстан үл-бүл көрүндү. Жолдо анча-мынча ат тоскон, күтө берип чыдабагандан утурлай чыккан караандар ар-ар жерде сербейет.

- Ку-ку-ку-ку!-деп алардын колдорун булгалап, сүрөгөн үндөрдү чыгат.

Алдыдагы кунанын кубатына кубат кошо, сүрөп

- Ай-айт! Ку-куу! деп, Таштанбек удаама-удаа кыйкырды. Аңгыча дөбөдө турган Кожомкулдун зоңкулдаган бийик добушу аба жарды:

- А, кайран эрке тай! Чурка! Чурка! Айт-айт. Туягыңдын айланайын, сапырылган жалыңдан айланайын!-деп бакырып жатты.

Эрке тай кубат алып, шап эте маарага жете түштү. Ат кармоочулар «эрке тайды» ары-бери жетелешип, жарчылар жар чакырышып, ырга кошуп, көпчүлүк баш келген кунанды көрмөккө жарданышып, маара тим эле азан-казан.

Кунан чабыштан соң, баягы кеткен күлүктөр эске түшүп, эл жабыла төмөн жакты тиктешип, күтүп чыдамсызданышты.

Күн уясына батарында айдалган аттар бириндеп желип-жортконго алдары калбай келип жатышты. Кээлеринин үстүндө минген чабандеси жок. Жүгөнү шыпырылып, ноктосу менен кээлери жылаңач ээр, токуму жок. Алдыңкы келген он ат кармалып, кийинки калгандар менен эч кимдин иши да болгон жок.

Эрте менен Кожомкул белгилегендей, баш байгени марал тору алып, ак сур экинчи келди. Айткандай эле туягынын үстүнкү тушары кызыл ала болуп, кула айгыр жете келди. Ат таптаган чабандеси өзүнүн айыбын кийин гана түшүнгөндөй өкүнүп, баш чайкаганын байкаган Эсеке Кожомкулдун көсөмдүгүнө чындап таң берди.

Кунан чабыштын баш байгесине комдолгон төө, килеми менен такта-такта кездеме, оңор эмес идиш-аяк, казан-табак, пул ыйгарылды. Тим эле кайтышаарында эки-үч атка артылган жүк болду.

Ошондон баштап Кожомкулдун аброю айылда оңор эмес көтөрүлүп, көбү атын алып келишип, ага сынатып жүрүштү.

Кожомкулдун эрке тайынын даңазасы, дабанга кетти. Кардарлар ат тезегин кургатпай келишип бириси «кой берейин», «мал берейин» дешти. Бириси «ат берейин» десе, бириси «пул берейин» дешип, акыры түңүлүштү окшойт, кардарлардын

карааны сээлдеди. Ошонун ортосунда канча той-аш болсун байгеге кошсо эрке тай оозуп, мөрөйлөрдү жеңип алып жатты.

※※※

Тоолуктардын байыртадан калган эрежесинде, топтун башы бириккен жерде өткөн-кеткенден кеп урулат. Андан соң айыл-ападагы жаңылык. Албетте, улуулардын басып өткөн жолу, адамгерчилиги, акыйкатчылыгы, калыстыгы, эрдиги жана сөз тапкычтыгына баа берилип ары талаш, бери талаш боло ортого салынат. Ошонун өзү эле жаштарга нуска, сезимтал пендеге тарбия эмеспи. Көз көрүп, кулак уккан окуяны куюлуштуруп айтып берүү да, өзүнчө өнөр. «Сөз кадырын кетирбе», «Сөз оролун келтире», «Кезеги келгенде айтпаса, сөздүн атасы өлөт» өңдүү айрым сөзгө зор маани берүүдөн улам, кеп кадыры оболоп, көркүнө чыгып отурат. Илгертен эле кимдин ким экендигине сөзүнө карап, көпчүлүк баа берген.

Ал эми, кээ бир адамдардын адилетсиздиги, калпыс, мыжыктыгы, ууру-кескилиги, коркок-кошоматчылыгы, ач көз, сараңдыгы да топтун пикиринен улам айкындалып, кимдиги бааланып, ички дүйнөсү, куулук-шумдугу абийири ачылат. Ушундай жерде кепке-сөзгө калбас үчүн айылдыктын ар бири өзүн жөндүү алып жүрүүгө, акыйкат болууга аракеттенген. Элдин тарбиясын алып, баасына татыктуу болгон жаш адам, келечекте топ башы бириккен жайда өз пикирин айтууга ойлонуп сүйлөөгө, ошол аркылуу эл ишенимине ээ боло алгандыгы сыймык эле. Оюн жыйынтыктап, сөзүн таап айта албаган, же бир учурда айыбы ачылган пенде-күнөөкөр  катары, андай топко келе да албайт. Аны топтогулар катарга да алышпайт.

Жапаркул да жаш кезинен эле элге аралашты. Сарамжалдуу тиричилик өткөрүп, сүйлөсө сөзү өтүмдүү, жасаган иши болумдуу чыгып, ар кандай жыйындарда катарга алынды. Короосунда малы көбөйүп, мээнетинин ыраатын көрө баштады. Жакшы ат көрсө жантыгынан жата кала, кымбатынан качпады. Анын үстүнө аталарынан жуккан касиетпи, же баамчылдыгыбы жүрүшү бар жоргону, байгеге кошор күлүктү жаземдебей тандап, баасына карабай  алар эле.

Ошондон улам Өзгөн аймагында өткөрүлгөн аш-той, чоң маарекелерге барбай калгандар, кызыгып сурашчу.

- Байгеде кимдин аты оозду?

- Кимдин аты оозмок эле. Баягы Жапаркул байдын көк

кашкасы, же карабозу оозот да-деп жооп угушар эле.

Жапаркул байдын күлүктөрүнүн дайыма эле байге алышынын себепкери Кожомкулдун саяпкерлик өнөрү, тапчылдыгы болчу. Кожомкулдун жылкы сырын жакшы билип, ат таптаган өнөрүнө көпчүлүк саяпкерлер баа беришчү. Алыскы-жакынкы аймактардагы ат сырын жакшы билген саяпкерлер Кожомкулга келип, кеңешишип, же таптаган аттарын алып келип, сынатып кетишчү. Көбүн эсе Кожомкул байгелерде кошулган аргымактарды бир көргөндө билип койчу. Аттар айдалгандан кийин жарданышкан топтон бөлүнүшө ат бастырып келишкен Кожомкулга сырдана шериктери:

- Деги, бул байгеде кайсыл ат чыккыдай?-деп сурап калышса,

Аны билбегендер:

- Капырай бул киши олуя бекен? Тамтырап сүйлөгөнүн. Буйруганы чыгат да-деп өздөрүнчө кобурашса, билип-билбей, сын айтканга, ары жакта турган башка бири:

- Сен, саяпкерди бибейт экенсиң. Сөзүн угалычы-деп аны тыйып, улам атын темине котолошкон топко жакындайт.

Кожомкул бир топко ойлонуп туруп, шериктеринин шагын сындырбай, ачык айтат.

- Бир-эки ат бар экен.

- Байгеге коюлган жүз ат болсо, аларды санга албай бир-эки ат дегени эмнеси?

- Бул адам аттын атын байкайт.

- Кой, а. Жүз ат эмне санга кошулбай калабы?

- Тек турчу. Сөз угалы-деп бирин-бири тыйышып, кулак түрүшөт.

- Деги ошол «бир-эки» деген кайсыл аттар?

Саяпкер суроо берген жакты тиктей.

- Жаңылбасам, карабоз менен чабдар кашкага башка аттар жетпейт.

- Кайсынысы чыгат?-деп сабырсыздана дагы бирөө кыйкырат.

Айткандай эле байгенин этегинде карабоз менен чабдар кашка удаа келет.

Кожомкулдун өзгөчө саяпкердигине суктанган баштыктагы Маматиса бай, бир күнү атайын ат чаптырып, чакыруучу жөнөтөт. Саяпкер барса, алдынан чыгып, утурлай тосуп алат. Атайлап союш союп, мыйманчылык кылгандан соң, короосундагы байланган аттарын алып келип, бир четтен көрсөтүп:

- Аргымагын аныктап, тактап бер-дейт.

Маматиса бай чындыгында атка жакын, сындуу күлүктөрдү

тандаган экен. Бирок, тапчысы келишпей, күлүктөр от-жемдин күчү менен сынына чыгып, көргөндүн көз жоосун алат.

Кожомкул ойлонот:

- Байгеге кош-десе, ат сырын жакшы билбеген саяпкери, күлүктөрдүн табын бузуп алчудай. Анын үстүнө жемге нык семирген аттар аз күндүн ичинде суутулбайт. Катуу чапкандан казылары жарылып, майып болчудай. «Байгеге кошпо» десе байдын көңүлү сынгыдай. Кожомкул ары ойлонуп, бери ойлонуп,

- Бул аттар сууту келишкиче беш-алты ай өткүдөй. Көп семирип калыптыр деп, туурасын айтты.

Кыраакы Маматиса бай, саяпкердин оюн түшүндү. Ичинен жым деп, саяпкерге шарт койду.

- Кожомкул, мага кел? Аттардан тандаганыңды ал. Калган аттарды тапта!

Кожомкул байдын сөзүнөн соң, улам-улам сынга толгон аттардан көзүн алып, байды тиктеди. Бай ага «чоң ишеним бердим» дегенсип, сынай тиктеп туруптур.

- Бай аке, Жапаркул бай, эмне дейт?

- Жапаркул бай бербегенди мен берем. Үстүңө үй тиктирип астыңа ат тартып, үйлөп-жайлап, а энчиңе мал бөлүп берейин-деп шаша сүйлөдү.

Кожомкул байды сабырдуу тиктеп, ойлоно калды: Макул десе сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болбосун. Элде «Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагалайт»-деген накыл бар. Туугандар эмне дейт?-деп ичинен сүйлөнүп туруп, жооп берди.

- Туугандарга кеңеш салбасам, алар капа болуп калат.

- Мейли, туугандарыңа айт. Эртең жообуңу күтөйүн-деп Маматиса бай саяпкерди узатты.

Бул кабар Жапаркул байга тез эле угулду. Кожомкулду үйүнө чакыртып, жайланып отурганда, бай кеп-сөзгө келбей:

- Мага баламдай эле болуп калдың, короодогу малды өзүң бийле!-деп бүтүм чыгара сүйлөдү.

Ошол күндөн баштап, Кожомкулду Жапаркул байдан эч ким талашып «мага кел» дегендер болбоду.

Саяпкер байдын атын өзү билип, табына келтирип жүрдү. Ал таптаган күлүк байгеде чыкса «Жапаркул байдыкы» делет. Алган соорунду Жапаркул бай өзү билет. Саяпкер өз иши менен алек. Кожомкулдун тапчылдыгы калың элге дайын. Өзүнүн билген өнөрүн эч кимден жашырбайт. Ат таптап, кеңеш сурап келгендерди жөн кетирбей күлүгүнүн табын, эмнеден кемтиги барын, ал тургай кай мезгилде отко коюп, кай учурда суутарын

төкпөй-чачпай айтып берет. Саяпкердин сыр жашырбаган, ичи тарыбаган кенендигин баалаган эл, аны барган жерлеринде сыйлашып, ортого алып

- Токтогула! Саяпкер айтсын. Саяпкер сүйлөсүн-дешип кубаттап кетишет.

Жапаркул бай саяпкеринин кыялына терикпейт. Себеби бала ишеничтүү. Баштагы жылдары кара бозу баш байгени алып келсе, эми көк кашкасы маарага биринчи келет. Соорунду Жапаркул бай өзү менен тең ата бийлерге тартуулап, үзөңгүлөш жакынкы уруулардын байларына берет. Калың элдин учу-кыйырына чейин «Жапаркул бай», «Жапаркул байдын колу ачык», «Жапаркул бай март» дешип даңазасы артып, узун элдин учуна чейин жетет. Байга андан башка эмне керек.

Тил билги байдын зор адамгерчилиги калың элге дүң.

- Болсоң, Жапаркул байдай бол.

- Марттыгына чек жок.

- Тил билгилигинен байдын, байлыгына байлык кошулат да.

- Ырыс, адамдын пейилине жараша болот.

- Байга жолуккан Кожомкулдун бактысы түгөл экен.

- Аны сүйкүм көрсөткөн өнөрү.

- Саяпкердин өнөрү болбосо, бай аны мынчалык кастарлабас эле.

- Эмнесин айтасыңар. Экөө тең бири-бирине төп келишкен экен.

- «Жетимге өз ата, жүрө берсин сыйлаша» дешип, ар ким, ар ойду айтып жүрүштү.

«Калк айтса да, калп айтпайт» демекчи Жапаркул байдын ак көңүлдүүлүгү да, тил билгилиги да бар болчу. Ар дайым беш убак намазын үзбөй, берешендиги менен элге алынган. Айылга ак уруп келген, эшен-молдолорду, ал тургай башка жактардан келип калган кайырчыларды сыйлап, аттантып, тоодогу айылдан ары, бел ашыра узатып койчу. Алар барган жерлеринде Жапаркул байдын берешендигин, колу ачыктыгын мактап кетишчү. «Берген киши кудайга да жагат» демекчи оомады келишкен Жапаркул байдын алдынан эч ким кыя өткөн эмес. Сүйлөгөн сөзүн эч ким жокко чыгарбаган.

※※※

Кыш түшүп, той-аш бергендер азайгансып калды. Кар калың жаап, жапайы кайберендер от издеп, жакага чейин түшүп

келишти. Бир –эки курдай Кожомкул ширенди-күрткүгө тыгылган эликтерди, кунаны менен кубалап жүрүп, жетип-чаап да алды. Айылдагылар «Кожомкулдун оомадысы эми келип, иши жүрүшүп калды. Карманып калса түзүк», дешип, аны колдоочусу бардай сезишет.

Айылдаштары «Кожомкулдун кунаны жазга бышты чыкма, үйүргө коюп, кулунун алалы» дешип, бир-экөө кеңешип, келишсе «Кожомкул, жаз келсинчи анан көрөбүз» деп оңдуу жооп да бербеди. Себеби, айылындагы Жапаркул байдын жакындык жайы бар. Алдыртан Кожомкулга көз салып, оюн айта албай жүрөт. Дайыма аш-тойго Ак-Терек айылындагыларды өзү баштап барып, соорун тийсе өзү бөлүштүрөт. Жалгыз атын тартып алайын десе, туугандарынын арасында өмүр бою кепке калгыдай. Анын үстүнө «Кожомкулдун эрке тайы» деп көпчүлүк журтка жарыя болуп калган. Баары бир кийин дале «Жапаркулдуку» дешпей, «Баягы Кожомкулдуку», «Кожомкулдан алган» делингидей.

Тартып алса дале болот. Аны ким эле «Кой, ай» дей алат. Бирок туугандар ортосунда айыкпас дарт, кетпес кек калат. Көптөн берки ичке каткан сыры, аны барды-келди, аттарды таптатыш. Ишти кек калбагыдай, жик билинтпей бүткөрүш. Аттарын таптаган саяпкери карып, ажалы жетип өтүп кетти. Анча-мынча ат багарлары, жылкычылары күлүк сырын туюнууда Кожомкулдай болмок кайда. Анын үстүнө ат таптаган менен ат тандагандын айырмасы канча бар. Карап, баамдап көрсө, Кожомкул кандай ишке болсун ыктуу. Колунан баары келет. Мунун баарын жатып алып, оюнда ары-бери калчаган бай, бир күнү Кожомкулду өзүнө чакыртты.

Кожомкул келгенде, аны күткөнбү, же күндөлүк адатыбы, эрте мененки дасторконду жайдырып, кымыз чайкатып ичип отурган экен. Салам айтып сырттан кирген Кожомкул, байга кол бергенден соң, жүйүртө басып, капшыт жакка турган дөңгөчкө аяр көчүк басты.

- Кел балбан, кел? Дасторконго жакын олтур. Кантип атасыңар? Мал-жан аманбы?

- Эл катары бай аке. Өзүңүз күүлүү-күчтүүсүзбү?

- Бу, чакыртпай өзүң келсең болбойт беле? Өзүңдөй балбан инилерим барында, күүлүү болуп, күчүмө кирип турган чагым. Кана, байбиче! Уулуңа кымыздан сун. Бокчоңдо эмне бар? Каткан-сатканың болсо алып кел! Эсекем экөө көңүлү жакын экен. Эмне болсо да ага-ини. Бири-бириңи жөлөп-таяп жүргүлө. Айылда ынтымак болгонго не жетсин –деп, бир короону бир

айтты.

Кожомкул байдан ыйбаа кылып, сүйлөбөй, суроо берсе гана жооп берип отурду.

- Кыштык эгин-тегиниң мол элеби?

- Жетет, бай аба.

- Экөөбүз ачык эле сөзгө өтөлү.

Кожомкул кандай сөз экен деп, көңүл бөлө байды карады.

- Сен Бообек байдын баласы Мусадансың, мен Байматтын баласы Майрыктанмын. Экөөбүздүн бубаларыбыз Токтобай менен Толуш Ырысбайдын балдары. Ырысбай менен Кудайберди Сөлпүнүн балдары болуп, Чүрүм алардын атасы. Чүрүм Желдеңдин уулу эмеспи? Мынан келди бир атанын балдарыбыз.

Бу, күн өтө берет экен. Уламдан улам ата балалуу, баласы неберелүү болуп, арабыз алыстай берет тура. Улам жикке бөлүнүп, кечээки күнү эле бир үйдө, бир төшөктө жатып, бир кеседен аш ичкендер, бүгүн келип, өзүнчө болуп, өз көмөчүнө күл тартып калат тура. Канткени менен Ак-Теректиктер бир атанын эле балдарыбыз. Бир тукумдан таркаганбыз. Кудайга шүгүр, айылыбыз улам кеңейип, башыбызга баш, жашыбыз жашка кошулуп. Тфу-тфу, ылайым эле көз тийбесин. Аталардан калган наркыбыз, салтыбыз бар. Ал бузулуп, чачылбай уланып келет. Ылайым эле бirimдигибиз улана берсин, туурабы иним?

- Туура, бай аке.

- Өзүң ат бастырып, эл аралап, төбөң көпкө таанылып калды. Тааныбагандар

-Ким, ким!-дешсе, менин иним деп, ары мактанып, ары сыймыктанып каламын –деп бир топту кобурай берди.

- Сенин даңкың менин даңкым. Сенин намысың менин намысым. Сенин малың менин малым. –деп бай кымыз куюлган кесени колго алды.

Менин малым сенин малың-деп айтабы деген ой, көңүлүнө кылт эте түшүп кетти Кожомкулга. Аны кыраакы бай сездиби, же сезбедиби, сезсе да айткысы келбедиби, айтор андан ары сөзүн уланта берди.

- Мал-жанды бири-бирибизден аяшпайбыз. Менин жылкыларымдын арасында, бычакка сап боло турган, ылайыгы бар күлүктөр болсо өзүң баамдап, таптап көр. Жем-отту каалашыңча камдап берем. Эми, инилериң эр жетип калды. Алардын жер тырмаганы жетет-деп тунжурай ойго бата, капшыт жактан көзүн албады. Анан бир топтон соң.

- Буга эмне дейсиң, балбаным? деп, байбичесин да сөзгө

кошмокко аны карай, туурабы дегенчеликке башын ийкей кепке аралаштырды.

- Туура айттымбы, байбиче?

- Бай акең, туура айтат. Ынтымактыкка не жетсин. Намыс, ариетиңер бир. Бөтөнгө кеп болбой, биримдикке не жетсин. Көңүлдү кеңири койгонуңар оң-деп байынын сөзүн ашкана тарапта отурган байбичеси коштой кетти.

Кожомкул тунжурай, үн каткан жок. Үн катып эмне демек. Жок деп айта албайт. Айтууга жол жок Бир уруктан таркаганы маалым. Инисинин абалын туйган бай, жоопту күтпөстөн.

- Быштыңды болсо, быйыл өзүңдүн байталыңды баш кылып үйүргө кой. Жайын жеп кубаттансын. Чучугу толуп, көңүлү өссүн! Жылкычыларга астейдил карагыла –деп абдан дайындайбыз.

«Эрке тайдын» быйылкы байгесинен бир байтал колуна тийип үйүндө байлануу эле. Аны бай унутпай, эске ала сөзгө кошо кетти.

- Эртең барып жылкыларды карап көрчү, көзүңө ылайыгы чалынар. Көзүн курч, көөнүңө толоор. Менин баамымда сараладан бир неме чыкчуудай дейм.

Байдын сараласын Кожомкул жакшы билчү. Табын келтирсе күлүк болоор түрү бар. Бирок, жаңы асый күчкө толо элек. Ичке, кубатына келе элек, солкулдак. Тим эле, жыландай сойлоп турат. Байдын кесе-кесе сүйлөгөнү, менин айтканымды аткар дегени. Ал эми «кунаныңды үйүргө кош» дегени. Башкага бербе, быйылча менин атым менен алек болуп, тапта дегени эле.

Кожомкул үн катпады. Бара берсемби дегендей, алдыртан бай акесине карады.

- Келиштикпи, балбаным?

- Айтмакчы, байбиче! Кеч койлор короого келгенде тандатып, бир ирик туттуруп, буларга бергизип жибер. Майрам байбичеге тартуубуз болсун. Анан «калганын көрө жатарбыз» дегендей кынтая кетти. Мындан башканын кереги жок дегендей, үргүлөмүш боло сөзүн бүтүрдү.

Кожомкул эртеси барып, сараланы жетелеп келди. Бай малдын сырын жакшы билери анык эле. Анын үстүнө койлорун иргеп, козуларынан кортук чыгабы, же куйругу кичине жапкак чыгабы, анысын келген анча-мынча жалгыз жарым мейманга союп, орунга деп сурап келгендерге берчү. Боло турган ургаачы торпокторду да, базардан тандатып жүрүп сатып алчу. Ал эми кай жерде күлүк, жорго ат болсо, малын аябай, айтканын берип сатып, же алмаштырып алчу. Малчы-жалчылары кар кеткен эрте

жаздан, кар түшкөн кеч күзгө чейин Ак-Богузду жайлашып, малдары семиз болоор эле. Кээ бир кар жааган жеңил кыштарда, малы кол карабай жайыттан эле кабыргалуу чыкчу. Аны баамдагандар «Байдын эмгегинен» дешип, кеп кылып калышчу.

Сараланы колго келээри менен башкача таптай баштады. Аба-аксакалдардын айтуусуна караганда этин кызытпай чаап жүрүп, буттарындагы кан тамырлары бүлөөдөй-бүлөөдөй болуп чыгып кеткен. Териси жука, назигирээк экен. Келгенден баштап жемди ченеп, үч кочуштан ашык берген жок. Арпа жегенден кийин, сазга откозуп, бир сыйра ичин алдырды. Саздын өлөңүн аймаган ат тез-тез сийип, заарасы да бир топ тунгандай. Күндө тик ылдыйга, чылк өйдөгө салып, буттарын талдырат. Тээ алыстагы дайрага зерикпей барып, сараланы жууп, бир-эки саатча сууга байлайт. Анан, өргө кыялай чыгып келип, көп эле кыйнабайт. Башта, чү деген жерден эле тердеп, өпкөсүн кага көп чарчоочу. Анын үстүнө курч, эч нерседен кайра тартпаган өктөм, жүрүштүү эле. Кокустан теминип эле койсо, аткан октой зуулдачу. Үркөр чыгып, күндүн табы кете баштагандан тартып атты киринтип, суугa байлаганды токтотту. Баштагыдай ичи курулдабай, жеген жеми сиңип, чайнаган жеми бүкүлү чыкпай калды.

Жай этектеп барганда алыстан кабар келди. Алайдын Ак-Босогосунда бирөөнүн ашы берилип, улак тартыш, байге чабылары дайын эле.

Капылеттен келген кабар Жапаркул байдын тынчын алып, кыжалат кылганбы, Кожомкулга бай өзү келиптир.

- Балбан, сараланы байгеге кошо алабызбы?

- Көп дале, суута элек элем.

- Эми, эмне кылабыз.

- Тобокел деп көрөбүз.

- Деги, чыга алабы?

- Аны барганда көрөбүз.

- Барганда көрбө! Байгеге кошобуз.

- - Үлгүрөр бекенбиз?

- Анда, аркы жумага чейин атты даярда!

- Куп болот, бай аке.

Бай менен тартышкандан майнап чыкпайт. Анын айтканы айткан талашкандын кереги не? Кожомкул аны жакшы билет. Жапаркул байдын Кожомкулду чакырып кепке тартышынын да өзүнчө жөнү бар эле.

※※※

Меймандар Ак-Босогого жете келишкенде  жай саратан кеч башталгандыктан салкын төрдө чыккан чөптөр жашаң экен. Барган күнү конок болуп түнөшүп, эртеси байгеге аттар чабыларын билишти. Дагы жакшы алар жаткан Үч-Дөбөдөгү үйдүн ээсинин кайын-журту жалпак-таштык таздардан экен. Аялы төркүндөрүнөн келген туугандарын ак көрпө жайып тосуп алып, коноктон да ашыкча кылып, тапканын тартуулады. Тим эле ийиктей имерилип, чарк айлана бар тамагын аябады.

Шериктери эт жешкенден соң, аттарын жайлап келип, жатууга камданышса, Кожомкул сыртка чыга сараланы минип баратып, үй ээсине бир казан суу ысытып коюну өтүндү. Жайдын бышкан мезгили, башка болот эмеспи. Тоолору бийик, эгиз жерге жылдыздар жакын келип, караңгылыкты сүрүп жибергендей. Жогортон Ак-Босогонун шамалы жүрүп, арчанын, чегедек-четин баш болгон ар түрдүү бышкан чөптөрдүн жыты тим эле буркурайт. Сайдагы суу шарп-шарп эте, желдин эпкини менен добушу бирде бийиктеп, бирде мээлүүндөй кулакка сүйкүм угулат. Жаагы тынбай бытпылдык сайрап, үн безеген сүтактын добушу ага кошул-ташыл.

Бая келгенде, жайлоонун гөдөө аралашкан күчтүү отуна атты кеңири оттоткон. Түш оой, эки кочуш жууп-тазаланган арпадан искетип, дагы отко койгон. Улам өрлөп, баскан сайын сарала куйругун көтөрө тезек таштап бошонуп баратты. Арчатыга жете бергенден баштап, сараланы жорттуруп, кашатка чыга берери менен теминип койду. Жогортон согуп жаткан шамал андан бетер зуулдап, көздөрүнөн жаш ыргып-ыргып кетти. Жол четиндеги катар арчалар заматта артка калышып, кол булгалаша узатып жаткандай. Жер бийиктик кылдыбы, же түтөктөнбү сарала жарым жолдон өткөндө өпкө кага, бышкырына энтигип жатты. Бирок, Ак-Босогонун башына чейин аттын оозун тартпай, токтолбостон жете келди.

Күлүктүн оозун тарта, артка кайрый, соорудан аяр сыласа эти эми кызып, нымшып тер чыга баштаптыр. Ээрден түшө кала, жабууну жаап, акырын желдире келген жагына карай арткага кайтты. Улам шылдыраган суу боюна келгенде, ат ооздуругун кемире сууга ынтылганына карабай, тизгин кага, сугарбай койду. Бир топтон соң баягы түшкөн үйгө келсе шериктери төшөктөргө баш коюша эчак уктап калышкан экен. Атын каңтара байлап, аркы-терки баса өзүң алаксытты. Аса байланган күлүктүн өпкөсү

биртоптон соң басылып, колтуктарынан тап кете баштаганда, казандагы сууну караса табы кайтайын деп калыптыр. Чакага жарымдай куюп, аттын ооздуругун чыгара, жылуу суудан ичирди. Күйүккөн күлүк, бир-эки ирмеш менен сууну түгөтүп, дагы сурагандай ээсин тиктеди. Берсемби, бербесемби деп ойлоно түшүп, анан «Кой, бир аздан кийин берейин суу сиңбей калбасын» деген ойдо, атты кайра аса байлады.

Аргымактын жабуусун алып, жумшак шыралжын менен бутун, жонун бир сыйра сүрүп чыкты. Кайра токуп басмайылын бош тартты. Үзөңгү боону кыскартып, көмөлдүрүк менен куюшканды чечип алды. Жайдын кыска түнүнүн таңы атып, тээ ак карлуу чокулар агыш тарта күн эми чыгарын билдиргендей кызгылтым нур шооласы чачылып келе жатты.

Үй ээси туруп, бет жууй баштаганда, казандагы калган ылым-жылымык суудан жарым челек куюп келип, атка тосту. Бая өпкө каккан сарала сууну канааттануу менен шыпкап ичти. Саяпкер бетин агып жаткан муздак сууга жууганда ныксыраган денеси жепжеңил боло сергий түшкөнүн сезди.

- Бир нерсең барбы? деп үй ээсинен сурагыча, анын абалын түшүнгөн күйөө бала, кара кесе толтура кымыз алып чыга калды. Аны шарт көтөрө ичип, ууртун аарчый ыраазычылыгын билдирди. Атына шап минди да, келген жолуна кайра түштү. Сараланы оюна коюп, сылай жүрүшү менен аяр бастырды. Баягы Арчатыга барганда тайтая тура калып, сарала заара чыгарды. Тоонун тунук суусун ичип, сийдиги тазаланып калыптыр. Дагы жорттура бастырып, баягы жерге барып келди. Аңгыча тамашага келгендер топтолуп, байгеге чабуулчу аргымактар чогултула баштаган экен. Шериктери аны кабатырлана, издеп жүрүшүптүр. Заматта топтоло кетишти. Саяпкер жеңилдене кийинген чабандес менен ат алмашып, ага кеңешин айтып жатты.

- Ат бара турган жерин билет. Бийик жерде түтөк бардыгын баамдабаган чөлдүктөр, аттарын аяшпайт. Ал эми алайлыктар жерчилдик кылышат. Бирок, «куу азык» болуп байланган ат көрбөдүм. Маранын башталышы менен этегинде утасың. Акырында, маара көрүнгөндө гана саралага камчы шилтемиш бол. Мен ал жакка бара берейин. Силерди кудайга тапшырдым-деп маараны көздөй кетип бараткандарга кошулду. Санаасы тынчыбай, улам кылак-кылчак караган Кожомкул маарага жете береринде артынан чуу чыгып, аттардын дүбүртү угулду. Жол четине чаап чыга кала, жол тосту. Сарала мойнун созо бир ат менен тең тайлаша алдыда келе жатыптыр. Саяпкер чыдай

албай тоо жаңырта кыйкырып, сүрөй баштады;

- Айда, Сарала! Уу-уу! Айт. Айт!

Саяпкеринин үнүн уккан сарала жанын үрөй алдыга бой таштады. Аш-баш дегиче чылбыр бою узап барып, алдыңкы аттан биротоло үзүлө, чымын-куюн боло оозуп кетти.

Саяпкер чаап жете келгенде, ат кармоочу арытан сараланы жетелей утурлады. Топтолуп тургандар:

- Сарала! Сарала!-деп кыйкырып жатышты.

- Кай жердин аты?

- Жалпак-таштын Ак-Терегинен

- Ким дегендин аты экен?

- Жапаркул байдын аты

- Ким дейт?

Жапаркул байга ушул сөз гана жетпей келген эле. Ал ушуга корстон. Бай камчысын бүктөй кармаган колу менен бир жак бөйрөгүн сүйөнө, кубанычтан беттери тамылып турду. Кожомкул өзүнүн аты аталбаса да, таптаган атынын байгеде оозуп чыкканына маашырлана, кубанычтуу эле. Ак-Теректиктер соорунга, атакка карк болуша эртеси үйлөрүнө кайтышты.

Таздар уруусунун урпактары турак кылган аймактагы маарекелерде Жапаркул байдын күлүктөрү ар дайым оозуп чыгып, баш байгелерге ээ болуп жүрдү. Аш-тойлорго барбай калгандар кокустан жолоочулап келе калгандардан сурамжылай маарекедеги той-тамашалардан кеп боло калганда

- Кимдин аты, кайсыл ат чыкты? –деп сурап калышса,

- Кимдин аты чыкмак эле, Жапаркул байдын аты чыгат да- деген насак эл арасында тарап кетти.

Күтүрөтө мал сүрүп, жардамчы-жалчыларды жумшап жүргөн байларга атагын чыгаргандан башка эмне керек. Кышты кыштата,жайды жайлата бирөөлөргө жалданып келип малын карап, отун-суусун алып, жем-чөбүн камдап, эгин эгип, орогун оруп, жай саратандын аптабына, кыш чилденин суугуна чыдап, айтканын кылар, тапшырганын аткарар бирөөлөр. Ишинин кемтиги чыгып, же малынан бейажал чыгымга учураса, анысын төлөттүрүп алат. «Бай бактысы балчак» демекчи, жылда киреше өзүнөн өзү көбөйүп, малына мал, пулуна пул кошулуп турат. Байга бир эле атак-даңк керек. Андан сырткары эмне керек?

- Бай аке, муну эмне кылайын?

- Тигини кантейин?

- Өзүңүз баш-көз болуңуз?

- Сизге кеңешке келдим эле?

- Сиз эли-журтуңузга керексиз?-деген ары моюн сунган, ары иши түшүп зарыккандар келип турса, анын кабагы ачык, көңүлү чак.

Жапаркулдун ити чөп жеп, ташы жогору кулап, уусу жүрө баштады. Кайсы аш-той, кандай маарекеде болбосун анын алмак-салмак, кээде коштоп чапкан күлүктөрүнөн баш байге ашпай келет. Бир эл, бир аймакта жайлашат. Жылкылары баш болгон малдарды дале башка жактан алып келген жок. Анан эле анын жылкыларынан тулпарлар чыгат да, мунун жылкыларынан аяктуулар аз чыгат. Саяпкери да жаш бала. Ал аргымактардын табын кантип келтирет? Ар дайым маарекелерден кайткан соң жол ката ушинтип ойлонуп келет.

- Жапаркул байдын байлыгына байлыгым, бактысына бактым менен теңешем-деп жүргөн таздар уруусунун башкир тобунун байы Маматыса да ат таптап, күлүк чапканды өтө табырка кылчу. Айылында саяпкери болбосо, башка жактардан чакыртып болсун, алып келип аттарын таптаттырчу.

Эл жайлоого түгөл көчүп, бай жаңы журтка барып, баш аягын жыйган соң, бир күнү ошол саяпкер бала менен боор батырыша бир сүйлөшүп көрөйүн деп, экинчи жолу кайрадан атайлап киши жиберди.

Маматыса байдын чакырыгы менен Кожомкул аялдабай, тез эле жетип келди. Бай алты канат ак үйүнүн түндүгүн тарттырып, эшигин түргүзүп коюп, жалчыларына кымыз чайкатып, токолунун сунган кесесин алар алмаксан боло уйку-соонун оросунда төрдө, ныксырап отурган экен. Жайкы аптапта олбурлуу Кожомкул эшикке батпай, эңкейе берип, зоңк эте салам айтып кирип келди.

- Ассалому алейкум бай аке.

- Ва алейкума ассалом.

- Кел саяпкер, кел? Төргө чык? Мына, бул жерге кел?-деп өзүнөн төмөндөгү салынган көлдөлөңдү көрсөттү.

Бай менен кол алышкан Кожомкул байдан төмөн жакка коомай көчүк басты.

- Кана, кош келипсиң мейман? Бата кылып коелу-деп бетин сылады бай.

Алты канат үйдүн жасалгасы өзгөчө. Кереге таңуу, уук тизгич, түндүк боо, тим эле ууз-чеберлердин колунан өзгөчө кооз болуп жасалыптыр. Ар бир кереге башы кур эмес. Аю, сүлөсүн, карышкыр, түлкү, суусардын терилери катар илинген. Каланган чий боолору, кышалары менен ар кыл түскө боелуп, түрдүү сүрөттөрдүн элеси түшүрүлгөн. Ак каңкы ээрге күмүш чегерилип,

үзөңгү, жүгөн, көмөлдүрүк, куюшканынан бери күмүш жаптырылып, бир башкача жылтырап көрүнөт. Тим эле кирсе чыккыс, килем, шырдак, ала кийиздер, кат-катынан салынып, отурган жериң салмак түшсө былкылдайт.

Байлыгымды бир сыйра көрүп алсын дегенчелик, Маматыса бай сүйлөбөй отурду. Бир топтон соң Кожомкулду сарасеп сала, көз жүгүрткөнүн баамдап, акырын жөтөлүмүш боло.

- Кана, мейманга дасторкон жаңырткыла-деди токолуна.

Заматта дасторкон кеңейтилип, ортодогу нанды терегете казы, карта, чучук баш болгон эттен баштап, актан бүткөн даамдар түгөл, жемиш как, ширенин ар кыл түрү жайнатылды. Жаңы ышталып, жыты буркураган чаначтан, узун-туурасы карыш келген кара кесеге толтура кымыз сунулду. Баятан бери алдында турган кесени эки колуна ала, бай

- Кана деп Кожомкулга ээк кага, кымыздан жутту.

Улуу кишиден мурун жаштар даамга кол сунбайт. Колго тийген кеседен ооз тийбей эрежени жатка билген Кожомкул чаңкап келсе да, кымыздан бир-эки жуткан соң, кара аякты жерге койбой, үй ичине дагы көңүл бурду. Чыгдан жакта өзүнөн элечеги чоң көрүнгөн токолу балапан түгү түшө элек куштун баласындай болуп, бае дүйнөсү менен жер тиктейт. Жакынкы жерде малдын үнү угулбай, анда-санда күкүктүн үнү бирде акырын, бирде катуулай чыгат. Ортодогу тынчтыкты буза бай:

- Жут, жут кымыздан. Кана, кесени жаңылагыла! Тартынбай, даамдан ала отур-деп Кожомкулдун ой-боюна койбой, кыстап жатты. Кесе улам жаңыртылды. Бир топтон соң.

- Дасторкон үстүндө эле, кеп улай берели, балбан!

Кожомкул кунт кое байдын кебин тыңшады.

- Бу, Жапаркул байдын жылкыларында күлүк көппү?

- Алынча, бай аке.

- Менин жылкыларымдан да, күлүк чыгар беле?

- Көп малдын ичинен чыгат. Чыкпай кантип койсун.

- Аралап көрүп, чыга турганын тандап бербейсиңби?

- Карап көрөлү, бай аке?

- Чыгып калса, табын кандай кылабыз? Ха-ха-ха!-деп бай мактоого маашырлана карсылдап күлдү.

Ырасында, байдын колунан тапчылдык келбейт эле. Көпчүлүк учурда атын таптагандарга:

- Андай кыл, тигини жаса. Көп арыктатпа! Көп чаппа!-деп кирише берип, көбүнүн көөнүнө тийген.

Көпчүлүк жайда аттын сырын жакшы билбегени менен,

жашын аныктоодо алдына адам салган эмес. Кайсыл жерде, кандай аш болсун, талаш-тартышта анын айтканы төп келип көп аттын жашын аныктоодо, ага алып келишип, аныгын билишчү.

Ал аттын оозун ачтырып тишине карап, жашын так айтып бергенинен улам, андан эч ким талаша албаган.

- Мен өзүм ат таптасам, элге-журтка ким көз салат. «Саяткер менен саяпкердин колу бошосо да көзү бошобойт»-дейт эмеспи элде. Түйшүгүнө аралашып кетсем, эл жакшыларынын ортосунда сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуп калбайын.

Аттиң! Бай байлыгын мынча бийик көрөт. Өнөр андан канча өйдө турарына маани бербеди. Тапчылык, саяпкердик канчалык бийик. Көрөгөчтүк да, баамчылдык да, өтө кылдат, сезгичтик бийик турарын бай этибар албады. Өзүнүн байлыгына эсирген го?,

- Сөздүн ырасын айтсам, сен таптап бер? Каалаганыңды аткарайын. Бир байгеде мөөрөй алып бер? Анан калганын көрө жатабыз. Үстүңө үй тиктирип, үйлөп-жайлайын. Астыңа ат, корооңо мал берейин. Аттардан тандап туруп, тапта балбан!

Кожомкул «маакул» деп «жок» деп айта албады. Себеби, тууганы Жапарку бай бул сөздү укса, чыдай албайт болчу. Ким эле оозундагы нанын бирөөгө алдырып жиберсин. Өзүнүкү турганда, бирөөнүн аты чыкса кандай болот.

Бирөөгө, болгондо да намыс талашып, барган жайларында биринен-бири өйдөсүнгөн, атаандашына алдырып жиберсе кудайга да, пендеге да жакпайт. Жапаркул бай бир өзү. Менмин деп тургандардын экөө болсо, бири жалгызсы болсо өзү. Ар бир маараке сайын күлүгү баш келип, атагы, алган сооруну менен элди тамшандырып, казы-бийлердин көңүлүн алып, айрым журт бийлегендерге, жакшы чыкмаларга соорун бөлүп «сүйгүнчүккө» айланган. Баары эле «бай аке», «бай аке» деп анын сөзүн сүйлөп турушат. Оозунан чыккан сөзү эм болуп, жылмая калса, коштой каткырып, мостое калса, байдан тартынып, көпчүлүгү көзүнүн агы менен тең айлангандар.Бул сыйдан, бул атактан кайсыл акмак башкаларга бөлүшөт?

Ал Жапаркул байдын оюу. Аны Кожомкул жакшы билет. Бир топко баш көтөрбөй ойлонуп отурду. Акырында байга бурула берип

- Бай аке, ойлонуп,  кабыргам менен кеңешип көрөйүн?

- Ойлон. Мына, эр жигит болгонуң менен дале бой жүрөсүң. Инилериң да эр жетип, сени күтүп турушуптур. Өзүңчө үй көтөрүп, түндүгүңдөн түтүн булатсаң «билерман байбиче» да кубанбайбы?

Инилериңе дале жардам берейин. Жылкы кайтарабыз дешсе алышсын. Бөлүп берейин.

Маматыса байдын айтканы бир чети жөндүү болгону менен жакын тууганы Жапаркул байды кечип кете албады. Бир топ белек-бечкекти куржунуна салдырып, «Чоң байбичеге ала бар»- деп, Кожомкул аттанаарда бай кебин кайра кайталады.

- Ырас айтам. Атымды таптасаң үстүңө үй, койнуңа кыз салып берем. Малдуу болосуң. Ойлон.

Кожомкул жолду ката ойлонду. Ырасында өзү теңдүүлөр үйлүү-жайлуу болуп калышты. Өзү эмдигиче үйлөнө элек. Үйлөнөйүн десе, калың камдап, элге той берүү керек. Ал үчүн канчалаган мал, союш даяр болуусу зарыл. Жасир аял, жетим балдар эптеп тиричилик өткөрүп, өздөрү менен өздөрү алек эле Жапаркул байдын кызы эсине түштү. Байдын кызы Бүбүайна дале жетилип калды. Ага сөз катып көрсө кантет? Жапаркул бай береби? Же, кызын өзүмдөй байдын баласына берем дейби?

Бүбүайна жаман кыз эмес. Байдын кыздарындай эркелебейт. Керээлден кечке жаны тынбай, эки үйдүн тең жумушун аткарат. Тим эле барган жерин гүлдөтөт. Өңү-түсү жылдыздуу. Күн өткөн сайын чырайына чыгып, бой тартып калганы билинип эле калды. Ага үйлөнсө жакшы болбойт беле. Оюн кимге айтат. Апасы билсе уят ко? Же Маматыса байдын айтканын, берген убадасын аба-аксакалдарга айтып көрсө кантет? Баары бир Жапаркул бай Кожомкулду кое бербейт. Кетишине жол койбойт.

Маматыса бай айтмакчы унчукпай жүрө берсе, инилери эр жетип, бой тартып калышты. Эртең эле үйлөнөбүз, жайланабыз дешпейби. Аларга да үй көтөрүп бөлүш, чоң аганын милдети. Бир туугандары жер тырмаш менен алек. Эл малдуу, койлуу болуп жатат. Мал-калың камдабаса кимдер кыздарын жөн берет. Бул сөздөрдү байга айтсамбы, айтпасамбы, ушинтип жүрө беремби? Бир тыянакка келүү керек. Өзү кетип калса, бай апасы менен бир туугандарын эч жакка чыгарбайт. Апасы да «Өз туугандарынан бөлүнүп, кайда бармаксың» дейт. «Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагалайт» болуп, журтка маскарасы чыгып, шылдың болбосун. Бирөөлөр менен кеңешүү зарыл.

Жапаркул бай Маматыса байдын Кожомкулду чакырганын айылдагылардан угуп, эмне жөнүндө сөз болгонун боолголоду. Саяпкери ага барбайт. Барса да, баргызбайт. Кантип, Желдеңдин төртүнчү уулу Сарыбектин небереси Сөлпүгө экөө тең төрт атадан барып кошулушат: Тагыраак айтканда Сарыбектен Чурум-Чурумдан Сөлпү, Сөлпүдөн-Ырысбайдын төрт уулу Токтобай,

Кебек, Жумаш, Толуш, Толуштан-Бообек. Бообектен-Муса, Мусадан-Кожомкул. Өзү болсо Ырысбайдан Токтобай, Токтобайдан үч уул Баймат, Алыке, Дүйшөке, Байматтан үч уул Козубек, Үркүнбай, Майрык, Майрыктан-Жапаркул.

Ал эми Желдеңдин үчүнчү уулу Башкир, Маматысанын Башкирга барып Желдеңге жеткичекти жети ата эмес, тогуз-он атага өтүп кетпейби. Муну бала эске алар бекен? Же Маматыса бай «Үстүңө үй көтөрүп, үйлөйм, жайлайм» дедиби? Неси болсо да, бир сыры бар Кожомкул ойлуу, санаадабы? Кыжаалатчылык оюнда бир нерсе бардай. Өзүн чакырып, кеп сурасамбы? Же, билмексен болуп койсомбу. Кокустан ага убада берип койсочу? Калп айтууну билбеген, түз, оюнда арам санаасы жок жетим эле. Аны-муну берем десе, ийип кетти бекен? Кокустан ага кетсе, мунун күлүктөрүн ким таптайт? Башка бирөө келсе, мындай боло алабы?

Байынын ары-бери толгонуп уктай албай, ой кечип, тынчы кетип жатканын туйган токолу суроого аргасыз болду.

- Байым, бир нерсеге кыжалаттай көрүнөсүз? Кээде уйкуңуз бөлүнө, үшкүрүнөсүз, бир оюңуз бардай?

Ооба, ооба. Бул да туйган экен:

- Биздин саяпкерди башкирлер чакырып эмне дешиптир?

- А, байы ат таптап бер? деген окшойт.

- Ии?

- Үйлөндүңбү? Энеңден бөлүндүңбү? деп сураптыр.

- А, бул эмне деп жооп бериптир?

- Анысын билбейм. Бирок, инилериң келсин, каалашса жылкычылыкка алайын деген имиш.

- Мм, деп ойлоно кетип, анан жылуулайында «Билерман байбиче» менен кеңешмек болду.

- Бирөөлөрдү «Билерман байбичеге» жөнөтчү. Абалдарын сурайын!

Эртеси «Билерман байбиче» жүйүртө басып, үйгө кирип, баш ийкеше учурашты.

- Амансыңбы бай?

- Шүгүр «Билерман байбиче». Абалың кандай?

- Жайынча. Эл катары жүрөбүз.

- Бу балаңыз эл аралагандан бери, анча-мынчаны тоготпой калгансызбы, чакыртпай эле келип турбайсызбы? Бөлөк-бөтөндүгүбүз жок го. Биздин үй дале, сиздики.

- Ырахмат кайним. Баламды элге кошкон өзүң болсоң, экинчиси өнөрү. Күндө болбосо да, күн алыс келип турабыз.

- Ап бали, туура айттыңыз. Балбаныңыз эр жетип үй-бүлө күтөйүн деп калды. Деги чоттогон жериңиз, ойлогон дитиңиз барбы? Же, масилат салбайсыз?

- Балам эр жетти. Бул теңдүүлөр эчак үйлөнүшкөн. Кол жука, бир аз тукулжурап, анын үстүнө кыздардын калыңы да көтөрүлүп кетпедиби?

- Болжошуп, сүйлөшкөн жериңер барбы?

- Кайдан. Уулум экөөбүз бул маселе менен ой бөлүшө элекпиз. Пайити келбей, мен айта элекмин. Ал уялып жүрөбү. Менден сөз күтөбү, унчуга элек.

- Өзүңүз айтыңызчы. Ылайыктуу жер барбы?

- Эл-журт бар, кыз кантип чыкпай калсын. Бай байды чоттойт тура.

- Кожомкулдай эр-азаматтар кардар болсо, ким кызын аямак. Уулуңуз менен сүйлөшүп көрүңүзчү, жактырган жери бар бекен?

- Э, бай, ата-эне көзү түз болсо жаштар өзү көнүшүп кетет. Бизде кыз тандоо каякта. Бизди ойго салган, калың жагы.

- Калыңды көрө жатарбыз. Кыз жактырсын.

Ары жакта кепке аралашпай отурган токолу байынан иймене карап, сөзгө аралаша кетти.

- Биздин баланы ким болбосун жактырат. Ал тургай, бирөөлөр күйөө балам болсо экен?-деп самап жүрүшкөндүр.

Токолунун өзүнө кыйыта айткан сөзүн бай түйду. Анан да, токолунун кыраакылыгына ыраазы болду. Болбосо тиги башкирдин байы «Келсең үй-жайлуу кылам» деп айтыптыр десе, «Билерман байбиченин» көңүлү ага бурулбай койбойт эле. Бир чети сынамакка, экинчиси байбиченин максатын так билмекке сөзүн тамашага бурду.

- Сен кызыңды берет белең?

Токолу байынын кеби чынбы, жалганбы деген ой менен жалт карады да кеп оролун түшүнө.

- Байым, ал сиздин ишиңиз. Сиз бүтүргөн иштин кеми болбос.

- Билерман байбиче, буга эмне дейсиз?

- Эмне дейин, чочуй турган кеп эмес. Баламын бир айыбы атадан жаш калып, колунун жукалыгы. Болбосо токочубуз толук, элден кем эмеспиз. Буюрса эртеңи эгиз, келечеги, өнөрү бар. Бир үйдү эмес, бир айылды бага алаары журтка маалым.

Байбиченин айтканы жөндүү эле. Анын сөзүнүн ичинде

- «Калыңга жардам деп колко кылбайбыз. Бирок, анын таптоосу менен аттарың аргымак болуп, баш байгелерди эч кимге бербей жатасың. Колу жукалыгы болбосо байлардан артык. Адал

эмгеги, маңдай тери менен эгин эгип, күчү менен мөрөй алып жүрөт. Бай аны билерсиң. Мындай баладан бай эмес, хан кызын кантип аяйт. Адам-адамдан кем эмес. Муну түшүнөрсүң» -деген ойлор айтылганын туйду бай.

- Байбиче, баятан бери калп эле сынамыш болдум. Кожомкулдан эмнемди аянам. Өз баламдай болуп калды. Өз кызын таңуулады дебеңиз. Калың, колко сурабайм. Бүбүайнамды туттум.

Бүбүайна байдын токолунун чоң кызы. Үй тиричилигин айттырбай эле, өзү билип калган. Анын тиричиликке бүйрө экенин айылдагылар түгөл билишет. Анча-мынча кардарлар да келип, байга айтпаса да токолуна сөз узаткандар бар эле. Бой тартып, эми чырайына чыга, жетилген кыз Кожомкулдун көөнүнө да жакчу. Билерман байбиченин кыялына да, Бүбүайна түшүп, бай тоготобу?-деген бүдөмүк суроо жүргөн.

Байбиче ордунан тура калды. Уккан кулагына бир ишенип, бир ишенбей.

- Бай, кулдугум бар. Менин баламды ушунча кастарласаң. Сага да кудай бар. Баламын күчү, өнөрү тартуу. Өз бала кылып ал. Байкушум, «Мусанын баласы» деп атасынын атын өчүрбөй жүрсө болду. Мен ыраазымын-деп жашый бай менен анын колуктусуна баш урду.

Бай билерман байбичеге бул оюн капылеттен айткан жок. Анын көптөн берки ойлогон оюнун, көксөгөн максатынын бир чети эле. Кызы Бүбүайнаны Кожомкулга берсе, туугандар ортосундагы ынтымак ого бетер бекемдейт. Уккан билгендер:

- Азамат! Жапаркул бай атадай эле кам көрдү. Тууган болсо, ушундай болсун. Мындан артык кандай болот?-дешмек. Экинчиси: Уулу Эсеке жалгыз Кожомкул экөө бири-бирине өлөк-жөлөк болот. Күйөө бала-кайнага болушуп, биринин тапканы экинчисине уютку катары берекеси ашат. Үчүнчүсү: саяпкер колдон кетпейт. Эми ага эч ким кызыга да албайт. Дагы бир жери кам сукан. Асти бирөөнүн оокатына кызыкпайт. Малына кол салбайт. Бардыгын өзүнүкүндөй карайт. Сарала баш болгон «Эрке тай» жана алардын тукумдары Жапаркулдуку. Бай бул жагынан чоң адамгерчилик да, кыраакылык да кылды.

Бүбүайна менен баш кошкон Кожомкулга туугандары бир чети тойго дешип, экинчиси «келин көрдү, үй көрдү» дешип, оңор эмес кошумча топтолду. Жууркан-төшөк баш болуп, идиш-аяк, үстү баштан бери тартууланып, жаңы тигилген беш канат үйдүн ичи толуп чыкты. Эми байда да, саяпкерде да санаа жок. Бири-

бирине ишеничтүү, ата-бала.

Түз-Бел аймагы айланадагы түзөңдөргө караганда эгиз жайда жайгашып, аккан суу таңкысыраак. Ошондуктан көбүн эсе эгин күздүк, же эрте жазда эгилет. Күздүктү чанда бирөө экпесе жалаң жер, жалпы жайыт болгондуктан ным кетирбей чилде чыгары менен жер айдалып, көбүн эсе арпа себилет. Арпа жаныбар атка жарашат. Ошол себептен «Арпа берсең атка бер» деп бекеринен айтылбаган. Ал эми сүлүнүн сырын билгендер көбүнесе ат сууткaнга пайдаланышат. Кожомкул бул сөздү чоң маарекелерге барып жүргөндө, карт саяпкерлерден угуп, көңүлүнө түйүп жүргөн.

Чөлдүктөргө окшоп керээлден кечке жер тырмабай эртели-кеч мал менен алек болуп, тоолуктардын колдору бош. Көбүнесе аш-тойлор арбындыгынанбы тоолуктарга молдо-кожо, эшендер биринин артынан бири келчү. Алар чоң-кичинелерден бери окутуп, араб тамгасын таанытып, намазга жыгып, куран үйрөтүп, аптадан айга чейин жүрүшөөр эле. Айылдагылар алардын минип келген улоолорун тоютуна карай багышып, эрте-кеч сугарышып, «меймандыкы» дешип, жылуу жерге байлашып, өзгөчө кастарлашчу. Быйыл да чоочун, баштарына казанбактай ак селделерин чалышып, коюн-колтуктарында «чаар китеби» бар үч-төрт молдо бир келишти. Алдын бир үйгө түшүшкөнү менен эртеси ыңгайына карай ар-ар үй ээлери бөлүп алып кетишти. Кожомкулдардын үйүндө арыкчырай чап жаак, узун молдо калды. Эл алардын ысмын сурабай келген жерине карай «Кашкарлык молдо», «Маргалаңдык молдо», «Кубалык», «Асакелик молдо» деп аташчу.

Теги кашкарлык молдонун мингичи кабелтең, сөөк-саактуу болгону менен аябай арык, ээси кебетеленип эт албаптыр. Канча чөп салса да кашек чыгарбай заматта жеп коюп, от көрбөгөнсүп окуранып туруп калат. Башта бирөөлөр арабага салганбы, алдыңкы көкүрөгү менен соорусунда түгү жок, жылаңач. Куйрук-жалы да токол, өөнөп алгандай тукулжурап турат. Ошондон уламбы көзгө комсоо көрүнүп, сугаргандан соң ылдам бастырайын деп теминип, же камчыланып койсо «корок, корок» эте үн чыгып, ичкен суусунун шылдырап жылганы кулакка кадимкидей угулат. Жорткону да башка өңгүл-дөңгүлдө мүдүрүлгөндөй болуп, миңген адамдын ичи-боорун эзип, ээк-башты шылкылдата да заматта түшө качкыдай болуп, узагыраак жүрсө жанчылып калгыдай.

Бир күнү кашкарлык молдо Кожомкулга кайрылды:

- Үкө, сени эл аттын сырын жакшы билет дейт. Мага бир

чакан улоо таап бериң? Бул чоң атты мине албадым. Тоого келип батып турат. Чөлдө жүргөндө от таппай, жүда кыйналам. Сизден ылтымас?-деди.

Кожомкул молдонун өтүнүчүн жерге таштабады. Чынында эле анын аты отко кароо, тоонун кенен төрүндө тойбосо, чөлдө ага от түтмөк эмес. Үйүндөгү мал караганда минилген атын бермек болду.

- Мына бул, инилеримдин мал карагандагы миңгичи эле. Чакан дебесеңиз токуп берейин?

- Э, үкам мага боло берет. Миң мартаба ыраазымын.

Кожомкул басмайыл, куюшкандарын кыскартып, чакан атка ылайык кыла токуп берип, молдону узатты.

Инилерине чоң атты көрсөтүп.

- Арыштуу жылкы көрүнөт, малга тез жетесиңер. Мине бергиле, деди. Эки-үч күндөн соң, эки иниси тең наразылана кетишти.

- Молдо көрбөгөнсүп миңгичибизди тартып берип койдуң. Басканы копол экен. Жантайыш-эңкейиште учуп кетчүдөй болуп, өңгүл-дөңгүл басат. Ооздуругун тартпасаң барбы, анча-мынча чуңкурга өзү эле боюн таштап жибергидей –дешти.

Инилеринин тыпылдаган, жүрөмөл аяк артарын молдого тартып берип койгонуна бир чети уялды, бир чети өкүндү.

- Кап, өзү суранып калганынан, шагын сындырбайын дебедим беле. Муну билгенимде, башка улоо таап бермек экенмин деп, ичинен ойлоно кетти. Бирок, инилерине сыр бербей.

- Аттын жаманы болмок беле. «Ат бастыра албаган жолду бузат» дейт. Өзүңөрдөн. Аңды-дөңдү карабай сала берсеңер, жерди билбеген аттын туягы жаза басат-деди.

- Андай болсо өзүң мин. Биз минбейбиз-дешти экөө тең.

Байдын жылкысынан экөөнө эки мингич алып берип, Куршабка шашылыш иш чыкканынан баягы атты мине кала жолго чыкты. Инилери айткандай эле молдонун аты чоң туяктарын жерге таптап, көбүн эсе жортуп жүрөт экен. Улам локулдап, жорткону нан улам миңген адамдын өпкө-боору селкилдей берип, ичегилери эзиле аралашып калгыдай. Анан да, чоң ат желгенде үстүндөгү адамдын мойну-башы шылкылдап, тиштери шакылдап аябай жүдөгүдөй. Эңкүүдө улам сыйгаланып жүрүп, зорго түшүп келди. Курашбдан ишин бүтүрүп кайткандан соң, жүрүшү жок улоодон жадагандан улам эртерээк жетейин деп «чү» кое, оозун бошотту.

Атаңдын көрү, аяк ташташы жеңил. Атыраң алганда жортугу

жоголуп, тим эле мелмилдеген суу үстүндө бараткан кайыктай жумшак. Көрсө, өнөрдүн баары, бул жакта жаткан турбайбы. Жолдо келе жатып ар кыл ыкка салып, атты сынады. Бастырды, жорттурду, чапты. Кайра оозун тартып, камчы салды. Теминсе атырылып кетет. Камчы чапса тоготпойт. Көгүнө таянгандай, кулагын гана кыймылдатып коет. Түз-Белге чыкканда ээрин алып, оонатып да көрдү. Суусуга салып сугарды. Тик өйдөгө салып, оозун тартпады. Ат курч экен. Канча жем, от жесе кайтаргыдай. Бир айыбы, ээр токулуп, аз минилиптир.

Ийгилигинен башта, айыбын билейин деп, басыгынан тарта чуркаганына чейин, суу ичкенден, оттогонго чейин кайра-кайра сынынан өткөрүп чыкты. Сээри тик, алдыңкы колдун далылары кеңири, жазы келип, мүрүлөрүнүн кошулушундагы быкыны эгиз, жону бир аз чукур тартып, омурткалардын учу учага улана берген жери бийиктигинен өйдөдө ээр артка жетпейт. Тик ылдыйда алдыга кетип, сүрүлбөйт. Демек, тердикти калыңдабай эле жалаң ичмектен соң токум жаап, эндүү жазылуу ээр токуса, эп келишип калгыдай.

Жалаң түздө жүрүп, жашынан арабага салынган, арабакечтин аты экен. Жүктү оор салып, дайыма жорттуруп жүргөндүктөн басыгынан адашыптыр. Оор жүктөн күч келген моюнча менен жан сызма улам этин өйкөй берип, биротоло түгүнүн түшүп калышына себеп болуптур. Анан да, өтө ысыкта минилип, көп ачка жүрүп, сугарылбагандыктан күндүн табы өтүп, денеси кагелестенип, катып калыптыр.

Дайыма илешкен отун жүктөгөнбү, же ысык өтүп катынганынанбы куйрук-жалы тумтуйганы ошондон. Туяктары одур-будур өскүлөңдүгүнө караганда көп такаланбай таштак, ысык жолдо көп жүргөн. Дайыма бийик акырдан от жеп жүрүп алдыңкы жаагынан көкүрөгүнө чейин түгү жыдып түшкөн. Баштагы баккан ээси такыр жарды, колунда жок, же болбосо ат кадырын билбеген, эптеп жан баккан бирөө көрүнөт. Ат баалабаганды тоолуктар адам катарында да көрүшпөйт. Ошентип, байкуш аттын бактысы тайкы болуп, ээси жарашпаган экен. Аны ат сырын билбеген молдоке алып, акырында жадаганда таштап кеткен тура.

Кожомкул жаңы атын «кашаң күрөң» деп атады. Азырынча ушул ат болот. Кийинчерээк өзүнө ылайык ат өзүнөн-өзү коюлар. Күндө эрте менен минип келип, орок тийбеген, малдын аягы баспаган кыртыштуу күңгөйгө аркандап кетет. Түштө келип бир сугарып, кайра орун которот. Кечинде келип, минип баратып

жолдон сугарат. Кыртыштуу беттин көк чөбүн орок менен оргондой «кашаң күрөң» тегиз оттоду. Тим эле аркандаган жери тегизделип, карарат.

Кашаң күрөңдүн бактысына эртели-кеч чыкыроон тартып, боз кыроонун шагы түшкөнү менен кар жаабады. Бир ай дегенде үч-төрт күн будуң-чаң болуп, бүркөлүп келип карлады. Эми «кашаң күрөңдү» тамда кармаса болгудай. Өзү эккен сулунун түшүмүнөн күндө кечинде, эки кочуштан берип коюп жүрдү. Ат ирденип, субагайына тарта, түк чыга баштаптыр. Күндө жабуулап, кечинде минет да, салкындата кыр жондоп бир топко барып келет. Туягын жондуруп, жаңы такалатты. Жорттурбай жай бастырып жүрүп, жүрүшү калыбына түшө баштады.

Эрте менен өнөрү чыгып, анча-мынча жүгөн салдырбай ойноп калчу болду. Ээсин таанып, мүрүсүнөн, жеңинен тиштеп ойногусу, эркелегиси келет. Улам кашыганды сүйүп, мойнун, жонун тосуп берет. Жабуусун алган соң, жумшак карга каалаганча оонап, анан барып силкине, черин жаза чоюлуп, күрс-күрс жөткүрөт. Мойнун жерге сала бышкырына башын ийкей-ийкей, алыскы тоолорду тиктейт.

- А оңолуп, көңүлүң көтөрүлө баштаптыр дейт, ээси кобурап.

Кар түшкөндөн баштап, айылда чакан улак боло калат. Эки-үч курдай топ четине барып, табырка кылды. Баягы инилери келип:

- Молдонун атын тынбай эле бапестейсиң. Улакка бер чабалы?-дешти.

- Макул эки-үч күндүк табы калды. Бир аз чыдагыла-деп жүрсө, бүгүн да айылдын этегинде улак болуп, инилери келиптир. Атты алардан кантип аямак.

- Этияттагыла! Оозу катуу, ала качып жүрбөсүн! Улакты жапмага салып, такымга баскандан кийин «чү» дегиле. Болбосо ылдам атта үлгүрбөй каласыңар-десе эки иниси тең күлүштү.

-«Кашаң күрөң» деп ат коюп алып, анан ала качат дегени эмнеси? Баягы эле жортмогу жоголо электир?

- Бара, көрө билесиңер. Эми мындан кийин талашпасаңар эле болду.

- Атың өзүңө буйрусун. Биз чабабыз десек аттар толуп жатат-деп тамашалашкан инилери ошол күнү «Кашаң күрөңдү» минишип, ээрчише улакка барышты. Аларды артынан Кожомкул да жете келди.

Чакан топто улак жерге түшүп «гала» болуп жатыптыр. Баары эле теминишип, улакка жетүүнүн аракетинде ат салышат. Анча-мынча чабал аттар кысылганына чыдабай четтеп чыга берди.

«Кашаӊ күрөӊ» топ аттардан өзгөчөлөнүп, алыстан көрүндү. Аттардын сүргөнүнө карабай суу кечкенсип, улам жыла улак түшкөн жайга жакындап келе жатты. Бир мезгилде үстүндөгү улакчы мерчемдүү жерге жеттиби, токтой калды. Алдыдагы атчан улакты жерден көтөрө бергенде, иниси шап бир жагынан кармай өзүнө тартты. Экөө ат үстүндө тартышып атканда «кашаӊ күрөӊ» жай ордунан жыла баштады. Топ улакчы аларды аркасынан сүрүшүп, эрчий келишти. Алдыӊкы тараптагы аттар сээлдей бергенде иниси атын теминип койду. Беркил да чабандес көрүнөт, колундагы улактын бутун чыгарбаска аракеттенип, куйрук улаш тартышып келе жатты. Капылеттен, эчен карга түшүп жылбышкак болуп калган улактын буту улакчынын колунан сыдырылып чыгып кетти. Иниси аш-баш дегиче шамдагайлык менен улакты жапма кыла, такымга басып, үзөӊгүнү чирене тепти да.

- Кана, эми алып көргүлөчү?-деген кубанычтуу үнү угулду. Жуп жөнөй беринде баягы колунан чыгарып жиберген чабандес менен дагы бирөө жете келип, эки тараптан улакты шыйракташты.

- Кана жылып көрчү? – деп каршылашы табалай жооп берди.

Бая агасынын айтканы эсине түшкөнбү, иниси «чү жаныбар» деп үн сала, удаама-удаа теминди. Баятан бери ушуну эле күтүп турганбы «кашаӊ күрөӊ» шарт жүрүп берди. Беркил экөө теӊ татамал көрүнөт, улакты кое беришпей аттарын үлгүрө теминишти. «Кашаӊ күрөӊ» алардын аттарынан аяктуу окшойт улам алдыга үзүлүп баратты. Экөө теӊ аттары менен сүйрөлүшө улакты кое беришкен жок. Улак чапкан аянт түзөӊ болуп, баш-аягы ыраак эле. Иниси тегеректи бир айлана бергенде сүйрөлгөн атынан бирөөсү ажырап жерге учуп түштү. Беркиниси улактын бутун кое берди.

«Кашаӊ күрөӊдү» минген улакчы, эки жолу топту тегерене ала качты. Анча-мынча кууган аттар жетпей, туурасынан чыга, жанаша чапкандар улактын бутуна колдору чала-була илеше калып артта калышты. Ал топту жара келип, улакты ортого шалак таштап чыга берди.

Ар жакта даяр турган экинчи иниси «кашаӊ күрөӊгө» жетери менен шап мине кала, галага кирип кетти. Мында да «кашаӊ күрөӊ» көп атты кече, ортону көздөй сүрүп барды. Мунусунда кашаӊ күрөӊдүн ээси, жерден эӊип алып, чапка баса албай жаткан улакчыга жетип барып, жулуп алды. Улактын бир колун ээр кашка орой кармап, бир жагына сүйрөтө топ жиреди.

Тартышкандардын эч кимисине бербей, четте турган Жапаркул байга алып барып, ашырып берди.

Жапаркулдан эч ким барып улакты талаша алышкан жок. Ал топту бир тегеретип келип, өзү теңдүү аксакалга ашырды. Кашаң күрөң күчү, ылдам аягы менен эки инисине тургай, айылдагыларга да таанымал болуп калды.

Кышы бою «кашаң күрөң» айылдагы  улакка чабылып, жаны тынбады. Аны минбеген Ак-Теректиктерден эч ким калбады. Алды төрт-беш, аркасы эки-үч жолудан минишип, улак тартышты. Сууту келишип, мыктылап тапталган «кашаң күрөң» бир да муюган жок. Чарчап-чаалыгууну да билбеди. Себеби, Кожомкул сүлүнү сүрө берип, суутун кандырып, андан соң арпа бере баштаган эле. Короолугунан карды ачпай, жабууланып, жылуу тамда турду. Башка аттардын ашкан кашегинен бери жеп, такыр от ылгабады. Канчалык жесе, ошончо чуркап кубатынан жазган жок. Жаз тегиз чыгып, көк көтөрүлгөндө «жайын жесин» деп кашаң күрөңдү Кожомкул Ийри-Сууга субайлар менен агытып жиберди.

Теке айынын этегине барганда, тутуп келди. Капырай, адамга да, жылкы баласына да парбайиштап, кароо, бапестеп, көңүл бөлүү жарашат экен го. Кышы менен жем жеп чыккан «кашаң күрөң» салкын, ээн талаада эркин жүргөнгөбү бою өсүп, тигинен бир топ көтөрүлгөндөй, суналган бою узаргандай, келбети келишип, баягы чөйчөктөнгөн соорулары толуп, жалы менен чычаңы эгиз тартып май алыптыр. Көкүрөк, сан эттеринин булчуңдары бөлүнө-бөлүнө бултуюп, узун шыйрактары жооноюп, куйрук-жалы коюлана өсүп, баягы такыр жерлерине жаңы түк пайда болгон. Өңү кара күрөң тартып сымбатына чыга келиптир. Көздөрү тим эле жайнайт. Сергегине тартып, жанынан чымчык учуп өтсө да жалт карап, кулактарын тикчийтет.

Күндө бастырып барып, от оруп, үзөңгү боолай келип, акырга байлады. Улам арпаны жууп берип, анан барып, жаңы орулуп как болгон бедени бере баштады. Күндөр күнгө алмашып, бир ай дегенде «кашаң күрөң» табына чыга, сууту канды. Эртели-кеч кашып-тарап саяпкер өзүнө ого бетер жакындатты. Ээсине таарынган мүнөзү жок. Ак көңүлүнөн элпек. Тилин жаземдебей алат. Кээде бош коюп койсо, артынан ээрчий басат. Жылба десе, качан жетелегенге чейин ордунан кетпейт.

Адам айласына не жетсин. Асмандагы кушту үндөккө үйрөтүп, жылкыны минтип тил алдырып, акылы менен көңүлүн таап, айрылгыстай дос болуп, ынакташуу башкалардын колунан эч

келбейт го. Көрсө, кадырлап, сыйлай билүү, жалган айтып алдабоо, кадырына жетип кастарлоо гана максатка жеткирет экен. Ошондон өнөр ээси ак көңүл, эч кимге жаман ою жок, мээнеткеч, ишенчээк, башкаларды да өзүндө ойлогон асыл зат тура. Ошол үчүн не бир сулуулукту, керемет табылганы, көркөм бир бийик ачылышты жаратат тура. Өнөрдүн бийиктигине, тереңдигине, айкөлдүк-кенендигине эч нерсе теңдеше албайт. Колунан иш келбеген чоркоктор чабалдык кылып басынары айкын. Өнөр деген кудай берген берешендик, талант, шык, байлык, акыл, ошон үчүн баа жеткис асыл, кымбат.

➤❅➤

Күз кыйарып, жашыл кымкап жамынган жаратылыш өңүн өзгөртө баштаган мезгилде Алайдын кең талаасында чоң тамаша болот деген кабар келди. Күн болжогон чабандес улакчылар, эңиш, күрөшкө түшчү балбандар, деги эле оюн-зоок, той-тамаша десе жанын жерге төшөп салчуу ышкыбоздор, бири-бирине кулак кагыш кыла, аттана башташты. Жапаркул байдын кеңеши боюнча атайын атаган кошумчаны арбын алышып, алты үйдү жабдык жасалгасы менен көчүрүп бармак болушту. Себеби, билгенге Алайдын шарты далай эле. Тозоктон да жаман.

Бирде алай-айдай. Бирде алай-дүлөйдөй. Бирде албуут шамалдай. Жай бою өйдөлөп көчкөн булуттар, ошол жерге барып токтошот. Каарына алса чак түштө кыш, бир күндүн ичинде төрт мезгил алмашып, төрт кайра кубулат. Эрте менен шаңкайып турган асман, заматта түнөрүп күн күркүрөп, чагылган түшүп жамгыр сабаса, күн күнөөлүүдөй күлмүң эте чыга кала, чызырата табына алат. Кайрадан эле булут көчүп келип, мөндүр себелеп барып, добулга айланат. А, эми эки-үч күнгө чейин күн ачылбай жамгырда жамынчу жетпей шорубуз куруйт дегичекти эле, күн жарк дей түшүп, силерди тамашаладым дегенчелик, торгойлор сайрап, гөдөөлөр жерге ыргалып учу-кыйырына көз жетпеген мейкин кең талаа шаңкая, көркүнө чыгат.

- Эми күн басылды, кеңири отуралы деп камынгыча, аркыраган шамал жүрүп, туурдук-үзүк боолор кереге сабап.

– «Бол эле бол! Корголо, жашын»-деп эскерткенче болбой, кар борошолоп, каздын бутундай аппак кардын бүртүктөрү, ак гүл чачылгансып, жердин бетин жабат.

- Мына чындап кыш түшүп, жол бекийт экен дегичекти болбой, кызыл ашык, тушарга жете түшкөн шагалаң оор кар ээрип, заматта жерге сиңип кетет.

- Кечирип койгула! Биз күнөөлүүбүз дегенсип, булуттар жылып-жылып барып ак карлуу, эзелтен кары кетпей, асмандын кардына тийип турган тоолорго жашынышат.

- Заматта күн  шашыла тоодон төмөн кулап кеткендей, жок боло түшүп, бир аздан кийин эле  кулачыңды керсең жете калчуудай болуп, жанаша тоонун чокусунан чыга келет. Ал эми түнкүсүн айдан өтө жерге жакын келген жылдыздар тим эле ар бирин терип алчуудай болуп эзиле бышып түшө баштаган мөмө баштанып, биринин артынан бири жерге бадырая учуп түшкөндөй көрүнүп, улам жылтылдап көз жоосун алат.

Ай менен атаандашкан жылдыздардын көркүнө көөшүгөн жаратылыштын кереметине суктанып, не бир сонун кыялдарга бата эми эле көзүн илине баштаганда

- Кой, мен келип калдым, тургула!-дегенсип алтын нурларын ааламга чача күн чыга келет. Түнү менен мемиреген жаратылыш жанданып, торгой күүсүн чалып,  короодогу төрт түлүк араң козголуп, жайытты көздөй ыңгырана, жылып, ар-ар жерде бадырайган дарбыз сымал чачылып:

- Барсамбы, же барбасамбы, деп көп жандык ыңыркана, ныксырай баса оттоп кирет.

Эгиз жердин күчүнө кирген гөдөөсү төрт түлүктү заматта тойгузуп, үзүлө жутунуп оттогон мал жок. Бийик жердин салкын төрүндө  кой-эчки кашынып, уй сайгактап, жылкы шыйпанын койбой, элкин оттойт да, керээлден кечке жумшак тулаң үстүндө мемиреп көөшүп төрт туягын кенен жая ныксырап уктайт.

Алайдын шартын жакшы билген Жапаркул бай үй эмеректерди, жамынчуудан баштап идиш-аяк баарын түгөл жүктөттү. Айтса, айтпаса да кереметтүү Алайды бышып турган мезгилинде барсаң, бир-эки күндө чериң канбайт. Барганга жараша бир жума ашыгыраак жүрүп, бети-колду туурулта, салкындап келген жакшы. Эт тартса эң соргок адам бир кабыргадан ашык эт, бир кеседен ашык кымыз иче албайт. Жери эгиздик кылып, түтөгү бардыгынан адамдардын көөнүнө эч нерсе барбай, карды ачпай, жүрө берет.

Жарым жолдо бир түнөп, экинчи күнү кечинде тамаша өтчү Кара-Киндикке жете келишти. Учу-кыйырына көз жетпеген кең талаада, конок алганга тигилген боз үйлөр бадырайып, бири-биринен ат чабым алыс. Ар биринде кемеге казылып, той казандар асылып, от жагылып, боз түтүндөр жайлоону салкындыгынан уламбы, жерден бийик көтөрүлбөй барып тарап кетет. Ар-ар жерде көмкөрүлгөн чыныдай болгон боз үйлөр

жашыл аймкты ээлеп, көрүнүш ого эле көрктүү.

Бир тарабы Илек-илек, Баткен, Кадамжайдан бери, бул тарабы Аксы, Анжиан, Арсланбаб, Жалал-Абаддан, Миң-Дөбө, Булак-Башы Куба-Асакеден, бул жагы Ош-Өзгөн. Улуу-Чат, Алайкуудан берки журт өкүлдөрүнө түгөл кабар берилип, кээлери даяр боз үйлөрүн, чатырларын артына келишиптир. Анжиян, Ош, Кашкардык соодагерлер тапкан-ташынганын түгөл жыйнап келишип, жайлоонун кенен талаасында кадимкидей базар жүрө баштаптыр. Алып сатарлар аларманды чакырып, коон-дарбыз баш болгон жашылча-жемиш ар-ар жерде үйүлүп, көздүн жоосун алат. Кездеме буюмдар, идиш-аяк, тиричиликке ылайык буюм-тайым кенен жайылып, ирети менен тартылган көрүүгө илинген. «Канча эл келсе да батат» дегенсип, кенен Кара-Киндик чалкайып, келберсип, мемирейт. Улам келгендер белгиленген үйлөргө түшүрүлүп, конок камына мурдатан чоң даярдык көрүлгөндүктөн, эч ким кароосуз калтырылбады.

Кара-Киндик касиеттүү жер. Анын кабарын угушкандар ары жагы Кашкар, Улуу-Чат, бери жагы Ош-Жалал-Абад, Анжиан, Наманган тараптагы элдин ооруп-сыркаганы, бала көрбөй зарлаганы, буту баспай төшөктө жаткандар, өтүшүп кеткен эски оорусунан арыла албай, арга издегендер табырка кылышып келип, жаздан, күзгө чейин жатып, түнөшүп, топ-тобу менен болушуп, абасын жутуп, суусун ичип, кайтышарында ырымдап топурагынан түйүп кетишчү. Көп ооруга сеп болорун, биринен бири угушуп, атайлап даңазалап келишчү.

Кара-Киндик аталышы илгертен калган. Аны эч ким кандай себеп менен атаганын, угуп-билгендер жок. Болгону коркойгон жалгыз дөбө, анын алды жагында айланасы карарып чуңкурайган жер бар. Келген пенде астейдил, кунт коюп караса киндикке окшошуп кетет. Ар кимдин айтымына караганда жер киндиги ушул жай имиш.

Илгери, көп кылымдар мурун калмактар басып кирип, жергиликтүү эл ага каршы көтөрүлүшөт. Ар бир уруудан эр азаматтар чыгып, эли-жерин душмандардан коргош үчүн аттанышат. Кан төгүлгөн катуу кармаш болот. Сарт уруусунан чыккан баатыр Кенчим бабабыз, жазганбай душмандарды алыстан жаасы менен атып, жакындаганда найза менен сайышып, чокмору менен чабышып, кылычы менен кырып, бир топко чейин туруштук берет. Душмандардын ортосунда калат. Бирөөсүнүн шилтеген кылычы капылеттен анын курсагына тийет. Айласыз, ал согуш талаасынан чыгууга туура келет. Канчалык

аракет кылса да ичеге-карды чубалып, шаштысын кетирет. Айласы кеткенде ал жарылган ичине, атынын тердигин тарттырып, жолдо келе жатып шериктерине насаат кылат.

- Мен өлгөндө сөөгүмү Кашкарга койсоңор кара курттар жейм- деп чукуйт. Анжианга алып барсаңар ак курттар денеми талайт. Андыктан мени курту жок Кара-Киндикке койгула. Көзүм тирүүсүндө эптеп жетели, мени Киндик-Атага алып баргыла дейт.

Кара-Киндикке жете келишкенде ичиндеги байланган тердикти чечип, жан берген экен. Анын сөөгү кийинкилерге мазар болуп калыптыр –дешчү угуп, билгендер. Деги эле келип-кеткендердин бардыгы бул жердин касиети күч дешчү. Дайыма кудайы жолуна дешип, улуу-ичүү куран окушуп, бей даарат басып келишчү эмес.

Бир жолу жайлоого келген эл  Кара-Киндикти өрлөп жогору карай көчөт. Көч менен кошо аба-аксакал, бала-чака биргеликте өтөт. Алардын ичинде жаш балалуу келин баратканда Кара-Киндиктин тушуна келгенде улуу абысындары бир чети насаат, бир чети ызаат дешип, баягы келинди.

- Касиеттүү жерге сыйынып  өт, тилегиң кабыл болот.

- Аттан түшүп Кара-Киндикке жүгүнүп кой! –дешет. Көч ичинде баласын атка өңөрө албай, жүдөп келе жаткан келин.

-Тиригиңерге жүгүнгөнүм да жетет. Өлгөнүңөрдү өзүңөргө койдум-дейт.

Кара-Киндиктен өтүп өтпөй, минген аты түз жерде мүдүрүлүп, келин аттан ыргып, арка мойну алдында калат. Көч мазарга токтобой келиндин сөөгүн артышып, арылап, жылышат. Бир топ жерге барышып, көчтү түшүрүшүп, конушуп, келиндин сөөгүн жерге жашырышат. Энесинен айрылган бала, эмчек самап ыйлай берип, сооронбойт. Аны алаксытмакка туугандары «Ой бала!» деп чакырышып, ошол жер «Ой бала» аталып калыптыр дешет.

Кара-Киндиктеги тамаша үч күнгө созулду. Биринчи күнү улак тартыш болуп ноопаздай торпок союлган экен. Аттын аты, улакчынын улакчысы жерден араң көтөрүп жатышты. Чөлдөн келген эки-үч аттын өпкөсү көөп, ичтери жарылды. Экинчи күнү керээлден кечке эңиш, күрөш, бука тартыш, тыйын эңмей ж.б. оюндар өткөрүлүп, акыркы кезек жорго салыш, кунан жарыш менен бүттү.

Эңиш-күрөштө жерчилдик кылышып, той берген маараке ээлери алайлыктар алды. Жорго салышта аксылыктардын жоргосу баш келип, кунан чабышта Кадамжай, Чоң-Алайлыктар утуп кетишти.  Эмки камылга, бардык даярдык, эртеңки ат

чабышка карай көрүлдү. Ар уруудан ат айдоочулар тандалып, ат кармоочулар белгиленди. Байгеге чабуулчу күлүктөр такталып, Кожомкул мурдагы Жапаркул байдын кеңеши боюнча «кашаң күрөңдү» ушул чоң маарекеде бир сынап көрмөккө атайын таптап, арасына чабандеси менен барып кошту.

Кожомкулдун саяпкерлиги түмөн элдин түбүнө чейин маалым болгонбу аны иликтеп, сурамжылашып, атайлап келип учурашкандар болду. Кээлери таптаган аттарын көрсөтүшүп, табына келген-келбегенин, деги эле канча аралыкка чуркаганга кубаты жетээр-жетпесин, канча жылга чейин чуркай ала тургандыктарын сурашты. Ар бирине билгенин айтса, көңүлүнүн түздүгүнө көбү ыраазы болушту. Көбүнөн өзү сурады, ар кыл аттарды көрүп, табына жетип, жетпегенин боолгolodу. Өзүнүн «кашаң күрөңү» жөнүндө ат таптагандардан бир ооз сөз укпай, ичи бушайман эле. Ким эмне дейт. Кандай сөз болот деген ойдо атын минип алып, келген күлүктөрдү бирден карап баратып тээ маңдайдагы дөңсөдө топтошо сүйлөшүп жаткандарга карай бастырды. Талаш-тартыштары барбы, же аңгемеге муюшканбы анын келгенине эч ким көңүл бурбады. Келип-келип өзүнө окшогон ышкыбоздорго кабылды.

Алар аркы коктуда байлоодо турган, эртең байгеге чабылчуу аргымактарды сөз кылып жатышыптыр. Узун кермеде, каз катар байланган күлүктөр биринен-бири сындуу көрүнүп топтошкондордун бүйүрүн кызыткан экен.

- Ак байпак анык асыл тукумдан окшойт?

- Кантип билдиң?

- Билинип эле турбайбы. Эки кулагы тик, шамдай экен. Эки көзү тим эле жайнап турат.

- Аның ырас, шашылыш таптап, сууту канбай калыптыр.

- Кантип? Өөнү жоктой көрүнбөдү беле?

- Нымшып турганын жабуудан көрбөй калыпсың?

- А анысы, көк чөп жегенден

- Кай жердин аты экен?

- Билбейм. Чөлдөн көрүнөт. Териси жука, суукка байымы жоктой. Эрте менен чыйрыкканы жазылбай аттарды эрте айдаса, күүсүнөн жазат. Эгер кечирээк айдаса чыгат.

- Тээ береки, ак бозду эмне дейсиңер?

- Ак боз акыл-текил, түркмөн жылкыларынын анык тукумунан экен. Бирок тоодо чабылганбы, чабылбаганбы билбей турам, мөрөй талашары бышык.

- Мынабу, ай кашкачы? Эч нерсени тоготпой үргүлөп турат!

- Бул тоготпой турган жок. Көңүлкош. Карачы бир илдети бардай.

Баары жабыла, ай кашканы караштьы. Жаныбар ай кашка ай кашка дегендей эле бар экен. Анык тулпардын уругунанбы. Өзгөчө көңүл бөлүнүп, жакшы каралгандыктанбы, бир жеринде кемтиги тургай, кири жок. Кашкасы жарашып тим эле чүрөк. Улам үргүлөй кетип турганын Кожомкул бая келгенде эле байкаган. Бирок ага көңүл бөлбөптүр. Эми астейдил саресеп салса чындап эле айыбы бардай. Жаз алды менен көк бедеге курсагын кенен кергенби, ичи көп дале тартылбаптыр. Семиз аттай. Табы келтирилсе, субагай тартып, сынына чыкмак. Оюн ичке катып, эч кимге билдирген жок.

- Акелер, мына бул күрөң аттын табы кандай? Айтып бербейсиздерби?-деп, атынан түшө кала, ары-бери жетеледи.

- Эмне, сенин атыңбы?

- Ооба. Жаңыдан ат таптап жүрөм. Табына келдиби, келбедиби билбей, кыжалатмын.

- Кай жерден келдиң?

- Жалпак-Таштан.

- А ал жерде Кожомкул деген тапчы бар дейт. Ошого бир көрсөтпөпсүң?

- Көрсөтүшкө үлгүрбөй калдым-деп жалган айтып жиберди. Кайра ичинен

- Кудай өзү кечирсин? Жашырбай эле, ачык айтпай деп өкүнүп койду.

- Күрөңдүн жашы, канчада болду экен? деди бирөөсү

- Үч, же төрт асыйга барган деди экинчиси туспалдай. Ал чынында  билип айтып жатты.

- Кышында улакка чабылып, туяктары тебеленген экен. Эми бүтө баштаптыр.

- Тапчысы дадил окшойт. Башта, кара жумушта кагылып куруп калган экен.

- Бир жылда орду ордуна коюптур.

- Узакка чуркагандай түрү бар.

- Мунуңдун бир айыбы бар-деди, ак сакалы жайкалган, жашы бир топко барып калган ортодогусу.

- Кайсы айыбын баамдадыңыз?-деди жашыраак шериги.

- Айланайын аба, айтыңызчы? Айыбы кай жеринде? деп Кожомкул чыдай албай безилдеп жибергенин өзү да билбей калды.

Карт саяпкер аны сынай тиктеп, мулуя, кемтигин баамдап

байкаганын жашырган жок.

- Кечээ катуу жол жүрүп келип, отко койгон экенсиң. Бүгүн кечке от искебептир.

- Чын. Чын аба. Канткенде от алдырам?

Эми сугарба Алайдын жашаң гөдөөсүн апсыга жеп алып, аш кыла албай, карынына туруп калыптыр.

- Эмне кылсам болот? Эмне кылам?-деп чый-пыйы чыга, аксакал жооп айткыча эңиле барып шаштырды.

- Суу боюндагы сазга алып барып, оонат. Бир аз жатат. Ичине сыз өткөн соң, тезеги өзү чыгат.

- Ырахмат аба. Ырахмат! деп шашкалактай «кашаң күрөңдү» чабандесине жетелетип четке чыкты.

Баягы карт саяпкер айтканындай атынын ээрин, жабуусун алып, суу боюндагы сазга жетелеп бара калды эле, «кашаң тору» алдын жерди жыттап туруп, жумшак өлөңдүн үстүнө алдыңкы буту менен чөгөлөй жатып, оонап кирди. Тура калып катуу силкинди да, кайра жатып аңтарыла-аңтарыла дагы оонады. Анан, барган жеринен турбай жатып алды. Саяпкер атынын оюна коюп, козгогон жок.

Күн ылдыйлап батууга жакындап бараткaнда «кашаң күрөңдү» ордунан тургузду. Ал тарткынчактап тура кала, куйругун көтөрө тезек таштады. Баягы чабандеске жоолугуп, сурай калганына аябай сүйүндү. Атты жылуулай жабуулап, шамалдан кылдоо колотко аса байлады.

Эртеси таң атып, күндүн мурду жерге тегиз жайылганда аттар айдалды. Болжогон жерден кое берилип, аттардын алды бешимде жете келди. «кашаң күрөң» баш келип, төө баштаган тогуз соорунду утуп алышты.

Ал күнү да «Жапаркул байдын аты чыкты» делип дубанга даңазаланды. Жардаган эл атты көрөбүз дешип келип,

- Саяпкери ким?-деп сурап жатышты. Кожомкул чабандесине күлүктү мингизип коюп, өзүн көздөн далдоо тарта, көпчүлүк ичин аралап жүрдү.

Алайда өткөн чоң тамашаны көрүп, баш байгени алып, кубанычтуу келген топту. Ак-Теректиктер жиберген чабаганчылар суз кабыл алышты. Саламдашышып, ал акыбалды сурашкандан соң Кожомкулдун жубайы Бүбүайнанын ааламдан өткөнүн кабарлашты.

Жапаркул бай баш болгон топ, айылга аттарын чаап келишип, Кожомкулдун боз үйүнүн алдына топ-топ эте ыргып түшүштү. Жоктоо, өкүрүк-бакырык. Аба-аксакалдар чогулуп келишип аларга

көңүл айтышты.

Көрсө Бүбүайна айы-күнү жетип толгоосу кармайт. Аябай кыйналып төрөй албайт. Айылдагыларга кабар берилип, бүбү-бакшылар чакыртылат. Кандай арга кылышса да бала жерге түшпөй, Бүбүайнанын кыйналган үнү кудайга угулат.

- Кап эркеги алыс кетсе, ал келгиче аялы төрөй албай кыйнала берет имиш-деп бирөөсү айтса.

- Күйөөсүнүн тебетейин жыттатып, камчысын карматса төрөйт дешет.

Түрдүү айлаларды кылышса да, Бүбүайна кыйналгандын үстүнө кыйнала берет.

Акырында «кара басыптыр» дешип, куугунчуга киши жиберишет. Ал келип, канча айкырып-кыйкырса да, ал тургай түндүккө карай мылтык атышса да келин төрөй албайт.

Айлалары кеткенде көптү көрүп, көптү билген, каруусунда күчү, колунда усулу бар байбичелер чогулуп, маслатташып, баланы кол салып алышты. Бала оңунан келбей эненин кыйналганы ошондон экен. Наристенин «ыңаалаган» үнүнү уккан эне кубанып башын көтөрүп баратып эсинен танат. Катын-калач миң аракет кылса да баланын «шериги» түшпөй, эртеси таң агара эне байкуш көз жумат.

Ысыктын күнүндө кыйналып, кансыраган денени сыз жерге беришип, үчүлүгүн өткөрүп жатышкан экен.

Кожомкул энесиз жетим калган эки баласын эки колтугуна кысып алып,-буркурап-боздоп ыйлайт. Аны көргөндөр баары жашыйт.

- Кап, жаман иш болду. Энеси жок эки наристе кантет?

- Кожомкул бул экөөнү кантет? Жонуна алмак-салмак көтөрүп жүрөбү?

- Эки жетим кимдин колун карайт?

- Эртең эле апасын сагынышып, сары оору болушат.

- Боору таш ажал, ай! Боору таш!

- Наристелерде эмне күнөө, энесинен айрылып-дешип, келгендин баары сыздап, күйүшөт.

Эжесин жоктоп, өксүп үйдө ыйлап отурган байдын кичүү кызы жээндеринин боздогон ыйын угуп, сай-сөөгү сыздайт. Атайлап жездесинин колтугунан ала, аларды кучактайт.

Эл сабыр кылып, куран окушуп, көңүл айтышты.

Жапаркул бай катуу ойго түштү. Бүбүайна кызынын ар бир кылыгы, ата-энеге болгон жабыздыгы, тартынчаак болгону менен ар нерсени баалаган акылмандыгы көз алдынан кетпей туруп

алды. Жээн неберелеринин токтобой энесин жоктоп ыйлагандарын көрүп жүрөгү тилинди. Ичинен бир бүтүмгө келип, туугандарына кайрылды.

- Туугандар өлөр кызым өлдү. Бүбүайнам эми табылбайт. Мына бу эки неберем жабыр тартып өксүбөгүн. Арманда жүрүп, азап чегишпесин. Кожомкул баламдан жамандык көргөн жокмун. Ушул эки бала өксүбөсүн. Бүбүайнамдын жогун жоктобой кичүү кызым Кыдыр асырап карасын.

Бай, адам кадырын билгениңе ырахмат. Кем болбо! Жакшынын көкүрөгү элине калкан-дейт. Сагырларга калкан болсоң, сага биз ыраазыбыз-деди билерман байбиче.

Ошентип Жапаркул байдын Кыдыр кызы Бүбүайна эжесинин ордуна эки балага эне болуп калды.

## Улакчы



Ак-Теректиктер ат таптап, улак тартууга аргымактарды жарыш-тырып, байгеде мөөрөй алууга өтө эле ышкы-луу келишет. Тиричи-ликтен колдору бошой калышса эле, ат оюндарын уюштуру-шуп, эртеңки боло турган аш-тойлорго ого эле чоң даярдыктарды көрүшөт. Ошондон уламбы аземделген ат жабдыктар ар бир үйдө кастарланып илинип, төрдүн көркүнө көрк кошуп турат. Маарекеге деген кабар келсе эле болду. Айылдагылар түгөлү менен аттарын жаңылап такалашып, жүгөн-куюшкандарын оңдоп, токум, көрпөлөрүн күүп-кагышып тынчы кетишет. Аттарын сыртка алып чыгышып каңтарышып, уламдан-улам оң-тетирисинен кашылашып, жал-куйруктарын тарашып, түйшүктөнө башташат. Анан жабуулап, көчөлөргө чыга калышса, ээр-токумдары жарашкан аргымактар койкоктоп тим эле көздүн жоосун алат.

Ат кадырын өзгөчө баалашкан ак-теректиктер биринен өтө бири чабандес. Аттарын сугарганыбы, же ат сууткаными чыга калышабы кичинесинен чоңуна чейин булкулдаша кармашышып, ат үстүндө алыша, бирин-бири бучкактай, тартыша кетишет. Айтоор агасын көрүп иниси, тай-туяктарды жаңыдан үйрөтүп жаткан кенжелеринен бери жылкы сырын окуп, жаттап алышкандай кайсынысы күлүк, кайсынысынын жоргосу бар жүрүмдүү, жортогу, аягы ылдамы, чобуру кайсы, аш-тойлордо кайсынысын минип баруугa болот? Айыл аралап,

мал кайрып, күндө мине турганы кайсынысы экенин жаземдебей таанышып, баа бере башташат. Анан аяктарына карап, буттарын көтөрүп, багелектериндеги чачысын бургап кармап туяктарын камчы саптары менен тыкылдата чапкылашып, «жакынга чапса чарчабас, алыска салса мүюбас туяк учу тегиз, аркасы эгиз, соорулары кенен, мойну кубаттуу» дешип, ооздуктарын чыгара, жүгөн-ноктолорунан бери алышып, тиштерине көңүл бөлүшүп «кунан» «бышты», «асый», «тиш тигиптир», «жалаптыр» дешип жаштарын аныкташа талаша кетишет.

Талаш-тартыщ улам күчөп, акыры мелдешке жетип, аксакалдар калыстыкка келишет. Албетте көп жашап, көптү көргөн көсөмдөрдүн билгени билген, айткандары жөн. Жеңилгендер ызааланып, жеңгендер мардайышып:

- «Атты билсең мин, кадырына жетсең чап» деп сөзгө жыгышат.

Жогоруда айткандай жылкы жаныбар да жашына карап аныкталып, мүчөсүнө, баскан турганына, от жеп, суу ичкенине карай сыналат. Канчалык ардакталса ошончолук күчүн берип, каалаган максатына жеткирип эч убакта ара жолдо калтырбайт. Анча-мынча чалпоосу семиздигин көтөр албай, бошоно калса туткурбай, болор-болбос нерселерден үркүп, тескери кыялы кармап, артын сала кошкуруп калмайынан улам, элде «Атты теппейт дебе, итти каппайт дебе» деген сөз айтылат. Ал дагы, аттын жамандыгы ээсинен. Эриккенден эртели-кеч от салып, атына карабаса анысы да ээсин тааныбайт. Ат менен кушту күндө көңүл кое карап, жем-суусун жаңылап, улам кашып-тарап, үндөккө салып «шык-шыктап» коюн-колтугуна улам кол салып турса ал жоошуйт. Ак көңүлү кармап, ээсине ийий эркелегиси келет. Улам ээсинин сылап-сыйпаганы эсине түшүп, мээрими ачылат. Ошон үчүн ат таптаганды «саяпкер» куш таптаганды «мүнүшкөр» деп башкалардан айрымалана айтылат.

Кушка караганда аттын пейили жумшак, ээсине жабыз келет. Ээсинин оюндагысын туюп-сезип турат. «Ат жакшысы адамдан» деп эл бекеринен айтпаган. Ат караган адамдын улоосу дайыма бир калыпта, ач калбай, маалында от жеп, суу ичип, көркүнө чыгып турат. Ал ээсинин табына көнүп, дайыма өзүн сергек алып жүрөт. Ээси

- «Өзүм ачка калсам калайын, атым ачка

калбасын» деп улоо кадырын баалаган пенде. Андайлар ат кадырына, ал тургай адам кадырына жетип, эч кимди кордобойт. Колунан жакшылык гана келет. Ал эми атынын кадырына жетпеген, башканы түгүл үй бүлөсүнүн, аялынын, балдарынын ач-жылаңачына карабайт. Андайдан түңүлүү керек-дешет карыялар. Демек, ат кадыры да адам кадырындай эле бийик.

Кожомкул да жаштайынан жылкы жаныбарга жакын болуп өстү. Айылдын жылкылары менен жайды жайлата, кышты кыштата талаада бирге болуп, жылкы сырын түгөл билгендей эле. Ошондон уламбы ат таптап, күлүк чабууга өтө ышкыбоз болчу. Аргымак болчу жылкы баласы кулунунан эле билинет. Сыны чыга, келбети келишип, эликтин буттарындай түптүз шыңга келип, туяктары тегиз жерге тийип, соорулары келишип, түптүз мойну койкойот. Тумшугун өйдө көтөрүп, таноолорун кере, айлананы таңыркай карап, энесинин ууз сүтүн соруп, тойгон соң, төрт аягын бүкпөй ары-бери чуркап ойноп, коюн-колтугу жазыла, күн өткөн сайын ылдамдыгы да артат. Мүдүрүлүп жыгылары капарына келбей, анча-мынча аң-дөңдөн аярлабай аттап өтүп, жар-ташка келсе ойт берип энесинин кулагын жапыра тыйганына болбой шоктоно берет. Андайларга парасат салган Кожомкул кийин, кийин, аргымактардын жаш кезин назик, кулун чагын эсине түшүрөр эле. Ат таптаган чабандестердин жанынан алыс кетпей, аргымактардын тоютун кайсыл маалда кандырып, кайсыл маалда сугарышын, кайсы учурда жем илип, кайсыл учурда оонатышын жаземдебей билип алды.

Атына карай ышкысы артып «палан жерде улак болуп жатат» десе «ичкен ашын жерге коюп» чуркоочу. Жетип барып бирөөдөн жулкуп алып, такымга басмайын көөнү жай албай, өзүнчө эле алактап кыжалаттана берчү. Качан гана моокуму канып, «такымы кычышпай» калганда гана, кошо барган шеригине, же аба-аксакалдын бирөөнө ашырып берчү. Эгер кимдир бирөө аны тааныбастык кылып, ат күчүнө сала, улакты жулуп алса, же бирөөгө ашырып жатканда илип кетсе болду, анын колунан жулуп алмайынча асылганы асылган. Атын да, өзүн да аячу эмес. Улакчылар анын өжөрдүгүнө, беттегенин бербеген көктүгүнө тан беришчү.

- Чапсаң улакты Кожомкулдай чап.

- Өлөөр, тирилерине карабайт.

- Улак үчүн эле төрөлгөн пенде.

- Аттын түткөнүн айт?

- Аргымагы көп болсо, ат алмаштырып чаба берет да.

- Чарчадым, чаалыктым дебегенин.

- Улактын кызыгына баткан киши ушундай болот.

- Улакчы болбой кал. Жандын кереги жокпу? –дешип көпчүлүк, аны тамаша кылгандар кеп кылып калышаар эле.

- Мааракени, улакты ушундай чабандестер кызытат тура.

- Кызытканын койсун а. Башкаларга да тийсин да?

- Улакчы «качан мага тиет» -дегени улакчы эмес. Эр болсо көптөн тартып алсын, жулуп алсын. Кожомкул анык эр экен. Улакчы деп ушуну айтат.

Кээде анын жоктугу жоктолуп, топтогулар моюнун созо издешип калышар эле.

- Баягы, Кожомкул улакчы көрүнбөйт да?

- Ал жок. Улак кызыбайт.

- Кабар жетпей калганбы?

- Бир жакка кетсе керек.

-Ал улакка келбей койбойт. Көрөсүң, шап жетип келет.

- Ана. Ач бөрүдөй жулунуп келатканын көр?

Улакчы тумагынын кулакчынын түшүрүп, калың шымчан, чепкенин этегин белбоосуна кайрый каңтарып, шамалдай зуулдап келип, ортого теминет. Топ жара, улам көп атты аралай, сүңгүп барып, үзөңгүлөрдү кагыштыра, моюн силккен аттардын башы тийгенге кайыл боло, тердеп-кургап жүрүп галага жете, ортодо жаткан торпокко кол сунат. Канчалаган талаш менен эптеп шыйрак колго тийгенде, шарт көтөрүп, аш-баш дегичекти ат жалына жапма сала эки бутун ашыруууга аракет кылат. Көпчүлүк аны буямага келтирбей, талоонго алышып, ары жагынан ары, бери жагынан бери тарткылашып улам жүдөтөт. Кожомкул ага карабай жапманын үстүнө өбөктөй жатып алып, атына дем бере, кыйкыра, ооздурукту кемирген атынын тизгинин силке сүрөп кирет.

Ээсинин үнү чыкканда үйрөнгөн ат, аркасына кетенчиктей түшүп, азыраак бошой калган алды тарапка, күчөнө соорусун сала сүрүп кетет. Аны ээрчиген чабандес аркасынан жете келип, торпок улактын шыйрагынан кармап, сууруп алууга камданса үймөлөктөнгөн аруудай улакчылар, аттарын улам теминишип, жабалактаган топту жара, алга умтулушат. Уламдан улам жылып барып, галанин четине жете

бергенде чабандес жалдагы торпокко үзөңгү боону арта сала, такымга басып, оң жактан тарткандарга, сол жактагы шыйракты тээк кыла, сол жактан тарткандарга оң жактагы үзөңгү боосуна орой.

- Кана, кимиң аласың? Алып көргүлөчү? Кана, кайсыл эргул тартып алат? –деп шылдың аралаша аргымагын теминет. Анан галадан куйрук үзгөн соң.

- А жаныбарым. А аргымагым! Айт. Айт!-деп ары-бери топту кече үн салып кыйкырат.

Баятан бери, теминип-кагынып, ортодогу торпокту жетип көтөрөм деген эргулдар, канчалап аттарын оморолото, көп атка туяктарын тепсетип, аты да, өзү да көл-шал терге чыланып, «ана жеттим, мына жеттим» деп турганда, капылеттен Кожомкул улакчы келе калып жерде жаткан торпокту илип кеткенине, оозунан алдырган карышкырдай сомсоюшкан чабандестер, ачуулары келип, беттерине түктөрү тикелене ызаага батышып, Кожомкулга жетсе эле алдындагы торпокту сууруп алып, такымындагы жампанын силке көтөрүп, аягын асманга чыгара аңтарып алчуудай чамынышa кубалашса, айрымдары жете албастыгын, жетсе да, алдырбасын туюшуп, ызалуу артынан ээрчий чабышат.

Кожомкул булчуңдары буруйган, чымыр денеси, карылуу колдору, шамдагай кыймылы улак тартыш үчүн гана төрөлгөндөй эле. Улак ашырып, чаап бараткандa коркунучту таптакыр унутуп койчу. Камчы артынан камчы салып, чымын-куюн боло чаап бараткан атынан эңиле калып, жерде жаткан улакты шап илип, көтөрүп, жерден үзгөндө белде күч, колдо каруу, шамдагайлык жана чебердик керек. Эгер алардын бири эле кем болсо ондогон атаандаштардын алдында тырмагы менен чычкан илүүдө өзүнүн чабалдыгын көрсөткөн күйкө баштанып, осолу чыгып, күлкүгө калат.

Көпчүлүккө арабөк калуу өлүмгө барабар. Андыктан карылуу шамдагайлыктан мурун да, эр жүрөктүүлүк, аттын жамбашынан шыпырылып түшүп калбаган, эптүүлүк керек. Жаткан улактын ыңгайына карап, сол жаккабы, же оң жаккабы ооп барып, үзөңгүгө салмагын сала жерге бой таштап, кыраан куштай шап илип кетүү чабандестик. Тоолуктар чабандеске баа берип, «Ат кулагы менен тең ойногон азамат экен» дешип баа беришет. Көбү өзүн-өзү кармана албай, ошол жерде ооп түшүп,

аттардын тебелендисине калат. Же жерге катуу тийип, майып болот.

Улакчылар улак тартууда эки учурда коркунуч бар дешет. Бириси, жерде жаткан улакты көз ачып-жумгучакты көтөрүп кетүүдө, башка аттын тумшугу, же атаандаштардын үзөңгүсү тийиши мүмкүн. Экинчиси топко кирип бараткканда камчы шилтегендердин камчысы, же улакка бут ашырарда, чабандестердин күү менен аттын оморосу менен бутту кайрып кетиши. Ал эми аттан жыгылып, башы айрылуу, буту-колу сынып калуу ал өзүнөн дешет.

Улакчылык да мергенчиликтей «жан берип, жан алат». «Эгер, өзүңдү өзүң аясаң, же жан үрөп, аракет кылбасаң, улакка келбей койгонуң оң деп айтышат.

Чабандес да улакка биротоло берилип, «Атын аяса да, өзүн аябады. Өзү кырдуу теңтуштары менен топ жарып кирип, топ жарып чыгып жүрдү. Бир жолу Оштун жанындагы Коргошун-Талаада чоң улак берилип калды. Ага Ноокат, Өзгөн, Алай, Төбө-Коргон, Булак-Башы, Миң-Дөбө аймагынан менмин деген чабандестер келип катышышты. Соорун арбын коюлуп, ар-ар жерден келген улакчылар өздөрүнчө топко бөлүнүп алышып, алган улактарын бөтөндөргө беришпей, биринен сала бири ашырыша, маарага таштап жатышты. Курч, өткүр аттар көп келген. Аттардын аты гана жарап, анча-мынча чакан аттар топко кире албай, четтеп калышкан. Чабандестер да аттарына карап, топтон чыга калганда, аяктуу аттары менен жете келишип, тартыша калышпаса, чоң аттардан улак ашпай жатты.

Кармышактын кашаң торусун чабандес минген эле. Килейген торпок улак ортодо калып, шап эңип алып, көтөргөн эч ким жок. Улам ат салышышып, көбү топко кире албай жүрдү. Көбү ортодо калып, сыртка чыга алышпай шайлары ооп, алдары кетти. Жүздөгөн аттардын туяктарына тебеленип, өйдө алынбаган торпок улак, чаңга буланып ортодо жатты. Жакын барган чабандестер эңкейгени менен көп аттын нары сүр, бери сүрүнөн колдору жетпей, бей үмүт калышса, көбү жетем деген аракет менен улам-улам мингичтерин теминишип жете алышпайт. Бир-эки сааттан ашып кетсе да, жердеги торпок улакты көтөргөн эч ким жок. Аны көтөрүп, ат жалына жапма салууга эч ким мүмкүнчүлүк бербейт.

Акырында топ башкаруучу калыстар, оюнду токтотуп, кимдир бирөөнүн алып чыгышына мүмкүнчүлүк

берели дешкенин эч ким укпады, көңүл да бүлөшпөдү. Тебелендиге айланган, кысылуудан улам аттар онтоп, дем алуулары кыйындап, көздөрүн кызартып баштарын көтөрүшөт. Аттардын ачуу терлери каңылжарды жара, чаңга аралашкан. Топ үстүндө булут келип топтолгонсуп, ысыктын күнүндөгү чаң уюлгуйт.

- А-а-а!-деген улакчылардын үндөрү, күрс-күрс этип, кыйналган аттардын өпкө кага бышкырыгы, анда-санда оор онтоп коюшуп, чоң галадан чыгып кете алышпай аргымактар арң эле ыргалышат. Чабандестер күндүн аптабына, үп болгон көп жылкынын ысык демине, улам умтулуп жаны калбай теминишкен кыймылдарынан улам, бети баштарынан куюлган терлери чаңга буланып, жанаша жүргөн бири-бирине таанылбай мокочодой көрүнүшөт.

Кашаң күрөң чагына келип, айылдагы боло калган улактарда топ жарып, анча-мынча жапма салынып, жалына артылган аттарды сүйрөп кетип, учкаяктагы, карылуу кубаты менен таанылып калган. Бүгүн да минген ээси Кожомкул, топ жарып, ортого кирип баруунун аркетинде. Көп аттын түртүшө, шыкалганынан жылчык издеп улам теминип коюп, алга жүткүнөт. Чай кайнам убакыт өтсө да, жан талашкан топтогулар сансыз аруулардай үймөлөктөшүп, ортого жете албай, көздөрү акыят. Чоң аттардын бир багытты көздөй умтулуусунанбы, же анча-мынча атчандардын үмүттөрүн үзө четке чыгып кетүү аракеттеринен уламбы жүткүнүп жаткан Кожомкул тарап, ортолукка жакындап баратты. Көп аттын ортосунда кысылып, кыйналуудан онтоп жаткан кашаң күрөң деми кыстыга, башын чалкалата алдыңкы эки колун көтөрө, жанындагы аттарга сүйөнө калды. Андан жазганган маңдайдагы кашка ат кетенчиктей бергенде кашаң күрөң жаткан торпокко жанаша түштү.

Баятан бери бетинен тер шорголоп, чаңга ботала болгон чабандестин оозу кургап, акактай, ууртам суу көзүнөн учат. Жээкке ыргытылган балыктай улам кургаган таңдайын тили менен суулап шилекейин жутайын десе болбой, кургап калган ээрдине тили жабыша түшөт. Бетинен шоргологан тери көзүнө кирип ачыштыра, улам ууртуна сарыгып туз даамданат. Аты менен кошо таза аба жутууга зар болуп, улам энтиге-энтиге дем алат. Атына жанаша, бут алдында турган торпокко жетүүгө зар болуп, айла таппай үзөңгүгө тура кала

теминимиш болот. Дагы, бир учуру келе калабы деген ойдо, аты эмес, өзүн да улам кысып бараткан көпчүлүктөн оолактатуу аракетинде тизгинин кага атына дем берет. Аты кыйналуудан улам бүткүл денесин калчап, титиреди. Андан жазганыша кетенчиктешкен аттардан улам, ортодогу жылчык ачыла түшүп, Кожомкул шап эңкейип, колун чалкасынан тебелендиде жаткан торпокко сунду.

Анын колу жеткичекти жанаша каршысында турган чабандес бир серпүү менен торпокту көтөрө калды. Оомадысы келишкен Кожомкул, жерден кыймылдап кичине көтөрүлө түшкөн торпоктун арткы шыйрагын аткый кармады. Анын кычкачтай карылуу манжалары жабыша түштү. Торпоктун бир тарабын туурадагы аттын буту басып турган экен. Жылкы жаныбар, кайда болбосун өзүнүн кылдаттыгын эч жоготпойт эмеспи. Сулк жаткан денеге салмагын салбай, улам таптап-таптап аярлаган ат кыймылдаган торпоктон улам кетенчиктей берди. Ушуну гана күтүп тургансып, эки чабандес жаткан торпокту эки тарабынан тең көтөрө калышты. Торпоктун денеси Кожомкулдун атынын соорусуна жете бергенде, арткы сүрөмөлөөнүн эпкини менен беркил улакчынын колунан чыгып кетип, торпок кысылган аттардын ортосунда кыпчылып калды. Көп аттын тери тамчылаганбы, же баштатан эле суубу, ага жабышкан турпак эзиле ылайланып ого бетер жылбышкак болуп калыптыр.

Жерден көтөрүлгөн улак жанаша турган адамдардын кармоого кылган аракетинен улам, кысылып турган аттардан өйдөгө суурула түштү. Кожомкулдун сол тарабындагы улакчы балбан неме окшойт. Аткый кармап өзүнө тарта калганда, кашаң күрөңдүн мойнуна келе калган торпок аттын жалына жапма боло түштү. Эки тарабындагы эки чабандес бири-бирине алдырбай, чыңай тартканда асыла калган торпокту Кожомкул улакчы көкүрөгү менен баса, атын теминди.

Баятан бери кысылгандан, кыйналган ат, мойнуна торпоктун салмагы түшкөнүнөн улам мөңкүп жиберди. Ортолук ачыла түшкөндө Кожомкул эки бутун торпокко ашыра, такымына басты. Бет келбетинен таанылгыс болгон улакчыны көздөй жанында тургандар улам катуулай теминишти. Кашаң күрөң кетенчиктей түшкөндө ортолук ого бетер ачыла түштү. Чабандес атты катуураак теминип койду эле ат оордунан күүлөнгөн боюнча маңдайдагы топко тыгылды.

- Айт. Айт!-деп атына дем берген чабандести көздөй улакчылар тытыша умтулуп жатышты. Чабандестин аты боштукту көздөй ийнедей тепчилди.

- Ким көтөрдү? Ким көтөрдү?

- Тиги кара атчан.

- Ал ким экен?

- Азамат, анык ата уулу экен.

- Атына өзү жарашканын айт.

- Кайсы уруудан экен?

- Билбейбиз.

- Чындыгында, топ четинде тургандарга галага киргендердин баары эле таанылгыс болуп өзгөргөн.

- Аты, кандай түстө экени билинбейт?

- Күрөң.

- Жо-ок кара

- Күрөң тердегенде кара көрүнөп калат да.

Улакчынын минген атынан, кийген кийиминен таанышгандар. «Кожомкул улакчы», «Кожомкул улакчы» деп кыйкырып жатышты. Эл улакчыны жана анын атын көргөнү улам агыла, табырка кылып келип жатышты.

Улакчы кашаң күрөңдү

- Чү, жаныбарым-деп кыйкыра, кайрадан айгай салды.

Бир азга таң калган улакчылар делдейишип, анан бара артынан кубалап жөнөштү.

Кожомкул улакчыны шериктери жандай чаап, башкалардан коргой, маарага жете келишти. Чоң мээнет менен ийгиликке жетишкен Кожомкул улакчы менен кашаң күрөңдүн даңазасы көпкө чейин эл оозунан түшкөн жок.

Улакчынын байлыгынан да, даңкы көпкө таанылып, күн өткөн сайын даңазасы арта берди. Барган жеринде тааныш таап, дос күттү. Кайсыл жерде аш-той болсун кат башында кабар берилип, чоң мааракелер ансыз өтпөй клады. Аттын атын тандап, айткан баасын, баалашпай берген чабандеске ого эле даңазалуу күлүктөр топтолду. Ошого жараша соорун да арбын болуп, төө жетелеп, ат коштоп, килемдер баш болгон таңгакталган кездеме-маталар, аздектелген асыл буюмдар арбын келди. Төрүнөн босогосуна чейин май тамчылап, казаны оттон бошободу. Кемегесинде боркулдап, эт кайнап, алың-келиң, сыйлашуудан күн кур калган жок. Атасынан калган көрөңгө көмүш уйдай көбүрүп, кош-коштоп жалчы

жумшап, ити чөп жеп, ташы өйдө кулады.

Бир жолу Кызыл-Суу айылындагы жору уруусунун билерман байы атасына «аш берип» көп жерлерге кабар жиберет. Ага жору уруусунан башка бакал, сабай, тооке, тасма, кара багыш, кыдырша, коңурат, бостон, кодогочун, таздар деги эле ошол аймакта жашаган майда уруулардын өкүлдөрү, мен-менмин деген улакчылары, балбандары, улак тартышты көрөбүз деген оюнга ышкыбоздор түгөл келишет. Айыл этегиндеги Алп ордо быкпырдай кайнаган элге толот. Улакчылардан да, тамаша кылуучулар арбын. Улак тартышка «кой сен чыккын да, сен чыкпа» деген тескөө болбойт эмеспи. Аяк артып, ат мингендерден тартып, атайын күлүгүн суутуп, камданган чабандестер мааракe өтүүчү жайда, биринен өтүп бири жарданышат. Анча-мынча, кунан-тай, арык-торук чабал ат мингендер, атына да, өзүнө да ишенбеген кары-картаң, жаш балдар чет-четтен, дөңсөлөрдө акмалашат.

- Улакчылардын сүрмөсүнүн алысыраак бололу. Аттары тебелеп кетпесин-дешип, четирээк жайгашышып, ортодогу галани –топтун «кайнаган» жерлеринен көздөрүн албай акыйышат.

Чабандестердин аттарын сүрөй галага кире Я-я! деп кыйкырыгы, шаңк-шаңк, шыңгыр эте үзөңгүлөрдүн кагышканы, миңдеген туяктардын дүңгүрөгөн үндөрү, анда-санда көп тыгындан кыйналган аргымактардын онтогон, бышкыра-жөткүрүктөрү угулат. Ортолуктун үстүндө миңдеген аттардын деми, теринин булоосу чаңга аралашып бозомук тартат. Аттардын демине тери аралашып, коңурсук жыттан улам аба оор тартып, кандайдыр бир чабандестерге да, алардын мингичтерине да аба жетишпегенсийт.

Тоо чокусунан көтөрүлгөн күн төбөдө чызырап, көк асманда токумдай булут жок. Улам-улам ортодогу улакка жетсем деп, теминип-кагына жүткүнгөн кыймылдарынан, көп аттын кысылыша кагышып жаткан ысык деминен улам улакчылардын бети-баштарынан салаа-салаа тер кетип, чаң баскан жүздөрү таанылбайт. Анда-санда башын көтөрө, мойнун созгон кээ бир аттардын кашкасы жарк эте көзгө уруна калат. Чар тарапта моюндарын талыта, улам созуп караган элдин көзүнө Алп ордонун ошол улак тартып, гала болуп жаткан ортолугу бирде баткактуу саздагы дымыган көлчүктөй болсо, бирде кемегеге

асылган казандагы суу борок-борок кайнагандай сезилип жатты.

Ортодогу жаткан торпок улакты көтөргөн эч ким жок. Жанына жетип көтөрүүгө далалат кылган чабандестерди, сайдын ташындай көпчүлүк эңкейүүгө буймасын келтирбей ары жак-бери жагынан кысат. Көпчүлүктүн сүрмөсүнөн, ортодогу аттар бир кезде четке сүрүлүп, четтеги аттар ортодо калып, ортодогу жаткан торпок миңдеген туяктардын тебелендисинде ары оонап-бери оонап чаңга буланган. Анча-мынча чакан аттар чоң аттардын ортосунда тумчуга кысылгандан улам, тисириле өздөрү эле кетенчиктей, чыга беришкен.

Галага аттын аты, чабандестин чабандеси гана умтулуп жатышты. Айрым сөөк-саактуу чоң аттар галани суу кечкендей ары-бери сүзүп өтөйүн десе, туяктарын тебелеген курч такалардын уусунан улам, буттарын көтөрө тартып алышып, ооруксунгандан артка кетенчиктешет. Айрым чабандестердин миң алакетке түшкөн аракети текке кетип, алдындагы аты кысылуудан чоң аттардын салмагын сала оморолосунан күчөнүшө оордук түшүп, четтеп чыгып кетүүсүнө буямалары келбей, чаң-терден аба жетпей, айласыз өпкө кага жөткүрүшөт.

Доорондогу гала эт бышым убакыт эбак өтсө да, кайнаган шорпону эч ким аралаштырбагандай болуп, эч жакка сүрүлө албай көбүктөнө бир орунда борк-борк эте кайнап жатты. Эчактан берки бири-бирине таанымал улакчылар акмалаша айланаларын карашат. Ортого жеткени бар, бирок көтөргөнү жок. Айлаларын таппаган улакчылар качан гана аттары кыйналып, чаалыкканда, өздөрүнүн тамактары кургап, демиккенде үмүттөрүн үзө, аттарын дем алдырууга четке чыга берейин дешсе да, сүрмөлөп, оморолоткон көп аттан шап чыгып кете алышпай, мукурашкансып, бири-бирин тиктешет.

- Кап, аттиң ай! Үч-төрт чабандес биригип, ортодогу торпокко жетсе, бириси эңкейип, бириси калкалап, бириси көтөрүшсө, эчаак эле жерде жаткан торпок ат жалына артылмак.

Антүүгө эч ким жол бергидей эмес. Анын үстүнө ортодогу галага топ чабандес бирдей жете да алышпайт. Алардын жетүүсүнө эч ким шарт да түзүп бербейт. Айласын кантип табууга болот? Айласын тапкан убакта да, жаткан торпокко жетип, эңкейип, жерден үзүүгө, аны көтөрүп, ат жалына салууга, жапма кылып үзөңгү ашырып, галадан сүрүлүп

чыгып, топ жыйындан үзүлө, аргымак оозун кое берүүгө ушул миңдеген улакчылар мүмкүнчүлүк береби? Биринен бири чабандес, биринен бири алгыр, биринен-бири балбан, көк жал улакчылар, «кимиси кантээр экен» деше, сынамакка акмалашат.

- Пай-пай-пай! Бул жерде аттын аты, чабандестин чабандеси гана алып чыгып кетпесе, жөн улакчы көтөргөндө да, ат жалына жеткире албай. Ат жалына жеткирген убакта да талашкандарды көр! Ошол үчүн көк бөрү. Биринен-бири жулуп, биринин айласын бири кетирет. Мына ушунда айла-илаа да, күч-кубат да, чебердик-чабандестик да сыналып, кимдин-кимдиги билинет. Көпчүлүк сынап, ага көпчүлүк баа берет.

Аш берген топтун башчылары улакты токтотмой болушту. Жарданышкан көпчүлүк уу-дуу.

- Эмнеге, соорунун аяп жатышабы?

- Соорун койбосо, аш берип, элди чакырбай эле коюшпайбы?

- Эмне улакты токтотушат?

- Айып өздөрүндө.

- Ошону айт.

- Эмнеге?

- Торпок деп, эки жашар нопазды союп коюшса, аны ким көтөрөт?

- Тамаша болсун дешсе ылайыгын союшпайбы?

- Соорун өзүбүздө калсын дешсе керек да?

- Деги соорунга эмне коюшуптур?

- Комдолуу төө, бир тогуз.

- Анан дагы.

- Бир нече согум.

- Дагы?

- Жүз кой.

- Дагы?

- Тай, торпок.

- Боз үй, куш...

- Деги, эмне деген сөз болуп жатат?

- Эртеден бери галадан, эч бир чабандес торпокту көтөрүп, алып чыкпады. Улакты токтотолу деп жатышыптыр.

- Айта гана беришет. Алып чыгат, бири болбосо бириси. Эмне, элде эр азамат түгөнүп калыптырбы? Чыдаса, аш беришсин. Чыдаса соорун коюшсун.

- Ооба ушунча улакчы бир каптан кетишсин. Жору уруусундагылардын эмнеси калаар экен.

Көпчүлүктүн уу-дуусун эшиткен уруу башчылары тилдерин тиштешип, унчукпай четке чыга беришти. Ортодогу гала быкбырдай кайнап, сырттагылар менен иштери жок, өздөрү менен өздөрү ат салышып жатышты.

– Ыя-я! А-а! Жаныбарым! Аа!-дешип аттарынын тизгиндерин кагыша, ортолукка умтулуп жатышты.

Ат соорулары тийишип, үзөңгүлөр кагышып, чабандестердин бут тизелери, кайрыла topолоңдошуп баш көргөнүн, көз көрбөй темингендин үстүнө теминишет. Той ээлери четке барып, өздөрүнчө билермандары менен масилет кылышканбы, кайра ортого чыга келишти.

- Калайык калк! Жамы журт! Кимде ким, галадан торпокту көтөрүп бергенге комдолгон төө.

- Кимде ким, ат жалына ашырып галадан чыкканга бир тогуз!

- Кимде ким, торпокту ашырып, маарага таштаганга жүз кой!

- Уккула, уккула! Укпадым дебегиле!

- О жакшылар, жамы журт! Балбандарыңарга эскерткиле! Соорунду ак таштап, алып кеткиле деп, кара тебетей, мойлоосун ак аралаган чабдар атчан адам, ар топко барып жарыя кыла, бастырып жүрдү.

- Ап-бали! Азамат! Алсын балбандын балбаны.

- Жорулар эми намысына келишиптир.

- Тамашадан аянышпаган экен.

- Марттык кылыптыр, чабандестердин да мээнети кайтсын.

- Ичпей-жебей, атын баккан азаматтар алсын.

- Туура, улакчынын бир аты үй-бүлөдөн көп жейт.

- Аттын ышкысы башка да.

- Ат таптаган киши, аттан аянбайт ко.

- Ат канчалык жесе, ошончо күчүнө кирет эмеспи.

- Э чабандесиң курусун. Жан берип, жан алгыдай.

- Көп ат азыр эле зооругун, арып калды.

- Галадан чыккандарды көрдүк го. Сууга түшкөн чычкандын өзү болуп калыптыр.

- Ал ат, бир жылсыз табына келбейт.

- Туяктары жанчылып, тешилип, канаганын айт.

- Улакчысын айт. Аттын тумшугу, үзөңгү тийгенге кайыл.

- Көбүнүн көзү көгөрүп, башы жарылып, акактап чыгып жатышпайбы.

- Улактын ышкысы башка да, кийимин айтсаң. Тытылып бүтүптүр.

- Соорун алса түзүк. Соорун албаса аты да, өзү да кур жалак.

- Ээ, улакчы, аны ойлойбу?

- Ошону айт. Бир аяк ашырса, жыл бою эстеп, мардаят да дешип, көпчүлүк өздөрү менен өздөрү ортодогу улакчыларга баа берише, сындаша күпүлдөшөт.

Эртеден берки гала, күн чак түш болгондо Алп ордонун батыш тарабына сүрүлдү. Улам торпок улакты бири көтөрүп, бири талашып жатышып, сүрмө төп, оңор эмес жерге сүрүлүп барышты. Эртеден бери эки-үчтөн галага киришип, кайра чарчаган аттарын дем алдырышат. Тээ үстүдөгү дөбөгө чыга, басмайылын бошотушуп, ат терин кургатышып, өздөрү да чаңкоолорун жаза суусундук жутушуп, улам элеңдеше галаны тиктешет. Айрымдары тердеген аттарын жайдакташа, жумшак жерге оонатышып, өздөрү да терге чыланган кийимдерин, аттарынын токум-ичмектерин күнгө жайыша сергип жатышты.

Улакчылар улам, биринен сала экинчиси, аттарын дем алдырышып, терлерин кургатыша, кайра галага кирип кетип жатышты. Гала болсо көк ирим суудай чайпалып, көп атчандын баштары, мойнун көтөргөн аттардын тумшуктары гана көрүнөт. Кимдин ким экени, кай жерде жүргөнү таанылбайт да, билинбейт. Улам көтөрүлгөн бозомук чаң, эчен коюланып, атчандардын үстүндө кою тумандын караанындай чоңоюп барат.

Кожомкул улакчы да, башкалардай эле эки курдай галаны көкаласы менен кечтирип барып, торпокту көтөрүүгө эч кандай мүмкүнчүлүк таппай, акыры мукурап, кыйналган атын дем алдыруу үчүн азап менен четке чыга берген. Биринчисинде атынан басмайылын бошотуп, терин кургатып, өзү суусундук жутуп кайра кирсе, экинчисинде атын жылаңачтай ээр-токумун алып, сергиткен. Мына, үчүнчү жолкуда кыр жонго чаап чыгып, шамалга токтоп, тердегенден муундары кетип, аяк-башы титирей, дарманы каткан атынын тери кургаган соң, ооздуругун чыгарып, башта сууга чыланып, нымы кеткен ченелүү арпаны торбосу менен илди. Аты аны заматта күүшөп койду. Торбону алып, кыр жондогу тулаңга жетелей басты. Анын оюн

аты түшүндү окшойт. Алдыңкы буту менен тизелей туруп, жерди жыттай, тууралана жатып, көк ала тулаңга оонай, каршы-терши ала салды. Туруштан зериккендей, буттарын кеңири сунуп, башын чалкалата бир топ жатып, оң тарабы менен кайра оонап, аңтарыла, анан сол тарабы менен оонап-оонап, шарт тура, жүгөнүн шыңгырата силкинди. Ары басып барып тайтая тура калып зааралады.

Суусундукту чала жуткан чабандес, куусаң курайлуу чөп менен күлүгүн зерикпестен бир сыйра кашый тарап, сылап-сыйпалап, жал-куйругун салаалап, көзү, каш-кирпигинен бери аарчып чыкты. Көкаланын каткан тери, жабышкан түктөрү билинбей, жылтырап чыга келди. Башта кургасын деп, жайып койгон тердик-ичмектерин зерикпей укалап, силкип-күүп, зээнин кое жумшактап токуду. Калың жаазы коюлган ээр койкоюп, кош басмайыл чың тартылды. Үзөңгүгө бут коеру менен ээрге бекем отурган чабандес, уламдан-улам борк-борк кайнап, гала болуп жаткан ортолукка тизгин бурду.

Кожомкул келгенде ортолуктагы гала бир аз сүрүлүп, күңгөй тарапка жыла баштаган экен. Ызы-чуу, кыйкырык, миңдеген туяктардын күтүрөгөн добушуна кошул-ташыл. Ал көкаланы ошол сүрүлгөн топту көздөй багыттап, чаап жетип барды. Баятан бери дем алгангабы аты да, өзү да кубаттуу эле. Килейген чоң торпокту атына жапма салган чабандес, ортолукта камчысынын көгүнөн тиштей, алдында күрөңбү, карабы, түсү билинбеген жалы буурул күлүгүн темине, көпчүлүктөн үзүлө чыгып кетүүнүн аракетинде туруптур. Анын айланасында самсалаша ээрчишип, бирине бири ат салып, жулунушкан көпчүлүк чабандестер эптеп жетип барып, жапма болгон торпокко кол созуп, жулкуунун аракетинде. Көпчүлүккө моюн бербеген көк жал, эптеп эле жапмага бут ашыра, үзөңгү боого басуунун камында, улам-улам бутун көтөрө коет. Бирок, жан-жагынан талашкан көп атчан ага мүмкүнчүлүк бербей, сунулган колдорум менен жула тартышат. Аты да, өзү да арыганы билинип, көпчүлүктүн сүрдүгө кубалоосу менен араң келе аткандай. Ташыган селдей, алдынан канчалык тоскоолдук чыкса да каптап кетчүүдөй болгон топ, аңды-дөңдү эстеринен чыгарып койгондой.

Эчен улакта болуп, кексесине айланган чабандес топту ээрчип, ага жетүү мүмкүн эместигин дароо билди. Бир гана мүмкүнчүлүк бар. Ал өтө коркунучтуу. Ага эч ким

даабайт. Болбосо, үстүнөн учкан куш да жетпейт. Эки тарабындагы тартышууга чамынган чабандестер эч кимди ортолукка киргизишпейт. Аны жакшы түшүнгөн улакчы өзүн да, атын да «бар» деп тобокелге салды. Бул да болсо улактын ышкысы, оюндун өтө эле кызыкчылыгы болчу. Мындайга эч ким барбас эле. Селдей каптап келе жаткан улакчылардын алдына өтө чыгып,  баягы чабандеске жетип-жетпей, буурул күлүктү тизгинден ала алдыга жүткүндү.

Бул аракети эп келише түшүп, көпчүлүктүн сүрөөсү менен чабандестин атынын алдыңкы соорусу, анын көк аласынын арткы соорусуна туш келе сүрүп жөнөдү. Болбосо, атын туура тарта калса, же бир азга эле буйдамалана калса, жүздөгөн аттардын сүрүп бараткан эпкини аны эчак эбелектей учура, тебелеп, былчылдата эзип салмак. Анда улакчы да, аты да тирүү калышы мүмкүн эмес эле. Кожомкулду кудай колдоп, баягы тизгинден сүдүрөгөн чоң топтун сүрмөсү менен күлүк, көкалага жанаша түштү. Анын үстүндөгү чабандеси чарчагандыктанбы, же кубаты кетип калганбы, жапма болгон торпоку үзөңгү боого баса албай, ат жалына өбөктөй келе жатып, Кожомкулга алдырганын билбей калды. Анын да себеби бар эле. Кожомкул көкалага жанаша түшкөндө жапманы өзүнүн атынын жалына карай тартканда, кынтайыш жерге келе калышып, жан боордо, чабандес бийикте, улакчы анан төмөн жагында жарышып баратышкан.

Кожомкулдун атынын жалына торпоктун эки аяккы шыйрагы аша түшкөндө анын оң тарабындагы улакчы келип, торпоктун бир аягынан өзүнө күч менен тарта бергенде жапма, көкаланын мойнуна арта салынды. Ушуну гана аңдыгансып, Кожомкул шарт эки бутун ашырып, торпокту үзөңгү боого басты. Тың атына улакчы дем бере

- Чү, жаныбар! дегенче, тизгин силкти. Көп улакта маш болгон көк ала атып кетти. Улакчылардан чылбыр бою алдыга оозуп, бөлүнө түштү. Көрүп тургандар уу-чуу түшө.

- Ал чабандес! Ал!

- Баракелде, чамда, чап!

- Ку-ку! Айт! Айт! деп кубаттап жатышты.

Көпчүлүктүн сүрөөнүнө кубаттанган көк ала менен чабандес өлүп-тирилерине карабай, торпокту ала качып баратышты.

Жаны ачышкан улакчылар «Ушуга алдырып жиберебизби?» дешкенсип, артынан биринен-бири өтүп сая

түшүштү. Күтүрөгөн миңдеген туяктар, адамдардын сүрөөнүнө кошул-ташыл боло Алп ордонун ичин жаңыртты.

Уу-чуудагы сүрмө топ, улактын кызыгына батышканданбы, же улактын ышкысынанбы улакчылар алдыдагы жарга барышып кептелишерин эч ким аңдабаптыр. Аны менен Кожомкул да, көк ала да иштери жок. Капылеттен көрө калыша, аптыга кетишти. Токтоп туруп калууга да мүмкүндүк жок. Кокустан, токтоду дегичекти, селдей каптаган көпчүлүктүн эпкини баары бир келип, чабандести ат-маты менен учура коет.

- Кудай сакта. Эмне кылуу керек? Эч жакка ат мойнун буруугa мүмкүнчүлүк жок. Учуп кетүүгө канат болбогон соң, арга табыш кыйын. Көз ачып-жумгучакты ар түрдүү ойлор келип, эч арга табылбай калды.

- Бар тобокел. Кудай өзүң колдой көр?

Көк аланын оозун жыйбай, шарт теминди. Ээсинин ыгына көнүп, кайра тартпаган курч, эч нерседен тайманбаган көкала тулпар жарга боюн таштады. Жер чаңып эле жатып калды. Аны көргөн арттагы сүрдүккөн топ, аттарынын ооздорун тартыша тууралай токтоп калышты.

- Улакчы болбосоң болбой кал!

- Баракелде!

- Улак жанынан артык белем!

- Мына улакчы, көрүп алгыла!

- Чапсаңар, ушинтип чапкыла! дешип баш чайкашты.

Улакчы жардан түшкөндө атынан ыргып кеткен. Борпоң топурактын үстүнө түшүп, эч нерсе болбоптур. Кагынып-күүнүп туруп, ары жактагы атына барды. Ат да жумшак топуракка түшүп, таанылгыстай түскө келип, ээсин көргөндө окуранып койду да, силкинип жиберди. Чаң көтөрүлө түшүп, жонундагы ээри шалактайт. Ээси барып караса, ээр экиге бөлүнүп кеткен экен. Катуу тартылган басмайылдан улам жонунан түшпөптүр. Аяк-башын караса баары сак. Бая эңкейе бериште ат жалынан ыргып кеткен торпоктун денеси, тээ арыта чаңга буланып, томпоет. Бир топтон соң улакчылар келишип, алар торпокту эстеринен чыгарыша, Кожомкул улакчы менен анын атын таңыркашат. Беш-алты метр жерден куюла түшкөн күлүк, жумшак топуракка келгенде үстүндөгү ээси да, жалындагы торпок да ыргып кеткен экен. Ээр гана сынып, башка эч нерсе болбоптур.

- Ээ, улакчы? Эмне болду? –деп

чабандестердин бирөөсү суроо салды.

- Э, жанды, жанга теңебесең гана улак чабылат да, деп чабандес жооп берди.

Тургандар дуу коштоп кетишти.

- Туура айтат.

- Жанын аяган улакчы, улакчы болобу.

- Улак ушунусу менен кызык эмеспи.

- Аттын аты, чабандестин чабандеси ушундайда сыналат.

- Баракелде, азамат!

- Зап, улакчы экенсиң.

- Атаңа ырахмат!

- Атыңа да ырахмат!

- Өзүңө да ырахмат!

- Бар бол жигит, бар бол! –дешип улакчылар анын өзүнүн сактыгына, атынын амандыгына ыраазычылык билдирип жатышты.

Чындыгында, кыргыздын улак тартыш оюну канчалык кызык. Ага ден соолук, чабандестик, айла, ыкма, чебердик жана шамдагайлык талап кылынат. Бул оюн ата-бабалардан калган. Баалуу мурас-ошол кедеги жоокердиктин бир белгиси. Кыргыз барда ат кадыры, ат оюну эч бир жерде калбайт. Урпактан урпактарга улануучу эрдик да, ышкылуу да оюн-көк бөрү.

▲❅▲

Капылеттен ак падыша тактан кетип «жалчы-кембагалдарга бийлик берилет экен» деген каңшаар, күн өткөн сайын тоо жерине улам-улам келип жатты.

- Оо, алыскы орусиядагы төңкөрүш, бизге келгичекти качан?-деп ат бастырып, баш көтөргөн «жакшылар» бейкам жүргөн чакта.

- Бай-кедей биригет, тапкан-ташыган мал-мүлкү ортонуку болот деген каңшаар жаңырып, улам чындыкка айланып, бардык аймактар да колхоздоштуруу, биригүү жүрө баштады. Байлар «Мал-мүлктү катып, көчө качып кетсек кутулабыз» дешкени менен жаңы өкмөттүн укуруг узарып «кара тизмеге» каттоо башталды. Аларды бирден айдатып келип, өкмөт өзү эле көчүрмө кылып, байлыктарын башкаларга көз көрүнө таркатканын көрүшкөндөр, «жатып өлгүчө, атып өл» дешип басмачыларга кошулушту.

Бирок, басмачылар элди кордоп, басмырлап, барган

жериндегилерден тартып алып, зомбулуктарынан улам көпчүлүккө жаман көрүнүп, суук тумшуктууларга айланышып, өз жерлерине батпай, чек араны бузушуп, кытайга өтө качып жатышты. Ак-Теректеги колунда бар, малдуулар.

- Бул мезгил, убактылуу. Заман кайра кайрылып келет. Ага чейин убактылуу болсо да баш паанектеп туралы- дешип, тоо-ташка жашынышып, из жашыра түнү келишип, бала-бакыралары менен көрүшүп турушту. Арттан түшкөн аңдуу күчөп, улам айыл аралап жүрүү опурталдуу болгондуктан «Ат жакшысын таптап минип, тамашаларда шаңдуу жүрүп, мырзага айланган айылдаштар Жакып, Кожомкул, Эсеке баш болгон молдо Үсөн, Мама, Зулу казылар, арча, кайың, жыш өскөн капчыгайдын үстүндөгү Торпунун караган-черлүү коктуларына сүңгүп кирип кетишет. Көптөн чыгаан, көздүн далдоо жайда, күндүзү куш салышып, кекилик, чил алдырышып, элик кармашып шайдоот жүрүшкөнү менен түнкүсүн убактылуу кепе-алачыктарда түнөшүп, бала-чакалары менен эптеп жашырынып жүрүштү.

Күндө сак-сактап бекинип, ууру кылган күчүктөй жалтаңдап качып «Эл безер, журт безер» болуу оңой эмес эле.

Улакчынын качышына да бир себеп чарба күтүп, мал кармаганы болду. Капылеттен бир күнү «Актипбиз» дегендер жайыттагы малын сүрүп, айдап келишип, короодо каттоого алышты. Жылкынын саны элүүгө, кара мал жыйырмадай, төрт жүзгө жакын кой-эчкини «опис-акты» дешип каттап, тургандардын колун койдуруп, кат билбегендердин бармагын бастырып күбөлүккө тартышты. Катталган малды сүрүп айдашып, Куршабдагы «Путь Ленина» деп аталган орус колхозунун малчыларына өткөрүп беришти.

Мал жайылса жайыттын, короого камалса короонун берекеси экен. Бир заматтын ичинде улакчынын эшиги аңгырап, короосу бош, үй-бүлөсү менен сомсоюп отуруп калды. Өзүн эч жакка кетпешин эскертишип, тил кат алышып, келгендер заматта көздөн кайым болушту. Кожомкулга окшогон мал-оокаттуу чарбагерлер малдарын алдырышып, оздорун ачып отуруп калышты. Үйдөн чыга алышпайт. Ары-бери бастырууга тыю салынган. Катын-баланын катарында, калың бостектен үстүндө керээлден кечке отурушканы отурушкан. Мындайда күн өтсө эмне. Ар тараптан, ар кыл имиш чыгып, баары эле кулак түрүшөт.

- Палан байдын малын алыптыр.

- Тиги бай бербей каршылык кылган экен, атып кетишиптир.

- Тигил айылдагы байды үй-бүлөсү менен көчүрмө кылыптыр-дешкен шыбыр-күбүр күч алган.

Азыктардын артынан Молдо Үсөн, Мама, Зулпу казылар Кожомкулдун жанына келип түшүштү. Түндөсү акмалап барышып, төшөнчү-орундарын, керектүү шаймандарды кезеги менен алып келишип, талаанын шартына ылайыкташа камданып алышты.

Качкындар бекинген Торпу арча, кайың жыш өскөн, күңгөйү табылгы, четин, жапайы алма, алча, жүзүмгө толгон табигат мээрин чачкан жер экен. Алыстан эмес, атайлап жакын келип издегендер таба алгыс чытырман токой. Нечен жылдар бою үстү көктөп, асты кургаган ар түрдүү жыгачтар. Арча, кайыңы шыңга, ышкындын боткогундай солкулдайт. Кээ бирлерине эки-үч адамдын кучагы жетпейт. Бийиктиги тим эле он кулачтан ашат. Ары буйга, жаан-чачын тийбейт. Арасына кирсең шамал тоскон жылуулугун айт. Анча-мынча такыр жерлериндеги чөбү буралып, аттар аркандалбай эле тойгудай. Илбесин-канаттуу куштар быкпырдай кайнап, керээлден кечке, түндөн таң аткыча безилдеп сайрап чыгышат. Тоолордон ийиген көк кашка булактарынын тунуктугу, даамдуулугуна эч нерсени салыштырууга болбойт.

Күн өткөн сайын жер уусун, абдан чалып, бирин-экин балдарын да чакырып алышты. Кожомкул күндө кушун таптап кекилик-чилге салат. Ат куйругунан кылтак түйүп, булак көзүнө коет. Анда-санда элик чаап да алышчу болду. Жер корумдуу келип, тээ төмөндө Гүлчө дарыясы агат. Аны тескей тарабынан жээктен келген адамдын карааны беркилерге айкын көрүнүп, ким экени даана таанылат. Ал эми суунун күңгөй тарабынан жол жок. Жалаң аска-зоо, адам эмес, кайберен жүрө албайт. Бир гана туура жол бар аны атайлап келген адам гана билет.

Торпунун төбөсүндөгү айылды Ийри-Суу деп аташып, андагылар уюшуп жаңы колхоз болушуптур. Анын башкармасы сары Сарык Кожомкулдун эски жана-жан досу. Күндө союшун камдап, нан жаптырып белендеп берип жиберет. Беркилер болсо кармаган кекилик-чилдерин торболоп эмес, эки куржун көзүн толтурушуп белекке жиберишет. Улам-улам бири-биринен кабар алып каттоо калыңдап, кышын кыштап, жайын жайлашты. Күз келгенде Ийри-Суу колхозунун

башкармасынын үстүнөн НКВДга чагым түшөт. Сарык бир күнү келип

- Эми туугандар, бирибиз дос, бирибиз ага-инибиз. Бул байланышыбыз көзүбүз барда үзүлбөйт. Канча жолу райондон аскерлер, милициялар келип, силерди издешти. Мен жок десем ишенишпеди. Канчасын жазгырып, белек берип кайра узаттым. Адам адамдын душманы болот тура. Кечээ эле ашымы ичип, төрүмдө мейман болгондор, бүгүн айгак чыгышып, үстүмөн материал топтошуп, районго билдиришиптир. Аларды мен билип эле турам. Бүгүн менин маселемди карашып, кызматтан бошотушту. Кожомкул досум, урматтуу ага-инилер мага капа болбогула. Орун которбосоңор колго түшүп каласыңар. Силерге жакшылык, тынчылык каалайм деп, бетине бата тартып, ар бири менен кучакташты. Ар бири ыраазычылыктарын билдирише, ырахмат айтышты.

Топтогуларга Торпу убактылуу баш-паанек болуп, бир жыл ашыгыраак койнуна кысып, ач калтырбай, үшүтүп, жүдөтпөй ардактады. Элден, тууган-уруктарынан бөлүнүшсө да жылуу оорундан жай тапкан качкындардын ар кимиси ар тарапка кетишип, эптеп баш калкалоонун камында болушту.

1933-жыл башынан эле катаал тартты. Асманды боз булут чалып, түнөргөн боюнча күн жаабай да, ачылбай да койду. Аркыраган шамал керээлден кечке тынбайт. Жер бетиндеги кар кеткен соң, бир да ным калтырбай, жердин бетин кубартып, топурак үйлөп, чаңытып, асман менен жерди туташтырып боз түшүп алды.

- Алда кудай ай! Кандай күндөр болот?

- О, кудай жакшылыгыңдан бер? Жамандыктан сакта?

- Өзүңдөн өтөөр эч ким жок. О кудай, жалгай көр?

- Пенделериңдин күнөөсү болсо кечир?

- Тынчылык бере көр? О, кудай?

- Алла таала өзүң жаратқансың пенделериңди. Жамгыр бер, ырыскысын кыйба?-дешип, кары-картаң сестенишип, көпчүлүк чогулушуп союш союушуп, «кудайы», «жан кудайы» «мал кудайы» дешип, күндө кудайдан жамгыр тилешет. Асман бетин кара булут чүмкөп турса да, тып эткизип жаш баланын көз жашындай жамгырдын тамчысы жерге түшпөй койду.

Кечинде күн батыш тарап кызарып барат да, алоо оттун жалынын кою кара түтүн каптагандай болуп, күндүн нуру көрүнбөй сиңип кетет. А эрте менен чыгыш жак бозомук

тартып, күндүн чыкканы билинбей, бир аз табы өтүп барып, аркыраган шамалдын топурак-кум учурган өктөмдүгүнө баш ийгендей, боз чалып жатып калат. Айдалган жерлерге себилген эгиндер чыкпай койду. Ага болбой дыйкандар кулак ачып аңызга суу байлашса, эптеп өнгөн майса көтөрүлбөй, куусаңына айланып, соккон шамалдын эпкинин алсыз титирейт. Бак-дарактар бүр ачканы менен жалбырагы чыгып-чыкпай түшүп калып жатты. От издеген малдардын ооздоруна эч нерсе илинбей, жерди жыттап, жыттап, уйлар бөкүрүшсө, жандыктар бирин-бири карап, маарашчу болду. Адам эмес, малы да бир нерсе болоорун боолголоп, сестенишкендей. Айыл ичиндеги тели-теңтуштар, баягындай каткыра тамалашканы да угулбай чоң-кичинесин, кичине чоңду карап мостоюшат.

- Ана, жаңы заман келди. Теңчилик келди. Бай-кедейи жок, бир жашайт дешет.

- Байлардын да кудайы бар. Эскини жоготобуз, жаңы заман курабыз дешет. Мына куруп жаткыла.

- Байга да, кудай сүйгөнү үчүн мал-мүлк берет.

- Назардан калгандар эми, же малдан жок, же жерден жок кур калышса эле!

- Бирди көрүшмөк эле. Көрүшсүн! Касаапаттар!

- Кутурган гана томояктар. Силердин кесириңер тийди, кесириңер. Эми апаат болуп, жер жутса эле. Кудаанын кылганы. Алладан бей уруксат, куштун да бир тал канаты жерге түшпөйт деген Алланын кылганына арга барбы? Э, Алла! Э, парбадигар. Көрсөт буларга! Көрүшсүн, акылына келишсин! Жакаларын кармашсын –дешип ичи бузуктар мал-мүлкүн тарттырып жибергендер, көпчүлүктү табалап, ичтериндеги кытмыр ойлорун жашырышкан жок. Жамандык болсо эле, башкаларга тийип, өздөрү каларын ойлободу.

Канчалык мезгил келип, эл жайлоого көчүшсө да, өткөн жылдагы аштык небак түгөнүп, эптеп бышыкчылыкка жетип барарбыз деген ниеттери таш капты. Алаамат ачарчылык кара шамалдын эпкини улам тоолуктарга да жакындай баштады. Ал тургай алты айлык алыстыктагы казактар да, кара шамалдын капшабынан колдоруна эч нерсе илешпей, кара курсактын кайгысынан, аргалары түгөнө үй-жайын таштап, ээрчише көчүшүп, алды тоолуктарга жете келишти. Не болсо да, канчалык жамандык, жут, чапкындардан душмандардын азабынан кыргыз элин илгертен эле тоолор сактап

келген эмеспи. Кокту колот, шамладан буйга жерлерге кар, мөңгү уюп күндүн салкындыгынан улам нымы кетпей, жер көктөп, туландар чыккан эле.

Анча-мынчалар кымыздык, ышкын жешип, чүкүрүнү кайнатып ичишип өзөк жалмаган болушат. Тоютка тукулжураган бооз малдар төлдөсө да кара желин болуп, сүтү чыкпайт. Арыктыгынан мал өлүп, талаадан тумшугуна илешээр эч нерсе таппаган карга-кузгундар да айыл четин жабалакташа акмалашат. Келим-кетим азайып, ар ким өзү менен өздөрү болуп калышты. Короо толуп, күргүштөтө айдаган мал жок.

Анча-мынча чарбагерлердин эшик алдыларында эки-үчтөн эчки. Эчки жаныбар кургакчылыкка да, ачкалыкка дагы чыдамдуу келип, тескейлердеги бүрдөгөн табылгы буталардын бүрүн жеп, не болсо да жар, таштарга жайылып келет. Кемпирлер энесинин сүтүн улактары ээмп албасын дешип кызгашына ар бирине «желин кап» кийгизишип кечинде жайыттан келишери менен кактап саап алышып, талаага кетип калбасын деп, көгөнгө байлашып, анан улактарын агытышат. Желинден сүт издешкен ачка улактар, энелерине ачкамардай жабышышып, желиндерин улам түрткүлөшүп жандарын коюшпайт. Желиндери ооруган эчкилер улактарын сүзгүлөй качышып, көгөндө мууна жаны калбай бакырышат. Ууру-кески көбөйүп, жалгыз-жарым жашагандар көпчүлүк ортосуна көчүп келишкен. Болбосо каракчылар торойто чабышып, болгон оокатын тартып ала, басып кетип жаткандар менен элдин да кабары бар.

Ооздоруна эч нерсе тийбеген ачка адамдар, жарылган ээриндерин кеберситише, керээлден кечке адырма адыр кыдырышып, тээ бийиктеги бөксөлөргө чейин барышып, чырыч, адырашман, алгынын тамырларын издешет. Камдуу үй ээлери эптеп табышынча топтоп келишип карандай сууга салышып, кайнатуу менен алек. Очокту тегерете отуруп, кайнаган кара суудан үмүт эткен чоң-кичинелерге, бар тапканы эптеп эчкиден сааган чөйчөктөгү сүтүн аралаштыра «ак суу» дешип, кезеги менен кыдырата ууртаган болушат. Ошого каниет. Кээ бир үйлөрдө «ак суу» эмес карандай кара сууну кайнатып ичишет.

Элдин көөнү эптеп эле күзгө жетиш. Себеби, күңгөй беттердеги эгин колдон чыгып, анча-мынча күндөн, шамалдан далдоо тескейлердеги айдоолордо айдалган арпа-буудайлар көсөнүн эгиндей болуп бириндеп, эгиндин

сабактары көтөрүлгөн. Кээ жерлер таздын башындай болуп, эч нерсе чыкпай калган. Эртели-кеч жанынан чыкпай корушуп, канаттуу чымчыктар келсе кондурбай, учурушуп сак-сакташат. Жылда тутамдап орчу эгин жок. Быйыл бириндетип, бир-экиден даны толбогон эгиндин сабагын тартышкыдай. Каниет, буга да шүгүр! Бул болбосо эмне болмок? Элдин жылдызы жерге түшүп, өңдөрү кубарып, көңүлдөрү суз. «Кардың ачса карындаш изде» демекчи, ар-ар жерден иликтеп, эгин болуп, даны бар жерлерди сураттырышат. Дандын наркы ашып, бир чакса данга бир жандык бере турган болду.

Жайдын кургакчыл болоорун аңдаган чарбадар дыйкандар, жердин тоңу кетээри менен күңгөй беттерди кетмендеп, токумдай жерге топудай таруу, конок эгишкен. Айрымдары ача туяктууга бастырбай, ийри-тумшуктуура чокутпай коруп жүрүшүп, токмоктон түшүм алып, сокуга жанчып актап эптеп камданган болушту. Таруу менен конок аз болсо да берекеси ашып, каалагандай тамакка кошсо карын тойгузарын тоолуктар, ачкалыктын азабын тартканда туюнушту. Ала кабы жылкыга, жарым болсо бир уйга, чейреги кош жандыкка бааланганын көргөн, ала барман дыйкан пуруштар «Кап, аттиң» дешип бармагын тиштешип,

- Карап тур. Эмдиги жылы конок эгип, топуму жаап жүрүп болсо да, эптеп асырайм-дешсе.

- Канча тамак бириксе да, данга жетпейт экен. Жемиш тамак болгону менен кубаты жок. – Этти көп жесең танасың, дан жесең оокат, ары кубат-дешип, дан кадыры ого эле билинди.

«Эл менен көргөн улуу той» демекчи Кожомкул да тарткан кыйынчылыкты туугандардан бөтөн жерде бөлүнүп калбады. Ачык көңүлү, тамашакөй мүнөзү менен алыскы айылда үй-бүлөсүн карап, колхоздун ишине кол кабыш кылып жүрө берди.

Келген күндөн баштап, айылдагылардын бири катары аш-тойлорго чакырылып, анча-мынча улак тартышка катыша, «мейманга» деп ашырышса соорунга таштап, өзүндөй чабандестер менен жулкуша-тартышып жүрүп, өз болуп кеткенин өзү да билбей калды. Жылкы жаныбарды канчалык бапестеп, асырасаң, ошончолук кызматыңды кылып күчүн да берет. Башта токчулук мезгилдерде канчалык жемди көп жеп, көчөдө басса ойногон жылкы, эгинди жоктугу, тоюттун аздыгынан арыктап, эптеп сүлдөрү калган. Аны асырап,

суутуп, таптап мингенге мурдагыдай шарт жок, эптеп аяк тартып, ары-бери бастырганга каниет кыла күн өткөрүп калды.

Өз өкүмүн катуу кармаган ачарчылык жылдар өтүп, капсалаңдуу кара жолтой «камакка алуу» мезгил беш алты жылга созулду. Андан соң батышта кан күйүп, алаамат согуш чыкты. Ал беш жылга созулуп, мен-менмин деген эр жигиттер элин коргоп, өз жерине кайтпай калышты. Алардын катарында Кожомкул улакчынын эки уулу Асилбек, Орозбайлар да эл-жерин коргошуп, туулуп өскөн айылдарына келишкен жок.

Кожомкулдун саяпкерлик өнөрүн чабандестик балбандыгын баалаган аба аксакал, тели-теңтуштардын көзү өтүп, анча-мынча эл арасында айтыла калып жүрөт. Кожомкул 87 жашында 1967-жылы ааламдан өттү. Аркасында калган уул-кыздары азыр бир айыл.

## Кармышак «текче»



Токтобай уулу Алике: Кармышак, Төкөш, Базар аттуу үч уул, төрт кыздуу болгондон соң, оо дүйнө сала берди. Биринен бири бир сөөмдөн кичине көрүнгөн өспүрүмдөр мостоюшуп «атам кайра келеби?»-дегенсишип, ары-бери өткөндөрдү үмүттүү тиктешет. Көргөн адамдын зыбанын күйгүзгөн, бул балдардын тагдыры өтө оор эле. Тогуз жашында атадан айрылган Кармышак чиедей жаш эки инисин жана төрт кызды багыштын аракетинде турмушка эрте аралашты. Жетим балдарын жалдыратып, жесир энеси каякка барат да, кимге батат. Эптеп өлбөстүн күнүн көрүшүп, көптүн ичинде турмушун өткөрө беришти. Бели бош эненин балдарынын ичинен ишенгени эле Кармышак. Атасы ыраматылык да карыганда көргөнүм деп аны Кармышак атаган.

Жесир катындын колунда, жетим балдардын мойнунда карды тойгонго канаат кылып жүрө берсе, эртең күнү кор болушкудай. Не болсо да, бир арга таап, энесинен эриш-аркак болуунун аракетинде үйгө отура бергиси келбеди. Айылдагы анча-мынча билермандар, айыл аксакалдары, «атасыз сагырлар кантээр экен» дешип баш чайкашып, жетим-жесирдин жеген-ичкенине көз салымыш болушат. «Үйү бөлөктүн түйшүгү бөлөк» демекчи, ар ким өзү менен өзү алек. Канткен менен ары айылдаш, ары тууган дешип, анча-мынча майда иш чыга калса илбериңки Кармышакты кол баладай жумшап жүрүштү. Ал дагы жумшаган жактан моюн толгобой «Чап» дешсе чапты, «Бар» дешсе, барды «Тур»дешсе туруп, «Кел» дешсе келип, илбериңкилиги, дилгирлиги менен көптүн көңүлүнө жагып кетти.

- Аликенин Кармышагы тири карак.

- Моюн толгоп, «жок» дешти билбейт. Качан жумшасак кете берет.

- Тапшырган ишти заматта бүтүргөнүн айт.

- Мындан бир нерсе чыкчудай.

- Ким билет?

- Чакыргыла! Келген-кеткендердин атын алып, колго суу куюп, кемегеге от жакканды үйрөнсүн.

- Э, ал тириктин колунан баары келет. Эт бышырып, союш сойгонго аябай эпчил.

- Э, «Боло турган он беште баш, болбой турган отузда жаш» деген эмеспи. Атанын ордун басчуудай. Кайсыл ишке болбосун көзү жетик.

- Көп жумшагыла, жаштайында тастыксын. Аталуулардан алда канча өйдө болуп өссүн! – дешип жакшы саналашкан айылдаштары анын жанын тындырышпады. Кээлери атайлап эле анын бекер күчүн, кылган ишин пайдаланып отун алдырып, от жактырып, суу ташытып, эт бышыртып жумшаган сайын Кармышак чыйрала берди.

Көпчүлүк отурган жайда колго суу куюп, эт узатылса табак тартып, кымыз келсе, бою менен барабар серке чаначты эпчилдик менен кармап, кымыз куюп, кош колдоп кесе узата калып, улуулардын-кичүүлөрдүн алкоосун-мактоосун алды. Жакшы сөз, жылуу мамиле Кармышакка жага берип, лепилдеп чуркап жүрүп, анча-мынча, кешик-кушук, ашкан-ташкан эт, боорсок, нан-панды ала келип, өзү гана эмес, үйдөгү жетимдерге да жаңы эт, жаш малдын шорпосун татытып, аларды багуунун камында болду.

Саресептүү, тыкан жетимди аба-аксакал ары тамашалай, ары чындап «Кармышак текче» деп аташты. Себеби, чабаганга чаптырышса минген атына куп жарашып, текчеде отургандай ары-бери ообостон, өйдө-ылдый, өңгүл-дөңгүлдө ат басыгында шалкылдабай тикчие отурганына тан беришип, ары шылдыңдап, ары чындап «текче» аташыптыр.

Ичинде арам ою жок, тагылган ишти так аткарып, жалган айтпаган, жалкоолук кылбаган, тубаса мүнөзү айылындагыларга куп эле жагат. Айылдаштарынын анча-мынча бергенине канаат кылып, бербегенине капа болбой, бир калыпта жүргөн «Кармышак текченин» болгон аракети, балдары жаш апасына, ишенип, сүйөнөрү жок бир туугандарына, эптеп бир нерсе таап жардам берүү эле.

Айылдын ата-бабаларынан бери келе жаткан айныксыз эрежеси бар эле. Кокустан уруш-чатак чыкса аксакалдар киришип, тыянак чыгарышчу. Уурулук кылганды уяткарып, айыбын төлөтүшүп, экинчи жаман жолго баскыс кылып жазалашчу. Аксакалдардын сөздөрү өтүмдүү, бүтүмдөрү так

аткарылгандыктан бирөөнүн колундагыны зордоп тартып алуу, талап-тоноого жол коюлган эмес.

Эл жайлоого жапырт көчкөндө жакадагы үйлөрдүн эшиктерине кулпу салынган эмес. Буюм-тайымдар, көзгө басар мүлккө эч ким кол тийгизбеген. Алууну да ойлобогон. Эч бир жан бар буюмун бирөөсүнөн аяшпаган. Улоосу жоктор айылга барса бирөөсүнүн атын, тонун сурап баргандыктан улам, улуу муундагылардын пейилдери ток, адамгерчиликтери бийик, ички дүйнөсү кенен экендиги айгинеленет. Кийинки жаштар да, мурдагылардын салтын улап, ынтымактык менен боорукердиктин, кайрымдуулуктун жолун жолдошкон.

«Кармышак текче» кай жумушта болбосун өзүнүн сынын, сыпатын бузбай майын чыгара иштеген. Эгин эксе, айдаган жери тегиз. Мала тартса ала калбаган. Орок орсо арпа, буудайы чачылбаган. Ал тургай кызыл сапырганда да эгиндин даны тегиз түшүп, топонунан тегиз иргелген.

- «Текчедей» болуш кый-ын!

- Мустакам. Иши муздай –жездей.

- Ар иштин майын чыгарат.

- Баракелде Ата баласы. Кем болбосун!

Айылдын ава-аксакалы аны алкашат. Энеси уулунун аракетине бир чети жетине албай кубанса, бир чети көпчүлүк арасында көзү жаманы бар, көз тийбесин!

- Тфу, тфу-деп жерге түкүрөт.

Кармышак жетим тоодогу кой-эчки нык семиргенде, байлардын коюн базарга айдашат. Мал ээси бир-эки жума мурун иргеп алган жандыктарын, кайра-кайра санап, Кармышакка тапшырат.

- Мен палан күнү жетип барам. Сен койлорду ысыкта кыйнабай салкындатып айдап бар! Оттуу жерге жайып, акырын жүр. Ач калтырба. Чачылтпай сырт менен жүр. Малды сага, сени кудайга тапшырдым. Акыңды барганда аласың. Жоготсоң, же өлтүрсөң кур жалак каласың-деп табыштап, жолго чыгарат.

Мал сырын жакшы билген Кармышак эртели-кеч жол арбытып, күндүзү шамалда-салкын жайда жуушатып эс алдырат. Баягы болжогон күндө, малды шаарга жетпей имерип, байды күтөт. Ошентип жүрүп Анжиян, Маргаланды, Кокон, Ташкенди көрдү. Каланын шарты менен таанышты.

Байдын берген акысына, апасы менен эжелерине, инилерине кызыл жабар кийим-кече, жемиш как, таттуу шире алып келет. Көзү ачылып, сооданын жайын үйрөнөт. Алдын көтөрмөгө деп

элдин малын алып, базарга алып барып, кийим-кече, чүпүрөк-чапыракка айырбаштап, аны алып келип, карызынан кутулат. Ашырып алганына мал алып, кайра кардары катуу базарга барат.

Калаа көрбөгөн тоолук өз жеринде өтө эле тың. Базарга барып баалашпай, дүңүнөн соода кылып, соодагердин алып келгенине мал айрыбаштаган тоолуктарга азан-казан боло бапыраган базар сыры көп эле дайын эмес эле. Кем-катыгын толукташ үчүн ал да башкалар катары малын айдап, күндөп-түндөп жолго чыгат. Салкын төрдөн келип, калаанын аптабына тердеп-булап, таңдайы каткан элеттик базардагы тыгылышкан көп элди таңыркап айдан келген малы менен дале иши жок.

Базардагы пайда десе жанын берген соодагер, кызыл кулак, далдалдар тоолуктун малын өзү билген баасына алып,

- Бул пулуңузга эмне аласыз?-деп сурап, керек буюмдарын андан угуп;

- Апаңызга көйнөк, чоң энеңизге маасы, жеңеңизге жоолук, атаңызга чапан, инилериңизге өтүк. Калган чай-чамек, мөмө – жемиш... Ап-бали. Алардын баары керек. Дагы керегин, дагы эстеңиз?-деп чар көпөлөк  айлана дикилдеп турат.

Баарын уккандан соң.

- Сиз, соода жагын жакшы билбейт экенсиз. Бу соодагер деген куу болот. Кызыталактар пайда десе, энесин да аябайт. Алдап, жалган айтып жанын жейт. Жүрүң, мен сизди алдабай турган, намазкөй кишиге алып барайын-деп, ээрчитип өзүнүн дүкөнүнө алып барып, сатуучу кылып отургузуп койгон адамын көрсөтүп, дүкөндөгү буюмдардын наркын сураган болуп

- Муну канчага бересиз? –Коюң? Түшүң? Арзандатыңыз? Ал өзүбүздүн тоолук тууган. Нысап кылыңыз? Жуккудай болсун. Мынчага бериң? Дайыма сизге келип, кардар болот. Булар алыстан келди. Мээнети акталсын. Ысыктын күнүндө мал айдап келиш да оңой эмес-демиш болуп, ар бир буюмдун наркын талашкан болуп,

-А майли, майли. Бериң? Кардар бул жак. Мен болгону ортончумун. Соопчулук үчүн акабизга алышып жатам. Биздей, кардарды таппайсыз. Түшүң? Жо-жо. Мынча берейин. Ап-бали. Эсептең?

- Ай –ай, пулу жетпей калдыбы? Ка-ап! Майли, калганын мен жанымдан төлөйүн. Болуптур. Аана-уну кошуң? Мына муну да бериң? Тоолук туугандар ыраазы болсо болду. Энди буларды таңыңыз?-деп эпилдеп-жепилдеп таңдырып, ары жакта өтүп бараткан жүк көтөргүчтү чакырып:

- Үкөжан, буларды биздин эшикке алып барып бериң?- Аныңыз канча? Мынаке. Ап-баракалда. Көтөрүң?

Эми мейман, жүрүң? Биздин эшикке барабыз. Бүгүн дамди алып, эртең салкында аттанасыз-деп үйүнө алып келип кондуруп, конок кылып, аш басып сыйлап, ат улоосуна чөп сатып алып, бererге эч нерсе таппагандай өзү кызмат кыла чуркайт.

Тааныбаган шаардык сарттын ичи-койнуна кире эпилдеп-жепилдегенине, керегин таап алып бергенине, акчасы жетпей калса, калганын өзү жанынан төлөгөн марттыгына, «сиз» деп сылык-сыпаа, күтүп алган ар кыймылына ичинен таң кала, ары суктана ары сыймыктанган элеттик ичи элжирей, бир тууганынан да жакын көрүп, ичиндеги сырын жашырбай төгүп, тирүү эле жүрсө анын жакшылыгын актап, ак кызмат кылаарын айтат.

Ал ансайын шаардык сарт:

- Жо-жо-жок. Акажан, тагажан сиз менен түбөлүк катташ болом. Кызматтарыңызга мен даяр. Качан келсеңиз эшигибиз ачык деп төрт ийиле, жогжоңдогон каргадай ийиле, чимирилет.

- Бу адамгерчилиги өтө чоң экен. Пул эмес, жанын да аягыдай эмес деп, ичинен ойлоно:

- Кечээги дүкөнгө болгон насияма, эмне алып келип берейин?

- Жо-жок. Ал жөнүндө ооз ачпаң. Өзүм төлөйм. Сизден пул айланып кетсин. Кучакташып дос бололу-деп аркы бөлмөсүнө чуркап кирип, тонун алып келип, анын мүрүсүнө жаап, аяш атама, аяш энеме деп, бар тапканын улам алып келип, аяш үкама деп курун, аяш сиңдиме деп шуру-мончогун кошуп, куржунун жер-жемишке толтуруп, ат улоосуна артып, колтуктап мингизип узатат.

Убакыт өткөн сайын кызыл кулактар көбөйүп, жайлоолорду кыдырып мал алчуу соодагерлер келе башташат.

- Кой, бу кызыл-кулактарга алдатпай адал малыбызды өзүбүз базарга алып барып сатып, каалаган буюмдарыбызды албайлыбы дешкен тоолуктар, жайды ката семирген малын сүрүп, айдап шаарга келишет. Андан сырткары ашаткан тери, жүн, боз үйдүн жабдыктары, ат жамбдык ээр, жүгөн, жыгач буюмдарын артынып базарга келишери менен базарга жайылган куу соодагерлер далдалдар, аларды тегеректешип,

- Бул кимдики? Ким сатат?

- Меники.

- Канчага сатасың?

- Базар билет.

- Баасын айт?

- Ким билет. Базар канчага көтөрөт.

- Мал өзүңкүбү?

- Ооба.

- Дитиңи айт?

-Паланча

- Ой, оозуңа келгенди оттобо. Базарды, сооданы бузба.

- Мына малдын малы мынча. Кой-эчки мындан ашкан жок.

Жылкы, уй, бээ, торпок, өгүз, кунажын, тай, кулун тигинче деп апырта шарт-шарт кем бааны айта салат.

Мал сатуучу башын тырмай, жал-жал тиктеп эки тарабына каранат.

Аны байкаган экинчи соодагер.

- Паланча акам туура айтат. Базар кишиси. Болгонун айтты.

- Бериң?

Мал ээси ойлоно, эмне кыларын билбей эндирейт.

- Малды, сатканы келдиңизби?

- Ооба.

- Сатканы келсеңиз бериң да?

Көпчүлүк аны коштоп жаалайт.

- Бердиңизби?

- Мына пулуң. Бер!-деп, мал ээсинен кармаган жипти талашат. Мал ээси өзүнүн дилиндеги наркы болбой, малынын жибин бошотпойт.

- Муну карачы, пул берсе да албайт. Бер дегенден кийин, бер да. Алып кел жипти?!

- Жипти бербейм.

- Бересиң! Жаман жибиңи талашып, кое бер?

Жанаша тургандар кеп сурайт.

- Э, эмне болуп кетти?

- Мына бу, пулун берсем малын бербейт.

- Пул берсе, малын бербеген кандай?

- Пулун алгандан кийин бериң?

- Бер. Бере бер.

- Мен сата элекмин.

- Кой э. Алып кел колду. Бар барака! Мынча сом. Бар барака.

Далдалчы улам колун кысып, силккен сайын мал саткан тоолуктун баш кийими кабагына түшө, андан бетер жүдөйт. Колу ооруганына чыдабай, же бекем кармаган кардардан тартып ала албай, бетинен салаа-салаа тер куюлат. Аны байкаган куу кардар сатарманды уйпалап.

- Бериң эле бериң, бериң? деп, жанын чыгара силкип кетет.

Колу ооруган сатуучу кетенчиктеген сайын, ой-боюна койбой

- Алакан күбө. Ушуга бериң-деп манжаларын бириндете муундун учунан кармап силкет.

- Кандай кишисиз? Колум ооруп кетти? Манжамды кайрып койдуңуз.

- Базар деген ушундай болот.

- Тойдум ушул базарыңан. Сатпайм.

- Анан эмнеге базарга келдиң?

- Колумду кое бер?

- Жок. Сатасың, бер!

Экөө кайым айтышат. Бири өктөм. Экинчинин айласы кеткен

- Ой-ой! Эмне болуп кетти.

- Мына бул базарды бузуп, мени тилдеп жатат.

- Кана, эмнеге базарды бузуп жатасың? Астыга түш! Сени казыга алып барам, деп жасоол чокчоңдойт.

Соодагерлердин аксакал болумушу, ортого түшүмүш болуп, жасоолду кулагына шыбырап, мойнунан кучактап, далыга чапкылап, малдын ээсин ажыраткан болуп.

- Айыбын төлөйт. Мына мен берем. Кой. Уят. Мейман экен деп, арачалайт.

- Жок, тартип бузулду. Айып тартат. Бас, алдыма түш! дейт жасоол.

Бул алып кетсе, калган малымды ким карайт-деп чочулаган сатарман ортого түшкөн соодагерге жан тартып жалдырайт.

Аны билген куу далдал.

- Бир жандык берет. Кой эми? Мен алып берем.

Корккон сатарман

- Аке, эптеп бошотуп ала көрүңүз? Мал аябай калайын. Бир жандыкты берейин. Жакшылыгыңызды унутпайм?

- Жо-ок. Жакшылыкты унутпайм деп, дагы кыргыздыгыңды кылып жүрбө?

- Жо айланайын, акебай? Кудай урсун. Ушул малым сиздики.

- Маакул, маакул. Сен билбесең, кудай билсин. Сени куткарайын.

Жасоолго барып, мойнун кучактап, далысынан таптап койнунан акча чыгарган болуп, аны берген болуп, жайгарат.

- Кызталакты, араң көндүрдүм. Бир жандыктын пулун бердим. Базар иши базар. Жаман адамдар көп. Бул далдалдардан өткөн митайым, куулар жок. Мал эмес, адамын кошо сатып ийишет. Тек койсо барбы, жөн турган кишини талап жеп коюштан тартынышпайт.

- Малыңды мага бер. Өзүм сатып берейин?

Баятан бери шеригинин абалын байкаган,  ортого түшүүдөн айбыгып турушкан, тоолуктар:

- Айланайын аке, биздикин да сиз сатып бериңиз? Акысын төлөйлү. Сизди кур калтырбайбыз-дешип, малдарын ага тапшырышат.

- Анда, ар кимиң малыңды санап, чогуу бир жерге тургула!

- Кана, келип калгыла. Ылайдай семиз, тоонун малы. Арзан сатам. Кетем деп, койкоңдоп соодагер кыйкыра баштайт.

- Малың канча теңге?-деп ары тараптагы кардарлар, тоолуктарга келишет. Аны байкаган баягы далдал, аларды көрмөксөн боло, дагы кыйкырат.

- Сатамын-кетемин. Тоону малы, Арзан, келип калгыла?

- Бу мал кимдики? Ээси силерсиңерби?

- Биздин малды, бу акабиз сатат.

- Өзүңдүн малыңды, өзүң сатпай, бизди мушташтыргың барбы. Кана, кайсы сеники, мага сатасың? –деп опурулуп жакаламак болот.

- Ой, ой. Бул менин кыргызым. Мал аласыңбы? Мына, менен ал.

- Биздин сооданы бузуп, кайдагы сиздин кыргызыңыз. Биз, өзүнөн алабыз-дешип, куу далдалар, тоолуктарды демитип киришет. Алардан чочулашкан тоолуктар жалдырай ортодогу далдалды караша.

- Булардан, бизди куткарың. Малыбызды сиз алың?

- А малыңардын баасына келтирейин дедим эле. Майли, силердин өтүнүчүңөрдү жерге таштабайын. Айдагыла анда, малдарды. Үйгө жеткиргиле!-деп алдыга түшөт.

Малын сүргөн кыргыздарды далдалдар ээрчий:

- Канча болду?

- Канчага саттыңар?

- Эч болбосо бирин сатып кеткиле?-дешсе алар, мал айдаган болуп, баягы далдалды ээрчишет.

- Кана, канча болот малыңар? Силердей момундардын акысын жеш арам болот. Биз кудай жолундагы адамдарданбыз. Алчууңарды айткыла-дейт.

Ар кимиси алчуу буюмун атаса, өзүнүн дүкөнүнө алып барып, зарыл буюмдарын алып берет. Ашыгы менен эсептетип, калган пулун мен төлөйм деп, тоолуктарды жолго салат.

Үйдөн чыккандан, тоого жеткенге чейин «дос», «тааныш» тапканына сүйүнүп, айылына келип, алган буюмдарын, куржун

толо жер-жемишин көрсөтүп айыл-апа, аба-аксакалдарга мактанат. Баласы алып келген жер-жемиштерди жеп, буюмдарды көрүшүп,

- Кечээки алып барган малыңа ушунун баары келдиби?- дешип таң кала сурашса.

- Жо-ок. Мунун жартысына да жеткен жок. Менин бактыма бир жакшы сарт жоолугуп, малымдын баарын өзү сатып алып, пулду, дүкөнчү менен соодалашып, наркын эчен талашып, дүкөнчүгө жедирбей, улам эсептетип «Мен керек» деген буюмдарды түгөл алды. Менин пулум түгөнүп калды эле, насыясын калтырбай өз жанынан төлөдү. Ал адамгерчиликтүү, өтө кичи пейил байбатча экен. Менден улуу болсо да «сиз» «акажан» деп, тим эле алдымы шыпырып турат. Үйүнө алып барып, конок кылып кондуруп, аш басып берип сыйлады. Тим эле ашынын даамы, оозумдан кетпейт. Үйдө бардык кызматты өзү кылып, дасторконду өзү салып, чайынан бери өзү алып келди. Мага дос болом деп, тон жаап, атама тигини, апама тигини, үкөмө тигини, карындашыма муну берди. Жемишти болбой куржунга толтурду. Дүкөндөгү насыяны эмкиде алып келип берейин десем.

- Койгун. Аны өзүм төлөйм деп, болбой койду-деген сөзүн угушуп айылдагылар чурулдай.

- Атаңын көрүү. Анык ата уулу окшойт. Мындай адам жок. Андан мал аяган болбойт. Өзүнөн өткөрө кызмат кыл. Жакшы достон, жанды аяган болбойт дешти.

Ата-энеси аны, кийинки жума кайра ага жөнөттү.

- Насыяны төлөтпө. Калаада баары сатык. Адамгерчилигине тиги бээни алып берип, тартуу кыл. Жоргону алдына тарт. Тоого чакыр-дешти.

Ата-энесинин айтканын эп көргөн баягы базарчы, калаага кайра келип, баягы досуна жолугат.

- Койуң, насыяны төлөдүм деп колко кылбайм. Уят. Алып келгениңизди, алып кетиң-деп баягы таанышы секирип болбой коет.

Элеттик аргасы кетип, жалынып жүрүп, алып барганын кайра жетелеп кетсе уят болорун тууган-урук кеп кыларын айтса, араң.

- Мейли, алып калайын. Амалекин мунуңузду сатып, пулун камдап коеюн. Кийин келгениңизде пулун аларсыз. Болбосо, дүкөндөн керектүү буюм-тайым аларыңызды айтың, сатып алып жүктөп берейин десе, элеттик ынабай кайра кайтат.

Баласынын айткандарын уккан ата-эне.

- Мындай нысаптуу, ары уяттуу байбатча болорбу. Кой өзүбүз

барып, учурашып таанышалы, дешип тапкан-ташынганын артынышып май, курут, кымыз, союшун, шырдак, ичик, тон чепкендерин, деги эле аземи буюмдары менен шаарга келет.

«Аяш баласы» аларды бүлүнө тосуп алып, кондуруп сыйлап, кийим-кече, сарпай кийгизип, эмне керек десе, түгөл алып берип, узатат. Ошондон баштап, соодагер тоого келсе, үй көтөрүп тиктирип, ат, куш тартуулап, бир нече күнгө оюн-тамаша койдуруп узатат. Барыш-келиш улам күчөп, күтүрөтө мал айдалып, соода кызый берет. Кийин тоолуктун базарга барууга шайы келбей калат.

Сыйлашып жүрүп «Ажырашар тамыр алдында минген ээрдин кашын сурайт» демекчи эби келбеген бир нерсе суралат. Аны берүүгө илажи жок.

Же, шайдоот жүрүп, кенен ичип-жеген тоолуктун сырын тартып, сынамакка.

- Э, жан досум, ушунча ишеничтүү боп калдык. Агар илаажи болса кызылдан бериң?

Аны түшүнбөгөн тоолук, аңдабай

- Ал эмне деген?

- Ал, баягычы? Баягы?

- Э, баягысы эмнеси? Айта бер?

- Кызылдан барбы? Кызылдан.

- Кызыл эмнеси?

- Э, бомас экенсиз! Тилла.

- Тилдаң бокко айланабы. Аны эмне кылам?

- Жок.

- Жокпу?

- Чындап элеби?

- Э, чындап.

- Бомас экенсиз. Кеттим мен.

- Кой, кайда барасың. Кетишпейли. Соодагер досу тултуйган бойдон кылчайбай кетет.

Эби келбеген буюмду эптеп таап, элеттик досуна барса.

- Биринчи сураганда бербедиң, эми кереги жок деп тескери басып кетет. Элеттик амалы түгөнүп үйүнө келет. Ошентип куу соодагер кулкуну тойгондон кийин, куулук-шумдук билбеген тоолукту алдап, жеп тойгондон кийин жеминен чыга берет.

Бир күнү барса соодагердин эшиги жабык. Саламга келбеди. Элеттик ичи муздап, үйүнө келип ата-энесине айтат.

- Тили бурулуп, ниети тескери. «Сарт там айланганча». Эби келбеген буюмду атайлап сураганы, ажырашууга шылтоо

издегени. Айтканын алып барып берип, достуктун антынан кутул. Ант ошол сарттын өзүн урсун дешет.

Калаадагы шылуун далдалдардын, акча десе энесин кошо саткан соодагерлердин эченин көргөн Кармышак базарга көп келип, алардын куулук-шумдугун түгөл баамдап билет эле. Ар бирине ылайык мамиле кылып, базарды алдын ала байкап, баасын келтире тоолуктардын малын сатышка жардам берди. Анын калыстыгына алармандар да ыраазы болушуп, көпчүлүк андан келип мал алышып, аз эле убакыттын ичинде базарда да анын аброю ого эле көтөрүлдү.

Баамчыл Кармышак базардан мал саткандан өтүп, жан саткан шылуундарды көрөт. Көптөгөн окуялардын күбөсү болот. Бирок, калыстыгынан жазбай, аларман-сатармандардан абийир табат.

Андан кынык тапкан кызыл кулак сарттар:

- Кармышак бай, Кармышак бай келиң?-дешип, атасын көргөндөй алдынан утурлап, тосуп чыгышып, малды санашып буюмга алмашышып, пайдасын көрүшөт.

«Текче» менен шерик болуп баргандар айылга кайра келгенде

- Кармышакты соодагерлер «бай» аташат экен деп айтып келишип, анын «текче» аты «байга» көчүп «Кармышак бай» аталып кетет.

Кармышак жаш чагынан бай аталып Алайкуудан мал айдап, шаарга байма-бай каттап жүрүп Анжиян аймагындагы Султан-Абаддан колукту алат. Кайын журту менен да катташты калыңдап, ал жерден сугатка жакын, ыңгайлуу жайдан 2-3 теше жерди сатып алып, дыйканчылык кылат. Маңдай терин куюлтуп иштеп, мээнети кайтып, жашылча-жемиш, пахта, тамеки, дандык эгин алып, анысын базарлап, белине пул түйүп «байбатча» аталат. Кайда барбасын «Келиң, келиңге?» арзып, сый үстүндө, ызат төрүндө чалкалап баягы жетимдиги эстен чыгат. Үйдөгү апасы, бир туугандарынын үстүлөрү жаңырып, казандарынан май кетпей, жесир-жетимдер эл катарына кошулат.

Колу ачык Кармышак ак мээнети менен тапкан дүйнөсүн айылдагы аба-аксакалдарга, жакшы сөз, улуу насаатын айтып, жан тарткандарга, ар келген сайын бөлүп берип, же үйүнө чакырып союшун союп, баталарын алат. Эмки маслат, аш-той, каада-салт Кармышаксыз өтпөй калат. Мати миң башы, Жусупбай казы менен тең тайлаша, барыш-кериш кыла, үйүнө түшүрүп, карым-катышын көбөйтөт.

Жетим жетилет деген ушул экен. Түз жүргөнүнөн, бирөөнүн

буюмуна, бирөөнүн турмушуна акаарат келтирбеген, ак көңүл, мээнеткеч жетим бала акыры келип, элинен абийир тапты. Учугу узарып, бала-бакырасынын күнү-күчүн көрүп, жакшылык үстүндө болду.

Көп жерде болуп, көптү көргөн Кармышак бай канча дүнүйө тапса да туулган жерине алып келип, күтүрөтүп мал айдады. Желе-желе жылкы, короо-короо кой, эчендеген мал күттү. Жылдын ырабдайына карап кыш жеңил болсо Түз-Белде кыштап, кар оор түшкөн жылдары Ак-Теректе болуп, малын эттүү алып жүрчү. Ар келген мейманга союш союп, кээ күндөрү союштун саны беш-онго жетип, адамгерчиликтүү, меймандос, экени байкалып турчу. Колу ачык, марттык кылып, жетим-жесирге көп кайрылчу. Ала жазда да анын короосунун четинен кармап келип сойгон коюнун кабыргасы кыртыштуу чыгып, ич майы сүзүлбөгөнүн аксакалдар көп айтышчу.

Дыйканчылыктын кыныгын алган бай Түз-Белдин Кең-Суусуна биринчи жолу, тээ төмөндөн алып келип тал-терек, жемиштүү бак отургузат. Кең аянттагы калың бакка кайберендер үйүр алып, илбесиндер уялап, кышын-жайын дүпүйүп, адам аралап өтө алгыс эле. Кармышактын багынан улам Түз-Белдеги башкир уулунун балдары дарак эгүүнү үйрөнүшүп, чырпыгын алып, жерге сайышкан.

Совет бийлигинин алгачкы жылдары, анын малынын көптүгүнөн

- «Өзү бай, жалчы жумшайт. Кулакка тартабыз» -дешип, кара тизмеге катташат. Аны туюп калган Кармышак бар мүлкүн таштап, Кашкарга качат. Ал жакта ар кыл себептер менен качып баргандар көп экенин түшүнөт. Көбүн эсе, уурулук кылып, адам өлтүргөндөр, бирөөлөрдү зордоп, малын алгандар, жаңы бийликке каршы чыгып, эл бузгандар. Аларды ээрчип башы маң болгон бей-бечара, жалчы-кедейлер турмуштун айынан байларга карыздар, же жөн эле качкандардын сүрөөнү менен барып алып, кайра кете албай жүргөндөрдү көрөт. Баары бир бөтөн жер, өз жериңдей болбостугун ойлоп, туулуп өскөн жерине кайрылып келе берет.

Өз ыктыяры менен «Жаңы өкмөткө моюн сундум-жарашам» деп Ошко НКВДга барат. Аны ал жердегилер кулак катары камашат. Белгиленген мөөнөтү аяктап түрмөдөн чыгып, айылына келет. Эл катары тиргилик өткөрүп жүрүп, Улуу Ата Мекендик согуш башталган учурда, кайран киши ажалы жетип көз жумат.

# «Акта качыр»



Кармышак бай Алайкуудан Анжиянга мал айдап барып, соодадан дап табат. Ак-Теректеги тандалган аргымактары арбын болсо да, ысыкка чыдамдуу, жолго жүрүмдүү, алыска барса арыбаган, ыңгайы келген жерде түнөп калса, көп оттуу ылгабаган, аяк артар алсам деген ниетте жүргөн. Ойлогон ою кабыл болуп Ферганадагы базарда «акта качырга» туш келип калды. Анысы «атына, заты жарашат» дегендей качырга окшош, узун кулагы шалпайып, жоош ат экен. Кай жерге барып өргүбөсүн ооздуругун чыгарып, жүгөнүн мойнуна түрүп, кое берсе ээсинен алыс кетпей, жерден чыккан чөп аттууну ылгабай күрмөгөн короо чыкты.

Башынан ээси үйрөткөнбү, же болгон пейили ошолбу, эч жакка кетпей, токтогон жеринде айланчыктап жүрө берет. Ысыкка чыдамдуулугун айт. «Ат чымын», «ит чымындар» үймөлөктөп, уя издеген аарыдай талашса да, башын жерден албай бышкырып, куйругун шыйпаңдата, соорусуна чаап коюп, оттогону оттогон. Тим эле ачкалыктан көзү бозоруп, карышып калгандай үзүлө-берилип, күрсүлдөтө чөптү аймайт. Керээли кечке, түнү бою жер куйдуга куюлган суудай болуп, жегени кайда кеткени белгисиз, баягы эле калыбында. Же, жеген курсагы чедирейип, тойгону билинбейт. Жаагы эч талыбай, алдындагыны аймаганы аймаган.

Кармышак аяк артарын карап отуруп:

- Байкуш бир томаяк, жер чаап, дыйканчылык кылып жүрүп, алакандай шакка откозуп үйрөткөн экен. Анан калса от таппай, тойбогон байкушту үйүндө акырга байлап, ар дайым ач калтырган тура. Не болсо да, улоо кадырын барктабаган, байкуш минген экен-деп ойлонуп, туспалдоочу.

Ал айткандай эле, өмүр бою жерден башын көтөрбөй, кетмен чапкан бирөө, «Кийин айгыр болгондо азаптанып, кайда батырам, же качып кетсе кайдан табам» деген максат менен атын жаш кезинде акталатып, кулачка жетпеген чылбыр менен шак четине кыска байлап үйрөткөн болчу. Чымын-чиркейден корунбаганынын жөнү-мээ кайнаткан аптапта калып, атынын чымындаганы, көгөн, сайгак талаганы менен иши жок, кетмени менен алек болгон байкуштун улоосу болчу. Аты да улам, көгөн-чымындын талаганынан жадап, эч арга таба албаганында эмне болсо, ошо болсун деп, көгүнө таянган абалы эле. Же териси калыңдыгынанбы, же чыдамдуулугунанбы, неси болсо да жаңы алган миңгичтин кыял-пейили, баскан-турганы толук малдардан башкача болчу.

Кармышак мурдагы адатынча, канча жолу караңгы түндөрдө, тумандуу жамгырларда таштак жол, тар кыялардан өтүп келди. Жаңы алган аты өр-ылдыйышта басыгынан айныбай мүдүрүлүп, чалыштаган жок. Бир баскан жолунан жазбай, ошол изинен жаңылбаган чебердигин баамдап, кеткен пулуна дайыма ыраазы болот. Кумдуу жайда, же айдоодо көп минилгенби, жерди ныгыра басып, канча жүрсө да, бир аз нымшыганы болбосо, ачуу тери жок.

- Ишке бир жолу бышып, каныk болуп бүткөн экенсиң байкушум. Эми мага келдиң кор болбойсуң. Канчалык мээнет кылсаң, ошончолук сый көрөсүң-деп ичинен ойлоп коет.

Кыргыз баласы миңген атына өзгөчө маани берет эмеспи. Өзүн канчалык сыйласа, мингичин да ошончолук кадырлайт. Ошол себептен элде «Ат сыйлаган жөө калбайт», «Ат, аттан калсаң жат» деген макалдар айтылып, улоо кадыры өзгөчө маани берилген. «Улооң болбосо, жерде сойлогон жылансың», «Ат адамдын канаты», «Ат мингениң, каалаган максатыңа жеткениң» деген сөздөр жөн жайынан чыкпастыгы маалым.

Кыскасы Кармышак, «улоого бир жетиндим» деп, ичинен кымыңдап жүрөт. Анын үстүнө акталган ат, кай жерге барбасын, жылкы көрсө азынап чуу салбайт. Аңги ат баштанып, булкунуп, бошонуп, кысыр байтал издеп, белес ашып качып кетпейт. Акталган аттын бир эле милдети ээсин жонуна мингизип алып, анын ыгына карай басыш. Анан барган жеринде тыныгып, күч топтоп алыш үчүн оттош.

Акталган атты алгандан бери Кармышактын да жаны тынч. Кай жерге барып байласа жака-белин оттоп, кайсап кирет. Каңтарып койсо үргүлөп, эки кулагын шалпайткан боюнча, башын анча-мынча солбуп коюп, тура берет. Айрыкча жайлоого барганда, тушап койгон жеринен алыс кетпейт. Азынап, үйүрүн кызганган айгыр аттар келбейт. Кокустан караанын көрүп, келип калган айгыр, жанына келип бир жыттап, кайра артына басып кетет.

Кармышак башта, башка ат минип келген чакта, жанындагы желедеги, үйүргө койгон айгыр келип, тиштеп, же тээп койбосун деп, бир адам эртеден кечке, кетпей түндөн таң аткыча бант болуп, атты кайтарып, айгайлап отурчу. Эми ал алыстан келсе да, атын таң ашырып суутпайт. «Тери кургаса, отко коет элем» деп, качанга чейин күтүп да отурбайт. Үйүнө түшөөрү менен ээрин алып, жылаңачтап, нокто-жүгөнүн шыпырып, айылга жакын жердеги колотко отко кое берет. Керек мезгилде минип алып каалаган жагына чу коет. Анын жаңы миңгич алганын айылдаштары бири-биринен угуп:

- Ата көйү. Бай өзүнө жараштырып жакшы ат минбейби? Арзанына кызыгып, адашып ала коюптур-десе.

- Атынын сымбаты жарашпаганы менен, жүрүшү бар окшойт?

- Кармышак бай, каалагандай жорго минсе жарашат. Мунун эмнесине кызыкты экен?

- Акталыгы гана болбосо, кулагычы? Уйдун кулагындай делдейип турат.

- Ошон үчүн го «Акта качыр» деп атайт экен.

- Э байдын билгени-билген. Бул мингичти, жөн алган жок,-дешип айылдаштары анын миңгичин көп эле жактырыша беришпеди.

Күз аяктап, эл эгин-тегинин жыйыштырып, кышкы тоютун үймөктөп алган соң, айылдагылардын колдору бошойт. Мал да жайлоого нык семирип, ысык күндө баштарын жерге салып көлөкөлөшүп топ-тобу менен көп эле от кууп, тоют издеп алыс кетишпейт. Ал эми эркектердин көбү жайлоодон жакага келишип, күзгү кымызды кыдырата ичишип күчтүү кымыздын күүсүнөн бакылдаша уккандарын ортого салышат.:

- Ким келин алып, кыз чыгарат? Ким аш берип, той кылат?

Канча үйгө конок алып, кай жактан бери чакырат? Кандай оюн-зоокторду уюштуруп, байгеге, соорунга эмне коет? Аш-тойду ким башкарып, ким тескейт. Канча үй тигилип, кемеге-тай казандар такталып, отун-суу деги эле кем карчты толуктоодо, жетиштүү идиш-аякты камдап, шайма-шай даярдык көрүлбөсө, кемтиги чыгып, келгендердин алдында уят болуп сөзгө калышары, ал үчүн намысты кетирбей, байгеге чабар күлүктөрдү, эңиш, күрөшкө түшөөр, улак чабаар шамдагай балбандарды, келгендерди алаксытаар, көңүлдөрүн көтөрүп, тойду шаңына чыгараар ырчы, чоорчу, комузчуларды деги эле ата-бабалардан келе жаткан каада-салт, өнөрлөрдү, келип-кеткендер айтып кетерлик, тамшантып сөз кылаарлык оюн-зоокторду уюштуруу боюнча кеп тартышат.

Ошондойлордун биринде Жусупбай казы Анжиян-Алайды бириктирип чоң той берери маалымдалат. Ал кезде Фергана аймагы эки Анжиян, Алай деп экиге бөлүнүп айтылчу. Кыргыз, өзбек, тажик, уйгур, түрк, татар, араб ж.б. улутка бөлүнбөй бирге чакырылчу. Демек, тойго көп эл келери, аларды тейлөө бүтүндөй тоолуктардын милдети экендиги айгине эле. Кабар угулары менен ар уруудагы бийлердин тынчы кетип, саяпкерлер күлүктөрүн тапка байлай баштышты.

Ар уруудагылар бири-бири менен кулакдар болушуп, кай жердеги, кайсыл балбандар келери, кайсыл байдын саяпкери кандай күлүк таптаары, кайсыл акын, кайсыл комузчу келери, кайсыл урууларда кандай жарчылар бар? Койчу дегеле, ким кимди тааныры, ким-кимден укканын түгөл ортого салынып, жаңылыктар жаңырып жатып калды.

Бир күнү айылда Кармышак бай «акта качырын» байгеге кошууга таптап жатканы кеп болду.

- Аты «акта качыр» деп аталса, байгеге кошкону эмнеси?

- Бай айныганбы? Анын кесепетинен таздар уруусу насакка калбайбы?

- Бийлер, аба-аксакалдар кой!-дешсин?

- Эми, күлкүгө калат экенбиз да.

- Бай тамашалап айтып койсо керек?

- Бай, бир айтканынан кайтпайт.

- Анын чобурунун саяпкери ким экен?

- Өзү таптайт дешти.

- Атын ким чабар экен?

- Иниси Мамат чабат дешти.

- Балээ бас! Анда жаман чобурун байгеге кошоору анык экен.

- Байдын аты чыкпаса да, кошулду деген даңазасы болсо болот да.

- Бул иште, бир мандем бар. Жаман чобурун кошом деп, башка бир аргымакты даярдап жүрбөсүн?

- Ким билет. Бай атын кошоору анык экен.

Айылдагылар бул кабарга бир ишенишип, бир ишенишпей делдейишти. Айрым өпкөсү көпкөндөр, эртеси эле Кармышак байдын өргөсүнө келишип, ары жакта аркандалбай бош жүргөн, «акта качырды» көрүшүп, «чобурдун» байгеге кошуларына ишенишпеди. Күлүктөй түрү болсочу. Деги сыны да жок. Как элес. Куйрук, жалы мултуюп кыска. Уйдукундай чоң кулагын араң көтөргөнсүйт.

Атайлап келип, кептин чын-төгүнүн байдын өзүнөн сураштан айбыгышты. «Эмнеси болсо да көрө жатарбыз» дешип, көпшүп дөрү сууп, сомсоюп кайтышты кээ бирлери байдын иниси Маматка барышып, биринен өтүп, бири суроо салышат.

- «Акта качырды» бай, байгеге кошору аныкпы?

- Суутуп атканы чынбы?

- Деги эле, таптаган кейпи жок го?

- Айылдагы ат чабышта, балдар менен жарышып көрдүң беле?

- Кантип таптап, кантип суутуп жатасыңар?

- Билбейм. Бай акем байгеге кошобуз –дейт. Мен дале ишенбей жүрөм.

Көргөндөрдүн көпшүнү сууп, бара калгандар кептин чын-төгүнүн билишпей бири-биринин оозун тиктешти.

Кармышак бай күндө кечкурун, күн тегиз отуруп, айлана күүгүмдөгөндө «акта качырды»  минип алып, төмөн түшүп кетет. Кайда барды, кантип кайтты, өзүнө маалым. Өйдө-ылдый бирдей жүрүш менен тээ бир оокумда, түн бышканда келет. «Акта качырдын» ээр-токумун ала коюп, жабуу жаап аса байланат. Как элес болуп бүткөнбү «акта качырдын» эти кызып, тап чыкканы менен тер чыкпай, быр-быр өпкө кага, суулугун

чайнайт. Таң кылайып ата баштаганда, аттын жабуусун албастан, Ак-Теректин булагына жетелеп барат да, жүгөндү тартып, ооздуругун чыгарбай, тиш какшаткан муздак булакка суусунун кандырбай бир –эки ирметип, кайра жетелеп келет.

Ээси эмне талап кылса, ошону аткарып көнгөн «акта качыр» суугa көп дале жутунбай, ээрчий басат. Түзөңдөгү саргая куураган жумшак тулаңга келгенде, бай ат жабууну сыйрып алат. «Акта качыр» аны түшүнгөндөй башын бир чулгуп туруп, эки алдыңкы буту менен тизелей калып, анан узунуна кынтая жатып, оонап кирет. Бүткүл денесин тулаңга сүрө, төрт-беш жолу удаама-удаа оонап-оонап алып, эки арткы буттары менен таканчыктай шарт турат да, катуу-катуу силкинет. Ээси анын оюн туйгандай жүгөнүн шыпырып алып, ноктосу менен тек коюп, алысыраак басып барып, аттын от алганына ыраазы болгондой тиктеп турат.

«Акта качыр» күзгү кыроо түшкөндөн баштап, күздүн как чөбүн орок менен оргондой тегиз аймап кирет. Карт-күрт эттире тегирмендин ташындай болгон салмактуу ыргак менен курч тиштери чөптү майдалап, жутканы билинбейт. Эч нерсеге алагды болбостон, отко бүтүндөй дитин койгон кашеки, анча-мынча бышкырына тээ бир маалга чейин башын жерден албайт. Эки-үч күн ачка калып, эми гана отко коюлган ачка аттай, как тулаңды апсыга аймап, бирөөлөрдөн талашкансып, шашыла жутат.

Күн аркан бою көтөрүлүп, күздүн боз кыроосу бууланып, тоолордун көлөкөсү тартылып бараткан чакта Кармышак «акта качырды» кайрадан булакка жетелеп келип, кандыра сугарат. Атты кайрадан түзөңгө алып келип, бош кое берет. Ээсинен ыраак басып барган «акта качыр» аркаңкы эки бутун тайтайта калып, куйругун көтөрө сийип, тезегин таштайт. Кармышак аттын таштаган тезеги менен сийдигин кунт кое карап, анан мүрүсүндөгү торбону «акта качырга» илет. Аш-баш дегиче жемди күтүрөтө чайнаган ат, бошоду дегендей торбону силкет. Аңгыча мал-салды жайытка айдап, колу бошогон Мамат келгенде:

- Атты токуп минип, мал-салды тосо бер, сууга барганда, көп эле кандыра сугарба, отту каалашынча оттосун деп, үйүн көздөй басып кетет.

Мамат «акта качырды» мингенде ал ыңыркана тартайган буттарын араң шилтеп, бассамбы, баспасамбы дегендей ордунан жаай жылды. Ал колуна камчы албаганына өкүнүп, аттын басыгына канааттанбай улам теминип коет. Ат лөк-лөк желип коюп, ыңгырана баягы басыгына кайра түшөт. Ордунан тай чабым алыстыкка барганда бала жөн койсо ыңгарана басып, теминип койсо лөк-лөк жорткон атка ыраазы болбой, тызылдата чапкысы келди. Колу-бутун далбактата катуу-катуу теминди. Ат аны тоготпогондой токтой калып, куйругун көтөрө тезек таштады.

Баланын ыгына ат көнбөй, аттын ыгына бала көнбөй, бири-бирин түшүнүшпөдүбү. Мамат төөнүн таманындай талпайган туягына, куу эргелчектей тик, тартайган буттарына көз жүгүртүп алысынбады. Анан да тукул жалы тумтуюп, уйпаланган уйгактай болгон түктөрү күнгө күйгөн агындынын топурагындай одураят.

- Мыш, ушуну да байгеге кошом, деп күндө убара. Байгеге чабылчу күлүктөрдүн келбеттери башка. Сымбатын айт. Үйүрдө канчалаган аргымактар бар. Аларды неге таптабайт? Куйрук, жалдары төгүлүп көркөмдүгүн айт. Темине электе ала качып оозун бербейт. Тим эле эликтей келишип, баскан сайын ойноктоп турушат.

Акем кызык эле? Бир ойлогонун эч кимге бербейт. Ушул чобур чыкса, мурдумду туура кеип берейин. Аргымактардын чаңына дагы жетпейт. Мени чабасын дейт. Элге-журтка маскара болоор бекемин? Артта калсам маарага барбай эле, түз үйгө келе берейин-деп ойго чумуп кетти.

Аркада калса көпчүлүктөн да, айылдагы тели-теңтуштары шылдыңдабайбы.

- Эй, чабандес!. Жаман чобуруңа эмнеге ишендиң экен? Ат чаппай жөн эле жүрбөйсүңбү?

- Ха-ха-ха!

-Хи-хи-хи!

Шылдыңга алып каткырышса, жети өмүрүм жерге кирбейби? Кап, камчым болгондо бир сынап көрөт элем. Акеме эмнеси жагат дейм да? Кыжалат болуп, ойго баткан Мамат артынан жете келген, айылдашын байкабаптыр.

- Ассалоом алейкум? деген үндү угуп, чочуп кетти.

Жалт карай калса, өзү теңдүү айылдашы, алдындагы элирген атынын оозун тарта жанына келип калыптыр.

- Ии, кайда?-деди жете келген айылдашы

- Талаадагы малдарга көз салайын деп.

- А мен дагы, жайыттагы малдарды түгөлдөйүн деп, келе жаттым эле. Кошо бастырат экенбиз. Алыстан сени таанып жете келдим. Кана, бастыр?

Мамат шеригине сыр бербей атын теминди.

- И баса? Байгеге, ушул чобурду кошот дештиби?-деп айылдашы сынай тиктеп атынын алды-артын карады. Мамат үндөбөй теминимиш болду.

- Кана, аягын бир сынап көрөлү? Менин атыма жетсе күлүктүгү билинет. Жетпесе тек койгула. Кепке-сөзгө калбай-деп акыл айта, шылдыңдай сүйлөдү.

Анын күлүгү ээсине моюн бербей, улам ооздуругун кемирип, таноосун дердеңдете, тизгинин тарткан сайын керкейип, тууралана, ойкуштайт.

- Кана кеттикпи? Чу де?

Кепке-сөзгө келбей шериги ат тизгинин бошотту. Анын аты заматта аткан октой зымырап, туягынан ыргыган жумшак топурак Маматтын бетине чачылды. Ал бир кызара, бир бозоро, жабуусу делдектеген шеригинин аркасынан ызалуу карап, эмне кылаарын билбей, атына ишенбей Чу-демиш болуп, теминип койду. Алда кайда алыстап кеткен шериги, тээ бир топ жерге барып, өпкөсү көпкөн атын бышылдата, кайра кайрып келип.

- Эмнеге чаппай атасың. Аяп атасыңбы? Же, сууту бузулат деп турасыңбы?

Кызыга сурады да, анын жообун күтпөстөн «акта качырды» тизгинден ала алдыга теминди. «Акта качырдан» корок-корок эте ичинен үн чыгат. Маматтын да каны кызып, тартынчаактап барып  удаама удаа теминди. Лөк-лөк желген ат акырын арышын кере шеригинин артынан түштү.

Бири жетелеп, экинчиси жетектелип аттар бир топко барып, анан теңеше түшүштү. Баятан басыгынан адаша тапыр-тупур болгон ат туягы бир мезгилде бир ыргакка түшүп, дүп-дүп эте жер таптап баратты. Астындагы чобур башка атка алмашкандай, лөк-лөк желип, ичеги-боорду эзип дөңкүлдөгөн

ыңгайсыз абал эми өзгөрүп, Мамат өзүн сызган куштун канатында бараткандай сезди. Бая чылбыр бою жерди бир аттагандай болуп өөдүк-сөөдүк кадам таштап келе жаткан чобурдун канаты жазылып, эми аркан бою аягын таштай, зыпылдап учуп бараткандай. Заматта шеригинин күлүгүнө жанаша түштү. Эки ат тең биринен-бири калбай атаандашып арыштарын керет. Шериги анда санда:

- Айт-айт! Уу-уу! деп тоо жаңырта кыйкырып-кыйкырып, анан чалкалай түшүп ырахаттана каткырат.

Бетине жаба берген шамалдын эпкини аптыктырып, зымырап учкан жебе сымал жерге тийген ат туягы билинбейт. Тим эле айланадагы жаратылыш, тоо-таш, асмандагы булут учуп бараткандай. Маматтын каны бетине тээп, денесин дүркүрөткөн бир сезим, төбөсүнө уюлгуп келип, тарап кетип жатты. Аттардын да, аттарды чаап бараткан балдардын да, кандары кызып, учкан куштун канатында бараткандай өздөрүн бактылуу сезишти.

Бир мезгилде Мамат эсине келе, алдын, жан-жагын караса шериги көрүнбөйт. Бая эле алдыга оозуп чыккандай. Ага жетем деген кыял менен ат оозун жыйган жок. Созулуп жаткан түзөңдүн өтүп, жол өргө таяна бергенде аттын оозун тартып, аркасына кылчая карады. Баягы шериги тээ алыста калыптыр. Улам күлүгүн чылбыры менен ары-бери камчылап, алмак-салмак соорусун сабап келе жатат. Мамат атынын оозун тартканына болбой, күүлөнгөн күлүк, бир топко барганда араң башын булгалай, акырындап токтоду. Ал оозун бербей, ооздуругун кемирген атын оң жакты көздөй бура тартып, шеригинин жете келишин күттү. Ал жетип-жетпей, кыйкыра сүйлөдү.

- Ай-ий! Атың тулпар окшойт. Камчыланбай эле оозуп кеттиң. Менин атым, кантип артта калганын билбейм-деп чын дилинен там бере бакылдады.

Ойкуштап ордунда турбаган шеригинин аты, ооздуругун кемире башын жерге сала, улам бышкырынып, өпкө кагат. Соорусунан тери, оозунан ак көбүгү куюлуп, өзүн токтото албай, мойнун өйдө көтөрүп, башын чалкалата уламдан улам күрс-күрс жөткүрөт.

А Маматтын чобурунун каны эми кызып, көздөрү жайнап,

буту-колу созула сынына келе түшкөндөй. Балдар аттарын өрдө кыйнабай, жай бастырышып бел ашышты. Белестен-белес ашышып, чак түш болгондо жайыттагы жылкыларга жете келишти. Шеригинин атынын аңгилиги күч окшойт. Жайыттагы бээлерди көргөндө азынап, ордунда турбай, улам ойкуштап, ооздуругун кемире жер чапчыйт. Ээсинин тизгинин тарта, шык-шыктап жоошутканына карабай колтук чатынан ак көбүк чыгып, ала шалтак.

Бээлерди чочутпайлы дешип, алыстан имере карашып, өң-түстөрүнө көңүл бөлүшүп, жоктоп санашып, бирге бастырып жүрүшүп түгөлдөп чыгышты. Жайыттагы кулундуу бээлерден алыстап барышып, субай-салтаң байталдарга, кунан-тайларга көңүл бурушту. Жыл жакшы болгонгобу тубар бээ, субай-салтаң бышты, тайлар өңдөрүнө чыгышып, семириптир. Кээ бир кысыр байтал бээлердин соорулары толуп, жалдары тикеленген. Атчандарды алыстан көрүшүп, баш көтөрүшө жалт карашып, кошкурушат.

Жайыттан алыс барышып, шамал жүргөн жонго токтошуп, улоолорун каңтарышып, тулаңга оонаша, жайлоонун салкын абасында өздөрү да эс алышты. Түш кыңкая бергенде демин баскан аттардын белдерин бошотуша сугарышты. Мамат бая агасы дайындагандай атынын ооздуругун чыгарып, булактын суусунан бир-эки имере жутканда жетелеп барып, тоонун тулаңына эркин койду. Ат оттотушкан экөө, салкын төрдө, ным өтпөгөн как чөптүн үстүндө кериле жатып, бир уктап турушту. Шеригинин аты күн салкын тартканына карабай, куйругун улам серпип, ар-ар жердин чөбүн искеп оттосо, Маматтын чобуру турган жеринен чөбүн кыдырата орок менен оргондой текши ылгабай жептир. Аны көргөн шериги, аябай таң калды. Топ чөптү тандабай ирмеп, күтүрөтө чайнаган сайын, как дөңгөчтү таштак жерде сүйрөгөндөй, үн чыгат. Оозу толо чөптү күрмөгөн сайын, жаак булчуңдары одурая чыга түшүп, оозундагы майдаланган отту жутканы билинбейт.

Күздүн кыска күнү батып, тоолордун көлөкөсү улам чоңоюп, туташа баштаганда эки шерик үйлөрүн көздөй жол алышты. Бүгүнкү жарыш Маматка да, шеригине да жагып, байгеде чыгарына ишеним арттырып, жакынкы болчу маарекеге катышып, намыс аларына үмүттү пайда кылды.

Жусупбай казынын тоюнда жүз ат байгеге чабылары белгиленип, каттоого алынды. Баш байгеге килем жабылып, комдолгон төө баш болгон жүз жандык коюлары жарыя болду. Ар дабандан, ар кыл күлүктөрдү таптап, чабандестерин камдап саяпкерлер келишиптир. Тоолуктар аргымактарын жабуу жаап, көпчүгү жок, как ээрдеги чабандестери менен кошуп жатса, чөлдүктөр күлүктөрүн үртүктөп, күйөөгө берчү кыздарындай жасалгалап, эки тараптан жылоолошуп, ого эле тарпи менен алып келип жатышты. Таза кандуу ар кыл тукумдагы-тоолуктардын кара байырынан тартып, түркмөндөрдүн «акыл-текил» тажиктердин «теке» сындуу, ар жагы саклабдардын, тегерек туяк, жоон сандуу ар түрдүү аргымактарын бапестеп, суутуп асырашкан өзбек, казак, уйгур деги эле Фаргана аймагындагы калк өкүлдөрү, бий-билермандары келбети келишкен, койчу не деген гана аргымак-күлүктөрүн кошушту.

- Кармышак бай, баягы «акта качырын» чындап кошот экен - дешип таздар уруусундагылар уу-дуу.

- О кудай, кантер экен?

- Балээ басып, байдын аты чыкпай, насакка калбагай элек.

- Билермандар, байды кой дешпейби?

- Бай, чындыгында айныган, же көпкөн. Чобуру кайдан чыкман эле?

- Суутуп, таптаганын көрбөдүк.

- Ырас, байгеге чабыларына ишенсе, башка бир саяпкерге таптатпайбы.

Кармышак байдын сырын билбегендер, бири-бирине суроо сала өздөрүнчө эле уу-дуу болушуп, уруунун намысына тоолуктардын ариетине күйгөн болушат.

Байгеге чабылар жомоктогудай көп аргымактарды көргөн Мамат да, чобурдун чыгарына ишенбей, кеч боло электе шылдың боло элегинде айныгысы келет. Бирок, агасынын көктүгүн ойлоп:

- Кудай өзү колдосун! деп өңү боз ала. Алда кандай кыжаалат чегип, сарсанаа.

Аргымактар чабуулчу аралык күн мурунтан такталып, элге жарыя болуптур. Жасоолдор ортого чыгышып, ары-бери элди аралап аттарын шатырата бастырышып, көпчүлүккө жарыя кыла кыйкырып жүрүштү.

- Эй, тойго келген жакшылар!

- Аргымактарын кошчу саяпкерлер!

- Уккула! Уккула!

- Укпадым дебегиле!

- Аргымактар Өзгөндүн үстүндөгү дөбөдөн коюлат.

- Маара Кара-Кулжанын этеги Сайдын башында дөңсө белгиленди.

- Ат чапчуу чабандестерде белги болсун, баштарына жоолук байланат. Биринчи атты палан, экинчи атты палан. Онунчу атты палан кармайт.

- Уккула! Укпадым дебегиле!

- Ат айдоочунун талабына көнбөгөндөр, байгеден чыгарылып, соогаттан кур калтырылат.

- Ат жыкмай, ат сүрөмөй жок.

- Кимде-ким эржени бузса, жазана салынып, үй-мүлкү талоонго алынат.

- Он атка байге коюлат.

- Уккула, эл-журт уккула!

- Бийлер! Эл жакшылары. Ар кимиң өзүңө караштууларды тыйгыла. Ереже бузулбасын.

- Кимде ким ережеге баш ийбесе жүз сом жазана!

- Минген аты тартылып алынып, өзү абакка отургузулат.

- Ээй! Калайык калк! Угуп алгыла!

- Ат алмашмай, жолдо кошмой жок!

Кармышак тирикарак иниси Маматка өзүндөй ишенет.

- Чыйрак бол. Байгеге атты чабандестин чабандеси чабат. Анын опурталдуу жактары көп. Коогасы арбын. Ат айдамай да, жолдо жыкмай да көп болот. Кычылыктар арбын. Маарақага келгенде өзүңө сак болбосоң, көрө албаган бирөөлөр жаздым кылып коюдан да кайра кайтпайт. Ал үчүн өтө эле сак болуу керек! Анын үстүнө байгеде жан берип, жан алат. Ат чапкан чабандес өтө шамдагай, өтө куу, митайым, акылдуу болбосо башкалар тебелеп кетет. Көпчүлүктө эч ким аябайт.-деп уламдан улам үйдө да, азыр да, аттарды айдарда кайра-кайра эскертет.

Байгеге кошулуп ат чапсаң таар шымга такымыңды, көпчүгү жок как ээрге какылдата куйругуңду өйкөтүп, барар -келгичекти он эки омурткаң, сегиз көчүгүң жанчылып, эки саның эзилип,

бир жума кыймылдабай төшөккө жатаарың бышык.

Башта канчалык эскертип айтса да, эми ат чубатып, айдаарда  тынчы кетип, бая айткан кеңешин унутуп салгандай кайталап кулагына кумдай куят.

- Ат айдоочу белги берээрде сак тур. Көп ат, тебелеп кетет. Шайма-шай болбосоң, буйдалып кечигесиң. Аттын эти кызыгыча, тизгинди ээрден чыгарба! Жер ортолоп келгенде ээр каштагы бир оромду бошот. Алдыңдагы аттын артында жакын жүрбө. Даңканы тийип, чаңы көзүн тумандатат. Күлүктөрдү басып өтөм десең жандай чап. Өнөктөшүңө жакын жүрбө. Кара ниеттери түртүп жиберет. Үзөңгүнү так сooругa бир тээп, же жотого туштап мээлеп, как дегизе уруп өтсө жерге тийип-тийбей бараткан карысы чарт эте, шалак дей түшөт. Же камчы менен чаап кетет. Көзүңдү жумбай, алдыңы тике кара! Көп аттан алдыга чыкканыңда, аргымактын көзүн кол жоолук менен алмак-салмак сүртүп кой. Үзөңгүнү чирене, бышык тепсең ээрде жеңил отуруп, атка көп эле салмагың түшпөйт. Күлүгүңдү сүрөп, кубат бере, кыйкыра кел!-деген, толгон-токой насааттарды кайталайт.

Агасы айткандай эле Кашка-Теректе аттар ат айдоочунун белгиси менен жапырт чыгышты. Мамат бир караса көпчүлүк дүпүрөп, алды жакта кою чаң чыгып калыптыр. Шаша-буша «акта качырга» камчы басты. Зуу-зуу этип чаң аралаш ышкырган жел. Дүпүрөгөн көп туяктын үнүнөн кулагы тунуп, көзүнө эч нерсе көрүнбөгөнсүйт. Анда-санда атырылып бараткан тулпарлардын куйруктары менен арткы туяктары илеше калат. Баары чуркабай эле жерге тиер-тийбес учуп бараткандай. Алардын эпкининен топурак сапырылып, чаң ыргыгандай туюлат.

Бир-эки чакырымдай жүрүшкөндө аттар улам териле баштады. Мерчемдүү жерди болжоп келе жаткан Маматтын ой боюна койбой, кейкейе чуркап келе жаткан «чобур» башын ылдый сала, жер таптай баштады. Дүкө-дүк, дүкө-дүк үндөр кулакка чабылып, аттардын күчүркөнө бышылдаганы угулат. Улам жол арбып, «акта качыр» алдындагы күлүктөргө  куйрук улай, бучкактап барат.

Үзөңгүнү бышык тээп, ат жалына өмөчөктөгөн Мамат болжогон жерге келгенде ээр каштагы тизгиндин бир оромун

бошотту. Кыска тизгин оозун кемештеп келе жаткан күлүк, башын бир чулгуп алып, эликтей секирик, төрт аягын тең таштайт. Кою, тумандай болгон чаң-жол көрсөтпөй көз байлайт. Туурадан соккон шамал тарапка ыктай атынын тизгинин созо бурду. Астында куйрук улаш бараткан топ күлүктөр түтүндөй созулат. Аргымагы учуп бараткандай жеңил, аяк шилтеши арыштуу эле. Атына кубат бере улам-улам кыйкырып, камчынын көгүн ат соорусуна сылай шилтеген сайын, күчөгөн күлүк топ аттарга теңешип-теңешип, илеше баратты. Эми тизгиндин экинчи оромун бошотсо болчудай. Аны түшүнгөн күлүк башын жерге сала, так түйүлөт.

Чабандес алдына working сересеп салса, куйрук улаш бириндеп бараткан он чакты аргымактар көзүнө чалдыкты. Бир колу менен ээр кашты кармап, экинчи колу менен атынын көзүн, алмак-салмак кол жоолугу менен сүрттү. Күлүктүн көзү пар ачылгандай: аңды-дөңдү аярлабай, коштоп аттап, туяктары жер сабайт. Дүпө-дүп, дүпө-дүп, ат туягынын ыргагындай Маматтын жүрөгүнүн кагышы да дүпө-дүп.

Чай кайнамдай убакыт өткөн соң өңү чаңдан билинбеген, боз чаңгыл жанаша чуркап баратыптыр. Чабандес ээр каштагы тизгинди биротоло бошотту. Ана күлүктү көр. Эми, күлүк өз ыгы менен бут таштап баратты. Ишенимин биротоло атына берген чабандес катуу үн сала кыйкырып, сүрөөнгө алды. Этинен эми тер чыгып, дем алышы бир калыптагы тулпар аярлатпай алдыдагы эки атты басып өттү. Калың элдин карааны, чубулдаган үндөр кубат бердиби жаман чобур жаанын огундай зыпылдап учту. Заматта маарага жетип, биринчи ат кармоочунун жетеги менен кайра тартты.

Кармышактын чобурунун чыкканын көргөн таздарлар кубанганынан, бирин бири кучактап ыйлап жүрүштү.

- Бай, байге куллук болсун!-деген туугандарына, бийлерге, бирден жандык берип, Кармышак бай соогатын үйгө жетпей түгөттү.

Андан көп өтпөй Мати миң баш чоң той берет. Анда да Кармышактын «акта качыры» байгеге кошулат. Аттар Өзгөн мунарасынан кое берилип, Кара-Кулжа айылынын төбөсүнөн тосулуп алынат. «Акта качыр» дагы алдыга келип, Кара-Кулжа дарыясынан өтө бергенде көрө албаган каршылаштар атайлап

Маматты аттан жыгышат. Аны байкап калган таздарлар атты тозуп кармашып, Маматты жөлөп-таяп мингизишет. Жолдо буйдалган күлүк маарага экинчи болуп келет. Ат жыккандар менен чыр болуп «актаган качырга» караган эч ким болбойт. Мамат ат жыккандарды таанып, топ-топтогуларга айтууга чакырылып кетет.

Узак жолдо чаңкап, жетелеген эч ким жок кароосуз калган ат, суу ичип, күйүккөн өпкөсүнө доо кетип, от ала албай карышып өлгөн дешет.

Ал эми Кармышак байдын саяпкерлиги ошол күндөн ушул күнгө чейин эл оозунда айтылып келет.

## Мамат мүнүшкөр



Мамат мүнүшкөр узун денелүү чымырынан келген ак көңүл пенде. Көбүн эсе ит агытып, куш салып тиричилик кылат. Таң атпай туруп, Такылдакка же Көлгө карай түшүп кетет. Күндөгүдөй бүгүн да Такылдакка карай эңкүүлөп оюнда эч нерсе жок келе жаткан. Асмандан шуулдаган добуш угулуп калды. Токтой калып, башын көтөрө, карай калса, калдактап учкан бүркүт көрүндү. Аңгыча болбой барк-барк эткен ителгинин үнү угулуп, бир маалда килейген бүркүт жанынан шуу өтө берди. Артынан ителги кубалап учуп келе жатат.

Мүнүшкөр алды жакта тарп бар окшойт. Ачка канаттуулар ошого шашыла учуп баратканбы деп ойлоп, кайра бүркүт мнен ителги эч убакта бир жайдан жем жемек тургай, бирине-бири көрүнбөстүгү эсине түшө калды. Эки кыраан тең өздөрүнчө аң уулашып, эч убакта биригишпейт. Бири-биринен кызганышып, душмандык жайы да бар. Ал тургай бири-бирине кол салып, чабалы качып, же өлүп кутулат. Андайды Мамат аксакалдардан көп эле жолу уккан эле.

Бүркүттүн чоңдугу ушунчалык, эки канаты эки үзүктөй. Далбак-далбак эттире чоң канаттарын сермей шашыла баратты. Ал эми ителги асманга атып чыгып, кайра шукшурула сайылып тиет. Кайра көккө типтик атырылып чыгат. Ителги жакындап келе калганда, бүркүт чалкасынан түшө эки бутун тырмактарын арбайта, тосо калат. Бүркүт чарчадыбы, аргасы кетип улам кыймылы басаңдап, качыштын аракетин кылды. Бир кезде ителги асманга кайра типтик көтөрүлүп барып, топтомолок таштай болуп, куушурула келип, канаттарын далбактата шашылып бараткан бүркүттү эки канатынын ортосуна коюп өттү. Пыры сапырыла түштү. Бүркүт чоң аткулактын жалбырагындай болуп барып, жерге талп дей түштү. Ителги кайрадан асманга атып чыгып «барк-барк» эткен боюнча кайдадыр бир жакка зыпылдаган бойдон учуп кетти.

Капылеттен болгон бул кармашка күбө болгон

Мамат тээ колотто талпактай жайыла жаткан бүркүттү көздөй, ылдамдап жөнөдү. Ал келгенде далдайган эки канатын жыя албай, бүркүт жер кучактап жатыптыр. Оозунан уюган кап-кара кан түшүптүр. Асманды караса баягы ителгинин карааны көрүнбөйт. Ал сулк жаткан бүркүттү жерден алып көтөргөндө далдайган канаттары бою менен барабар боло түштү. Бүркүттүн өлүгүн өрдө көтөрүп, тердеп-кургап, чарчап-чаалыгып үйүнө келди.

Бүгүнкү окуя Маматтын билишине караганда баштагы күнү ителги алган жемин жеп отурганда бүркүт келип талашкан. Же тартып алган. Ага ителги ызааланып, кек сактап калган. Оңтойлуу учурду аңдып, бүркүттүн сыртынан багып жүргөн. Ошол бүркүт эрте менен кашкулак, же суурду алып, тери-мерисинен бери апсыга бүт жегенин көрүп калган да, качырып келип өйдө көтөрүлгөн.

Бүркүт кокустан учпай отура берсе, күүлөнгөн ителги тоголото тепмек. Аны бүркүт жакшы билет. Ордунан обдула уча берип, ителги жакындап келгенде, тойгон бүркүт арбайган буттарын, ачуу тырмактарын көрсөтө, айбат кыла чалкалай калганы ошондон улам. Анын арбайган курч тырмактарына илинип, чеңгелине түшүп, калбас үчүн, ителги көп жакындабай, улам-улам жазгап өтүп, учурун келтире албай кубалап жүргөн кези экен.

Алган жемин тое жеп, жемсөөсү казандай болгон алкы бузук бүркүт өйдөлөп уча албай кыйналып калган тура. Аны билген ителги удаама-удаа тийип качып, карды тойгон, нары семиз бүркүттү күйүктүрөт. Качан гана жемсөөсүн көтөрө албай, чарчап эңиштеп качканда, ителги оңтоюн келтирип көк желкенин тушу, далынын башы деп уруп өткөн экен. Ителги тепкенде бүркүт эмес, алп каракуш болсо да, далдайып барып, жерге күч менен тиет. Анан ал өлбөгөндө ким өлөт. Ителги күүлөнүп келип тепкен, тегирмендин ташы эки бөлүнө жарылып кеткен экен» деген сөз эл арасында айтылып жүрөт.

Мүнүшкөр: ителгиби, ылаачын-куштун эченин кармап, тапка келтире салып жүрдү. Ал сурагандарга, же тели-теңтуштарына:

- Куштардын кара көңүлдөрүн ыкка келтирип, таптоо көпкө созулат. Ал эми ак көңүлдөрүн ымга көндүрүп, «тил алдыруу» оңой эле. Бир ыгын таап, достошуп алсаң, ал эч убакта сени таштап кетпейт. Ак дили менен кызмат кылат. Ал эми кара көңүлдөрүн таарынтып алсаң, колдон бир чыкса

кайра келбейт. Өлөөрүнчө ачка калса да, кайрылып келүүнү оюна да албайт дечү.

Ителги канаттуу куштардын ичинен өтө кекчил келет. Ошол себептен таптаган ээсине, же туткан мүнүшкөргө таарынып калса оңойлук менен тапка келбей коет. Колдо болсо да жөн. Аскада туулуп, асманда жүргөн канаттуу кушту таптап, көңүлүн табыш, ойлоп көрсө оңой эмес ко? Мүнүшкөрдүн кыраакылыгы, баамчылдыгы, акылмандыгы артык го, чиркин! Ат таптагандан да оор. Күн-түнү тыным албай, зерикпей бир куш менен алек болуп, убакыттын бүткөнүн билбей да калат.

Мүнүшкөрлүк менен алектенген адам, чарбачылыктан калып, бүтүндөй көңүлүн куш таптоого жумшайт. Убара чегет. Кыйналат. Ошол себептен элде «Кушту таптап салбаса кумары канбайт» деген сөз айтылат. Анын сыңарындай Мамат ууга чыгып, аң уулап, кушун серпип турганда бир кумарга батып, бардык түйшүгү эсинен чыгат. Ошол күнү ырахатка бөлөнүп, кубанычы койнуна батпайт.

Кыш кетип жалган курандын аяк ченинде (март айы) алыскы жактан учуп келген куштар келе башташат. Себеби алар ысык жактан, салкын тарапка, баягы үйрөнгөн жерине тукумдачуу жайга кайра келишет. Алардын түрүнө жараша аша турган ашуу белдери, аялдап эс алуучу конуп-түнөп кетчүү мерчемдүү жайлары болот. Көпчүлүк жырткыч канаттуулар бир жерден, же болбосо алына жараша, бүркүт, ителги, ылаачын, кыйгыр куштар өтчүү бийик ашуулардан ал эми момун канаттуу куштар алардан төмөнкү белестер аркылуу өтүшөт. Аны мүнүшкөр жакшы билет.

Ал келгин куштар келеринде бир, кетеринде бир куш күйүткө (кыраандарды кармоого) чыгат. Ителги, куш, ылаачынга ылайык сексен баш торду алдын-ала түйүп ырастайт. Туурасы кулач, эни бир топ болгон тордун көзүнүн чоңдугу бир укумча келип, төрт бурчу төрт чыбыкка байланат. Аны көтөрүп алып жолго чыгат.

Келгин куштар көбүнчө Түз-Белди ашарын көңүлүнө түйгөн күйүтчү, мерчемдүү жерди тандап барып, жер төлө жасайт. Атайлап жантайма жерге казылган аң. Бийиктиги киши бою келип, үстү жабылат. Кыраандар эртели-кеч кайкып учуп өтөт. Мүнүшкөр жер төлөдө отуруп да, жатып да өтүүчү куштарды акмалап күтөт. Асмандагы учуп бараткан куштар аны көрбөйт. Кармап алып, атайлап алып келген кекиликтердиби, же

чилдиби бир бутунан тана тагып, (узун ичке эшилген жип), «жемди» тордун алдына таштап, жем таштап айланма кылып, баягы жертөлөнүн ичинде жиптин учун кармап отурат.

Жемге конгон кекиликти, же чилдин үстүндө төрт тарабындагы чыбык бекитилген торду казыкка байлап, төрт бурч кереге сымал карыш тереңдикке бош сайып койгон. Көзү курч кыраан учуп баратып, баягы «жемди» көрөт да токтоло калып, илип кетүүнүн аракетин ойлойт. Аны байкаган күйүтчү танапты тартып коет. Тордогу кекилик, же чил пар-р эте кыймылдайт. Ал да төбөдөгү кушту байкап ойсоңдой бөжүйт. Аны даана байкаган кыраан бир тутам боло куушурулуп келип, баягы «жемин» тебет. Баягы тор шалак жыгылып, кыраан торго чалынат. Ал «чыгам» деп жулунуп атып, тордун көздөрүнө чырмалып калат. Муну беш колундай билген күйүтчү жертөлөдөн чыга кала, торду көздөй шашыла чуркайт. Аны көргөн кыраан шаңшып, жаасына келип, тап бере жакындатпай коет.

Мүнүшкөр тери мээлейин кийет. Болбосо жаалы келген жапайы куш, айрыкча ителги тери мээлей түгүл, колун үзүп алары бышык. Анын бычагы тумшугунда. Кыраан кара мүртөздүгүн карматып, каары сыртына чыгып, канат-жүндөрү тикеленип, тиштегилеп, тырмактарын матырууга аракеттенет. Андыктан кол менен кармоого болбойт. Ошондуктан тери мээлейин сөзсүз жанына ала барып, атайлап кийип, кыраандын мойнунан ылдый, куйрук учуна чейин куру менен бөлөп ороп, куйрук башынан кур бошоп кетпеси үчүн кайыш менен байлайт.

Мындай иштин эченин башынан өткөргөн Мамат бүгүн да баягы жертөлөсүнө камдуу келген. Торун жайып, кекилигин жайгаштырган соң, жер төлөнүн тешигинен сыртты карап саресеп салып отурган. Бир мезгилде учуп келе жаткан кыраандын карааны көзүнө чалдыга калды. Жан ширин го аны байкаган кекилик да турган ордунда пысып, бөжүп калыптыр. Жиптин учун бир аз тартып койду. Кекилик «пырп» дей түштү.

Асмандагы кыраан атырыла келип, кекиликти баса калам деп барып торго чалынды. Заматта жетип барган Мамат колуна тери мээлейди кийип пырпырата кыйнабай кыраанды, аярлай кармап, канат, куйругун этияттап, сындырбай куруна ороп, кайыш менен байлады. Анан жертөлөгө алып келип, кыраан боону байлады.

Кыраан боо-кыраандын бутун байлоочу кайыш. Ал

чолок боонун эки башы бутка байланып, узундугу сөөмдөй эки эли жыгачтын эки башын, ортосун тешип, чолок боонун эки башы ошого өткөрүлөт. Ал жыгач «айлампа» деп аталат. Анткени, боо чырмалбай айланып турат. Үйгө алып келгенден кийин жыгачтын ортосундагы тешикке узун боо өткөрүп туурга отургузмак болду.

Үйдүн жанына атайын кыраандарды кармоо үчүн алачык жасаган. Ал тегерек-чети далдааланып, ичине туур орнотулган. Туур-кыраандын отурар орду. Туурдун түбүнө темир казык кагып анын башына чыгырык темир жасалган. Андан узун боону өткөрүп, экинчи кагылган темир казыкка байлаган. Кыраан талпынганда чолок боо эки жакка жибербейт. Анын канат-куйруктары сынбайт. Эгер узун бойдон болсо, ал талпына берип, канат-куйругу сынып калмак да, боого чалынып, буттары да майып болмок.

Туурга отургузгандан баштап, жем сугунтуп, үйүр алдыра баштады. Күндө келип, жакын барып этти көрсөтөт. Акырын-акырын бара жонун сыйпоого аракеттенет. Ал парпырап качып, жакын жолотподу. Эт сугунбай, өзүнө жакындатпаган кыраанды ачка койду. Эртеси дагы келип, жем берүүгө аракеттенди. Карды ачкан кыраан «жемди» бир эки чокуй кетти.

-А ак көңүл, тез  эле ийге келгидейсиң» деп, мээлейин колго алып, аны акырын-акырын сыйпалай «жем» тосту. Эт татып калган кыраан, апсыга, жемден чокуй кетти. Чала тоют болгондо, аркан керип «селкинчек» кылып отургузду.

Ала тоют болгон куш эртеден кечке, түндөн таң аткыча термелип, уйку бетин көрбөдү. Эрте менен келип, колундагы этти көргөздү. Куш жулуна эттен чокуду. Дагы чала тоют кылып, жем берер маалда колундагы этти көрсөтсө этке жулунуп калыптыр. Жакын барып, боону кармап, «жемди» тосту. Кийинки күнү жемди алысыраактан көрсөттү эле, шап эте колуна коно калды. Күндө жадабай колунан жем чокутуп жүрүп бир кыйла үйүр алдырды. Жем берген сайын «пө-пөлөп» үнүнө үйрөттү. Жемди үндөө менен чокуган кыраан, аз эле убакыттын ичинде биротоло ээсине берилип кетти.

Мамат кушу үндөккө келген соң, тир-таптоого киришти. Ал да өзүнчө сабак. Кылтактап, же башка бир себептер менен кармалган кекилик, чил, көгүчкөндөрдү узун жипке байлап окчун турат. Аны көргөн куш умтула баштайт. Кое берилгенде ал келип, баягы жемди баса кала чокуй баштайт. Заматта

чуркап келген ээси кушту ажыратып, ысык канына боелгон өпкө-борунан чокутат. Көбүнчө бул балапан куштарды таптап үйрөтүүгө пайдаланылат.

Ошентип асманда жүргөн, жапайы кыраан мүнүшкөрдүн айлакерлиги менен өз болуп, эгерим ээсин таштап кетпей, кайдан болсун үндөгөндө учуп келип колуна конот. Кээ бир мүнүшкөрлөр салган кушун талаага таштап келе берсе, кыраны өзүнөн мурун келип, эгесин тосуп алганы маалым. Куш күйгөн, эригип-зерикпеген, чаалыгып-чарчабаган адамдын иши. Аны саясатчы деп да ататат. Ал эми колго келген кыраандын көңүлүн таап таптап, ууга салып ырахатына баткан адам мүнүшкөр делет.

Мамат мүнүшкөр өмүрүндө эчен куштарды, ителги, кыргый, ылаачын ж.б. таптап салып, алардын алгырлыгына карк болуп, кубана кайтып жүрдү. Кээде жолу болбой, колунан кушун качырып, ызаа болгон күндөрү да болду. Кийинки табына келген кыраандардын учкан алгырлыгынан көңүлү көтөрүлүп ырахатка батканы жууп кетип, куш салуунун кумары менен өмүрүн өткөрдү.

«Таптаган билет шумкарды
Чапкан билет тулпарды
Таптаса шумкар учпайбы,
Чапса тулпар чыкпайбы» (элдик макал) дегендей саяпкерлик, мүнүшкөрлүк өнөр көрүнгөн эле пенденин колунан келе бербейт.

Мүнүшкөр эчен жолу айылындагы ууга ышкылуу өзү теңдүүлөрдү, куш салууга сонуркаган балдарды ээрчитип жүрүп, таптаган кыраандарына чымчыктан баштап уларга чейин алдырып, кумарларын кандырган. Ал тургай кечке чейин кыраандарына алдырган коен, кекилик, чилдерди бөлүп берип, аларды андан бетер кызыктырган.

Аны дайыма үйүндөгү эки-үч тайган, малалары ээрчип жүрчү. Алар күңгөй-тескейлердеги кокту-колотторду, караган-черлүү быткылдарды шимшилеп барышып, бекинип, басып жаткан илбесин, коендорду кубалап чыгышчу. Даяр турган мүнүшкөр таптаган кыраанын агытса, анысы жерге жакын шуулдап барып, тээп өтүп, же курч тырмактары менен чаңгалдап кармап:

- Көздө эле, көздө! Кетти эле кетти!-деп жан алакетке түшө миңгичинен мурда жүткүнгөн ээсинин келишин күтүп

турчу. Ээси жете келгенде басып отурган аңын чеңгелинен чыгарып, жакынкы дөңдөгү ташка барып,

- Мен алдым. Калганын эми өзүң бүтүр дегенсип, канаттарын тарай отуруп калат.

Мүнүшкөр кекилик, чилби, же коенбу ажыратып алып, мууздап «Пө-пө» деп чакырып алып, анын ысуулай этинен кыраанына чокутуп ооз тийгизет. Дагы сала турган болсо, бир эки чокуганда токтотуп, ары карай кетет. Эгер кайра кыраанын салбай турган болсо, чала тоют кыла тойгузуп, колуна кондура атына минет.

Мүнүшкөрдүн ар бир кыймылын кызыга тиктешип, кошо баргандар чарчап-чаалыккандарына карабай артынан ээрчишет. Куш салуудан да, ит агытуу кызык. Керээлден кечке желе жортуп жүргөн топ, күн кыңкая бергенде серүүн дөбөгө келип топтошуп, эс алмакка аттуусу аттарын отко коюшуп, жөө жүргөндөр талыган буттарын кенен сунушуп, биринен-бири аша, мүнүшкөргө суроо узатышат.

- Куштарды кантип таптайсыз?

- Келгин куш, үйрөтүлгөн куш дейсиз. Кантип үйрөтөсүз?

Мамат мүнүшкөр алардын суроосунан түк жадабайт. Билгенин айтып, аларды андан бетер бүйүрүн кызытат.

- Канаттуу-куштардын түрлөрү көп. Куш-деп кыраандарды жалпылап атап жүрөбүз. Анын ар кандай түрлөрү бар. Биз бүркүттөн бөлөгүн ителгини да, ылаачынды да, жагалмайды да, кыргыйды да жалпы жонунан «кыраан куштар» деп атайбыз. Куштун эркеги «чүйлү» ургаачысы, «куш» деп аталат да, жалпы эле алгырлардын эркеги ургаачысынан кичирээк көрүнөт. Куштун ургаачысынын кыялы, эркегине караганда бир топ серт болуп, таарынчаак келет. Андыктан аны уядан алууга, тор жайып торго түшүрүүдө, кылтактоодо, темир канат чагынан, балапан кезинде кармоодон үйрөтүп, телчиктирүү керек.

Көбүн эсе куштар жергиликтүү анан келгин болуп бөлүнөт. Кбүн эсе жай этеги, күз келгенде алар кайра жылуу жактарга кайтар учурда кармаган жакшы. Себеби, куш жазында жумуртка тууп балапан чыгарат. Темир канат болгондон соң аларды учурууга кам көрөт. Жазында алар түлөккө отурат. Ошол кезде куш кармоого, ууга аттанууга болбойт. Андай жорук мүнүшкөрлөрдүн салтында жок. Кушту жазда келгин куштар келген мезгилде кармоого болот. Анда куш кармаган киши өзү үндөктөп, өзү түлөктөн ойдогудай чыгарат, таптайт.

Кармаган куштун баары эле кыраан боло бербейт. Кыраандарды ата-энесинен байкап уядан балапандарын алуу керек. Себеби, илгертен элде «куш уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген сөз бар эмеспи. Кыраан куштар балапандарын ар түрдүү илбесиндердин, канаттуулардын эти менен тойгузат.

- Бул өнөргө кантип кызыгып калдыңыз?

- Мүнүшкөрлүк өнөр өтө эле түйшүктүү. Алар куштун алгырлыгына суктанышып, анын түмөндөгөн түйшүгүнө кайыл болушат. Кармалган кушту үйгө алып келери менен дааналап карап, жашы картаңбы аны байкоо керек. Куштун төрт бешке чыканын барчын дейт. Эки жаштагысы бозум болот. Анткени жүндөрү боз келет. (Боз улан, бозой деген сөздөр ошондон улам айтылып калган). Куш үч жашта бозумдан өтөт. Жүнүндө темгил тамгалары болот. Үч түлөктөн чыкканын таптоосу кыйыныраак келет. Бул куштун барчынга айланып баратканын баяндайт. Куштун бир аз сылап-сыйпап кол башына кондурууга үйрөтүү керек.

Торго түшкөн куштар жемди үч күнгө чейин карабай койгондору да болот. Алар аябай кара мүртөз, тарынчаактары, жем жебесе өлүп калат. Андыктан кыл арканды эки кабаттап, селкинчек кылып, таң аткыча ортосуна кондуруп кою керек. (Селкинчек тептирүү-аны арыктатуу амалы) Селкинчек тепкен куш уйку көрбөйт. Бир эле куш эмес, колго түшкөн кыраандардын бардыгы ушундай жолдон өтөт. Аркан термелген сайын алар уктабайт.

Күн өткөрүп кепти, же көгүчкөндүн кебин чыгарып жипке белинен байлап, жерге тийбегендей кылып, бактын бутагына илип коюп көрсөтөт. Эгер жемсөөсүндө кир бар болсо «көжө» сугунтат. Аткы куюлушу мүмкүн. Аткы деп шекерден мала даам кылып, түтүк салып, аны ууртап, оозу аркылуу куюу. Чоңдугу ашыктай «ак жем» берилет.

Көжөнү таштайт. Аткы ичин алат. Көзүнүн карасы кичирейип, кыраандын мурунку кыял-жоругу өзгөрүлүп, колду карайт. Кепти кайрадан байлап, көрсөтүлөт. Кеп шамалга кыймылдайт. Ага тирүүдөй сезилет. Он кадамдай жерден көрүп, ага талпынат. Тыбырап, токтоно албай, кепти алат. Кеп алдына жемди көрүп, аны тартат. Улам ушундай абалда кайталай берсе куш акырында барып, мүнүшкөрдүн аракетин түшүнүп, тилин ала баштайт- деп Мамат мүнүшкөр

айылындагы кызыккандардын ортосунда зерикпей, кеп сала отурчу.

Мамат мүнүшкөр, өз эмгеги менен тиричилигин өткөргөн киши эле. Күн сайын эл тура электе таң атпай Такылдакка же Көлгө барып тири кармайт. (тири куштарга көгүчкөн, бактек, кашеки тоок, кекилик, чилди тирүү көрсөтүү) Тапканын алып келип, жайылган тордун алдына кармап, өзү көрүнбөс жайга жашынып алып, улам куштар өтөр мезгилде жипти «тартып, кыймылга келтирет. Аны көргөн куш куушурулуп келип торго чалынып мүнүшкөрдүн колуна түшөт. Аны мүнүшкөр үйгө алып келип тапка келтирет.

Жаңыдан кармаган кушун күн сайын үндөктөп отуруп, үйүр алдырат. Үндөктөө, өзүнө үйүр алдыруу, айтканын жасатуудан соң куш эгесине биротоло таанып, «пө-пө» десе колго учуп келет. Табына келген кушун колуна кондуруп Кароол дөбөнүн чокусуна чыгып, уча качкан кекиликке салат. Кекилик артынан кууп кеткен кушунун артынан тору байталын чапкылап, же болбосо өзү жөө төмөн көздөй чуркап кетет. Күн сайын 20-30 чакырым жерди басып түк чарчоону билчүү эмес. Тору байталы да чарчап, арыбады. Канжыгасында кушуна алдырган кекилик, чил, көгүчкөн байланып жүрөр эле.

Кыш болуп кар жааганда, жаңы карга оонаган түлкүлөр өңүнө чыга кызарып, жетилген чагы болот. Мүнүшкөр кара тайганын агытып, түлкү тиштет. Ал кезде Кара-Баткактын айланасында түлкү, жапайы коендор арбын болоор эле. Айылда Мамат аксакалга аңчылык боюнча, куш таптоо боюнча эч ким тең келе алган жок.

Мамат мергендин азыгы жайы-кышы талаадан. Ал элчилеп атайлап союш союп, эт кылбайт. Күн алыс капкан, кылтактарына элик, кыргоол түшүрүп, эң болбой калганда кекилик, чил, көгүчкөн, же болбосо кырманга келген чымчыктарды кылтактап, өзү эле эмес бирге жүргөн шериктерин да илбесиндердин этин жегизет.

Айрыкча темин бастыруу мезгилинде кары-жаш дебей мүнүшкөрдүн айланасында, бири-бирди сурап, экинчи куштун, үчүнчүсү иттин таржымалынан кеп салып берүүсүн өтүнүшөт. Аңгемеси кызык, кепке уста ар биринин суроосуна жазбай билгенин жобурап айтып берет.

Мына бүгүн да жаш балдардын ар бирине туткан чымчыктарын кебек кылып бергизди. Улам тутканынын

жүнүн жулуп, ичин алып, туздап, табылгынын бутагына сайып, очоктогу чокко кайсап, чызылдата бышырып берет. Андан кынык алган жаш балдар биринен өтүп бири келип

- Теминиңизди мен бастырып берип, кечке жардамдашам.

- Мен дагы ат-эшектерди минип айдап берем.

- Мен саманын аңтарышам-дешип мүнүшкөрдүн кебине, бышырып берген кебекке байырлашат.

Мүнүшкөр да алардын бирине өгүз мингизип, темин бастырса, бирин.

- Барып аттын куйрук-жалынан үзүп кел деп жумшайт.

Кырманды айландыра кызыл сапырган, топондуу жерге чымчыктар оңор эмес келип, дан чокуйт эмеспи. Четте жаткан калбырды көмкөрөсүнөн коюп, тээк менен бекитип, узун жипке байлайт. Топ чымчык келип оттой баштаганда, тээкти тарта койсо эки-үчтөн чымчык камалып калып, калбырдын алдында калат. Ал эми кыдырата койгон кылтагына, жем тирип жеп жаткан чымчыктар түшүп, заматта балдар бир-бирден жүндөрүн жулуп киришет.

- Ар бириңе союш союп, ушинтип сыйлайм. Элчилеп, баарыңа бир союш эмес, алдыңа үч-төрт топ союш тартуулап, бүтүн-бүтүн устукан алдырам деп тамашалайт.

Темин бастырышкан балдар мүнүшкөрдүн кебине да сыйына да карк. Ал ансайын мерген:

Кызыл сапырып, кечинде чечкор* кыларын айтып балдарды андан бетер кызыктырат.

- Аба эгинди эмнеге кечинде, же түнкүсүн сапырат?

- Эртели-кеч, же күн батканда, күн чыгарда жогортон шамал жүрөт. Түнкүсүн салкында сапырылган кызыл, топондон жакшы бөлүнөт.

- Баракты мен көтөрүп, сапырсам болобу?

- Баракты түз кармап, жерден үзө бийик көтөрүү керек. Эгиз ыргытылган дан, топондон таза бөлүнөт.

- Баба дыйкан кызылга береке берет дейсиз. Ал келеби? Кандай адам?

- Дыйканчылыктын пири-Баба дыйкан. Ал үймөктөлгөн дөбөгө береке чачат. Ал көрүнгөн пендеге эле жолуга бербейт. Эң бир мээнеткеч дыйканга кана, кол берип кетет.

---

* Чечкор – дыйкандар эгинди кызылдап коюп чечтеп, башына күрөктү сайып коюп, күүгүм талаш жандыкты кызылга жаба мууздап, этин салып жешкен. Кызылга бир да жан жолотпой, ээн коюлат. Эгинди колдоочу пири Баба дыйкан деген куш эгинди көп тезектеп төгүп берет деп ишенишкен. Эгинди этти жеп бүтүп, жатаарда сузулат.

- Биз кол алышсак болобу?

- Баба дыйкан ниети таза, бирөөгө карасанабаган мээнеткеч дыйканга гана жолугат-дешет.

- Сиз баба дыйканга жоолуктуңузбу?

- Ким билет. Ал айылдагы тааныш адамдай болуп, кырманга келет дешет.

- Үндөбөй эле келип, кетеби?

- Кырманга береке дейт. Анан ал «Ороң данга, дасторконуң нанга толсун» дейт.

- Аны келгендердин баары эл айтып жатпайбы?

- Ошол келгендердин бири баба дыйкан болуу керек.

- Баба дыйкан экенин, кантип билсе болот?

- Баба дыйкан келип кеткенден кийин, үймөлөнгөн кызылдын карааны көбөйүп, берекеси ашат экен-дешет.

- Анда ал, ар бир кырманга барып кетеби?

- Баба дыйкан эң жөнөкөй, мээнеткеч, бирөөгө кара санабаган дыйканга гана келет. Баба дыйкан келген кырман берекеси ашып-ташып, дан идишке, орого толуп, катканга жай жетпей калат дешет.

- Анда сиздикине сөзсүз келет экен.

- Эмнеге

- Сиз бирөөгө эч жамандык санабайсыз. Качан болсун мээнет кылып жүрөсүз.

- Оо, сен оңор эмес бала көрүнөсүң. Баарын байкайсыңбы? Эртең чоңойгонуңда да, ким болгуң келип жүрөт.

- Сизчилеп, баба дыйкан болгум келет.

- Себеби?

- Себеби, үйүңүздүн кеме-кетиги жок. Ар дайым наныңыз кеңири, чоң-кичиненин баары сыйлайт.

- Болду, болду. Кана, балдар ишке киришкиле. Күн отурганга чейин теминди бастырып бүтүрө коелу. Анан кечинде кызыл сапырабыз?

- Мен сапырам?

- Абаке, мен да сапырайын?

- Болот балдар. Баарыбыз сапырганды үйрөнөбүз.

- Балдар жабыла дыйкан ырын ырдап, бириси темин айдаса, бириси кырман четин тарап, бириси саман аңтарып киришет.

- Майда-майда, оп майда<br>
Орто жери топ майда<br>
Айланасы көп майда<br>
Жаныбарым оп майда

Майда-майда, оп майда
Майдаланса мага пайда
Самандары сага пайда
Талкандары мага пайда
Орой-орой басканым
Оро толсун оп майда
Орокчунун балдары
Нанга тойсун оп майда-дешет.

Бир топ иш кызый, анан чаңкаганда келишип, суусун жутканы отура калышканда, төбөлөрүнө келип, күйкө термелет. Аны көргөн бирөөсү

- Аба, күйкө намаз окуп жатабы?

- Ики, намаз окубай эле, чычкан аңдып жатат.

- О, жалганчы. Асмандагы күйүнө, жердеги чычканды алмак беле?

- Сен билбейсиң.

- Сенин билгениң ушулбу?

- Аба, мына мунун айтканы туурабы?

- Балдар ар канаттуу кушка, жаныбарга көңүл бөлгөнүңөр оң. Саресеп салып, биле жүргүлө. Күйкө жар бетине уялап, дайыма аңыздын үстүндө учуп жүрөт. Ал чычканга өч. Чычкандар кайда арбын болсо, ошо аймакка көп барат. Ал көбүн эсе кырман, саман үймөктөрдү акмалайт. Күйкөнүн көзү курч. Асманда айланып баратып жөргөлөп бараткан жердеги чычкандарды көрөт да кайкый калып, шап илип, кайра асманга көтөрүлөт.

Күйкөнүн бутунда кытыгысы болот. Уусун аларын алып, бирок, колунан чыгарып жибергидей адаты бар. Балапандарын дайыма чычкан менен баккандыктан балдары да чычканчыл болуп калышкан. Күйкөнүн балапаны бир күндө эки чычкан жейт. Уясында үч балапаны болсо, алты жолу чычкан тутуп келет. Эне күйкө өзү үч чычкан жесе, уялуу күйкөнүн жеген тамагы күнүнө ондон чычканга туура келет.

Күйкөнү таптап, илгеркилер аңга салышчу экен. Адам илаалүү келет эмеспи. Күйкөнү үйрөтүп, эчки, теке алдырчу дешет.

- Абаке кантип чо-оң эчки-текени алат?

- Күйкөнү балапан кезинде уядан алып, жалаң көз чокутуп үйрөтөт. Болгондо да мүйүзгө отургузуп, төмөнүрөөк малдын көзүн салаңдата илип коет. Салаңдаган көзгө жетүү үчүн мүйүздү, же бутакты катуу тырмыша кармап күйкө көздү чокуйт.

Кийин эчки, текени көрүп, учуп жетип, анын көзүнөн чокуй баштаганда, күйкөдөн жазганган эчки-теке аскадан учуп түшүп,

өлүмгө себепкер болгон. Аны адамдар пайдаланган.

- Абаке үкүнү салса болобу?

- Үкү эч нерсени көрбөйт. Күйкөдөй боло албайт го?

- Болот балдар. Бардык ишти жасоого болот.

- Үкүнү эч ким таназар албаганы менен ал алгыр куш. Түнү чабытка чыга турган кыраандардын бири. Ошондон ула «Күндүзү бүркүт үкүнү көрбөсүн, түнкүсүн үкүгө бүркүт кабылбасын» дешет билгендер.

Караңгыда бүркүт башын буруп, уктап отурганда шарт барып, жемсөөдөн алып, жарып таштайт. Үкү күндүзү эч нерсе көрбөйт. Дабыш гана алат. Экөөнүн өчтүгү илгертен бар.

Үкү түнкүсүн чабыттайт. Ал жалтырак буюмдарды жакшы көрөт. Айрым учурларда алтын-күмүш сымал аруу заттардан жаралган буюм –тайымдарды уясына кайдан да болсун алып келет. Себеби түнкүсүн учуп жүргөндө айдын жарыгына чагылышып, жалтыраган буюмдарды алыстан көрүп, көтөрүп алып кете берет.

Ал анча дале бийик эмес таштардын, жарлардын боорлоруна, дарактардын далдаасындагы бутактарга уя жасайт. Уяда үч-төрт жумуртка тууйт. Алардын бирөөсү «сасыткы болуп», үч балапанын учурат. Коендун тирүүлөй бөжөгүн кармап келип баласын тойгузат. Ошондон улам үкүнүн кыраандары коен алат. Тырмагы да курч келип, кээде мээлейди да тешип өтүп кетет.

Эл үкүнү ыйык, түнкүсүн албарсты, шайтанды көрөт. От жагып жаткан жеринен аларды чыркырата колунан кармап кое бербейт. Төрөгөн аялдар «кара басты» болгон үкүнү алып барса, албарсты коркуп качат» дешет.

Айыл жериндеги арпа-буудай айдалган аңыз четинде ар ташып келишип ошол жерде бастырышат. Кээлери кызылын сапырып алган соң, үрөнгө дешип кургатышып, кырман четиндеги дөңсөлөргө оро казышып, ошол жерге көмүшөт. Үстүнө топон, саманды үйүп коюшса, жааган жамгыр, кар өтпөй, кургак турган дан бузулбайт. Бирок, андай жайга талаа чычкан, каларлар үйүр алышып, ийин казышып, балалап, же кыштан чыгышат. Чычкан бар жерге, канаттуу куштар, айрыкча үкү, күйкө байыр алып, кышын-жайын жемин таап, азык алат.

Эски кырмандын терегинен кышын-жайын түлкү дагы кетпейт. Алыскы кокту-колот, караган-черлүү жерди мекендеп ар дайым иттерден жашынып жүрөт. Жазды жайлай, кеч күзгө чейин канаттуу куштардын балапандарын, жумурткаларын терип жеп жан бакса, жер тоңуп, кыш келгенден соң жакынкы жердеги айыл

четин акмалайт. Анда-санда өлгөн малдын тарпы, сасыткылар менен тамактанып, аларды таппай калганда анча-мынча талаага жайылган тоокторду иле качып, жан багат. Такыр тамак таппай айлалары кеткенде келер, чычкан аңдып, жаңы ийиндердин жанынан кетпейт.

Амалдуу, куу түлкүлөрдүн айласын кетиргендер мергенчи-мүнүшкөрлөр. Кайсыл маалда ийининен чыгып, кай жакка жөнөөрү жат. Көбүн эсе түлкү бир изде жүрүп, суу бойлогон жарларды пааналашат. Суусап келген анча-мынча козу-улакты, канаттуу куштардын балапандарын баса кала, тиштеп, далдоо жайга алып жөнөйт. Чакан болсо заматта жеп, ашкан-ташканын жардын кабактарын казып, жумшак топурак менен көөмп коет. Такыр азык таппаганда, көмгөнүн жеп, курсагын тойгозот.

Куу түлкү караан көрсө качып, көрүнбөстүн аракетинде болот. Кокустан колунда мылтыгы бар мергенди, же колунда кушу, ээрчиткен ити бар мүнүшкөрдү көрдү дегиче, жерге житип кеткенсип, жок боло калат. Аны аңдаганы аңдайт. Аңдабаганы «жакындан түлкү көрдүм» деп чаап алуунун аракетинде, эки жагын кайсактап карана издей берет. Ал кээде түлкү караанын жашырып оңор эмес жайга житип жоголот.

Ит агытып, бүркүт салган мергенчилер жер карада тескейди, күнгөйдү кезип, кыр-кыр жондо акмалашат. Аны билген түлкү жар-таштын коңулуна, чарлуу-бутанын арасына кирип, изин жашыра, таптырбастын аракетинде болот. Аны атайын мергенчилердин жардамчылары, ууга кошо чыккан какмачылар айдактап чочутпаса күн батып, караңгы киргенге чейин былк этпей жата берет.

Түлкү көбүн эсе жайы түлөп, кеч күздө, кар бир-эки жолу жаагандан соң, улам карга оонап, өңүнө чыгат. Айрыкча күңгөйлүү жерди байырлаган түлкүнүн териси кызарып, көргөндүн көңүлүн өзүнө бурат. Мергендер дал ушул чакта түлкүгө ууга чыгышып, териси бузулбас үчүн капкан коюп кармашат.

ким жер тегиздеп кырман кылышат. Боолонгон арпа-буудайды

## **Мырза уулу Төөбай**

## ***(Төө балбан)***



Төөбай балбан 1870-жылы оокаттуу үй бүлөдө туулуп, чарбадар болуп, мал багып жүрүп, 1944-жылы 75 жашында дүйнөдөн кайткан. Ата–бабалары улакчы болуп, алардын өнөрүн улаган.

Ал тамаша десе уйкусу кебеген, улак болот десе, кайдан болсо жетип келген, өтө ышкыбоз эле.

Куршабда чоң той болуп, улак берилет деген, кабарды укан Төөбай Турганбай учардын абасы Ысмайыл байдын бир кунанын сурап минип, барат. Тамаша башталып, той башкаруучулар, аты элге таанымал улакчыларды иргеп алышып, бир жайга топтоп жатышкан болот.

–Бакалдардан Төөбай балбан келдиби? дешип, жар салып, аны издеп жатышкан эле.

Кунан минген Төөбай да, улакчылардын катарына келип кошулат.

–Төөбайга ылайыктуу ат тапкыла дешип, Гүлчөдөн баргандар ат издеп калышат.

Бир маалда чоң жоон атты жетелеп келе калышат. Төөбай шарт үзөңгүгө бут салып, заматта улакчылардын катарына барат.

–Бүгүнкү улактын шарты башкараак-дейт той башкаруучу. Ортодо чуңкурда жаткан ноопазды, кимде ким, ат жалынына салып кетсе мөөрөй ошонуку. Ушунча элдин ичинен жыйырма гана улакчыны тандап алдык. Калганынар, ат салбай, тамаша көргүлө деп, жарыя кылды.

Тандалган улакчылар жеңилдене кийинишип, кээлери белинен өйдө чечинип, аттардын ээр–токумун алышып, жеңил-

дете токунуп, биринин артына бири келип, жатышты.

Төөбай кийин келгендиктен улакчылардын он бешинен кийинки болуп кошулду. Жарданышкан көпчүлүк алакан жая бата беришкен соң, чабандестер бир бирден чыгып, алыстан аттарын чаап күүлөнө келип, чуңкурдагы ноопазды шарт көтөрүп, ат жалына жеткирүүнүн аракети менен алек. Жерде жаткан ноопаз оордук кылып, кээлеринин аты мүргүп, тонкочук кетсе, кээлери торпокту көтөрөм деп, аттан оонап түшүп, элге күлкү болуп жатышты.

Эл болгондон сон, балбаны да болот эмеспи. Кээлери чаап барып, күүлөнгөн аты менен чункурдагы ноопазды шыйрагынан кармап, өйдө көтөрүүгө шайы келбей, сүйрөп барып таштап жиберсе, кээлери аттын күүсү менен барып, шыйракка колу илешбей катардан чыгып жатты. Той ээлери улам ноопаздын денесин сүйрөп келишип, ордуна таштанышат.

Төөбайга кезек келгенде, ал атына камчы басып, күүлөнгөн бойдон барып, ноопаздын алдынкы колун шап кармады. Бир аз күүлөнтүп барып, ат жалына арта бергенде, астындагы ат ноопаздын салмагынан улам, чуркай албай жортуп калды. Эл чуулдап

–Азамат. Анык улачы экен. Мээнети ак. Соорунду бергиле – деп жаалап кетишти.

Гүлчөдө чоң улак болуп, улакчылар топтопко бөлүнүшүп бири–биринен талашып жатышты. Күн кечкирип, күүгүм кире баштаган чакта, маарке башчылары кыйкырып, элге кайрылышты.

–Тамашага келген улакчылар! Жарыяны уккула! Бүгүнкү тамашаны соңуна чыгаралы. Бакалың Жошолунун суусунан өткөрүп кет. Тоокең Чакмактан өткөрүп кет. Сабайын Тайгак-Таштан өткөрүп кет. Коңуратын дарыядан өткөрүп кет. Мөрөй чабендестики!

Төөбай шашыла келип, Токторалинин кара кашкасын сурап минип, чоң галани көздөй чаап, кирип кетти.

Улакчылар күн ире–шире болгон чакта да, токтобой бири бирине ат салыша, ортого умтулушуп, кыйкырып жатышты.

Бир чай кайнам убакыт болбой, Төөбай галага кантип кирип кантип жеткен. Бир маалда ат жалындагы улакка, эки бутун ашырып, топ жарып, чыга келди. Аркасынан улакчылар самсып, ээрчип, колу жеткени да, жетпегени да алга умтулушуп, тебелеп кетчүүдөй болуп, күтүрөп келе жатышты.

Гүлчөдөгү сазды, тен бөлө–жарып өткөн кара суу, шар акпай, көл боло, иримденип турчу. Түбү терең болгондуктан, ал жерден эч ким өтчү эмес. Төөбай арытан күү менен келип, аттын оозун бошото, кара кашкага камчы басканда, беш–алты кадам келген көлмөдөн ат, бутун илештирбей секирип өтүп кетти. Кутүрөгөн улакчылар көлдүн четине келгенде, аттарынын оозун тартып, таң кала, туруп калышты.

–Аттын канаты барбы? Бул жерден учуп өтпөсө, ат аттап өтө албас эле. Атка да, Төөбай улакчыга да рахмат дешип, тамшанышат.

* * *

Тегерек–Сазда чоң улак болуп, айрым улакчылардын аты арып, кет–кетке кезек келип, акыркы таштамай, элан болот. Төөбай молдо Райымкулдун сарытобурчагын сурап минет. Жалдын тумшугунан Күнгөй-Жаңынын ортоңку тумшугуна алып барып таштаган, эсепке алынат дешет, улакты башкарып жүргөндөр.

Аралык өр тартып, оңор эмес эле. Ага жеткенге чейин, канчалаган улакчылар, курч аттары менен жетип барып, ал жагынан тартып, бул жагынан тартып, уйпалап жүдөтүшмөк. Анан калса, катар барган эки–үч чабандес, чапка басып, сууруп кетээри да бышык.

Жердин шартын жакшы билген Төөбай, галада үймөктөшүп тургандарды пайлап, четте сары тобурчакты бастырып жүрдү. Бир чай кайнам убакытта, улакчылар ары сүр, бери сүр болуп жатышып экөө–үчөө биригип бири–бирине кол кабыш кыла, башкалардан тосмолой, улакты сууруп чыгышты.

Бирин–бири сүрөп, алдыларындагы аттарын аябай, топтон бөлүнмөккө, жан алакетке түшкөндөргө жетип барып, Төөбай улактын арткы шыйрагына жетер жетпес болуп колун сунду. Ошол кезде алдыдан дагы бир улакчы чыга калып тосмолой тура калганда, улакты такымына басып бараткан чабандес, жазгана Төөбай жакка бурула калды. Ал шарт эки колу менен улактын бир шыйрагын өзүнө булкуп тартканда, беркинин аты чуркап баратып, тык токтой калды.

Карт улакчы аттын күчүнө салып, улактын шыйрагына бутун ашырып, такымына басты. Эки ат чиренип тартышып, токтоп калганда, Төөбай сарытобурчактын соорусуна шыбай, камчы шилтеди. Улак шарт суурулуп, анын үзөңгү боосуна шалбырай,

жерге сүйрөлөрүндө, Төөбай илгертпей, ат жалына аса салды да, тобурчактын оозун, өргө карай бош кое берди.

Күлүккө аттар жетпей, белгиленген жайды ашыра ыргыткан Төөбай, артынан чууруп кууп, келе жаткандарды утурлай бастырды.

Ошол жал кийин «Төөбай улак таштаган жер» делип, көпкө аталып жүрдү.

* * *

Кеңеш өкмөтү жаңыдан курулуп, байлар анчейин моюн суна элек кез. Ар ар жерде, аш–тойлор көбөйүп кетти. Себеби, жаңы өкмөт байлардын малын алып, кедей–кембегалдарга таркатып, өздөрүн жер котортуп, айдат экен деген, каңшаар тарап, «короодогу мал, бөтөнгө кеткичекти, ата–бабалардын арбактарына, арналсын» дешип, колунда бар байлар, ата–бабаларна аш беришип, даңазаларын аттырмакка, соорунду арбын коюп жатышты.

–Жалал-Абад аймагында удаама–удаа, чоң той–аш берилип жатыптыр–деген кабардан улам:

–Тамаша көрүп, улак чаап келели дешип, Төөбай баштаган бир топ чабандестер Жалал-Абадка келишет.

–Чаңгет деген жерге барсаңар тойдун үстүнөн чыгасынар дешет чабандестерди көргөн, жергиликтүүлөр.

Айткандай эле Чаңгекте чоң аш берилип, маарекеге эл көп чакырылыптыр. Балбандар да көп чогулгандыктан, аларды сынамакка, эки жашар өгүз союлуп, бирден көтөртүп жатышыптыр.

–Меймандарга, кезек берели дешип, Төөбайга жол бошотушат. Ал да балбандардын катарына барып, эки жашар өгүздү так көтөрүп, жерден үзөт да, ат жалына артып барып, топтошкош байлардын алдына таштайт.

Мейманга бир ат соорунга берилет.

Кошо барган топ улам аш–тойлорго чакырылышып, улак чабышып, соорун алышып «Алайдан келген балбандар» делип аттары таанылат.

Бир тойдо айылдын байы жакшы атын сатмак болот. Кардарлар келип, жүз элүү баш койго сурашат. Атты сынатмакка баягы бай Төөбайга

–Балбан, менин атымды улакка чаап, кандайлыгын буларга көрсөтүп коесузбу? - дейт.

Төөбай токулуу, даяр турган атты, минип топту

аралата чаап жүрүп, улакты башкалардан тартып алып, көпчүлүктү бир тегеретет да, баягы бай менен кардарларлын алдына келгенде, улакты ыргытат. Ат ошол замат, эки жүз койго баасы, аша түшөт. Аттын ээси сүйүнгөнүнөн бир койдун акчасын берсе, той ээси соорунга бир кунажын ыйгарат.

Төөбай шериктери менен эс алып отурса, бир атчан адам келип ийиле салам берип

–Төөбай балбан, сизди эртенки тойго чыкырып келдим

–Той кайсы жерде болот?

–Чаңгыл-Таш деген жерде өтөт. Мени сиздерге Кочкор балбан жөнөттү деп, баштап барат.

Кочкорбай балбан аларды жылуу тосуп алып, үйүнө жаткырып, жай сурашып, жакындан таанышышат. Эртеси тойго барышса, ал жерде да улакчыларды сынашып, ноопоз союп, эл алдында көтөртмөк болушат.

Алгач Кочкор балбан барып ат үстүндө ноопазды көтөрүп, үзөнгүдөн өйдө жеткирип барып, колу талып, таштап жиберет. Кезек башка балбандарга келип, алар да көтөрүп, жалга ашыра алышпайт.

–Алайдын Бакал деген элинен Төөбай балбан келди. Кезекти бергиле. Көтөрсүн дейт Кочкор балбан, той башкаруучуларга кайрылып.

Төөбай атын таскактата чаап, ноопазды бутунан азыраак сүйрөтүп барып, күү менен так көтөрүп, ат жалына ашырат. Ноопазды өңөргөн бойдон келип, билармандар турган жайга таштап, соорунга ат алат.

Ошол күндөн тартып, Кочкор балбан экөө биригип алышып, аш–тойлордогу улакта, топ жарышат. Чөл элинде соорунга кунажын коет экен. Утуркусун утуру ээрчип жүргөн соодагерлерге сатып, пулун белине түйөт. Эки–үч соодагер менчигиндей болуп, кайда барса артына ээрчип калышпайт.

Төөбайдын оомадысы келип, соодагерлердин соодасы жүрүшүп турган чакта

–Сен бул жерден билинбей кет. Түрктөрдүн улакчылары сенен кызганышып, аттан ажыратып, тебелетип өлтүрөбүз, дешип масылат кылышты деп, жакын санаган бирөө, ага кабар жеткирет. Төөбай ага көңүл да бөлбөй күндө улак чаап, соорунга таштап, бир топтон, экинчи топко өтүп жүрө берет. Бир күнү, кийинки айылда чоң улак болуп, балбан адатынча, жерде жаткан улакты, эңип аларда тегерегиндегилер ат

салышып, оморолотушуп, бир–экөө камчы шилтешет. Үзөңгү менен тээп баш көтөртпөй, уйпалашат. Ошондо гана баягы жан тарткан кишинин кеби эсине келип, улакты таштап, сыртка чыгат.

Артынан акмалагандарга билинтпей, айыл аралап Жалал-Абадка келип, ал жердеги көңүлү жакын достору менен кош-тошуп, Алайга келет.

* * *

Чөл жеринде жыйын–терин болуп, элдин колу бошогон чакта той башталат. Биринен сала, бири келин алып, кыз чыгарып, уул үйлөп, кудалашып, сүннөт той, бешик той, дегеле каадалашып, эл тапканын тойго жумшап, мыйман күтмөй, маареке–тамаша башталат. Албетте, ар бир тойдун эрежеси болуп, көбүн эсе улак тартыш, эр эңиш, күрөш, жорго салмай, тай жарыш, байге сыяктуу чоң оюндар өткөрүлүп, соорунда арбын коюлат. Элдик тамашага алыскы жууктагы жек–жаат, өнөрпоз, балбандарга атайлап кабар берилип, түнөтүп кетир-генге, үйлөр даярдалат. Эртеси тамаша уюштурулуп, уткандар-дын кимдигине карабай соорун ыйгарылат. Ошондон улам Анжиан аймагындагы калктын той–маарекелери окшош. Каада–салттарынын да айырмасы жоктой.

Төөбай көбүнчө күз айларында Куба, Асаке, Фергана аймагына келип, бир айга чейин жүрүп, тааныш адамдарын суутулган аттарын чаап, көңүлдөрүн алат. Алар да «Төөбай балбан келет»–дешип, аттарын суутуп, күтүп алышат. Кубадагы Майрамкан төрөнүн–өз аймагындагы элге аброю оңор эмес эле. Ары бий, ары илимдүү, колунда да бар адамды, баары сыйлашат. Төөбай да жыл сайын келгенде анықында болуп, аттарын чаап, даңазасын чыгарат. Төөбай улакчылыгы менен калың элге дайын эле. Ал минген, улакка чапкан атты «кайсы ат, кимдин аты? «деп, эл суроо салып, «паландыкы» десе ат ээсинин кубанычы койнуна батпай, балбанга алкышын айты-шат. Майрамкан төрөнүн да короосунда жыйырма–отуздай ат дайыма «куу казык» боло, как чөпкө багылып, тапталып даяр турат. Төөбай биринен сала, бирин минип, улакта топ жара, соорунга таштайт.

Жомоктогудай мактоо, даңкы Майрамкан төрөнүкү, сооруну балбандыкы–буга экөө тең ыраазы.

Майрамкан төрө Куба аймагында, «менин атым гана чыкса, башкалардан алдыда болсом» деген ою бар.

Улакка чабылчу аттарын, Төөбайга гана мингизип, башка бирөөлөрдүн аттарын чабууга уруксат бербейт. Кадимки, энчилеп алгандай. Башка бирөөлөр келип:

–Төрөм, балбаныныз менин атымды да чаап, сынап берсин? Сынап бергенге, уруксат болоор бекен? – дешип, алдынан өткөндөргө оң көнүлү келсе, уруксат берет, көңүлү келбесе «колу бошобойт» деп жоопберет. Бир жолу үйүнө келген бирөөнү көрсөтүп:

–Балбан, мына бу кишинин атын чаап, сынап бер деп айтып калды.

Төөбай анын багылган атын минип, топко кирди. Аяктуу жылкы экен. Иши оң келип, көпчүлүк талашып жаткан торпокту, күчтүү ат менен барып, жулуп алып, белгилеген жерге жеткизип, торпокту таштап, ат ээсинин жанына келсе, ат талашка түшүп жатыптыр. Ошол замат бирөөсү, элүү баш кунажынга баалап, алып кетти. Кийинки күнү Майрамкан төрөнүн аттарын алмашып минип, бир күндө жети жолу, болжогон жерге таштап, соорун алат. Майрамкан төрө аттарынын ийгилигине жетине албай, башкаларга жөнөтпөстөн, үйүнө алып келет.

Улакчынын буттары ооруп, эти ысытмалап, түнү бою уктай албай чабалактап чыгат. Эрте менен төрө келип, аны жылаңачтап, чечиндирип караса, сандары оюлуп, жара болуп кетиптир.

–Көз тийиптир. Көз жара, дейт буларды–деп, молдо–сопуларын чыкырып окутуп, чөптөн дары жасап ичирип, он күн бактырат.

–Сен улак чапканды токтот. Үйүнө барып, эс ал деп, бир ай ичинде тапкан соорундарын атка арттырып, оңор эмес белек–бечкек менен үйүнө жөнөтөт.

Төөбай кышы бою үйүндө болуп, кийинки жылы барса, төрө аттарын суутуп, даярдатып коюптур. Бир тойдо күлүк аттарын байгеге кошсо, баштан кийин келип, отуз баш кунажын соорунга алганын, мактаныч кыла айтып берди.

Майрамкан төрө түрктөрдүн Эгемберди Эркебай деген эки бир тууган улакчыларын чыкырып Төөбайды аларга кошуп берет.

–Төө балбанды экөөнө дайындайм. Кайсыл жерде улак болсо, ээрчитип барасыңар. Бирөөлөрдүн катуу сөзү, тийбесин. Кай жерде жүрбөсүн, сый үстүндө болушсун.

Үчөө шерик болуп, аш– тойго кошо барышып, улак

чабышат. Бир айдын ичинде Төөбай балбан жыйырма сегиз баш кунажынды соорунга алат. Ээрчип жүргөн соодагерлерге сатып, кайтаарында бала–чакасына кийим кечек алып, үйүнө жолдуу кайтат.

* * *

Жаңы өкмөт күчүнө кирип, бардык жерде бай–кедей иргелип калган мезгил. Байлардын мал–мүлкү ортого алынып, бергени берип, бербегени жашырып, орун которо, качып кеткен. Кээлери, башка жакка айдалып, кедейлер эл башкара баштаган. Майрамкан төрө да малдарын азайтып, колуна үч–төрт тандамал аттарды алып калган. Төрөнүн да карылыгы жетип, элге көп эле сөзү өтпөй, ишин кылгандардын көбү кол үзүшкөн. Анын үстүнө баягдай, күндө майрам, күндө той жок. Анда–санда колунда барлар аш–той берип, тамашалар да тартыла баштайт. Ошетсе да Майрамкан төрө Төөбай балбанды көрүп сүйүнүп, короодогу аттарын көрсөтүп жүрдү.

–Баягы заманыбыз өтүп кетиптер. Жалчы–мандикер жумшай албай калдым. Жакын санаалашкандар гана келип, кол кабыш кылышат. Аларды да жөн иштетпей, акысын өз убагында төлөп берем. Кең талаадагы эгин эккен, дыйканчылык кылган, жерлердин баарын, ортолукка алышкан. Мага, жан–боор, арык–каналадардын четтери калган. Кудага шүгүр, быягы менен деле тиричилик өтүп жатат. Канча күн жүрүп, канча улакка барам десең мына бул аттар даяр. «Шапак бозду» колдон чыгарбадым. Малымын алды. Көзүмө сүйкүм. Аттарды чаба бер деди.

Күн алыс аш–тойлор болуп, баягыдай күргүштөгөн эл жок. Анча–мынча кызыккандар, жөө–жалаңдар топтолуп келет. Жаш балдар торолуп, жигит болуп, жаш чабандестер чыгышыптыр. Баягы адатына салып, төрөнүн курч аттары менен топту аралай, ары–бери кечет. Көпкө чейин жаш улакчылар суктанып, артыман ээрчишип, анын айтканына көнүп жүрүштү. Улакты жулуп алып–соорунга таштаганыма кызганыштыбы, жаат жаат, болуп бири–биринен бөлүнө, чабандесин коргоп, башкаларды өткөрбөй, тосмолошчу болушту.

Мен аларга карабай курч ат менен жетип барып, чапка басып, улакты жулкуп алып, көбүн сумсайттым. Баягы, топ–топ болгондор, эми бир болуп, мени четтетишип, сыртын сала башташты. Бир күнү «шапак бозду» алкынтып жердеги улакка жетмекке ат салышышып, кара комок болгондорду аралай, жиреп бардым. Улам

теминип, жердеги улакка жетип, көтөрө бергенде айланамда тургандар ат салышышып оморолошуп жатып аттан түшүрүштү. Кээлери камчы шилтеп, кээ бирлери үзөңгүнү теминимиш боло, буттарынын учу менен тээп жатышты. Улакчылардын жаман оюн түшүнө коюп, «шапак боздун» алдына кире качтым. Баягылар улакты ташташып мени менен алек боло башташты. «Шапак боздун» бир бутун кучактап, бир колум менен ичине чапкылап «оо жаныбар, оо жаныбар» деп кыйкыра бердим.

«Шапак боз» менин кыйналганымды туйду окшойт алдынкы колу менен чапкылап башы менен булгалап омурологон аттарды жазгандырды. Ортолук кеңейе түшкөндө үзөңгү боону кармап, аттын ичин катуу–катуу чапкыладым. «Шапак боз» бир эки мөңкүгөндө, шап үзөңгүгө бут салып, ээрге отурдум да, камчы менен атты соорунга тартып тартып жибердим. «Шапак боз» көп аттарга моюн бербей комоктошкон топту жиреп чыкты. Артымды кылчая карасам, улакчылар кайра ортолукка жүткүнүшө биринен бири өтүп теминип жатышты.

–Балбан ажалың жетпептир. Сак калыпсын. Топко киргенде өлтүрөбүз дешип, жергилүктүү улакчылар сүйлөшүшкөн эле. Мен сизге, бая эскертейин десем, кепке сөзгө келбей, топ жыйынга кирип кеттиниз–деп, кыргыз жигит келип, айтып кетти. Азыркы эле окуяны эстеп, анын айтканына ынандым да, Майрамкан төрөгө болгон ишти айтып бердим.

–Заман тескери болуп, менин тилим өтпөй калды. Көрсө, ар нерсенин учуру болот экен. Мүмкүн булардын да учуру келген чыгаар.

– Төрөм уруксат бериниз кайтайын?

–Менин аттарымды чаап даңазамды чыгардын, соодам жүрүп каалаган баага ат саттым. Байге, улактарда мөрөйлөрдү алдым мен сага ыраазымын, бир атымы тарттым. Сага соого болсун. Эми экөөбүз чын дүйнөдө, көрүшөөрбүз. Кудайым жолуңду, ар дайым ачык кылсын. Омийин! деп, бата берди.

–Жапырт колхоз уюштуруу саясаты катуу жүрдү. Эл баш аламан болуп бир багытка түшкүчөктү аябай кыйналышты. Кымбатчылыктан чоң тамашалар токтоп, улакчылардын аягы тыйылды.

## Чаңыл-Таштагы тойдо



Кеңеш өкмөтү жаңыдан курулуп, байлар анчейин моюн суна элек кез. Ар ар жерде, аш–тойлор көбөйүп кетти. Себеби, жаңы өкмөт байлардын малын алып, кедей–кембегалдарга таркатып, өздөрүн жер котортуп, айдайт экен деген, каңшаар тарап, «короодогу мал, бөтөнгө кеткичекти, ата–бабалардын арбактарына, арналсын» дешип, колунда бар байлар, ата–бабаларына аш беришип, даңазаларын аттырмакка, соорунду арбын коюп жатышты.

–Жалал-Абад аймагында удаама–удаа, чоң той–аш берилип жатыптыр–деген кабардан улам:

–Тамаша көрүп, улак чаап келели дешип, Төөбай баштаган бир топ чабандестер Жалал-Абадка келишет.

Айткандай эле Чаңгекте чоң аш берилип, маарекеге эл көп чакырылыптыр. Балбандар да көп чогулгандыктан, аларды сынамакка, эки жашар өгүз союлуп, бирден көтөртүп жатышыптыр.

–Меймандарга, кезек берели дешип, Төөбайга жол бошотушат. Ал да балбандардын катарына барып, эки жашар өгүздү так көтөрүп, жерден үзөт да, ат жалына артып барып, топтошкош байлардын алдына таштайт.

Мейманга бир ат соорунга берилет.

Кошо барган топ улам аш–тойлорго чакырылышып, улак чабышып, соорун алышып «Алайдан келген балбандар» делип аттары таанылат.

Бир тойдо айылдын байы жакшы атын сатмак болот. Кардарлар келип, жүз элүү баш койго сурашат. Атты сынатмакка баягы бай Төөбайга

–Балбан, менин атымды улакка чаап, кандайлыгын

буларга көрсөтүп коесузбу?- дейт.

Төөбай токулуу, даяр турган атты, минип топту аралата чаап жүрүп, улакты башкалардан тартып алып, көпчүлүктү бир тегеретет да, баягы бай менен кардарларлын алдына келгенде, улакты ыргытат. Ат ошол замат, эки жүз койго баасы, аша түшөт. Аттын ээси сүйүнгөнүнөн бир койдун акчасын берсе, той ээси соорунга бир кунажын ыйгарат.

Төөбай шериктери менен эс алып отурса, бир атчан адам келип ийиле салам берип

–Төөбай балбан, сизди эртенки тойго чыкырып келдим.

–Той кайсы жерде болот?

–Чаңгыл-Таш деген жерде өтөт. Мени сиздерге Кочкор балбан жөнөттү деп, баштап барат.

Кочкорбай балбан аларды жылуу тосуп алып, үйүнө жаткырып, жай сурашып, жакындан таанышышат. Эртеси тойго барышса, ал жерде да улакчыларды сынашып, ноопоз союп, эл алдында көтөртмөк болушат.

Алгач Кочкор балбан барып ат үстүндө ноопазды көтөрүп, үзөнгүдөн өйдө жеткирип барып, колу талып, таштап жиберет. Кезек башка балбандарга келип, алар да көтөрүп, жалга ашыра алышпайт.

–Алайдын Бакал деген элинен Төөбай балбан келди. Кезекти бергиле. Көтөрсүн дейт Кочкор балбан, той башкаруучуларга кайрылып.

Төөбай атын таскактата чаап, ноопазды бутунан азыраак сүйрөтүп барып, күү менен так көтөрүп, ат жалына ашырат. Ноопазды өңөргөн бойдон келип, билармандар турган жайга таштап, соорунга ат алат.

Ошол күндөн тартып, Кочкор балбан экөө биригип алышып, аш–тойлордогу улакта, топ жарышат. Чөл элинде соорунга кунажын коет экен. Утуркусун утуру ээрчип жүргөн соодагерлерге сатып, пулун белине түйөт. Эки–үч соодагер менчигиндей болуп, кайда барса артына ээрчип калышпайт.

Төөбайдын оомадысы келип, соодагерлердин соодасы жүрүшүп турган чакта:

–Сен бул жерден билинбей кет Түрктөрдүн улакчылары сенен кызганышып, аттан ажыратып, тебелетип өлтүрөбүз, дешип масылат кылышты деп, жакын санаган бирөө, ага кабар жеткирет. Төөбай ага көңүл да бөлбөй күндө улак чаап, соорунга таштап, бир топтон, экинчи топко өтүп

жүрө берет. Бир күнү, кийинки айылда чоң улак болуп, балбан адатынча, жерде жаткан улакты, эңип аларда тегерегиндегилер ат салышып, оморолотушуп, бир–экөө камчы шилтешет. Үзөнгү менен тээп баш көтөртпөй, уйпалашат. Ошондо гана баягы жан тарткан кишинин кеби эсине келип, улакты таштап, сыртка чыгат.

Артынан акмалагандарга билинтпей, айыл аралап Жалал-Абадка келип, ал жердеги көңүлү жакын достору менен коштошуп, Алайга келет.

## Достошту



Чөл жеринде жыйын–терин болуп, элдин колу бошогон чакта той башталат. Биринен сала, бири келин алып, кыз чыгарып, уул үйлөп, кудалашып, сүннөт той, бешик той, дегеле каадалашып, эл тапканын тойго жумшап, мыйман күтмөй, маареке–тамаша башталат. Албетте, ар бир тойдун эрежеси болуп, көбүн эсе улак тартыш, эр эңиш, күрөш, жорго салмай, тай жарыш, байге сыяктуу чоң оюндар өткөрүлүп, соорунда арбын коюлат. Элдик тамашага алыскы жууктагы жек–жаат, өнөрпоз, балбандарга атайлап кабар берилип, түнөтүп кетир-генге, үйлөр даярдалат. Эртеси тамаша уюштурулуп, уткан-дардын кимдигине карабай соорун ыйгарылат. Ошондон улам Анжиан аймагындагы калктын той–маарекелери окшош. Каада–салттарынын да айырмасы жоктой.

Төөбай көбүнчө күз айларында Куба, Асаке, Фергана аймагына келип, бир айга чейин жүрүп, тааныш адамдарын суутулган аттарын чаап, көңүлдөрүн алат. Алар да «Төөбай балбан келет»–дешип, аттарын суутуп, күтүп алышат. Кубадагы Майрамкан төрөнүн–өз аймагындагы элге аброю оңор эмес эле. Ары бий, ары илимдүү, колунда да бар адамды, баары сыйлашат. Төөбай да жыл сайын келгенде аныкында болуп, аттарын чаап, даңазасын чыгарат. Төөбай улакчылыгы менен калың элге дайын эле. Ал минген, улакка чапкан атты «кайсы ат, кимдин аты?» деп, эл суроо салып, «паландыкы» десе ат ээсинин кубанычы койнуна батпай, балбанга алкышын айтышат. Майрамкан төрөнүн да короосунда жыйырма–отуздай ат дайыма «куу казык» боло, как чөпкө багылып, тапталып даяр турат. Төөбай биринен сала, бирин минип, улакта топ жара, соорунга таштайт.

Жомоктогудай мактоо, даңкы Майрамкан төрөнүкү, сооруну балбандыкы–буга экөө тең ыраазы.

Майрамкан төрө Куба аймагында, «менин атым гана чыкса, башкалардан алдыда болсом» деген оюу бар. Улакка чабылчу аттарын, Төөбайга гана мингизип, башка бирөөлөрдүн аттарынчабууга уруксат бербейт Кадимки, энчилеп алгандай. Башка бирөөлөр келип:

–Төрөм, балбаныныз менин атымды да чаап, сынап берсин? Сынап бергенге, уруксат болоор бекен?–дешип, алдынан өткөндөргө оң көнүлү келсе, уруксат берет, көңүлү келбесе «колу бошобойт» деп жоопберет. Бир жолу үйүнө келген бирөөнү көрсөтүп:

–Балбан, мына бу кишинин атын чаап, сынап бер деп айтып калды.

Төөбай анын багылган атын минип, топко кирди. Аяктуу жылкы экен. Иши оң келип, көпчүлүк талашып жаткан торпокту, күчтүү ат менен барып, жулуп алып, белгилеген жерге жеткизип, торпокту таштап, ат ээсинин жанына келсе, ат талашка түшүп жатыптыр. Ошол замат бирөөсү, элүү баш кунажынга баалап, алып кетти. Кийинки күнү Майрамкан төрөнүн аттарын алмашып минип, бир күндө жети жолу, болжогон жерге таштап, соорун алат. Майрамкан төрө аттарынын ийгилигине жетине албай, башкаларга жөнөтпөстөн, үйүнө алып келет.

Улакчынын буттары ооруп, эти ысытмалап, түнү бою уктай албай чабалактап чыгат. Эрте менен төрө келип, аны жылаңачтап, чечиндирип караса, сандары оюлуп, жара болуп кетиптир.

–Көз тийиптир. Көз жара, дейт буларды–деп, молдо –сопуларын чыкырып окутуп, чөптөн дары жасап ичирип, он күн бактырат.

–Сен улак чапканды токтот. Үйүнө барып, эс ал деп, бир ай ичинде тапкан соорундарын атка арттырып, оңор эмес белек–бечкек менен үйүнө жөнөтөт.

Төөбай кышы бою үйүндө болуп, кийинки жылы барса, төрө аттарын суутуп, даярдатып коюптур. Бир тойдо күлүк аттарын байгеге кошсо, баштан кийин келип, отуз баш кунажын соорунга алганын, мактаныч кыла айтып берди.

Майрамкан төрө түрктөрдүн Эгемберди Эркебай деген эки бир трууган улакчыларын чыкырып Төөбайды аларга кошуп берет.

–Төөбалбанды экөөнө дайындайм. Кайсыл жерде улак болсо, ээрчитип барасыңар. Бирөөлөрдүн катуу сөзү, тийбесин. Кай жерде жүрбөсүн, сый үстүндө болушсун.

Үчөө шерик болуп, аш–тойго кошо барышып, улак чабышат. Бир айдын ичинде Төөбай балбан жыйырма сегиз баш кунажынды соорунга алат. Ээрчип жүргөн соодагерлерге сатып, кайтаарында бала–чакасына кийим кечек алып, үйүнө жолдуу кайтат.

## Шапак боз



Жаңы өкмөт күчүнө кирип, бардык жерде бай–кедей иргелип калган мезгил. Байлардын мал–мүлкү ортого алынып, бергени берип, бербегени жашырып, орун которо, качып кеткен. Кээлери, башка жакка айдалып, кедейлер эл башкара баштаган. Майрамкан төрө да малдарын азайтып, колуна үч–төрт тандамал аттарды алып калган. Төрөнүн да карылыгы жетип, элге көп эле сөзү өтпөй, ишин кылгандардын көбү кол үзүшкөн. Анын үстүнө баягдай, күндө майрам, күндө той жок. Анда–санда колунда барлар аш–той берип, тамашалар да тартыла баштайт. Ошетсе да Майрамкан төрө Төөбай балбанды көрүп сүйүнүп, кородогу аттарын көрсөтүп жүрдү.

–Баягы заманыбыз өтүп кетиптер. Жалчы–мандикер жумшай албай калдым. Жакын санаалашкандар гана келип, кол кабыш кылышат. Аларды да жөн иштетпей, акысын өз убагында төлөп берем. Кең талаадагы эгин эккен, дыйканчылык кылган, жерлердин баарын, ортолукка алышкан. Мага, жан–боор, арык–каналдардын четтери калган. Кудага шүгүр, быягы менен деле тиричилик өтүп жатат. Канча күн жүрүп, канча

улакка барам десең мына бул аттар даяр. «Шапак бозду» колдон чыгарбадым. Малымын алды. Көзүмө сүйкүм. Аттарды чаба бер деди.

Күн алыс аш–тойлор болуп, баягыдай күргүштөгөн эл жок. Анча–мынча кызыккандар, жөө–жалаңдар топтолуп келет. Жаш балдар торолуп, жигит болуп, жаш чабандестер чыгышыптыр. Баягы адатына салып, төрөнүн курч аттары менен топту аралай, ары–бери кечет. Көпкө чейин жаш улакчылар сукталып, артыман ээрчишип, анын айтканына көнүп жүрүштү. Улакты жулуп алып–соорунга таштаганына кызганыштыбы, жаат жаат, болуп бири–биринен бөлүнө, чабандесин коргоп, башкаларды өткөрбөй, тосмолошчу болушту.

Мен аларга карабай курч ат менен жетип барып, чапка басып, улакты жулкуп алып, көбүн сумсайттым. Баягы, топ–топ болгондор, эми бир болуп, мени четтетишип, сыртын сала башташты. Бир күнү «шапак бозду» алкынтып жердеги улакка жетмекке ат салышышып, кара комок болгондорду аралай, жиреп бардым. Улам теминип, жердеги улакка жетип, көтөрө бергенде айланамда тургандар ат салышышып оморолошуп жатып аттан түшүрүштү. Кээлери камчы шилтеп, кээ бирлери үзөңгүнү теминимиш боло, буттарынын учу менен тээп жатышты. Улакчылардын жаман оюн түшүнө коюп, «шапак боздун» алдына кире качтым. Баягылар улакты ташташып мени менен алек боло башташты. «Шапак боздун» бир бутун кучактап, бир колум менен ичине чапкылап «оо жаныбар, оо жаныбар» деп кыйкыра бердим.

«Шапак боз» менин кыйналганымды туйду окшойт алдынкы колу менен чапкылап башы менен булгалап омурологон аттарды жазгандырды. Ортолук кеңейе түшкөндө үзөңгү боону кармап, аттын ичин катуу–катуу чапкыладым. «Шапак боз» бир эки мөңкүгөндө, шап үзөңгүгө бут салып, ээрге отурдум да, камчы менен атты соорунга тартып тартып жибердим. «Шапак боз» көп аттарга моюн бербей комоктошкон топту жиреп чыкты. Артымды кылчая карасам, улакчылар кайра ортолукка жүткүнүшө биринен бири өтүп теминип жатышты.

–Балбан ажалың жетпептир. Сак калыпсын. Топко киргенде өлтүрөбүз дешип, жергилүктүү улакчылар сүйлөшүшкөн эле. Мен сизге, бая эскертейин десем, кепке сөзгө келбей, топ жыйынга кирип кеттиниз–деп, кыргыз жигит келип, айтып кетти. Азыркы эле окуяны эстеп, анын айтканына ынандым

да, Майрамкан төрөгө болгон ишти айтып бердим.

–Заман тескери болуп, менин тилим өтпөй калды. Көрсө, ар нерсенин учуру болот экен. Мүмкүн булардын да учуру келген чыгаар.

– Төрөм уруксат бериниз кайтайын?

–Менин аттарымды чаап даңазамды чыгардын, соодам жүрүп каалаган баага ат саттым. Байге, улактарда мөрөйлөрдү алдым мен сага ыраазымын, бир атымы тарттым. Сага соого болсун. Эми экөөбүз чын дүйнөдө, көрүшөөрбүз. Кудайым жолуңду, ар дайым ачык кылсын. Омийин! деп, бата берди.

–Жапырт колхоз уюштуруу саясаты катуу жүрдү. Эл баш аламан болуп бир багытка түшкүчөктү аябай кыйналышты. Кымбатчылыктан чоң тамашалар токтоп, улакчылардын аягы тыйылды.

## Мелдешип күрөшкөндө



Төөбай Тогуз-Булакта жашоочу. Короого келбей калган субайларын издемекке Бой-Булак тарапка баратса Осмон менен Калбек там алдында буудай жайып, кургатып отурушуп, келе жаткан Төөбайды көрүшөт.

–Улакчы карып калды. Бул азали күрөшкө түшкөн жок. «Күрөштү» – деп уккан да жокпуз. Мелдешип, күрөшүп көрбөйлүбү деп, сүйлөшүшөт. Аңгыча, атчан жүргөн Төөбай жакын келип калат.

–Ассалоому алейкум, коңушулар.

–Ва алекум аассалоом, улакчы. Каякка, ат бастырып?

–Субайларды издеп жүрөм.

–Мал аягы саяк–дейт. Алыс кетпестир. Таап аларсың.

–Ошон үчүн мындай бастырдым эле.

–Улакчы, аттан түш?

–Аттан түшүрүп эмне, сыйлайын дединер беле?

–Сый да болот. Алдын, күрөшүп көрбөйлүбү?

–Кимиң менен күрөшөм?

–Экөөбүз менен тең,

–Мелдешке, кое турган, эмненер бар?

–Мына, жайылып турган буудайды коебуз. А сенчи?

–Минип турган атымы коем.

–Илабиз

–Илабиз.

–Осмон менен Калбек күчкө толуп, баралына келген чактары. Осмондун көлөмү чоң, маракелерде эңишке түшүп, анча–мынчага алдыра элек.

Калбек күрөшкө түшүп, айылда аты таанылып калган. Экөө өздөрүнүн күчүнө толук ишенишип, Төөбай менен күрөшмөк болушту. Аны аттан колтуктап түшүрүшүп, эшиктин алдындагы тегиз жерге баштап келишти. Төөбай сырт кийимн чечинип, белиндеги курун оңдоп

–Кана, кимиң мурун чыгасың?

–Калбек сен күрөш, сенен калса, мен чыгам деди Осмон.

Экөө белден алышышып, таймаша берерде Төөбай Калбекти көтөрүп чапты. Андан соң Осмон алмашып, улакчыны көтөрө бергенде, Төөбай илгертпей булкуп, жерге сулатты.

Экөө боз–ала болуп күүбүнүп тургучакты, улакчы жайылып турган буудайды чогултуп, капка салып, оозун бууду. Байланып турган атын жетелеп келип, капты кучактап, так көтөрүп, атка арта салып, анын үстүнө отуруп жөнөй беринде

–Улакчы, биз капка мелдешкен эмеспиз дешти экөө.

–Кабыңарды бошотуп, уулуман берип жиберем. Илабиз, илабиз деп, улакчы атын бастырып кетти.

## Ботояр бийдин ашында



Кеч күз. Чөл жеринде жыйынтерин эми гана аяктап, эгин талаалар бош калган. Күндө кыш келерин эскертип, боз түшүп, асман бети түнөрөт. Андасанда жааган жамгыр талаадагы борпоң топуракты эзип, жерди жумшартканы менен кайрадан күн тийип, жер тоборсуп бир-эки күндөн кийин жолдон чаң көтөрүлөт. Кантсе да аныз талаалары жумшарып, баскан аттын туягы кирип бошошуп калган.

Ботояр бийдин балдары чогулушуп, аталарынын

арбагын көтөрүп, элге аш бермек болушту. Атасы көзү барында, көк жерге барып көбү менен барыш-келиш мамиле кылган. Ал тургай тоолуктардан дос-жар күтүп, каттосу калың эле. Андыктан элеттен келгендерге камылганы катуу көрүп, кааданы өздөрүндөй көрсөтүүгө шайма-шай даярданышты. Катар-катар боз үйлөрдү тиктиришип, атайлап адия алмакка жакынкы туугандарды бекитишти. Алыскы жууптан келгендер той башталып, аяктаганга чейин кетпейт дешип, аттарына арбын жем-чөп белендешти.

Айткандай эле тоолуктар топтошуп келишип, даярдалган боз үйлөрдөн да ашып калышып, коңушу-колоңдорго конокто болушту. Элеттиктердин өздөрүнөн да аттарын багыш чоң түйшүктү талап кылды. Жем-чөп арбын болгону менен аттарын байлоого жай табылбай, арык четтериндеги бак-дарактарга байланып, от-жем чачылып, анча-мынчамал, жандык тополоңдошкон боoktóн үймөлөктөшүп алыс кетпей койду. Күнүгө аттарын суунтушуп, ары-бери чапкылашкан тоолуктар тар көчөнү ээлешип, бала-чаканы тез-эле жүдөтүп жиберишти.

Көпчүлүк күткөн күн да келип, оюн-зоок, тамашалар кезеги менен өтө берди. Бир күн эңиш-күрөш баш болгон оюндар өткөрүлүп, аларга аралаш байгеге аттар чабылды. Соорун арбын коюлганы менен мөрөй талашышып, чөлдүктөр менен элеттиктер бөлүнүшүп, эки жаат болгонго чейин барышты. Аттуу-баштуу адамдардын кийлигишүүлөрүнүн натыйжасында чыр токтотулуп, тез эле мыназага келишишти. Бирок, улак тартышта чыр чыгып кетеби дешип Ботояр бийдин туугандары кооптонуп калышты. Ар ар топтун бийлерине барышып, ашты тынч өткөрүүгө кол кабыш кылууларын өтүнүштү.

Эртеси, таң атпай жатып, улак чабылуучу аянтка эл жыкжыйма толду. Баштагы күндөрү тоолуктар соорунду көп алышып калган эле. Улакта мөрөй бербейбиз дешип, алдын ала убадалашып, айрымдары кара чапан кийишип, белдерин шайы кур менен курчанышса, кээ бирөөлөрү аттарынын моюндарына ар кыл түстөгү маталарды байлап алышкан.

Төөбай да, баягы жеке чабар адатынча, буларды көп эле этибар ала бербеди. Немат байдын суутулуп, тапталган кер кашкасын минип көпчүлүк катары улактын чыгарылышын күтүп турду. Бир маалда той элери тарабынан улак ортого ташталды. Анча-мынча ала көөдөн чабал улакчылар эртерээк жетип, улакты бир көтөрүүгө ашыгышып аттарын чаап

жөнөштү. Заматта эле этке үйүлгөн чымындай болуп, ортодо жаткан улакка жетүүгө жүткүнүшкөн көпчүлүк калыңдап ат аралатып бастырууга мүмкүндүк беришпейт. Улакчы ишеничтүү атын жай бастырып галанын четине келди. Улакчылар кара комок. Биринен ашып бири ат салат. Кайран гана тулпарлар көп арасында тыгылып, аба жетпей кысылганданбы, энтигишет, Курс-курс жоткурушуп, ынгырана онтогондору угулуп жатты.

Улакчылардын атына дем бере кыйкыргандары, үзөнгүлөрдүн кагышканы күтүрөгөн туяктардын үндөрү кошул ташыл болуп, катуу селдин агымындай дүңгүрөп үн чыгат. Аттардын терине, улакчылардын тери кошулуп, ортолуктан боз түтүн көтөрүлүп, абага сиңип жатты. Эки-үч күн мурда жамгыр жаап, күн кайра ачылып кеткенден уламбы, жумшак болуп, аттардын буттары батып, жер чаңыбай, ачыган камырдай бултуят. Кең талаа көп туяктарга тебеленип, мээси чыга эзилип, кадимки айдалган жердей караят. Чабандес атты көп эле кыйнабай, улакчылардын суюлган четин аралай, галага кирип баратты. Кер кашканын салмагын сала, алга умтулушунан улам, кысылган аттар кетенчиктеп, артта калат. Бир чай кайнап убакыт аралыгында Төөбай биринен бири талашып жаткан ортолука жиреп барды. Кол созууга, али эрте эле. Себеби, чоң аттары менен өзгөчөлөнүп, менмин деп, өздөрүнө ишенген улакчылыр гана талашып жатышыптыр.

Бирде улак жерге түшүп кетип, бирде алгыр чабандестердин шамдагайлыгы менен жерден көтөрүлүп, колдон-колго өтүп балбандардын эч кимиси ат жалына салып, ээр кашка басууга буямалары келбей жатты. Баары эле көпчүлүк болуп тарткылашканынан улам, шериктери жок, өзүнө окшогон жалгыз чабарлар, же шериктери

улгуруп, жандап келе албай жаткандар накта улакчылар эмес экенин божомолдоду. Анын баамы да туура эле. Мындай чоң галада жанаша киришке, же ээрчише калууга эч мүмкүнчүлүк болбойт болчу. Улакчылар аз болгондо гана жамаатташып чабууга, же галадан биргеликте алып кетүүгө мүмкүнчүлүк болмок.

Бирок, улакчы үчүн бул учур да ыңгайлуу эле. Андайда өзүнө ишенген аты күчтүү чабандес гана ала алат. Ал үчүн аты курч, тайсалдабаган, откур болуп, теминген жагынан кайтпай алдыга, салмагын сала, жиреп кирген ат гана утат. Андай мүмкүнчүлүк бир кер кашкада бар. Аны – чу- десе,

алдында жар-таш турса да эки аягын арта салып, жүткүнө кете берет. Кер кашканы теминип, өзү жүткүнгөн сайын улакты бучкактагандарга жакындай берди. Чоң аттардын оморологонуна чыдабай чабал-териси жука аттар кетенчиктей жол бошото берип, артка тисерилет. Ошентип отуруп ортодо беш-он атчан, улакты алмак-салмак биринен бири жулуп алышып, ортолуктан чыга алышпай, кайра алдырып жиберишип, кайра талашышып жатышыптыр.

Бир мезгилде, улам умтулуп келген Төөбайдын колуна улактын бучкагы илеше калды. Адатынча кармаган жеринен кое бербей, улам булкуп тартып жатып, улактын көөдөнүнө чейин ат жалына алып келди. Ошол кезде сол тарабына келген бирөө, ашкан улактын бутун тартып жатып, оң тараптагы катарлашкан эки улакчыдан үзүп алганда улак Төөбайдын ээр кашына арта салына калды. Учурду сая кетербеген улакчы, аттын башын жогору силкип, өзү улакты бекем кучактап, ээр кашка кысты. Кер кашка да мойнун койкойтуп, ээси теминген сайын, алга жыла берди. Анын оң, сол тарабындагы экөө тең дабердес палбан жигиттер экен, улактын буттарынан тартыша Төөбайдан ажырашкан жок. Алардын тайманбаган өткүр аттары да, улакчыга катарлашып, чоң галаны жиреп, алдыга умтулуп баратты. Алардын артынан сүрүлгөн топтун күчүнөн улам, галадагылар да бир топко сүрүлүшүп, топ атчандар сээлдеген четке чыга беришти.

Төөбай кер кашканы катуу темингенде жанаша келаткандар да улакты эки тарапка чоюп тартып, чабандестин онолуп алышына шарт келе калды. Улакчы көз ачып жумгуча эки бутун ашырууга үлгүрүп, чапка басып, бир колу менен улактын шыйрагын үзөңгү боого орой салды да:

-Алгыр болсоңор алгыла. Күчүңөр болсо, жулуп кеткиле - дегенче кер кашканын оозун бошотту. Беркил экөөнүн тең аттары кер кашкадан калбаган учкул болгондуктан улак чапкан кең талааны бир айланып келгенге чейин үчөө жанаша чуркашып калышты.

Ушундан кантип калып калалы дешкен, оң-сол тараптагы улакчылар улакты колдорунан чыгарышкан жок. Ат үстүндө баратышып, бири-бири менен ымдашышканбы, же экөөнүн сөзү бирби, Төөбайдын аты бир аз эле кашандык кыла туурган болсо, экөө аны атынан оодара тартмак.

Жанаша бараткан үч атчандын бирөөсү, улактын

бутун тартымыш боло ортодогу кер кашканы бир колу менен тизгинден кармап, кое берип, чарлуу тыт багын көздөй алып жөнөдү. Шеригинин оюна ортоктош болгон экинчи тарабындагы улакчы шарт улакты кармаган колун кое берип, кер кашканын соорусуна камчы шилтеп, өз атынын ооздугун кере тартты. Бир тарабы ачык талаа болгондуктан Төөбай канчалык атын буруугa аракеттенсе да, ага мүмкүнчүлүк бербеген баягы тизгинден кармаган улакчы карт тыттарды көздөй буруп, төрт атчан бутактуу кош тытка жете бергенде өзү эңкейе калып, Төөбайдын атын бүлдүркөн камчы менен шыбап-шыбап жиберди.

Анын арам оюн кеч болсо дагы аңдаганы менен Төөбай аттын башын буруугa буймасы келбей, кош тыттын жоон бутагына келе бергенде бир бутун үзөңгүдөн чыгара калып, бутакка тосо койду. Анын таманы жоон сандай болгон бутакка дал тийгенде, кер кашка сендиректей түшүп, кайра оңолуп кетти. «Карс» эткен катуу үн чыгып, бутактын чырпыктары Төөбайдын бетине чабыла тийди.

Төөбайгаа да карабастан, бутунун ооруганын сезбей улакты паттага таштап, кайра келсе баягы улакчылардын дайыны жок. Беттери ала чокур канжалап, тилинген улакчы тыт багына келсе, баягы бутун тосо койгон, жоон сандай болгон тыттын бутагы балта менен чапкандай карс сынып, жерде жатыптыр. Ангыча жанаша жерде королоп, улакты тамаша кылгандар биринин артынан бири чуркап келишип, сынган тыттын бутагын көрүшүп баш чайкашты.

## Бейтаанынштын аты

“Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны” демекчи, ат кумарына баткан Төөбай улакчы, кайсы гана жерлерге барбады. ”Палан жерде аш берилет. Пакун жерде той болот” деген кабарды угаары менен камылга көрүп, шайланып турат. Анын үстүнө, кыргыздардагы жакшы салт, ким аш-той берсе, алды ар жерден чыккан атактуу балбан, чабандес, ырчы-чоорчуларды кат башына алат эмеспи. Ар уруунун бийлери да, кай жакка барбасын, аш-тойлорго чакырылбасын, балбан билек чабандес, улакчы, ырчы, комузчу, күрөшкө чыгып, эңишке түшөөр, жаа тартып, жамбы атаар, мергендерди, сөзмөрлөрдү жандарына ала жүрүшөт. Алар намыска уруунун, жада

калса журтун эң негизгиси бийдин атын алыска таанытып, даңаза кылаары белгилүү.

Төөбай улакчы да Баргы уруусунун Бакал уругунан чыккан улакчы экендигин Ош аймагынын чөл тарабындагыларга, айрыкча элет элине маалым. Ал эми Төбө-Коргон, Булак-Башы, Куба, Асеке, Маргалан эли аны Төө балбан деп таанышат. Тамашага аябай берилген Төөбай улакчы улак болот" - деген жердин алыстыгына карабай, үйүндөгү бала-чакасын унутуп кете берет.

Мына, үйүнөн чыккандан бери бир айдан ашып калды. Барган жерлериндеги аш-тойлордо "балбанга" делинип сарпай жабылып, бир сыйра үстү-башы: бут кийиминен тартып, баш кийимине чейин берилет. Эгер тар келип, боюна чак келбесе, ал турган жеринде босогодон ашыра ыргытып:

-Ме, балдарыңа кийгизип кой - десе, той ээси уялып, улакчыга ылайыгын табууга шашат. Анын кандай кийгенин билген той башкаруучулар, алдын-ала сарпай даярдашып, улакчыга чак кийим таптырууга ашыгышат. Ошондон улам, ал кай жакта жүрбөсүн, анын сарпай-кийимдери танылган. Алган соорундары түйүлгөн жүктүү эки атты коштоп шериктери кошо жүрөт. Улакчыдан кынык алган соодагерлердин тенгелери да белинде. Улакчы паттага таштап жылкыбы, кара малбы, же жандык алабы, заматта эсептешип, пулдарын түйүп беришет.

Улакчы Маргаланда аш-тойдо жүрсө, чоң тамаша болоорун айтышып, Кадамжайлык балбандар да үйлөрүнө чакырышат.

-Улакчы жүрүңүз. Биздин жерге барып, тамаша көрүп, улак чаап, кетиңиз? - дешип, аны баштап келишет. Көрсө, андагы Алыш айылындагы Жээнбай бай жакынкы күндөрү чоң той бермекчи экен.

-Той башталганга чейин, эл-жерди көрүңүз-дешип жергиликтүү улакчылар аны, айылма-айыл чакырышып, дос-жар, туугандарын кыдыртышып, сый көргөзүшөт. Зырыят кылуучу мазарларга алып барып келет.

Кадамжай жергесинде Кичи-Алай тоо кыркаларынан эң күүлөп аккан Исфайрам суусу бар. Ал эчен жерди кыдырып барып Нарынга кошулат. Айтууга караганда бул дайранын жээгинде тээ илгерики, илгерки мезгилде Иса пайгамбар элге чоң той берип, майрам кылат. Тойго келгендерге аябай жагат да, ал күндү эстеринен чыгарышпай "Дарыянын боюнда - Иса майрам өткөрбөдү беле" дешип эскеришет. Элдин

эсинен чыкпаган ”Иса майрам” кийин барып, Исфайрам аталып калат.

Ошол Исфайрам дарыясын жээктеп Үч-Коргон, Алыш, Ологыш, Чаувай, Кара-Жыгач, Кара-Кыштак, Майдан, Пум, Чакмак, Кереге-Таш, Кароол, Августа айылдары жайгашкан. Андагы көпчүлүк эл эгиздеги тамаша, Тегирмеч, Сурма-Таш, Лянгар, Айдарбек-Ата, Бевей, Чат Кичи Алай, Тенизбай аттуу азиз жерлерде жашашчу. Кийинчерээк алар энкүүлөп, Исфайрам дайрасынын айланасына көчүп келишкен. Исфайрамды бойлоп Чаубай айылынын кире беришинде темирдин пири, айтылуу Дооту мазары бар. Ага Фергана аймагагынан сырткаркы жерлерден да эл келип, зырят кылып кетишет.

Келген адам сөзсүз дуба окуп, кан чыгарып, тилек-тилесе мазар анын тилегин кабыл кылат дешет. Ошондон улам Кашкар, Кара-Тегин, Чоң-Алай жергесинен келген соодагерлер Маргалан, Кокон, Анжианга өтүп баратып, бул жайга токтобой коюшпайт.

Кадамжай бир чети соода жолу болсо, экинчиси бул тарапка келчүү зырядчылардын борбору катары белгилүү. Күн кур эмес, бул жайдагы касиеттүү мазарларга өзбек, тажик, уйгур, түрк, кыргыз деги эле Фергана аймагындагы жергиликтүү калктан тышкары да меймандардын карааны калың. Ар түрдүү курактагы аял-эркек, бала-чакаларын ээрчитип келип-кетип турушат.

Алыш айылындагы тойго келгендер тим эле кара комок. Адаттагыдай эле ар-ар жерге адиячылар түшүрүлүп, конок каадасынын камы көрүлүп жатты. Төрт жарчы төрт тараптан келген меймандарды күтүп алышып, кай жерге, кайсыл үйгө түшүшөөрүн дайындап, атайын күтүп алчу үй ээлерине кошуп берип жатышты. Тойго келгендердин кайсыл элден, кайсыл журттан келгени кийимдеринен гана байкалбаса, аларды ажыратуу да кыйын. Бирок, минген аттарынын жасалга, жабдыктарын да айрыма бардыгы паамдаган кишиге айкын болчу. Ошондон улам, жарчылар да тандалып, чен сындардан соң, ишенимге ээ болушкандыктан, келген меймандарды көз жаздымда калтырышпай, уруу-уруктарына чейин териштирип жатышты.

Жергиликтүү бийлердин, той башкаруучулардын катуу табыш-ташканынан улам келгендер конок үйлөргө бөлөк-бөлөк түшүрүлүп жатты. Казан- казан эт кайнап, палоо

бышырылып, кемеге башындагылар, буту күйгөн тооктой ары-бери чуркашып жандары тынышпайт. Адиячылардан улам кабар алышып, кем-катыгына өзгөчө көңүл бурулду. Айрыкча улоолору ач калбасын деп, ар бир конок жаткан үйлөргө жем-кашек арбын жеткирилип, боолонгон беде, капталган арпалардан бери ташылып келингендигинен улам, Жээнбай байдын ага-тууган, айылдаштары күнү-түнү азыр болуп турушту.

Таң атып, эрте мененки той ашы тартылган соң, жарчылар элди тамаша көрүүгө чакырып жүрүштү. Алардын айтуусу боюнча бул күнү байгеге аттар чубатылып, алар кегенге чейин эр эңиш, күрөш баштаган, бука тартышмай оодарыш, жамбы атмай тамалары болору. Улак дайын болду тартыш эртеңки күнгө калтырылганын уккандар тамаша өткөрүлүүчү жайга сүрүлүп жөнөдү.

Байгеге чабылчу күлүктөр топтолуп жатты. Атайын шайланган калыстар, таанымал болсун дешип, ар бир атка белги салышып моюндарына чүпүрөк байлашты. Ат айдоочулар алтымыш күлүктү алдыларына салып, чимонду көздөй ай-айдап жөнөөгө камданып турушту. Жергиликтүүлөрдүн көбүнүн үмүтү “көк кашкада” эле. Себеби, “көк кашканын” даңкы, элге эчак эле тарап, аны көбү ”көрсөк” деп дегдешчү.

Наймандардын “көк кашка

Чуркаганы бир башка

Астына күлүк чыкпаган

Эчендеген той-ашта” - дешип, акындар ырга кошуп, көргөндөрдүн көңүлүндө, уккандардын кулагында калган.

Ошол “көк кашка” Майдан айылындагы Адырбайдын күлүгү болчу. Ал тууган-уругуна маслат салбай эле жоо кесек уруусундагы санаалаш досуна сексен тилдеге (алтын тенге) берип, зарыгына иштетет. Аттын кеткенин уккан майдандык боонамандардын ”бай тобу” уругунун бийлери биригип келишип, Адырбайды ортого алышып, баш көтөртпөй тилдеп киришет.

-Бул эмне кылганың Адырбай? Өз алдыңча иш кылып сен көөпсүң.

-Эл башы, уруу бийлерин, аба-аксакалдарды теңиңе албай калгансыңбы?

-Эл-журттун намысына доо кетирдиң!

-Маслат кылсан болбойт беле?

-Ат жалпы элибиздин намысы. Бар. Айнып “көк

кашканы” кайрып кел! дешет.

-Бай акелер! Илабизим арам болбойбу?

-Бар, барака - деп, кол алышып койдум эле.

-Сенин илабизиң бир атка татыбайт. Жалпы элдин намысы кантет? Сенде, намыс-ариет барбы деги?

-Жазаласаңар - жазалагыла. Убададан кайта албайм.

-Сенин убадаң, эл алдында түккө арзыбайт. Барып алып кел!

-Жок. Ага бетим чыдабайт. Бара албайм.

Адырбайды сөзгө көндүрө алышпаган бийлер ортого байлыктарын чогултушуп, Кадамжайга барышат. Жоо кесек уруусунун жакшыларын чогултушуп, сексен тилдеге дагы он тилде кошуп, токсон тилде беришип, “көк кашканы” кайрып алышат.

Көрсө, жакынкы күндөрү Алыш айылындагы Жээнбай байдын той берери, аларга маалым болгон экен.

-Тойдо наймандар жер карап калбайлы дешип, “көк кашкадан” байлыктарын аяшпай, жоо кесек уруусунун жакшылары менен бүтүмгө келишип кайта алып кетишет.

Жээнбай бай тойдун болор күнүн болжоп, ага-тууган, жакынкы-ортолуктагы эл башы, бийлерди ”Кенеш ашка” чакырат. “Кенеш ашта” чакан байге берилип, эртенки чоң тойдо, кайсыл аттар кошуларын сынамак болушат. Жыйырмадай күлүк чубатылып, мерчемдүү жерге барганда аттар кое берилет. Жыйырма аттын ичинен наймандардын ”көк кашкасы” менен төөлөстөрдүн “кал чокусу” бирдей келип ”кенеш аштын” баш байгеси экөөнө тең бөлүнөт.

-Бүгүн, болор иш, болду. Эртең көрөлү. Ашыңарды алалдап, аласыңар - деп Жээнбай бай бетине бата тартат.

Бүгүнкү чубатылган аттардын арасында не деген гана күлүктөр келбеген, Баары эле, учуп кетчүүдөй, аяктары жерге аран тиет. Биринен бири сындуу. Сууттары келишип, бир ордунда тим тура алышпай, жер таптап бийлегенсишет. Күпчөлөгө жалаң токум, жайдак ээр. Узөнгүлөр чыгарылып, үзөнгү боолордун ордуна сыдырма чылбырлар байланган. Чуркаганга жеңил болсун дешип, көмөлдүрүк, куюшкандарын да алып коюшкан. үстүндөгү балдарга моюн бербеген күлүктордүн, тизгиндери кыска, ээр кашка оролгондуктан күлүктөрдүн көбү моюндарын көтөрүп, баштарын чулгуй, кичине эле шыбышка ”селт” этишип, чуркоого шылтоо таппай

турушат. Күлүктөр биринин артынан, бири чубашып топ каркыранып үйүрүндөй болуп, той болгон жерден алыстап баратышты.

Көпчүлүк элдин көңүлү, эми эңиш-күрөшкө бурулду. Булчуңдары буруюп, кийген желектеринин сыртынан билинген балбандар ортого чыгышып, улам-улам алышып жатышты. Лейлектен келген, ”как моюн” балбанды эч бир жан жыга албады. Ага жасалгалуу төө ыйгарылып, күрөш кайра башталды. Күрөшкө чыккандардын жашаган жерлери айтылып, ысымдары көп эле айтылбагандыктан тамаша кылган эл кайсыл жактын балбаны экенин калыстар тобунун кокондук, анжиандык, маргаландык, асакелик, ноокаттык, оштук төбөкоргондук, кубалык, наманганд ык, өзгөндүк дешкенинен улам билип жатышты. Кокондук балбан менен маргаландык балбан мен-менмин деген балбандардын баарын жыгып, акырында экөө эки эт бышымдай убакыт алышып, бирин-бири жыга алышпады.

Бул эки балбанды, эч ким жыга албаганына намыс кылдыбы, же атайлап эле өзүн сынадыбы наймандардан Эгемберди ажы чыга калып, кучакташып турган эки балбанды желкелеринен кармап ажыратып, экөөнү эки колтугуна кысып, ары-бери тегеретип койгондо күлбөгөн эл калбады. Баягы бирин-бири алыша албаган балбандардын буттары жерге тийбей, тыбырчылашып, бошонуунун аракетинде болушту. Эл менен кошо күлүп жаткан бийлердин бир-экөөсү бири-бирин тиктеп, сумсая калышып, ортого чуркап чыгышып:

-Ажым, сизге күрөшкө түшүүгө болбойт. Атыңыз улук, затыңыз бийик. Абайлаңыз? - дешип, эки балбанды андан ажыратышты.

-Күрөшүүсөө, чындап күрөшүшпөйбү. Алышымыш болушуп, аябай эле кыжырыма тийишти. Булардан жадап да кеттим – деп, Эгемберди ажы этегин күбүнө четке чыга берди.

Абийирдүү ажынын күчүнө там бериштиби, той башкаруучулар жасалгалуу төөнү жетелеп келишип, Эгембердиге карматышты.

-Ажы аба, байге сиздики. Алал мээнетиңиз.

-Койгула. Тамаша көрсөткөндөргө бергиле.

-Мөрөйдү уттуңуз. Балбандардын, балбандарын көтөрдүңүз. Мына эл күбө.

-Ажы аба, алыңыз? Мөрөй сиздики! дешип, эл чуубулдап жибериштти.

-Эл каалаcа мейли деп, Эгемберди ажы жасалгалуу төөнү жетелеп барып, небересин тизесине чыгарып жерде талпайып отурган куур тон, түлөгөн тебетейчен абышкага карай буйлалуу төөнүн жибин ыргыта:

-Ме, балаң дайым мөрөй алып жүрсүн деп, ары басып кетти.

Турган эл Эгемберди ажынын алптыгынан да, марттыгына там берише ыраазы болуп турушту. Тамаша андан ары уланып, элдик оюндар өткөрүлүп жатты. Күн батарга жакын:

-Аттар келатат. Аттар келатат! - деген чуу чыгып, котологон эл жабыла чуркашып, жол тосуп чыгышты.

Той башкаруучулар баш аламан чуркагандарды тыйып. .

-Артка. Жолго жакындабагыла. Аттар тебелеп кетет. Жол четинен өтпөгүлө - дешип, анча-мынчасын какыс-кукус кыла аркага суруп жатышты.

Аңгыча болбой төмөндөн, күлүктөрдүн алды көрүндү.

-Келатышат.

-Күлүктүн алды көрүндү.

-Кайсыл ат экен?

-Өңү-түсү билинбейт.

-Жок. Кара көрүнөт.

-Сүлүктөй кара ат экен.

-Кашкасы көрүндү. Өңү-түсү билинбейт.

-“Кал чоку”да эмес.

-Кайсыл ат болуп кетти?

-“Көк кашка” болсо кашкасы билинбейт беле?

-“Көк кашка экен. Айда! “Көк кашка”.

-Айланайын “Көк кашка”! Туягыңдан айлайын, кашкаңдан тегеренейин. Намыс алып берди. “Көк кашка” келди! “Көк кашка” утту! Элдин баары “Көк кашка”-деп кыйкырып жатышты.

Пумдагы төөлөстөрдүн буйга уругунан чыккан Туяк ырчы ортого чыгып, шаңшып ырдап элге кайрылды:

Үч чейрек жүктөйт тоого.
Эс үйрөтпө бөөгө,
Үч чейректен төрт ашык.
Төрт бөөнүн түгөл эси ашык.
Алты сан кыргыз чогулуп,
Келип калды бул ашка.

Аламан элди тан кылып,
Бөлүнүп келди Көк кашка.
Адамдын баарын аңкайтып,
Атылган жаадай Көк кашка.
Аркардай көзүн жайнатып,
Сымбаты, көркү бир башка.
Көк кашка оозуп байге алды,
Чымчыктын аты кур калды.
Пусурманкул кагадак (зыкым)
Тапты экен кайдан тулпарды,
Куйрук-жалы кулпуруп.
Кулундай сындуу жаныбар,
Куландай, болуп умтулган.
Аргымактын багы бар,
Чымчыктын аты оозбойт деп.
Наймандар туруп чуу салды.
-“Мөрөйдү бизге бербейт” деп.
Төөлөстүк бийлер сумсайды,
Жүгүрө берип өйдө-ылдый.
Уйгурлар жаман күйүктү.
Ардактап баккан тулпары,
Актабады үмүттү.
Аттарды барып көрүштү,
Аралап жүргөн сынчылар.
Оозуп келген күлүктү,
Ырдады мактап ырчылар.
Кызырдын салган деми бар,
Араандай оозу ачылып.
Ар кырап келет жаныбар,
Түгөнтүп айтсам силерге.
Туякта ырдын кани бар,
Тукуму жаман атыны.
Ак-Суудан барып тосуптур,
Алдына келген аттарды,
-Атымы мен да кошом деп.
Уялбастан куу чарык,
Пайгеге колун созупутур.
Арадан чыккан калыстар,
Алтымыш атты айдады.
Таанысын деп алыстан,

Мойнуна белги байлады.
Аты күлүк адамдар,
Алып жатты пайганы.
Жүз күн минип чапса да.
Жүздөбөгөн ат экен,
Байгеге кошуп ат чапмай
Мурунтан калган салт экен,
Оозгон атка төө коймой.
Тоолуктар жүда март экен
Байгеге чапкан жерлери
Чоң алыштын этеги
Чымчыктын аты жүгүрүп.
Көк кашкага жетеби,
Атагы чыккан күлүктү
Апыртпай ырдап кетели,
Алты миң кыргыз чогулуп.
Ат чапкан жерге барышты,
-Өзүнө тартып кетпе"-деп.
Ортого койду калысты,
Көрүнгөн жактан бакырып
Көтөрдү башка. Алышты.
Жээнбай байдын ашына.
Жети уруу кыргыз келишти
Чыгарып койду ортого.
Оодарышмак эңишти,
Көп аттан оозуп байге алган
Көк кашка алды жеңишти.

Турган эл акындын калыстыгына, таамай айтып, күлкүгө айландырган тамашасына ыраазы болушуп, алкыштарын билдиришти.

Байгеден соң, улакка кезек келип, чабандестер биринин артынан бири сурулуп, чыгышып, Чоң-Алыш азан-казан. Баары эле ат салышып, ортодогу улакка жетүүгө аракеттенип, күлүктөрүн жан-алы калышпай теминишет.

Тообайдын мингени, күндөлүк эле аяк артаар аттардан эле. Улакчылардын дүрбөлөңүнө кошулуп, ал да галага келип, улакка жетүүгө теминип кирип барганын өзү да билбей калды. Тандамал аттарды кечип, алга жылууга дарманы келбеген атына карабай, улакчы адатынча улам жүткүнөт. Галага жиреп кирип бара албаганга улакчы ызааланды окшойт, жанаша

жүткүнүп жаткан улакчылардын бирисинин атынын куюшканынан тарта жетип өзүн атынан оодара тартты. Анын кылыгына ачуусу келген берки улакчы, көп аттардын арасында жерге түшпөй, жанаша турган аттарга учкаша калып, Тообайды темитти:

-Эй кандай дооперез адамсыз? Опурулуп-жапырылып, кайда? Мени эмнеге аттан оодара тартасыз?

-Ананайын үкө, атыңы бере тур? Улакты алып чыгып, өзүңө ашырайын.

-Менин атымы талашпай, өзүңүздүн атыңыз менен бара бериңиз.

-Менин атым чабал. Галага кире албайт.

-Галага кире албаган атты минип эмне кыласыз? Андай болсо улакка келбей эле койбойсузбу?

-Улакка майып адам гана келбей койбосо, алты саны аман кыргыз улакты угуп, үйүндө жата алабы? Бер атыңды, улакты бир таштап келейин?

-Ой, ээй! Ушунча элди көзгө илбей, айтканын көр. Улак ашырып, таштамак оңой бекен? Өткөрүп койгонсуп “атыңы бер”? - деп, мен сизди таанныбайм.

-А сен дале жан-алың калбай теминип жатпайсынбы? Таанныбасаң, таанышабыз. Көп опурулба. Мага ишен.

-Мен атыма ишенем. Бир барып, жерден көтөрмөй сайын жаным тынбайт.

-Азамат экенсин. Атыңы бер? Улакты алып чыгып сага ашырайын?

-Алып чыгалбасаңызчы?

-Анда, атымы алдыңа тартам.

-Ой, чын элеби?

-Келе колду. Сенин атың жарачуудай.

Эки улакчы, бири-бирине кыйкырып жатышып, акыры мыназага келишти.

Ат ээси ичи ооруна:

-Бирөөнүн атын аябай, галада майып кылып койбоңуз? Сатканы жаткам.

-Кардалы даярбы?

-Даяр.

-Анда, каалаган баага сатып берем.

-Улакчы ишенкиребей башын ийкей, сынап тиктеди. Эки улакчы топ галанин четинде мыназага келишип, кысылган аттардын арасында экөө тең, жерге түшпөй турушуп, аттарын алмаштырышты.

Төөбай билгендей эле, алдындагы ат жазганбай, теминген сайын топту жарып баратты. Улам алдыдагы атты куюшкандан тартып, ат үстүндөгү ээсин жөөлөп, канчалык кысылганына кайыл боло, атты оморолото жыла берди. Чай кайнам убакыт өттүбү, өтпөдүбү ким билет. Бир кезде улакчылар кайнаган галага жетип барыптыр. Бирин-бири кубаттап, бака-шака түшкөн чабандестердин кыйкырыгы, кысылган аттардын ыңгырана, онтоп, күшүлдөп-бышылдаганы миңдеген туяктардын күтүрөтө жер таптаганынан улам, ортолук кадимкидей түтөйт. Улакка жеткендерге эңкейүүгө жол бербей улакчылар биринен сала, бири аттарына оморолотушуп, ары сүр, бери сүр күч алып, баш көргөндү, көз көрбөй, бирин-бири таанбайт. Таанууга көңүл буруп коюшпай, көпчүлүктүн эси-дарты ортодо жаткан улакта.

Галани суу кечкендей жиреп, анча-мынча чакан аттарды оморосу менен сүргөн чоң аттардан улам ортолук ачыла түшүп, жаткан улакка кол созгон кашка аргымакчан чабандес, шап улакты шыйрактан кармап ат жалына көтөрө бергенде, анын артындагы топтун умтулуусунан улам, жерден көтөрүлгөн улак анын ээр кашына жетпей салбырайт. Ортодо кысылып, жанындагы жанашкан чабандестер кол созуп калышты. Ошол кезде мандай тараптагы улакчылар жабыла аттарын теминишкенден улам, ортодогу топ кетенчиктей түшүп, Тообайдын аты улакты көтөрүп турган чабандеске жете түштү. Мындайды сая кетирбеген улакчы, заматта кол сунуп барып, салаңдап турган улакты кучактай ат жалына ашыруунун аракетинде, өзүнө тартты. Анын оң тарабындагы чабандес да үлгүрө калып, улакты бучкактай өзүнө тарта бергенде, улак Тообайдын атынын жалына нак келе түштү.

Төөбай атынын ооздуругун силке, темингенде, ат башын көтөрүп, мойнун кейкейткенде улак ээр кашка кыпчылып, чабандестин бутунун ашырылышына шарт келе калды. Үзөңгү боону чирене тээп, чапка баскан улакчы, ээрге оңдоно отуруп, атка дем бере кыйкырды.

-Аа, жаныбар, чу!

-Тарт!

-Тос!

-Бас чап!

Чабандестер анын артынан суурулуп, улам күргүштөнө ат салышышкандар бир тарапты көздөй агылып, четке чыга беришти.

Баягы аттын ээси анын ар бир кыймылын сая кетирбей, андып турганбы, же сүрмө топ ал турган жайга жакын келе калганданбы өз атынын үстүндө улакты чапка басып келе жаткан “бей тааныш” чабандести көрүп, утурлай жанаша атты чаап келип, көптөн

калкалай ат тизгинин четке жетеледи. Экөө топтон үзүлө четке чыга бергенде:

-Аттын оозун бошотуңуз? ми эч кимге жеткирбейт - деп, чаап баратып кыйкырды.

Төөбай алдындагы атка дагы да дем бере кыйкырып:

-Айт, жаныбарым. Аа! дегенче паттаны көздөй тизгин бурду.

-Тос алдын!

-Карма!

-Тарт!

Көпчүлүк аны бучкактай, кубалап, кыйкырып жатышты. Аяктуу жылкы көп атка жеткирбей сызып жөнөдү. Паттага дал таштаган Тообайды утурлаган аттын ээси:

-Айланайын аке, анык чабандес экенсиз. Мен сизге ыраазымын. Аттан түшпөң?

Кечке чабыңыз?-деп кыйкыра келип кубанычын жашыра албады.

-Чабандестин сооруну төө! - деп той башкаруучу элге жарыялай кыйкырды.

-Чабандес келип, соорунуңду алып кет?

-Чабандес ким деген экен?

-Мингени кайсыл ат?

-Чабандес да, аты да бей тааныш.

-Жат. Меймандардан окшойт.

-Кай жерден келди экен?

-Ким деген балбан болду?

-Жүргүлө, барып сураштыралы?

-Мингени Эшенкулдун атына окшойт

-Эшенкулдун досторунан го чамасы?

-Ооба. Эшенкул өзү да жүрөт.

-Жүргүлө, соорундан соога сурайлы?

-Айткандай, соорунду бөлүшөлү.

Көпчүлүк уу-дуу боло Төөбайды тегеректешип, биринен бири отуп, анын дарегин сураштырып жатышты.

-Мейман, соорунду сиз алыңыз! - деди Эшенкул.

-Жок. Ат сеники, сен ал -деди Төөбай.

-Мейли, меймандын соорунунан силерге соога болсун – деп, Эшенкул жанынан акча чыгарып, көпчүлүккө таркатууга жанындагы мойсопут адамдын колуна тапшырды.

-Эми илабиз боюнча, улакты сага бир ашырыйын Паттага сен ташта.

-Сиз, кайсыл атты минесиз?

-Сенин атың мага жагып калды. Галага каалагандай кирсе болот экен. Менин атым, ала качканга жакшы. Топтон алып

чыгып, сага ашырайын -деди Төөбай.

Экөө макулдашып, Эшенкул анын атын минип, четте турмак болду. Төөбай ат терин кургатып, кайрадан көмөктөшкөн галага кирди. Ат сынаакы. Аягы бар, күчтүү жылкы экен. Туура келген аттарга салмагын салып, анча-мынчаларды оморолоп жүрүп, ортолукка жиреп барды. Баятан соорунду колдон чыгарып жиберишкендерине, жандары ачышканбы, жергилитүү балбандар бири-бирине кол кабыш кылышып чабандести көп эле улакка жакындатышпай тосмолошту.

Аттын күчүнө ишенген Төөбай, улам теминип, ортого умтулганы менен жаткан улакка эңкейген жок. Көбүн эсе, бирөөлөрдүн көтөрүшүн пайлады. Бир маалда буурул атчан чабандес барып жерден көтөрө бергенде, анын жанындагы чабдар атчан улакчы үлгүрүп, улактын экинчи бутунан бучкактай кетти. Экөөнүн тартыша калганын көргөн Төөбай, алдындагы атты темине барып, ортосуна жете калганда, улак атынын мойнуна артыла тушту. Чабандес бутун ашырууга үлгүрбөй, ат жалындагы улакты бекем кучактаган бойдон, катуу темине:

-Чу, жаныбар, тарт! деп кыйкырды.

-Карма!

-Жылдырба!

Ат салышып, умтулушкан чабандестер, аны алыс кетирбей, алдындагы улакты сууруп алуунун аракетинде биринен-бири өтүп, кол созуп жатышты. Көпчүлүктүн сүрмөсү менен бир убакта Төөбай суюла калган топту жирей, ат оозун бошотту. Жетип-жетпей бучкактаган улакчылар артынан калышпай кууп жөнөштү. Алыштын кең аянтын бир тегеретип келип, Эшенкулдун элден бөлүнө, жалгыздай түшкөн учурунда барып, улакты ашырып берди.

Эшенкулдун аты баятан бери дем алып тургангабы, улак менен жебедей учуп жөнөдү. Мурун барып, баттага да тосмолошкондорго моюн бербей Эшенкул улакты соорунга таштады. Той башкаруучу жарданышкан көпчүлүккө угуза:

-Соорун Эшенкулдуку. Төөгө таштады, Мээнети ак. Келип байгени алып кет - деп кыйкырды.

Ошол тойдо капилеттен таанышкан Төөбай менен Эшенкул жаштары айырмалуу болушса да, бири-бирин кучакташып дос болушту. Төөбай атын Эшенкулга берип, ал чабандеске башка бир сынакы күлүктү тартуу кылды. Өзүнүн атын кардары сураган баасынан ашырып, улакчылар талашып алып кетишти.

## Улакчыларга боло берет



Өзбекстандын Коргон-Төбө аймагы Кара-Суу шаарына жакын. Ошол тараптагы өзбек, кыргыздардын базары да, мазары да бир. Аш-той мааракелери да биргеликте өткөрүлөт. Согумун союп, ашын демдеп келин алыны бир. Ошол Коргон-Төбөнүн жанында жанаша жайгашкан Чимиян, Шамалбак деген айылдар бар. Шамалбак го Шамалдуу бак, дегенди түшүндүрөт. Ал эми Чимиян дегени эмне маани берет? - дешет көпчүлүк. Көрсө, илгери Шархан тараптан келген усталар чымдан катар коргон курушат. Аны көргөн эл «Чым коргон», «чымдуу жер» деп атап жүрүшүп, өзбектер «Чым ер» деп айтышып, көп убакыттан соң «Чимиян» деп айтылып калган экен.

Ошол Чимияндык бир байдын каржысы менен айылга мечит курулуп элге чоң той берилет. Ага жанаша аймактардагы Жалал-Абад, Анжиан, Өзгөн, Маргалан, Ош, Кара-Кулжа, Алай, Ноокат жергесиндеги элге башы таанылган эл башчылар, билимдүү алымдар, молдо-кожо, сопу өңдүү дин өкүлдөрү төгүл чакырылат. Келген эл «Той оюн-зооксуз өтмөк беле» дешип, эңиш, күрөш, улак тартыш оюндарын уюштурууга уруксат алышат.

-Эңиш-күрөштү эл арасына берели. Улакчылар кең талаада чабышсын дешип, атчандарга бир, бөлөк жоо-жалаң калаадагыларга бир бөлөк тамаша өткөрмөк болушат.

-Тойдун аш-гөшүн жешкен соң, ар кими кызыккан тамашасын көрүүгө сүрүлүп жөнөшөт. Той башкаруучулар ар-ар жердеги адия болгон меймандарга кабар бергизишип, тамашалар өтчү жайларды элан калышат. Эл көп келгендиктен балбандардын ысымдары аталбай эле, жалалабаддык балбан, маргаландык, оштук, анжияндык балбан дешип, эңишке, күрөшкө, түшчү балбандарды дооранга чакырышат.

Улак чапканга кызыккандар ээн талаага заматта эле толуп, жөөдөн атчан, атчандан жөө көп болуп, ортодогу оюндогу табырка кылмакка бардыгы эле моюн созушат. Анча-мынча чапсаңдары шактардын башына, дөбөчөгө чыгышып,

атчандары арыкы-кырдын четинде акмалашат. Бир маалда той башчылары эки ат чегилген арабага салдырып, оңор эмес, ноопоздоой болгон торпокту ортого таштатышты.

Аркы тарапта ач бөрүдөй жутунган улакчыларды тайышып, алдың оюндун шартын айтышты.

-Палбан-чабандестер! Бүгүнкү тамашанын шартын уккула. Кимде ким, ушул торпокту атчан чаап келип, ат жалына салып кеткендерге бир сандык адеми буюму, бир жабан идиш-аягы менен, экинчи алгандарга бирден мал.

-Оо, оңой эмес. Соорун чоң коюлуптур.

-Бир сандык адимиси канча чыгат?

-Комдолуу тоонун кунунан ашат.

-Жабандагы идиш-аякчы?

-Анысы да ошого барабар.

-Кана көрөлүчу, кимдер алар экен?

-Эл болгондон кийин, балбаны да бар. Чыгат.

-Торпок эмес, ноопоз көрүнөт?

-Ошол үчүн соорун чоң коюлган да.

-Ким көтөрөр экен?

-Ашыкбай тур. Көрөбүз.

-Соорун берилбей калабы дейм?

-Эмнеге?

-Тиги торпок дегенин кара. Арабага жүктөп, араң алып келишти. Төрт киши араң көтөрүп түшүрбөдүбү?

-Э-эй элүү башы? Элүү башы?

-Ко-ош.

-Гала болобу?

-Болот, болот!

-Паттага таштамай барбы?

-Бар, бар.

-Муну көтөргүчө, кеч кирип кетпейби?

-Күн узак. Алдың балбандар көтөрүп, сооруңдарын алсын.

-Тан-ай. Көтөргөндөргө ишенбейм.

-Палбандарды эртерээк чыгаргыла. Эл күтүп, зарыгып калды.

-Жам-аат! Палбандарды чыгаргыла. Элди күттүрбөгүлө.

Маңдай-тескей көмөктөшкөн топтордун арасынан, аттарынын жабуу, ээр-токумдарын алып, жайдакташып, кайрадан жеңил токуп, басмайылдарын тартып жаткан балбандар көрүндү. Көмөлдүрүк куюшкандарын бышыкташып, үзөңгү

боолорун кыскартышып, чабандестер шайма-шай даярдык көрүп жатышты. Той башкаруучулар кайра-кайра ар топко барышып, балбандарын чыгарышын талап кылышкандарынан улам, бирин-серин балбандар аргымактарын алчылантышып, биринин артынан бири чыгышып, бири-бири менен учурашап башташты.

-Калайык! Мен-менмин деген он балбан чыга келди. Кана, буларга дуба кылып коелу! Оомийин!

Көпчүлүк алакандарын жайышып, бетке тартышты. Балбандар катарга кезектешип, ортодо жаткан торпокту көтөрмок болушуп, белгиленген жайга келишти. Алгач тоодой болгон чоокар атты минген албеттүү мойлоочон улакчы чыгып, ойноктогон атына камчы басып, атырылта жөнөдү. Торпокко жуп жете берип, аттан шап эңиле калып, жаткан торпоктун арткы шыйрагынан кармап, көтөрө бересинде, аты мүдүрүлдүбү, же өзү ооп түштүбү, аты экөө тең омкорула жыгылып, боз турпакка оонап калышты. Алда кудайлаган эл, эми жыгылганды көрүп, кыраан каткыра күлүштү.

Экинчи чабдар атынан өзү зор, жылаңачтанган денесиндеги эмчектери салаңдаган, көкүрөк, жонун жүн баскан кара палбан чыга келип, атын сылай камчылап жөнөп берди. Торпокко жуп жете барып, аттан эңкейе бергенде, үзөнгүдөн буту чыгып кетип, жерге чокусу менен тик сайыла оонап түштү. Аны көрүп эл дагы күлдү. Сары чийкил жаш жигит темир көк атын чаап келип, колун сунганда торпоктун алдынкы шыйрагы колуна тийип, көтөрө бергенинде колунан жылмышып «талп» этип жерге түштү. Төртүнчү чымыр денелүү, тууралжын келген коюу мойлосу бар, күрөң атчан палбан атын күчөнө теминип, чаап жөнөдү. Торпокко жуп жете бересинде аты эңкейе калдыбы, же өзү ошончо шамдагайбы, тээ алыстан эле колу менен жер чаңыта салалап баратып, торпоктун шыйрагынан чап кармап, беш-он метр сүйрөп баратып, күү менен шап ат жалына торпокту сала бергенде, аты жүктүн оордугунанбы, бир-эки мургуп барып оңолуп кетти. Баятан бери чыккан балбандарды сынап турган көпчүлүк жер жара кыйкырышты.

-Алды. Ак көтөрдү.

-Азамат, ата-уулу.

-Эр экен. Анык шумкар экен.

-Бүркүттөй илип кетти.

-Өзүнө аты жарашканын айт.

-Ким деген болду экен?

-Кай жерлик экен.

-Аты ким дейт?

-Шашпагыла, азыр билебиз.

-Шашпай коебу. Аты ким, кай жерлик экенин билели?

-Жок. Балбан өзү атын буруп келе жатат.

-Биринен-бири талашкан көпчүлүк, моюндарын созушуп, балбандын дарегин билүүгө кызыгышат.

Чабандес аты менен барабар келген торпокту өңөрүп келип, ортодогу бир топ болуп турган газы, бийлердин алдына келип, таштап, колун көкүрөгүнө ала, баш ийкеп туруп калды. Артынан ээрчий келген той башы, жанагыларга сүйүнчүлөй кыйкырды.

-Мөрөйдү алган чабандестин аты Төөбай, Алайлык болот. Алайдын балбаны.

-Элге элан кылың, той башы! Элге айтың - деди бийлердин бири.

Той башы мөрөйдү өзү алгансып атын жорттура, кыдырата катар тургандардын алдынан чаап баратып, улам-улам мактана кыйкыра берди.

-Калайык, накта көтөргөн балбандын аты Төөбай! Алайдан келген чабандес. Төөбай балбан деп билгиле!

-Төөбай, Төө балбан!

-Төөбай дейби?

-Аты ким дейт?

-Төө балбан дейт.

-Атын укканбыз. Өзүн көрө элек болчубуз.

-Төө балбан, даңазалуу балбан.

-Улакчылардын шорун, ушул курутуп жүрбөйбү.

-Эмнеге?

-Мен-менмин деген улакчыларга, улакты бербей, соорунду шыпырып алат дешет.

-Буга тең чыккандар деги бар бекен?

-Тең чыкканды айтат. Артынан салпаңдап, ээрчип-ээрчип кала беришет экен.

-Ырас болуптур. Күч атасын таанybайт. Соорун талашкандарды кур жалак калтырат экен да?

-Чабандеске кандай ат түтөт экен? Аты да башкача болсо керек?

-Төө балбандынбы?

-Ооба.

-Атты барган жеринде тандап минет дешет.

-Тандап мингени кандай? Өзүнүн аты жок бекен?

-Минтип чапса ат түтөбү?

-Ат таптагандар, атын сынатыш үчүн же, баасына чыгарыш үчүн улакчыны издеп барышып, аттарын чаптырышат деп уккам.

-Ырас. Мен да уккам!

-Анда, азыркы мингени да, бирөөнүн аты болсо керек?

-Анжиандын газысы, атын сынатмакка атайын Алайдан чабандес чакыртыптыр деп уккам.

-А болду, болду. Бүгүнкү чабандес минген ат, газыныкы тура?

Жаңылыктын баары той-тамашада угулат эмеспи. Таанышбы, же бей танышбы биринен-бири угуп, балбандын даңкы, аттын күлүгү, куштун алгырлыгы, акындын ырчылыгы, элден чыккан акылмандар... деги эле укмуш, укмуш жанылыктар айтылып жаңы-жаңы маалыматтар угулат.

Төөбай чабандестин даңкын угуп, ким болду экен?" деп кызыккандар, бүгүнкү балбандыгын, алгырлыгын көрүшүп, эл оозунан айтылган кепке ынанышты. Ошол тойдо Төө балбан чапкан газынын аты жүз кара малга бааланып, уккандын кулагын кызытып, көргөндүн өзүн таң калтырды.

Түштөн кийинки таштамайда, чабандес эки жолу соорунга кара мал алып, улакчылардын арасында баркы аябай эле көтөрүлдү. Бирок. эл болгондон кийин эл арасында ар кандай адамдар бар. Бүгүнкү маарекеге кыргыз, өзбек, түрк, тажик, араб, кыпчак, уйгур калктарынын өкүлдөрү болгон балбандар ат салышышып буркулдап кайнаган казандай галада мен-менмин деген балбан-чабандестер улакты жерден көтөрүшүп, биринен-бири булкуп-жулкуп тартышып күч сынашты.

Төөбай ар тараптан келген байлардын өтүнүчү менен улам биринин атын минип, галага салып, топ жарып, улакты ала качып, ат аягын сынап паттага таштап жаткан. Баятан бери артынан калбай ээрчип, бучкактаган Өзгөндөн келген байдын өтүнүчү менен четке чыга берип, жабууланган атын көрдү. Кер кашка табында экен. Кай жерде болбосун кууса качырбас, качса жеткирбес аргымак көөнүнө толуп, өзүнө суктандырып турган.

- Улакчым, ушул күлүктүн бир аягын сынап бербейсизби? Азали галага түшө элек. Сиздин колдооңуз менен бир

баасына чыгып калаар - деп өтүндү Немат түрк.

-Немат бай, тулпарыңызда айып жок. Бирок, мен бир чапканда жарабаган атты да жаратам. Сиздин атыңыз улакка тынбай чабылса, чоң улакчы ат болот. Кокус чабылбай, же чабалыраак улакчылар минсе галадан качып, ала качмайда ат жеткирбейт - деди Төөбай.

-Төө балбан, мунун сырын жашырбай айтыңыз, оозунузду майлайын?

-Бай, мен тынбай улак чаап үйрөнчүкмүн. Аңды-дөңдү карабайм. Чарчабайм, чалыкпайм.

Сиз, анда-санда улакка бир келесиз. Көңүлүңүз келсе, бирөө ашырса, улак чабасыз. Чарчап-чалыгып үйгө кайтасыз. Анан, жер-сууну тандап, аңды-дөңдү карап, абайлап чабасыз. Бу ат жылкы жаныбар да ушундай. Кээ бир атты байкасаңыз, сырдана болуп, улакка биротоло берилип кетет. Кээ бир атты анда-санда чапсаңыз, чуркашы чуркайт. Бирок, галага келгенде өзүн аяп, четке чыга берет. Ошондуктан, атыңызды туруктуу чапсаңыз минейин.

-Улакчым, эми түшүндүм. Мен атымды аядым дебейин, Сиз тынбай галага кирип, ала качмайда чабыңыз. Күчү сиздики, тапташ менден болсун.

-Соорунун кандай кылабыз? - деди Төөбай тамалашап.

-Атагы меники. Сооруну сиздики болсун, чабандес макулсузбу? Кол алышалы - дейт Немат бай.

Немат байдын түрк туугандары, атты каяктагы бир кыргыз Төөбайга бергенине ичтери ачышканбы, дайыма улак болгондо Төөбайдын артынан түшүшөт. Ыңгайын келтирүүнү күтүп жүрүшүп, бир жолу Өзгөн менен Сузактын ортосунда өткөн чоң улакта Төөбайды ат менен кошо жыгып, тебелетип кетүүгө өздөрүнчө сүйлөшүшөт.

Төөбай кер кашка менен эки жолу галага кирип, улакты көпчүлүктөн сууруп чыгып, удаама-удаа паттага таштады. Атты дем алдырып, өзү суусундук ичкени четке чыга бергенде артынан ээрчий жүргөн үч-төрт улакчыны байкады. Бирок, аларды этибар албай “Мага окшоп, аттарын дем алдырганы жүргөндөр болсо керек” деп ойлойт. Кер кашканын ээр, токумун алдырып, жылаңачтатып, көк чөпкө оонатып, кайра токутуп, бир сыйра кашыткан соң, аяк артып жөнөй бергенде баягылар да артынан калбайт.

Тыныккан күлүк менен галага сүрүп кирип, тытынып

жаткандарга жете барып, жанаша келип калган баягыларды байкап калат. Көп улакчылардын арасында аларга көңүл буруп, карабай улакты булка тартып, чапка басып жөнөгөндө, баягы артынан калбаган үчөө-төртөө ага илешип, улактын экинчи тарабын бучкакташа кошо теминишет. Аңгыча, сүрүлүшө дөбөнүн жантайыш жерине келгенде алар бийикте, Төөбай эңиште калат. Дал ошол учурду пайдаланган түрктөр аны аты менен сүрүшүп, алды тараптагы коктуну көздөй кысып, чынк ылдай салышат. Алды тараптагы тик жар эки-үч метр чыгат. Туура барса ат таят. Тике салса, ким билет аты менен кум-жам болот. Аны билген түрктөр, аны кысып улам сүрүп он-он беш метрдей жакындап келишет.

Бар тобо кел! деп Төөбай Кер кашканы тик жарга “чу” - дейт. Беттегенинен кайтпаган курч ат, шарт жарга боюн урат. Тик жардын турпагы жумшактыгынан ат аягы менен түшүп, улакчы аттын башынан артылып барып, турпакка оонайт. Ордунан шарт тура калса жумшак турпактан эч нерсе болбоптур. Жанындагы ат да ордунан туруп, силкинип жатыптыр. Бая жанында улак талаша чаап келе жаткандар, Төөбайды жабыла таңыркаша карап калышыптыр.

-Кудай бир сактады сизди - дешти улакчылар.

-Улакчыларга мындай иш боло берет - деп Төөбай, кайрадан күлүккө келип аяк арттып, топту жара кирип кетти.

## Коргон-Төбөдөгү той



Мырзакул болуш Фергана губерниясына караштуу Ош, Анжиян, Жалал-Абад уездине кабар берип, тойго чакырат. Ага Кытай тарабындагы Кашкардан чоң багыш, жоош деген уруулардан да жек-жаат, тууган-уруктары келет.

"Жети күн конок аламын" деп Мырзакул мааласына жар чакыртат. Алыскы жерден тойго келген аялдарга отуз боз үй тиктирип, сыртына тегерете жыгачтан коо жасатат. Атчандар аралай чаап жүрбөсүн деп, болуш, уезддер үчүн өзүнчө бөлөк отуз үй тиктирет да, ашмачыларын өз-өзүнчө болуп тейлетет. Той болгон учурда Маргалан, Кокон, Анжиандан биригип, беш жүз араба менен ун, күрүч, кездеме, чапан-тон, жер-жемиштерди тарттырып келтирет. Себеби, ал Коргон-Төбөдөгү коңушуларына:

-Мен силер үчүн эле аш беремин. Бир жумага чейин эч кайсы үйдөн түтүн чыкпасын. Тамак бышырылбасын. Менин коногум болосуңар - деп табыштайт.

Дарчылар ойноп, маскарапоздор элди күлдүрүп, күн сайын ар түрдүү оюндар, тамашалар көрсөтүлөт. Алгачкы күндөн баштап балбан күрөш уюштурулуп Мунгуштардан жылгелди, Садыр балбан күрөшкө чыгып, ар бир күрөшкө коюлган байгеде күмүш тыйындарды, килем жапкан төөнү алат. Кийинки күрөштө таздардан келген Тайчабар балбан чыгып, эч кимге мөрөй бербей, байгени алат. Андан соң өзбектерден Турсуналы наз чыгып шериги Эргеш балбан экөө мөрөй бербей, күрөшкө түшкөндөрдү жыгып турду. Кийинки күндөгү эңиште өзбек Сабыр балбан менен кыргыз Жыгач балбан эңишке түшүшүп, көпкө чейин таймашышып, бирин-бири алалбай коюшту. Акырында байге тең бөлүнүп берилди. Эңиш, күрөшкө аралаш жамбы атуу, дарчы ойнотуу, көз таңмай, аркан тартмай, тыйын эңмей оюндары уланып, жеңүүчүлөргө кокон теңгеси аралашкан шуру бир табактан сүзүлүп берилип, коргондун баары таң калышты.

Тойго келгендер тамашага карк болушуп, ар түрдүү оюндарды көрүшүп, көптөн бери "мындай той

болбогонун” кеп кылыша биринен-бири өтүп талашып жатышты. Баарынан да байдын соорунду аябай, акчасын чачканына тамшанышып:

-Бай болбосоң, болбой кал. Эсепсиз эле дүйнөсү мол окшойт.

-Эсеби жок да, дүйнө болчу беле?

-Эсеби жогу ушу да, каптан сүзүп эле, каалагандай чачып жатат.

-Кедей-кембагалдардын мээнетинен табылган дүйнө ал. Байга атак-даңк керек.

-Атагы курусун. Андан көрө жетим-жесирлерге бербейби, сооп да табат эле. Ар ким өзү билет.

-Эмне болсо да бай, март экен.

-Эмнеге?

-Эмнеси март?

-Балбанды, күчтү, өнөрдү баалап жатпайбы.

-Анысына макул. Бирок, той башкаруучулар эсебине карабай эле, кокон тенгени шуру менен аралаш берип, жатпайбы. Же байдын мүлкүн чачалы дешкенби?

-Танга да, шуру да пул да.

-Пулу-пул дечи. Бай танганы өзү соктурат окшойт? Эсеби жоктой эле чачтырып жатат.

-Анысын ким билет. Келген адамды кур койбой, аш тарттырып, адия кылышы ченде жок иш.

-Анан да коңушуларын бир жума үйүңөрдөн тамак бышырбай, той ашынын үстүндө болгула дептир.

-Неси болсо да бай сараң эмес, колу ачык экен. Карагылачы ар бир боз үйдүн алдында эт бышып, самоор кайнап, аш демделүү турат.

-Пай-пай. Тамак кеңири бейиштей эле күн болду.

-Бекер аштан анча-мынча соргоктордун карды жарылбаса десең.

-Жарылса, жарылсын. Мындай кененчилик дайыма эле боло бербейт.

-Эми улак башталат. Алыстан келген меймандарга кабар бергиле. Жоо-жалаңдар эгизге чыгып отурушсун дешип той башкаруучулар жарчыларды ар тарапка жөнөтүп жатышты.

Баятан бери, ар кыл оюн-тамашаларды табирка кылгандар этек тараптагы кең аянтка сүрүлүштү. Дөңсөлөнгөн адырлардын этеги өтө эле кеңири болуп, заматта улакчыларга

толуп чыкты. Аркы тараптан топ кааран “той улагы” деп аталган ноопазды тоодой болгон “буурул атка өңөрүп чабандести коштоп келип, “шалак эттире”ортого таштады. Этке үйүлгөн чымындай болгон улакчылар, аш-баш дегиче жерде жаткан ноопазды тегеректеп, биринин-артынан бири котолоп, жол талашып, умтулуп жатышты.

Жарчылар ар-ар жерде үн алыша аттарын желдире бастырышып, той башкаруучулардын айткандарын көпчүлүккө элан кылып кыйкырышты.

-Балбандар, угуп алгыла! Галада көтөрүп берип, кол кабыш кылганга жандык.

-Чабадестер көңүл бөлгүлө! Кимде-ким өзү көтөрүп, ат жалына артып барып, белгиленген чекке жеткирип таштаганга комдолуу төө!

-Эки жолу удаама-удаа көтөрүп, паттага таштаганга жасалгасы менен боз үй!

-Кимде-ким кычылык кылып, чыр чыгарса жазана салынат! Улакты өңөргөн чабандестин атынын тизгининен кармап, тоскоол болгондорго соорун жок!

-Жаамат болуп чапкандарга уруксат берилбейт!

Жасоолдордун айткан кебине улакчылардын бириси да көңүл бурушпады. Бардыгынын көңүлү ортодо жаткан ноопазда эле. Дөң-дөңдө топтошуп отургандар гана жарчылардын кыйкырыгына кулак түрүшүп, коюлган соорунга тамшанып отурушту. Маңдай тарапта боз үй жабдыгы менен артылып келген төөлөргө кошо, соорунга берилүүчү топ жылкы, кара мал, майда жандык айдалып келинди. Жабан-сандык баш болгон казан-аяк, тон-кийимдер керүүгө илинип, буюмдар каз-катары менен тизилип коюлду.

Миңдей аттардын туяктары жер таптап, баягы куусаң чөп баскан аянт заматта боз турпакка айланып чаңып, аттардын терине аралаша төбөгө көтөрүлөт.

-Ай-ай. Карма.

-Тарт!

-Темин!

-Бастыр-деп бирин-бири коштогон үндөр.

Улакчылардын уу-чуусуна аралаш, үзөңгүлөрдүн кагышканы, кысылган аттардын жөткүрүгүнө кошул ташыл. Күтүрөгөн туяктардын үндөрү аянттагыларга даана угулуп турду. Бир эт

бышым убакыт өтсө да, эч ким галадан аргымагын булкутуп чыга албады.

Чабандестер аттарынан мурун эле өздөрү жүткүнүшүп, жан-алы калбай теминишет. Кетенчиктеген эч ким жок. Баары эле ортодогу ноопазга жетсем дейт. Аттар да моюндарын койкой түшүп, кичинекей жылчык болсо эле оморолой кирип барчуудай болушуп, жүткүнүшөт.

Колдогу серпилген толкундай болушкан улакчылар бирде ары, бирде бери сүрүлүшүп чайпалып көпкө турушту. Казандагы кайнаган эттей болушуп, бирде бир тарабы, бирде экинчи тарабы, кээде орто туштун кыймылы күчөп, алыста тамаша кылып тургандардын ичтерин бышырды. Чабандестер дүйнөнү сел алса да иштери жок эле. Алардын эси-көөнү ортодогу ноопазга жетип, бир көтөрүүгө болгон аракет. Үлгүргөнү ага да жеткен. Бирок, котолоп, дембе-дем сүрүлгөн аттардан улам, эңкейип кол созушка буймалары келбеди. Мен-менмин дегендери жете да оор ноопазды көтөрүп, жерден үзө алышпады.

Бир маалда комоктошкон калың топ, чайпалып ары-бери сүрүлүп, кайра токтоп, нук издеген суудай болуп барып, бир тарапка агыла баштады. Акыры келип, чоң ноопазды ат жалына арта салып, эки бутун ала ашыра чапка баскан чабандес аргымагын кара терге батыра, суурулуп чыга келди. Ага жетип, чапка баскан ноопазды жулка тартып, ат үстүнөн оодара тартмакка жулкунган балбандар биринен-бири өтүшөт.

Алдыңкы чабандестин аргымагы ары карылуу, ары аяктуу окшойт. Бучкактаган көпчүлүккө моюн бербей, күчөнө арыш керет. Эки тарабынан жанаша чаап, жапма болгон ноопаздын буттарынан тарткылаган балбандардан, ашып барып кол созо тарткылагандар андан көп. Баягы өзгөчөлөнгөн чабандес алдындагы аргымагына ишенип, тизгинди серпе, улам-улам жүткүнө теминген болот. Ал ансайын аргымак алынын жетишинче арыш керип, бучкактап, тарткандарга моюн бербей ала качат. Жүздөгөн улакчылар кээси алдын торой, кээси туурасынан тура кала чабандестин аргасын кетире көптөп жатышты. Аргымагына кубат бере кыйкырган улакчы ар бир кол созо, алдын торогондордон жалт бере, ат тизгинин бурат. Ага болбой көпчүлүк аны ортого алып, тытмалаша орой чабышып, алга жылууга мүмкүндүк беришпейт. Бир маалда сүрүлгөн топ,

дөңсөгө каптала калышканда ат үстүндөгү балбан:

-Айт жаныбар. Аа! - деген боюнча тизгинди дөңгө бурду.

Аргымак да аны түшүнгөндөй так секире күчүнүн болушунча дөңгө тырмыша чыгып кетти. Аны бучкактап келе жаткандар дөңгө такалып саамга тура калышканда, шамдагай чабандес көпчүлүктөн бөлүнө калып, аргымак оозун четке буруп, топтон үзүлө түштү. Жалгыздаган аргымак ээсинин ыгына карай, бурган тарабын көздөй атырылат.

Ат жалына арта салынган ноопаздын аяктары жерге жетип-жетпей сүйрөлүп, аттын карысына тийип, анын атыран ала чуркашына тооскол болгондой. Бирок, улакка эчен чабылып канык болгон ат жугунун оордугуна карабай куугандарга жеткирбей барып, белгилеген жайга жеткенде улакчы ат жалындагы ноопазды оодара жерге ыргытты.

-Паттага нак таштады.

-Мээнети ак.

-Соорун балбандыкы.

Көпчүлүк биринен-бири өтө чуу түшө кыйкырып жатышты. Демиккен атынын жалынан сылай, улакчы четке чыга берди. Анын анык чабандестигине баа берген көпчүлүк, таңыркай артынан ээрчип алышты.

- Кайсы улакчы?
- Ким деген болот?
- Кай жерден келиптир?
- Таныгандар бар бекен?
- Оңор эмес экен!
- Атына өзү төп келиптир.
- Ушунча адамдан бөлүнүп, галадан чыгыш оңор эмес.
- Кантип көтөрдү экен?
- Бирөөлөр көтөрүп берсе керек.
- Ошончо доорондон алып чыгыш оңой эмес.
- Анык чабандес экен!
- Балбандардын ичинен да балбаны бар да.

Көпчүлүк бири-бирине суроо беришип, балбандын дарегин билгенге кызыгып жатышты. Аңгыча болбой, той башы ортого чыгып, көпчүлүккө элан кыла:

- Балбан келип соорунду алсын.

Оо, көпчүлүк соорун ак, нак паттага таштады.

- Чабандестин мээнети ак. Байгесин алсын-дешти жарчылар.

- Соорунга эмне бердиңер? деди көпчүлүктүн арасынан бирөөсү.

- Жылкы!

- Чабандес ким экен?

- Кай жерден келген балбан? – дешти көпчүлүк.

- Ысымы ким болду экен?

- Алайдан келген балбан - Төөбай балбан.

- Төөбай деген ушул кишиби?

- Аны “Төө балбан” дешет экен.

- Төө балбан туура.

Кызыккан көпчүлүк, биринен өтүп бири Төөбай жөнүндө билгендерин айтып жатышты.

- Төө балбанды, төөдөй дешчу элего?

- Жок Төө балбанды, тоодой дешчу.

- Төөдөй да, тоодой да эмес, адамдардай эле экен го?

- Анын күчүнөн улам төөдөй дешкени.

- Төө балбан дегени, ушул киши тура.

Аңгыча сымбаты келишкен, жасалгалуу аргымагын, булкунта бастырып келген, сөөлөттүү, мойсопут адам улакчыга келип кол берди.

- Ассалом алейкум, чабандес.

- Валекум ассалом.

- Менин ысмым Миркамил бай. Сиз менен таанышканы келдим.

- Жакшы болот. Менин ысымым Төөбай.

- Кабарыңызды угуп жүрөм. Мына эми көрүшүп жатабыз.

- Тааныш болуп жүрөлү.

- Балбан, сизди ат сынайт деп укчу элек?

- Ко-ош?

- Менин атымы, бир минип көрбөйсүзбү?

- Минсе минейин. Бирок, атты сатасызбы, же улакка чабасызбы?

- Алдың чаап көрүңүз?

- Галага киргенде, кыйналып калбайбы?

- Ар тарабын көрүңүз, кардар артынан калбай жүрөт.

- Канча сурайт?

- Отуз кунажын берейин дейт.

- Сиздин дитиңиз канча?

- Мен андан балантти каалайм да.

- Миркамил бай, мен элүү кунажынга кардар

тапсам канчасын бересиз? - деди Төөбай улакта тамашалай.

- Ондун жарымы сиздики.

- Келе колду бериңиз?

Экөө ат үстүндө кол алышышты. Төөбай Миркамил байдын атынын жанына келип, жабуусун алып, анын кош басмайылын чыңай тартып, ээр каштан кармап катуу силккенде ат копшолуп да койбоду. Купулуна толгон аргымакка аяк арткан чабандес, чаңкоосун баса, суусундук ичип, түтөгөн галани көздөй ат тизгинин бурду.

Анча-мынча чоң галаларга кирген эмеспи ат, көп аттын жанына барганда аялдай калып, шыкалган аттардын арасында өзүнө жол издегендей болот. Комоктошкон аттардын арасына тик сайыла кирип кетпеген атка ачуусу келген Төөбай, аттын жанын ачыштыра арткы соорусуна удаа-удаа камчы басты. Мындай катуу камчы жебеген ат башын чулгуп ширелген топту жиреп жөнөдү. Анын салмагына туруштук бере албаган аттар кетенчиктеше жол бошотушту. Улакчы улам теминип жатып, галанин ортосуна жете барду. Түтөгөн улакчылар эңкейүүгө чамалары келбей, жерде жаткан улактын жанына жетүү үчүн далалат кылышып, бири-бирине ат салышып, ары сүр-бери сүр болуп жатышыптыр.

Жерде жаткан улак көп аттардын туяктарына тебеленип, кай жерде экени билинбейт. Толкундай серпилип жаткан көпчүлүк бир тарапка сүрүлө бергенде, ортодо жаткан улак Төөбайдын көзүнө илеше калды. Алдындагы атты катуу теминип барып, жаткан улакка кол созду. Бирок, баягы бир тарапка сүрүлгөн топ, кайрадан артка сүрүлгөндөн улам, аттардын күүсүнөн анын колу улакка жетпей, улак кайра тебелендиде калды. Мындай шартты далай жолу башынан өткөргөн чабандес, атын күчкө сала чимирилте бурганда, анын соорусуна тийген жанындагы аттар кетенчиктешип, кайрадан ортолук ачыла түштү. Аш-баш дегенчи болбой, өзүнө окшогон чабандес, атынан эңиле калып, улакка кол созду, Анын көтөрүшүн күтпөй эле Төөбай улакты талашып, өзүнө тарткылай чамынды. Улак эки балбандын колдоруна тийип, созула калганда, ортолукка дагы бир чабандес келе калып, улакты кучактай өзүнө тартты.

Колуна тийген улакты азали кое бербеген Төөбай, күчүнө сала удаа-удаа булкканда, чала кармаган биринчи чабандестин колунан суюла чыгып, баягы ортого жете келген чабан-

дестин кучагына толо түштү. Ал чалкалай, башын көтөрө берип улакты ээр кашка басууга аракет кылгыча, Төөбай улакты өзүнө силке тартып, сууруп алды. Улакты колдорунан алдырган эки чабандес аттарын теминишип, Төөбайды уйпалай жүдөтүшүп, биринен өтүп бири улакты бучкакташты. Аңгыча болбой көпчүлүк талаша, ат салышып, эки чабандести ары сүрүштү. Колундагы улакты дал кармап, чаапка баскан Төөбай өзүнө ишенет:

- Кана келип, алып көргүлөчү. Күчүңөр жетсе, сууруп кеткиле деп, улактын шыйрагын үзөңгү боого орой атын теминди.

Аны оордунан жылдырбай, улакты сууруп алууга аракеттенген чабандестер биринен-бири өтүп, тарткылашканын тоготпой алдындагы атына ишенген Төөбай галани кече, алга умтулду. Анын артынан сүрүлгөн топтун багытынан улам, гала бир тарапка ооп, четке чыга берди. Суюла түшкөн аттарды жиреген Төөбай баягы белгиленген жайды көздөй, аттын оозун бурду. Аяктуу жылкы башкаларга жеткирбеди. Соорунга ташталып, Миркамил байдын атынын даңкы көтөрүлдү.

Баягы убадалашкандай аттын кардары элүү кунажынды бересе болуп, Миркамил бай менен кол алышты. Илабиздан кайталбаган бай беш кунажынды Төөбайга тартуулап, тойдон кийин узатып кала берди.

## Аманбай акенин айткандарынан



Атам айтып калаар эле:

-Бир күнү кайдандыр, кагаз келиптир. Балдарга окутсам:

–Абдыкадыр келип кет: деп, Кубадагы Каракыз эжем кат жөнөтүптүр. Кабатыр болуп, жолго чыктым.

Күз убагы. Жолдуката түнөп, үч-төрт күндө жетип бардым. Эжем атымы бактырып, башка ат таптырып берди. Аны минип алып, айылдагы аш–тойлорго бардым. Ал жерде чоңдорго, балдарга өзүнчө улак берилет экен. Дар ойнотуп,

эңиш, күрөш аябай чоң болду. Улам аралап, биринен бирине өтөм. Чоң улак тарткандарды таңыркап турсам, Төөбай акемин караанын байкадым. Улам аны акмалап, караанын издейм. Бир маалда атын теминип, чоң галага сүңгүп, кирип кетти. Көптүн арсында көрүнбөй калды.

–Кайдан келип калды? Бирөөлөргө окшотуп, адашып жатамбы деп ойлодум. Бир маалда терлеп–буулап, калың топту жарып, чоң торпокту өңөрүп, маңдайдан чыкты. Эки тарабындагы улакчылар кол сунушуп, торпокту бучкактай, улам жулуп алуунун аракетинде, жолун торошот. Торпокту ээр кашка арта салып, эки бутун ашырган Төөбай акем аларды тоготуп да койбой, атына дем бере алга умтулат. Бир маалда, топтон бөлүнө калып, катуу кыйкырганда, аты тим эле, атып кеткендей болду. Артынан самсаалап, ээрчигендерге жеткирбей барып, болжогон жайга улакты таштады

–Соорун ак! Мээнет ак! дешип, көпчүлүк дуулдайт. Ким бирөөлөр анын атын жылоодон ала, ары жетеледи. Тегерегиндеги көпчүлүк сээлдей калганда, атымы чаап барып, учураштым.

–Кеч курун, дардын алдына келип тур. Ошол жерден табышалы. Мени менен бирге болосун–деди да, кайра топтун арасына кирип кетти.

Улак тартыш улам кызып, кеч киргенин да билбей калдык. Мени менен кошо баргандар

–Эртерээк кетели, жол алыс–дешип, мени күттүртпөй жөнөй беришти.

Төөбай акемин, ал жерде абийирдүү экенин билдим. Эжемкинде беш–алты күн жүргөндөн кийин, кайтмак болдум.

## Ала качмай



Дайыма үйүргө койчу, кара айгырым бар эле. Өтө чоң эмес. Баштан кийинки, жоон күлүк болчу. Ар дайым таң ашырып, айылдагы майда уул той, кыз тойдо жакын аралыкка коюлган байгелерге чаба коюп, соруун алчуумун. Бир күнү жогорку Ак–Талаада торпок улак болуп калды. Анда айыл жок. Туура арыктын алды бош, кең талаа эле. Торпок ашыргандардын аркасынан

бир-эки кубалап, ала албадым.

–Атыңды кыйнап, алың жетсе да, жетпесе да чаба бербе. Дем алдырып, чаппай тур-деди Төөбай аке. Атымды дем алдырып, арыктын кырында тургам. Күн батып, кеч керейин деп, калган. Улакчылар өйдө–ылдый болуп, экиге бөлүнүп калышты.

–Кимде ким, өйдөңкү мечиттен өткөрүп кетсе, ылдыйкылар кубалабайт. Ылдыйкы мечиттен өткөрүп кеткендерди, өйдөңкүлөр кубалабайт-дешип улакчылар муназалашты.

Төөбай аке мага келип, аттан түшө:

–Ме, менин атымы мин да, алдагы атты, мага бер?-деди.

Менин атымы минип, чапкан боюнча барып, торпокту тартышып жаткандарга жетти. Аш-баш дегичекти болбой, чоң торпокту көпчүлүктөн тартып алып, төмөн салды. Артынан кууган-дар жетпей калып, ылдыйкы мечиттен өтпөй кайтышты. Ал күү менен кыяга салып Тогуз-Булакка чыгып кетти. Үйгө келип:

–Төөбай акемдин атын жеткирип, өзүбүздүн атты, алып келгиле деп, балдарымды жөнөтүп жатсам, Кожо деген баласынан, торпоктун бир санын ээр кашка илип, жөнөтүп жибериптир.

Кийинки эки-үч жоку улакта да, акыркы, ала качмайда кара атты минип, чоң галага кирип, көпчүлүктөн улакты сууруп алып, жеткирбей Тогуз-Булакка чыгып кетип, бир санын ээр кашка илип, жөнөтчү болду.

Кара аттын аягы жеңил, күчү мол болгондуктан Төөбай акем, өзүнө да, атка да ишенип, чоң галаларда топ бузуп, эч кимге алдырбай жүргөн.

## «Төө балбан» аталышы

Төөбай акем Кубада өткөрүлгөн чоң аш–тойлордо Майрамкан төрөнүн, «шапак боз» деген атын чаап жүрчү экен. Бир чоң тойдо эки жашар өгүздү союп, талаанын тең ортосуна жарым метр жерди казып, улакчыларды сынамак болушуп, өгүздү ошол жайга таштатышат.

–Кимде ким, ушул өгүздү келип, ат жалына салып кетсе, баш байге берилет! деп, толгон–токой буюмдарды алып келип, үйүп коюшат.

Эл эки бет болуп жарданып турушат. Чоң маарекеге келген өзүбек, тажик, түрк, уйгурлардын балбандары чыгып, эч бири жаткан өгүздү, ордунан козгой алышпайт.

Төөбай «шапак бозду» ойнотуп ортого чыгат. Арытан күүлөнүп чаап келип, жаткан өгүздүн жанына барганда «шапакбозду» жалга бир урганда, ат чуңкурдун четине келгенде, эки алдыңкы буту менен тизелей түшөт. Төөбай жаткан өгүздүн шыйрагынан шап кармап, арта бергенде, «шапакбоз» силкине тура калат. Өгүз ээр кашка артыла түшөт. Көпчүлүк ызуу–чуу түшүп, кыйкырып «Төө балбан» «Төө балбан!» деп, аташкандан улам, ал кийин, «Төө балбан» аталып кетет.

Ал Кубага бир барып кайтаарында, отуздай ноопаз, кунажындарды соорунга алып, базарга саттырып келчү экен.

Бир мезгилде аш–тойдон соорунду мол алып, бир атка күрүч жүктөп, бир атты салт өзү минип, жолго чыгат. Анын кайтаарын билген каракчылар, Аравандын ээн таласында атайлап күтүп турушкан эле.

Ысык күндүн аптабына талыкшыган Төө балбан, анда–санда үргүлөп, уйкусурап келе жаткан. Капылеттен каракчылар кол салышып, туш тарабынан каптап киришет. Алардын бирөөсү шериктерин, улам шыкактап, «Карма, чап, Аттан оодура тарт!» деп, кыйкырып, атын ойдолото четте турган болот.

Төөбай каракчылардын этек–жендеринен тартып, камчы шилтей коюп, уйпалашканына карабай, ошол чоңуна карай, атын омуролотуп, кармаша кетет. Балбандын колуна каракчынын колу илеше түшкөндө, булкуп тартып, торпоктой кылып чапка басат. Бир топ жерге, аты менен кошо сүйрөп барып, ээрден үзө, так көтөрүп, жерге таштайт.

Каракчынын шериктери, балбандын төбөсүнө камчы шилтеп, бети–башын көк ала кылышат. Жаны ачышкан балбан, кол көтөргөн бирөөсүнүн камчысынын көгүнөн кармап, өзүнө тартканда, анын билегине оролгон кайышы, колуна өтүп сүйрөлгөн боюнча жерге талп дей түшөт. Шеригин ажыратууга далбастаган дагы бири, сол колуна илеше калат. Анын жакасынан кармап, төбөсү менен жерге таштайт. Эки тарабынан демитип келген, эки каракчыны, ат үстүнөн чапчый кармап, бири-бирине кагыштырганда, экөөнүн тең мурдунан кан кетип, бети–баштары канжалайт.

Заматта беш каракчынын эсин оодарып, жака белин караса, каракчылардын бири аңкайып, оозун ачып, эс–учун жогото, туруп калган экен. Балбан ага умтула бергенде, жаны көзүнө көрүнүп, атын чапкан боюнча качып жөнөйт.

Төө балбан баягы шериктерин шыкактаган,

каракчылардын башчысына кайрылып келгенде, ал жыгылган жеринен араң туруп, соксоюп, отуруп калган экен. Өзү тарапка келеткан балбанды көрүп, жан соогалап, жалына кетет.

–Жан соога балбан! Жан соога?Айыбыбыз мойнубузда. Чымындай жаныбызды аман коюнуз? Аттарыбызды тартaлы?–деп бүжүндөп ыйлактайт.

–Эй, кутурган иттер! Жолдон өткөн жолоочуга тийишип, колундагыларын тартып алып, жаман үйрөнгөн экенсиңер да. Эсиңерге келдинерби, же чаласы калдыбы?

–Келдик. Келдик балбан? Бирөөлөргө тийбей калалы. Иттик бизден кетти:Кечириңиз? дейт.

Арытан башы–көздөрү жарылган шериктери да сүйрөлө келишип, ат үстүндөгү балбандын алдында шылкыйып турушту.

–Эй жолбун каракчылар!Мындан ары, адам тоногонунарды укпайын! Жанынар соога–деп, жүктүү атын жетелеп, жолуна түшөт.

## Кадырбектин сары торусу



1922-жылдын кеч күзү. Кардырбектин сары торусу Кара-Кулжа аймагында чоң аш берилип, тамаша Ылай–Талаада өткөрүлөт. Ар бир уруудан келген бийлер. өз тарабын тескеп, мөрөй алуунун аракетинде. Анда Кадырбек Гүлчөнү өзү билип турган чагы.

–Төөбай аке, ат миниңиз? деп калды.

Ага чейин кошо баргандар, аттын атын тандашып, жарай турганын издешип, өздөрү менен алек болуп жаткан. Улам алып келгендери жакпай, ылайыктуу ат табылбай, кабактары бүркөлө баштаган. Кадырбек ат жөнүн байкадыбы, өзү минип келген жоон, сары тору атынан түшө калып:

–Мына бул ат сизге жарайбы?-деди.

Төөбай чоң атка токулган ээр кашты кармап туруп, атты ары–бери түртүп көрс, жоон, сары тору солк этпеди.

–Жарайт деди, Төөбай балбан.

Аңгыча болбой, тамашага келген көп кишини эки бет кыла тизип, элдин ортосун чоң аянтка айландырып, ат көтөрө алгыс

чоң өгүздү атка сүйрөтүп келип, той ээлери ортого таштатып коюшту.

Оюндун шарты–боюнча жаткан өгүздү шарт эңип, ат жалына таштаганга байге берилерин уккан, отуздан ашык балбан тандалыптыр. Той башкаруучулар алардын ичинен онун иргеп алышты.

Төөбай он балбандын жетинчиси болуп катарга келди. Улам ат ойноткон балбандар чыгып, жерде жаткан өгүздү эңип кетүүнүн аракетинде, күлүктөрүн чаап келишип, эч кимиси козголто албады. Бир–экөө гана, өгүздү буттан кармап, үзөңгүгө араң жеткирип, колдорунан чыгарып жиберишти.

Төөбай балбанга кезек келгенде чоң сары торуну ойнотуп, ортого чыгып, бир тараптан күүлөнө чаап барып, жаткан өгүздү сүйрөтүп баратып, шап ат жалына сала кетти. Карап тургандар жер жарыла кыйкырышып,

–Бали! Бали! Эр экен. Анык балбан экен. Аты да өзүнө жарашыптыр– деп, мактап жатышты.

Төөбай сары торуга камчы сала теминип, кыйкырганына карабай, ат чуркоого алы келбей, жортуп калды.

Балбан той ээлери, казы–бийлер турган жакты карабай, жалгыз турган Кадырбектин алдына келгенде, өгүздү шалак эттире жерге таштады.

–Бара келде, балбан аке деген Кадырбек, астындагы курч атын теминип, алдыга чаап чыкты да, аркы тарапта турган, арабанын үстүндөгү байгеге ыйгарылчу чепкен–тондорду, кучактаган бойдон алып келип, Төөбайга өңөрттү.

Аларды карап турган той ээси, жабдыгы менен келишкен бир атты жетелеп «соорунга» деп, балбанга тизгинин карматты.


Казы, бийлер Төөбайды ортого алышып:

–Улак кандай, көпчүлүк тартыша алабы? дешет.

–Муну чаба турган Жалал-Абад, Өзгөндө үч– төртөөбүз эле барбыз дейт, Төөбай.

Той башкаруучу башка торпокту сойдуруп келип, тамашаны уланткан экен.

# Жусмамат балбан



Жусмамат балбан 1875-жылдар арлыгында туулуп 1970-жылы дүйнөдөн кайткан. Жаш кезинен балбан аталып, өмүр бою Бакал уруусунун намысын талашып, эңиштен эч кимге байге бербеди. Аты аңызга айтылып, көп жерге дайын эле.

Бир жолу Кызыл-Сууда чоң той берилип ага Алай, Гүлчө, Кара-Кулжа, Өзгөн, Кара-Суу, Ош аймагындагы жек–жаат, тууган урук түгөл чыкырылат. Уруу башчылары балбандары менен келет. Көбүн эсе той–ашты шаңына чыгарып, элдин көнүлүн өзүнө бурган эр эңиш, улак тартыш. байге чабыш болуп, соорун да арбын коюлат эмеспи. Андайда тамаша көрөбүз деп чакырылгандын, чакырылбагандын баары келет.

Намысты колдон чыгарбаштын камында, ар топтун бийлери, өздөрү менен кошо балбандарын улакка чапчу, байгеге кошчу күлүктөрүн алдын ала даярдашып, камданышат. Уттурганы сомсоюп, утканы кубанып «палан элдин балбаны, палан элдин күлүгү» деп ооздон оозго айтылып, элдин да эл башкарган бйилердин да даңкы чыгып, узун элдин учуна кетет.

Бул жолу да Бабый балбан тамаша башталары менен элден бата алып, ортого чыкты. Балбандын ат үстүндөгү сөөлөтүн көргөн көпчүлүк, демдерин ичтерине алып, «Ким буга, тен келээр экен, кайсы уруунун балбаны даап чыга алат? «деген ойдо таңыркап, карап турушту. Чынында эле Бабыйдын көрүнүшү өзгөчө эле. Алдындагы аты төөдөй болсо, өзү дөөдөй болуп, кармашкан кишинин колу–бутун жулуп алчуудай, ызырына тегерегиндегилерди омсоңдоп карап коет.

–Бабыйга тең келээр эч ким жок. Байгени бергиле. Соорунун берип, ортодон чыгаргыла. Анча–мынча балбандын жүрөгүн түшүрүп койбосун.

–Бабыйна ким тең келмек. Жанынан түңүлгөн гана адам чыкпаса, буга тең келээр балбан, али төрөлө элек деп, Бабыйды билгендер улам кыйкырып жатышты.

Көпчүлүктүн чуруу–чуусуна көңүл бөлбөстөн Бабый балбан түнөргөн бойдон, эки тарабын көңүлсүз карап коет. Алдындагы аты да, ыңгырана мойнун кейкейтип, анда–санда башын чулгуп, менминсинген ээсинин көңүлүнө карай, оозун кере ачып, аркайган азууларын көрсөтө, күрс-күрс жөткүрүп турду.

–Бабыга чыга тургандар, бар болду бекен?

–Бар окшойт. Тиги, мандай тарапта тургандар, дүргүп калышты.

– Алар, кайсы топтон болуп кетти?

–Бийлерине караганда, Бакалдар окшойт.

–Бабыйга тең келээр Бакалдардан, балбан бар бекен?

–Эл болгондон кийин, балбаны да болот да.

–Таң ай! Анжиан–Аксыда Бабыйга тең келээр, балбан болбосо керек.

–Тигине, бирөөсү чыгып келе жатат.

–Ээ аның, Бабыйга тең келе алабы?

–Тең келем деп, чыгып жатпайбы.

–Ажалы жеткен, бирөө болсо керек.

–Көрөсүн, Бабый аны, аты менен көтөрүп, алыс ыргытат.

–Бул балбанда, өзүнө ишенген үчүн чыктыда.

–Ишенбей калсын, алагөөдөн немего.

–Карасаң, тайманбай келип кол берди.

–Ээ чын эле чарпыша түштүбү?

–Чарпышмак тургай, тартышып жатышат.

–Бул балбан сок билек болсо, Бабый сокуго?

–Сок билек согот окшойт. Ии ана, тартты.

–Эий! Эр жүрөк экен. Жан койчудай эмес.

Көпчүлүк чуруу-чуу кыйкырык. Кийинки чыккан балбанды кубаттап жатышты.

–Тарт! Тарт, балбан тарт! –Азамат, Бакал балбан. Азамат! Тарт! Темин атты!

Бакал балбан Бабый балбанды улам жүдөтүп, колун ала качканына карабай, алма–телме билектен алууга, чарпышып жатты. Бабый балбан оор денеси менен чалкалай берип, колун өйдө силке бергенде, Бакал балбан аны оң билегине чап жармашып, кычкачтай карылуу колу менен өзүнө булка тартты. Бабый балбандын оор денеси эңкейе түшүп, ээги шак эте, тиштери кагыша түштү. Эңкейген денени түзөлтө койбой, Бакал балбан, анын жоон билегин ээр кашка баса, алдындагы атын темине:

–Айт жаныбарым, айт! деп үн салганда, баятан бери чиренип турган аты, алдыңкы туягы менен жерди ныгыра чапчып, жүрүп берди.

Бабый балбандын аты мойнун кейкейте тисерилгенине карабай, үстүндөгү балбандын көчүгү ээрден көтөрүлүп, сол колу менен аттын мойнун кучактады.

–Тарт, азамат! Балбан болбосоң, кое кал. Каптай сүйрө.

Көпчүлүктүн кыйкырыгы Бакал балбанга кубат бердиби, атын улам теминип, Бабыйдын билегин ээр кашка ныгыра басты. Ээрден көчүгү үзүлгөн Бабый балбан талпактай, жерге талп эте, түштү.

Бакалдардан баргандар Жусмамат балбандын атын жылоодон алышып, тегерете турган көпчүлүктүн алдынан, бир айландырып өтүштү. Тургандар ыраазы боло кыйкырып кубаттап жатышты.

Корулда той берилип, ага таздар, сары баргы, кара баргы, тасма, булаш, torойчу, тооке, сабай, бакал деги эле Баргыдан тараган бардык уруулардан өкүлдөр келишет. Тамаша Тегерек-Сазда өткөрүлүп, таздарданТайчабар балбан менен Бакалдардан Жусмамат балбан эңишке түшүшөт. Көпкө чейин ат үстүндө алышып, бири-бирин жеңе алышпайт.

–Эки балбан бирин-бири ала албады. Соорунду экөөнө тең, бөлүп берели дейт, бийлердин бириси.

–Жок! Алганына ыйгарылсын дейт, экинчиси.

–Эки балбан тең келди. Мындан ары бири бирине түшпөсүн. Башка жайдагы аш–тойдо баргынын намысын талашсын дейт үчүнчүсү.

–Эки балбандын күчү тен болгону менен илаасы, ыгы артык. Алышсың, кимиси алса, мөөрөй ошонуку дейт төртүнчүсү.

Ушул бүтүм эп болуп. Эки болбан кайрадан эңишке түшүшөт.

Тургандар улам чуулдашып, кыйкырыша, экөөнө кубат берип турушту. Улам кол алышып кармашканы менен силкише, тартыша албаганын көргөндөр жадай баштайт.

–Биринди бирин аясан, чыккыла.

–Тартыша албаганынар элди жадатты.

–Экөөн ортодон чыккыла! Башкалар түшүшсүн деп, көпчүлүк кыйкыра баштаганда Жусмамат балбанга оң келе калып, Тайчабар балбандын колун кармап, ээрге басып, атын теминди.

Тайчабар балбандын аты көп жолу эңишке минилип жүрүп, ээси менен сырдана болгонбу, же тарткан күчкө таканчык бере албадыбы Жусмамат балбандын атын ээрчиң басса басып, жортсо жортуп артынан калбады.

Тамашадагы эл чуулдап

–Тарт эле, тарт! Чап эле, чап! Темин эле, темин! Ал, сүйрө. Күч атасын таанубайт дешип, кыйкырып жатышты. Ээрде нык отурган Тайчабар, атын улам теминип, колун булкуп чыгаруу менен алек. Минген аты, алдынкы сүйрөп бараткан атка жанаша түшүп, жортуп баратты.

Ортолукту бир айланганга чейин балбандар үзүшө албады. Жусмамат балбан атынын тизгинин тарта, беркинин колун чапка басарында той башкаруучулар ортого түшүшүп, экөөнү ажыратышып

–Балбан балбанды кордобойт. –Тирүү адамды чапка басканыңыз туура келбейт. –Экөөн мындан кийин эңишбегиле

–Экөөн тен элдин намысысынар. Керек болсо биринди бирин колдоп жүргүлө дешип, кол алыштырып, муназага келтиришти.

Ошентип Жусмаматка Тайчабардан башка Алай, Кара-Кулжа, Куршаб аймагынан тең келээр балбан чыкбай, аш-тойдо соорун атайылап ага ыйгарылып жүрдү.

## БАЛБАН МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ



Жусмамат балбанды Кара-Кулжа, Алай, Өзгөн, Ош аймагындагылар жакшы таанышат. Эңиште эч кимге мөрөй бербеген балбандыгынан улам, көп жерлерге барып намыс алган. Ал тургай бир кезде алыштын башынан торт кырдуу ташты үйүнө чейин, колтугуна кысып, экинчи колу менен суу апкалдап, көтөрүп келгенин билгендер ушул күнгө чейин аңыз кыла айта калышат. Ал ташты мен-менмин деген, эчен деген эр азаматтар, тизесинен ашыра так көтөрө алган эмес. Таштын жөнүн сурагандарга, учурунда балбан өзү кеп кылып калчу экен.

-Кемпирим таар капка дайыма сүзмө куят. Ал босогонун сол капшытында, керееге бойлуу баканга илинип, жаңы журтка көчүп келгенден тартып, башка журтка көчүп кеткенге чейин жылбайт. Качаан гана жаңң журтка көчөрдө, ичиндеги сарыккан сүзмөнү кайнатып, курут тоголоктогондон кийин гана бошобосо, ага чейин тапкан айран үстү-үстүнө куюлуп, баканга илинген бойдон, керегеге тирешип турганы-турган. Кыштоодо көп турган сүзмөнүн суусу сарыгып, ал жерди ылайлап, анча-мынча алдына койгон жыгач, куурайларды да чиритип жибере турган. Ошондон улам кемпирим:

-Балбан, балбан десе эле, мардаясың. Тиричиликке түк эбиң жок. Жада калса, тиги сүзмөнүн алдына ылайыктуу таш коюуга да чыгынбайсын — деген сөзү кулагымда калыптыр.

Алыштын башына барсам, ушул таш көзүмө жылуу учурап, кемпиримдин кеби эсиме түшө калды. Колтугума кысып алып, сууну апкалдап келе бердим. Ташты таар каптын алдына койсом, жарашып эле жатып калбадыбы. Ошондон бери кемпирим ланшыганын да койду - деп тамашага жооткотуп калар эле.

-Алыш, үйүңүздөн оңор алыс го?

-Алыс болсо эмне экен.

-Эки-үч чакырым жерденби?

-Бир жамбаштын үстүнө коюп, колтук тап келе бердим.

-Колтугуңузга кысып келген таш ушул болсо, чындап көтөргөн жүгүңүз канча салмакта болду экен?

-Көп эле жүк көтөрдүм. Бирок, салмагына кызыкпадым.

-Сазга тыгылган өгүздү канча жашыңызда сүйрөп чыгаргансыз?

-Токсондо болсом керек.

-Ал иш кандайча болуп калды?

-Билбейм. Чамасы саздын бетиндеги көк чөп, өлөң-жашаң көрүнүп өгүздүн напсисин бузганбы, же уйлар менен суу ичкени барып түшүп кеткенби, айтоор өгүз сормо сазга тыгылып куйругу, мүйүзү, мурду гана көрүнүп калыптыр.

-Бул окуя, кайсыл жерде болгон? Жайлоодо саздуу жер көп эмеспи?

-Надыр Булактын этегиндеги сазды, Чулук деп коебуз. Дал ошол чулукта болгон.

-Толук айтып берсеңиз?

-Айтпай эмне. Күз келип, кыштоодогу эгин-тегин жыйналганга чейин деп, убактылуу Чулукка көчүп келгенбиз. Айылда эркектердин баары орум-жыйымга кеткен болчу. Эрте мененки ичкен кымызга ныксырап, боз үйдүн этегин тургузуп колоколоп жаткам. Көзүм илинип кетиптир.

-“Аба, аба” - дешип, жаш балдар чуркап келишти.

-Башымды көтөрсөм айылдагы майда балдар.

-Аба, тиги Чулукка өгүз түшүп, саз соруп кетти.

-Атаңдын оозун атчайындар, айылдагыларга айткыла.

-Бардыгы келишип, чыгара албай, сизге жиберишти.

-Ишенгениңер мен болсом, жыргаган экенсиңер. Көзүм көрбөйт. Кантип басып барам?

Биз жетелеп барабыз дешип, майда балдар мени “каадалы” адам көрүшүп, жетелеп алып барышты.

-Саздын жээгинде жалаң катын-калач, майда балдар толуп кетиптир. Мени жетелеп барышканы менен сазга жакындай албадым. Чуру-чуру түшкөндөр, даттанышты.

-Өгүздүн түшкөнүнө көп болуптур. Улам чыгыштын аракетинде кыймылдаган сайын саз соруп мурду менен кулагы, муйузу көрүнүп турат. Эч арга таба албадык дешти биринен бири кеп талашышып.

-Өгүздүн ичи көөптүрбү?

-Оңор эмес. Эки бөйрөгүнөн ашып турат.

-Анда деминин баары ичине түшүптүр.

-Эми кантсек болот?

-Мүйүзүнө аркан чалгыла. Азыраак тартканда

куйругу кыймылдайт. Аны дароо жипке байлайсыңар;-дедим.

Катын-калач сормодон коркуп жатышып, араң мүйүзүнө чалма салышты.

-Тарткыла! - десем, эч бири кыймылдата алышпады. Өгүз башын чулгушка аракет кылган сайын, сормого андан бетер батып баратканын айтышып, чуулдашат.

-Андай болсо, жипти мага карматып, силер мени дың жерге карай жетелегиле! дедим да, аркандын бир учун мүрүмө салып, тырыша тарттым.

Майда балдар, бириси менин этегими, бириси куруман, бириси жиптин учунан тарта башташты. Мүйүзүнө күч келген өгүз, темине-темине башын чулгаган сайын, анын жону, куйругу көрүнө баштады. Ал башын кыймылдатканда мен теңселе түшүп ичимен.

-Оо кудай, бала-чакага жыгылтып маскара кыла көрбө – дейм. Көптүн иши, көп да. Бириси бара калып, куйругуна жип байлоого үлгүрүптүр. Өгүздүн куйрук, мүйүзүнө байланган жипти мүрүгө салып мен тартам. Ал жердегилер жабыла мени тартышат. Улам-улам козгоп жатып, өгүздү соорусуна чейин чыгардык. Топтогулар дагы жип алып келишип, өгүздүн мойнуна байлашты. Ал чыгыштын аракетинде болуп улам жүткүнө берип, акыры чарчап, кыймылдоого алы келбей калганбы, өлгөндөй болуп сулк жатат. Улам дем алып жатып, көпчүлүк чай кайнам убактан соң сормодон сууруп алдык. Балдар таңыркашып, биринен-бири өтүп, кыйкырышат.

-Уй-эй көзү аңтарылып калыптыр.

-Оозунан шилекей куюлуп жатат.

-Ичи чоңоюп кетиптир.

-Жел чыгып жатат.

-Кандай өгүз экен? - деп тургандардан сурасам:

-Колхоздун төрт жашар, порода өгүзү дешти.

Өгүз бээ саам убакыт жатып, анан туруп кетти.

Балбандын үйү айылдын ортосунда болгондуктан күндө анын жанынан чоң-кичине үзүлбөйт. Анын үстүнө ал киши ыр, жомокту көп билген, кээде жамактатып айта койгон сөзмөр эле. Өзүнүн башынан өткөргөн окуяларын сурагандарга шашылбай айтып берчү. Элден уккан “миш-мишти” такташ үчүн бир күнү бириси сурай калды.

-Абаке, Төөбай улакчы, сиз менен эңишкенби?

-Мени менен көбү эле эңишкен. Бирок, Төөбайдын

анык улакчы экенине ошондо там бергем.

-Улакчылар эмне? Аты, күлүк, өзү чапсаң болсо болду да. Анча-мынча улакты жулуп алып, чапка басып кете берет.

-Жо-ок. Андай эмес. Улакчы деген өтө балбан болушу керек. Башкалардан жулуп алыш оңойбу?

-Ооба сага жерде жаткан канчалаган торпокту, ноопаздарды көтөрүп, атка салышка күч керек.

-Улакчы деген балбан да, чапсаң да, эр жүрөк да болушу керек.

-Чабандес болбосо, бир күчү эч нерсеге татыбайт.

-Улакчынын бутунда күч, белинде каруу, колунда кубаты болуш керек.

Улакчалардан улакты жулуп алып, чапка басып, жеткирбей кете берет.

-Туура айтасыңар балдар. Улакчынын бардык денеси иштейт. Көзү курч, өзү баамчыл, кулагы уганак, денеси шамдагай, али бетте акылы тетик болушу керек. Себеби, күчкө акыл кошулса, бекем-эрк бириксе, ал адам ийгилике жетишет. Ат үстүндө баратып ал кайсыл улакчы, кандай экенин үз күчүнө ишенген эр жүрөктүүлүгүн, же жалтакчал, чабал экенин байкайт. Ошого жараша ила, амал ойлойт. Жөн адам улакчы болбойт. Анда бардык касиеттер болушу керек. Атынын сырын билип, өзүнүн ыгын атына туюндура билиши зарыл. Улак тартыштагы бардык шарттарга даяр болуп, чебер мамиле жасаса гана көпчүлүктөн өзгөчөлөнө алат.

-Аба, Төөбай улакчы ошондой киши болгонбу?

-Төөбай чабандес, бир Кыргызстанда гана эмес, Озбекстан аймагында да атагы чыккан улакчы эле.

-Аны менен эңишкениңизде, киминңер ала алдыңыздар?

-Бир кармашып эле, ажырап кеттиңиздерби?

-Жок. Эртеден түшкө чейин, булкушуп-тартыштык.

-И ошону айтсаңыз?

-Ал экөөбүз бир уруктан болгонубуз менен, биздин топко "күйөө бала" болчу. Менин жакын карындашыма үйлөнгөндүктөн, мен аны күйөө бала десем, ал мени кайнага дечу. Кыргызстандан өтүп, Өзбекстанга барып, бир-эки айлап, ал тараптагы тамашаларда улак чаап жүрөп калчу. Көргөнбакканы улак болуп, тан-тамашага өтө эле ышкыбоз эле. Көбүнесе тиричилигин аш-тойлордо тапкан соорундары менен

өткөрчү. Бир барып келгенде, жүгү менен кош ат жетелеп, жолду келээр эле.

Бир жолу Өзбекстандын Анжиан, Маргалан, Асаке, Куба деген жерлериндеги той-тамашаларга катышып жүрүп, учурашканы келип калды. Эрте менен Тоогузгундун оозунда жолугуп калдык. Ал салам айтып, мен алик алып, кол алышып учураштык. Ал колумду кое бербей.

-Кайнага кандайсыз?-деди

-Жакшы келдиңби, күйөө бала?- дедим.

Ангыча болбой жаныбызда токтошуп тургандар сүрөмөлөп калышты.

-Экөөң тең атагыңар чыккан балбансыңар. Бириң улакта, бириң эңиште мөрөй бербейсиңер. Кана, кимиң кыйын экениңерди көрөлү. Эңишип көрбөйсүңөрбө - деп жаалап кетишти.

Тургандардын сөздөрүнөн уламбы, же экөөбүз тең күч сынашкыбыз келдиби, кармашкан колдорубузду ажыратпай, тартышып калдык. Улам ал ат жалына жата калып чирене тартат. Мен эңкейип барып, кайра ондонуп кетем. Ошол учурду сая кетирбей, мен ат жалына жата калып тартсам, ал эңкейип барып, түзөлө түшөт. Аттарыбыз да татайып, ордуларынан жылууга кубаттары жетпей калабы, ооздуруктарын кемире, баштарын чулгуп туруп калат. Экөөбүз тең колдорубузду ээр кашка жеткирүүгө мүмкүнчүлүк бербедик. Кокус эле билек ээр кашка жетсе, чапсаңдык менен ээрдин кашына матап, аттарды “чу” демекпиз.

Колдорубуз карышып, билек, карыларыбыз талып чыкты. Экөөбүз тең алка-шалка терге чыланып, чепкендерибизди, андан соң көйнөктөрүбүздү чечип ыргыттык. Бирде ал, бир мен кол сунам. Алакан, билектерибиз да терлеп, бирде кызарып, бирде кубарып, тырмактарыбыз кадимкидей көгөрүп кетти. Бир карасам өзүбүздөн да, аттарыбыздан да булоолонуп, буу чыга көтөрүлөт. Ар кимибиз өз ыгыбызга салабыз. Мен созуп тартсам, ал булкуп, силке тартат.

-Улакты силкип, булкуп тартып көнгөнсүң да-дейм ичимен.

Баягы биз менен кошо тургандар, бизди ээрчип жүрүшүп жадашты окшойт.

-Кайнага деп сен аянба, күйөө бала деп сен аянба. Бириң эң да, бириң эңил дешип, кыйкырып калышат.

-Кайран гана күч. Жалаң эле улак дебей, эңишке түшкөнүңдө, көбүн эңшермек экенсиң -десем.

-Балбаным, эңишке эле түшөм деп жүрбөй, улак чапсаң эч ким сизге тең келмек эмес - деп, ал айтат.

Экөөбүздүн кармашканыбыздан улам, аттарыбыз кулак тарына чейин терлеп, сооруларын ак көбүк басып кетиптир. Жаңы көтөрүлгөн күн, чак түш болуп, экөөбүз сүрүлүп барып айылдын башына жетип калыпбыз. Бая, эрте менен экөөбүздү сынамакка эңишке салгандар, алыстан бизди тиктеп отурушуп, жадашканда жаныбызга келишип, ажыратышты.

-Элдин камысына жараган пендесиңер. Эңишкенди коюп, ажырагыла. Биз силерди бекер алыштырыпбыз. Көргүлөчү, ат чабым жердеги аңызды айдагандай тытмалапсыңар. Койгула эми -деп, экөөбүздү эки тарапка болуп, беттерине бата тартып келишти. Кай жерде болбосун көпчүлүк бетке бата тартканда оюн токтолуп, балбандар ажыратылат.

Айткандай эле, экөөбүз кармашкан аңыз айдалгандай болуп карарып, аттардын туяктарынан улам омкорулуптур. Экөөбүздүн тең аргымагыбыз кара тер болуп, ооздуктарын чайнап соолуктайт. Улам өпкөлөрүн кага жөткүрүшө, денелери титирейт.

Ал менин сыныма толгон. Көп жайларда, маарекелерге барып, эңишке түшүп жүрдүм. Эч бир балбан менен анчалык убакытка, эңишкен жокмун. Эки-үч жолку булкушканымда эле, анын күчү канчалык экенин байкап, билип, шарт эле алып кетчүүмүн.

Төөбай атактуу улакчы-чабандес гана эмес, анык күчү ташыган балбан эле.

## Үч сооруңду бир алганда

«Жума күнү адия, ишемби, жекшемби күндөрү той–тамашасы өткөрүлөт» - деген кабар Чоң-Алайлык тууган-дардан жиберилиптир. Бир топ адам бармак болдук. Ортодон кошумча чогултуп, туу калган бир бээни жетелеп жолго чыктык. Жолдо үч күн түнөп төртүнчү күн дегенде Дароот-Коргонго жетип бардык. Өргүп, эс алып, аттарыбызды тыныктырганча тойдун тамашасы да башталып кетти. Алдын эңишке кезек берилип, айылдагы майда балбандардан соң, ар ар жерден, келген топтордон чыккан балбандар эңишип, күч сынашып, чабалдар оюндан четтеп, чыгып жатышты. Уламдан улам ат которушкан балбан билек жигиттер, колдору карышкыча кармашышып, иргеле берди. Чоң балбандарга кезек берилип, соорун жарыяланды.

–Алыстан келген меймандар, балбаныңар болсо чыгаргыла! Ат үстүндө алышышып, жеңгени байге алсын дешип, той башкаруучулардын дайындоосу менен жарчылар жаагын безеп, топ аралап жүрүштү.

Үч-Коргондук, Кара-Тегин, Жерге-Талдык балбандар иргелип, ортого чыккандарды бурчатпай, ат үстүнөн оодара тартып жатышты. Үчөөнүн тең алдыларындагы аргымактары жөн турбай, так секирип ойноктойт. Балбандарда курч аттары менен эңишке чыккан балбандарды оморолотуп, аттарынын баштары менен ургуза, жүдөтүп жүрүп, эңишип, соорундун көбүн жеңип алышты. Үч балбан сүйлөшүп алгандай, биринин артынан бири чыгат. Баятан бери эңишкендерге сарасеп салган Жусмамат

–Эми тандалып бүтүштү окшойт? -деп үргүлөгөн атынын үстүндө жака-белин үңүлө карап, кимдир бирөөнү издегенсийт.

Аңгыча болбой жарчыда кыйкыра кетти.

–Жамагат! Мына, үч балбан иргелип чыкты. Булар менен эңишем дечүүлөр барбы? Эл башы, бийлер балбаныңар болсо мына үчөөнө чыгаргыла. Эгерде эч ким чыкпаса, соорун ыйгарылат-деп, ортолуктун бир четинен, экинчи четине карай кыйкырып жатты.

–Балбан, атайы келип, эңишпей кантап кетебиз? Чыгыңыз– деди Гүлчөдөн барган топтун бирөөсү.

–Менин атым, тигилердикине караганда кашаңыраак. Курч ат табылаар бекен? деди Жусмамат.

–Балбан, ат сизден айлансын. Өзүбүздүн боз күрөң жарайт деп, бирөөсү барып, өздөрү менен кошо келген токточу

боз күрөңдү ээсинен сурабай-этпей эле, алып келе калды.

Боз күрөңдүн басмайылын чың тарткан Жусмамат, атка камчы басып чыга келди. Ат салышса салышып, курч атты ойнотуп, ары-бери бастырып келип, алгачкы түшкөн балбанды оморолото, сүрүп жүрүп, эңип кетти. Кийинки балбанды кармашары менен бир булкуп, үзөнгүдөн буттарын тайгалта, оодара тартты. Кийинки балбан бир топ таймашып жүрүп, акырында жеңилгенин мойнуна ала, чыга берди. Жусмамат балбанга эл кыйкыра чуулдап, ыраазылыктарын билдиришти.

Балбан бир күндө үч соорунду бирдей алып, кошо барган тобун аябай кубантып, үйлөрүнө жолдуу кайтышты.

## Чепкен айрылганда

Балбан өпкөсүнөн кагынып, алтай төшөктө суук ичип жатып калды. Караандай суу ичкенден улам, кубаты кетип, бут шилтөөгө дарманы жок. Эшикке араң чыгып, үйгө араң кирет. Тамырчынын айтуусу боюнча оорусунан такыр айыкканы менен канаты кыркылган шумкар баштанып сүйрөлө аяк шилтейт.

Ала шалбыт мезгил. Кар толук кете элек. Күндүн табынан улам, аңыздардан буу көтөрүлүп, тескей тарап ала–телек. Күндүн жылуулугун денеси сүйүп, эшик алдына бир аз отурмакка, дөңгөчкө көчүк коюп, маңдайдагы, тээ өйүздү карай берерinde, топ атчандардын карааны көрүндү. Алар бака–шака түшүшүп, аттарынын басыгы менен өйдө карай, өтүп баратышты. Канатын шалдайтып, туурда жаңы отурган бүркүт баштанган Жусмаматты көрө коюштубу, бир маалда аттарын токтотушуп, топтошо түшүштү. Жеңилирээк бирөөсү бөлүнө берип, четке ат бастырды. Улоосунун аягы ылдамбы, бир заматта күн чубактап отурган, балбанга салам айта кетти

–Ассалоому алекум балбан.

–Алеки.

–Аман эсен турасызбы, мал жан аманбы?

–Шүгүр. Аттан кон?

–Түшпөй эле.

–Эмне, шашылышсынбы?

–Казы абам, сизди тойго, бирге барсын дейт.

–Тойго бармак каякта. Алты ай суук ичип араң турдум.

–Аныныз менен кабарыбыз бар. Караанынызды таанып, тиги жерде жылбай турат.

–Казыга рахмат. Өйдө туруугa дарманым жетпейт.

–Эмне экен. Ат үстүндө барып келесиз. Казынын сөзүн кантип кайтарасыз. Аттын үстүндөгү адамга да ооруу турабы? Камбар-Ата тукумунун касиети улук эмеспи. Алты айдан бери үйдөжатып, бук болуп калсаңыз керек.

Дайыма эл аралап, топ жыйынды чачырата кечип ойногон балбанды, чакыруучунун сөзү, сээрге сайгандай селт эттире, арына келтирди.

–Чын эле казы мени адам деп чыкырды. Кыргыз баласы качан ооруп, төшөктө жатчу эле. Анча–мынча ысык–суук тийип, тумоолоп калса, эңиш–күрөшкө түшө коюп, улакчыларды аралай чаап, алка–шалка терлеп, айыгып кетчү эле го. «Өпкөсүнө суук тийип, балбан жатып калыптыр» десе, уккандын баары күлбөйбү–деген ой менен балбан ордунан турганын, өзү да билбей калды. Аңгыча болбой, арткы тамдагы көптөн бери минилбей, байлануу турган «жаман боз» сырттагы ат дүбүртүн туйганбы, окурана, кишинеп алды. Атынын шыңгыр кишинегенин уккан балбандын эти дүрдүгө, бою жеңилдей түшкөнсүдү. Өзүнүн оруп турганын унутуп

–Атты алып келгиле! деп айтып жибергенин да билбей калды.

Бир обдулса, такыр кайтпас, көктүгүн билген байбичеси

–Эми тердеп оңолуп келдин эле. Кагынын, кайра кармабагыдай эле. Эми, байласа да турбайт. Алты айдан бери, карандайкара суу ичкен байкушка, талаада ким суу кайнатып бермек эле. Дөөпөрөз, эми, табын айнытмак болду деп, кемпири сүйлөнө очоктогу асыла турган казандагы, буусу чыгып, табы кетпей турган, дак суудан кара кесеге, толтура куюп, суна калды.

Балбан оозу күйгөнүнө карабай, караандай кара сууну шор–шорууртап, терин арчыбай, жалан этине жамынган чепкени менен туура тартылып турган, «жаман боздун»ээринин үзөнгүсүнө бут салды.

–Алда, катыгүн ай! Жалангат чепкени менен кайда барат? Көйнөгүндү алып чыгып берейин. Ме, тонуңду кармай тур – деген кемпири ичкери карай, кирип кеткенине карбай, тонду үстүнө жамынып «жаман бозду» теминди.

Аматказы жетектеген топ, тез эле таздарга жете келишип, дайындалган үйлөргө түшүштү. Меймандар күрү–күү боло, союлган тай, койлордун шорпосунан ичип, эт жешип, балбан менен иштери болгон жок.

Балбан тополондо үй ээсинин түйшүгүн көрүп,

кайнаган кара суу суроодон айбыгып, суу сураса да, аны кайнатууга казан бошобой жатып, кеч кирип, таң да атты. Эл катары эт жеп, шорпо ичүүгө, анын көңүлү келбеди. Муундары калтырап, тер баскан балбан таңды араң атырды.

Эрте менен күндүн мурду жерге тегиз тийгенде Ажикенин кең талаасында, эр эңиш башталды. Ар уруудан келген балбандар чыгып, улам тартышып, бири эңип, бири энилип майда соорундар таркатылды. Баш байге аталган соорунду алууга балбандар терилип калгандыктан, эч ким ортого чыккан жок. «Сен чык, мен чык» деген бири–бирин сүрөгөн үндөр басылып, тамаша өтчү доорандын ортосу ачык турду. Мурдагы тойдогу бийлердин бүтүмүн эске алганбы, же Жусмаматтын келгенин угуп, караанын алыстан көргөнбү, таздардын балбаны Тайчабар минген атын кейкейте, улам ортого чыккан жаш балбандарды сынай тиктеп турду.

Ар топтон келген бийлер, ортодогу дөбөдө турушкан. Эңиш оюну сээлдеп, ортодо эч ким калбаган кезде, алар күбү–шыбыр боло, баш ийкешип жатышты.

–Жусмамат менен Тайчабарды эңиштирели. Эл бир аз тамашасын көрсүн.

–Жок! Убада–убада. Экөөнү эңиштирбейбиз дегенбиз. Баргылардан башка уруулардагы аш– тойлордо биринен калса–бирин салалы.

–Бүгүнкү эңишкендердин мааниси болбоду. Эл тамашага каныша элек. Эки балбандын күчтөрүн көрүшсүн.

–Койгула, жакшылар. Илабизди бузбайлы. Өзүбүздөгү чакан тойлорго, аларды чыгарбайлы.

–Алышышпасын. Бир–эки тартышып, элге тамаша көрсөтүшсүн деп, көпчүлүк чуулдады.

Аңгыча болбой, Тайчабар балбанды чечиндирип бирөөлөр атчан чыгара келишти.

Жусмамат балбан бейгам. «Жаман боздун» үстүндө көңүлү кара болуп, денеси дүркүрөп, чыйрыгып турган. Тайчабардын ортого чыкканын этибар да албады. Үйүнө кеткиси келип, жалгыз атчан бастырууга көңүлү келбей, көөнү каш болуп турганда, бирөө келип

–Балбан, бийлер тамаша көрөлү деп жатышат. Ортого чыгып, Тайчабар балбан менен учурашып, кол беришсин дешти.

–Жок ооруп турам, Ортого чыгууга, кушум жок.

–Амат казы баш болгон, бийлер суранып жатышат.

–Болбойт. Кеткени турам деп, «жаман бозду» кайрый бергенде дагы бирөө келип, атты тизгинден ала жетеледи. Балбан атын кейкейте тартып

–Тизгинди кое бергиле-дегичекти, бири алга тартып, бири сооруга камчы шилтеп, сүрмөлөп, ортого чыгарып жиберишти.

Тайчабар аларды утурлай бастырып келгиче, баягы сүрөмөлдөгөндөр Жусмаматтын жениненен тартып тонун чечип ала коюшту. Жалан чепкенчен, өңү түктөйө жүдөгөн, баягы эңиштерде доорандагы шаңы жок. Эчен балбандарды сүрдөнткөн, албеттүү балбандын булчундуу денеси, шөлбүрөгөн жаман чепкен ичинде, карап тургандарга куту учкандай көрүндү. Алты ай кара суу ичкенден улам, балбандын эти тартылып, сөөктүү денесинин мүрүсү оркоюп, беттери кубарынкы тартып, жүдөгөн эле. Арыктаган балбанды көрөөрү менен Тайчабар:Аа кубатын кеткен экен. Эми, менден бирди көрөөрсүн, деген тариздe, өктөм кол сунуп:

–Ассалоому алейкум балбан.

–Ва алеки.

–Бийлер, бизди элге тамаша көрсөткүлө дешет.

–Көрсөтчүүлөр көрсөтсүн. Менин табым жок.

–Бир эки тартышып, чыгып кетели.

–Мени жайыма койгула. Кайтайын–деп, аттын башын кайрый бергенин көргөн көпчүлүк, алыстан кыйкырышты.

–Балбан далы–башыныз курушуп калгандыр, тартышып, жазылып алыныз.

Тайчабар Жусмаматтын кетенчиктегенине карабай шадылуу колдорун сунуп, аны кармамак болду. Ээсинин абалын түшүнгөндөй «жаман боз» кейкейе, кетенчиктеп, аркага тисерилди.

«Жаман боз» демекчи, ал балбанга алтынчы жолу келип, колуна кайра тийген эле. Анын жөнү Алай, Анжиан аймагында аш–тойлордогу эңиштерде атты баш кыла, мал–жандык коет. Ошондон улам «ак боз» элге дайын болуп, ким аш–той берсе, «ак бозду» издеп барып, сатып алып, эр эңиштин баш соорунуна коет. Анын баасы бычылганы көпкө дайын. Жусмамат балбанда ар дайым эңиште «ак бозду» соорунга алып, кардары келгенде, кармата берет. Ал кайра эле балбандын колуна келет.

«Жаман боз» аталышын да, балбан өзү койгон. Анын

канча жашкакелгенин оозун ачып, тишинен гана аныкталбаса, көрүнүшү кышы-жайы бирдей. «Мынча асый» деп, аны эч ким жашын аныктай элек. «Ак боздун» жооштугу, кашеки, отту ылгабагандыгы, кышы суукка, жайы ысыкка чыдамдуулугу, эч бир арыбагандыгы, балбанга жагаар эле.

Бул аттын касиети бар. Ар дайым мага оомад алып келе. Өңү боз, жоголбойт. Бош кое берсен, кетпейт. Кабырга алса качпайт. Катуу да чуркабайт, секин да баспайт. Мунун сырын билбегендер жаман дешет. Ошондон улам, мен аны «жаман боз» атагам, дейт балбан.

Тайчабар курчаты менен «жаман бозду» өбөктөтө, омороолотуп, Жусмаматтын кетенчиктегенине болбой, колуна асылды. Сол колу менен тизгинди кармап, оң колун ала качкан Жусмаматты эл алдында уйпалап, экинчи эңишкис кылайын деген окшойт. Улам шаштыра кол созуп, ыңгайын келтире албай жатты. Жусмамат оң колуна тизгинди алып, сол колу менен терлеген жүзүн арчымакка, койнундагы курун ала беreринде, Тайчабар сол колун шарт кармап, чирене өзүнө тартты. Жусмамат колун силке, бошотууга аракеттенип, чалкалай берди. Эки балбан эки тарапка тартышып, үзөңгүлөрүн чирене тебишкен сайын, аттарга да күч келип, аларда татайыша кетенчиктеп, тисерилишет.

Тайчабардын мингени ары бийик, ары жоон, «жаман боздон» эки эсе келип, улам булкуна, салмагын салып жыла баштады. А «жаман боз» болсо, кейкейип башын көтөрө, жалына сүйөнгөн ээсин, алдырбаска тисериле, бир орундан жылбастын аракетинде, арткы аяктарын бүрүштүрө кетенчиктейт. көпчүлүк жандана, отургандар тура кала, ат үстүндөгүлөргө, кыйкырып, сүрөөнгө алып жатышты.

–Та–арт! Тарт! Темин, темин! Чү де! Ал, сүйрө! Көп чуудан намысына келе түшкөн Жусмамат, эти качып, сөөктөрү оркойгон колун шарт суна берип, кайра булкканда Тайчабардын майлуу алаканынан жылмышып, чыга түштү.

–Э, эрежени билбеген зөөкүр. Адам эмес экенсин. Мени элге шерменде кылайын деген экенсин. Эңишпейм, соорунуңду ала бер. Кудай буйруса, дагы бир маарекеде күч сынашып аларбыз деп Жусмамат жүзүн үйрүп «жаман бозун» тескери бастырмак болду.

–Балбан эңишке чыдаган киши чыгат. Качпаңыз. Соорундан үмүт-этип турасызбы?

–Эңишсең, эркекче эңиш. Катындардай аймалашпа. Бир сага татыймын. Ат котороюн макулсунбу?

–Эр адам ат алмашпайт. Мөөрөй күчтүүнүкү.

Тайчабар атын атырылта теминип, артын салган «жаман бозду» жандай келип, Жусмаматтын чепкенинин этегин булкуй тартты. Жаман чепкиндин этеги колуна оролуп, ат үстүнөн алып түшүүгө ыңгайы келгенинен улам Тайчабар, курч атын теминип, тескери бурду.

«Жаман боздун» мойнун кучактаган Жусмамат, чепкенин чечип жиберүүгө буямасы келбей, шаштысы кетти. Чепкендин экинчи этеги сүрүлө келип, анын башын чүмкөп калды. Уйпаланган балбанды чепкени менен ороп, жерге «талп эттире» түшүрүүнү ойлогон Тайчабар, колуна оролгон чепкенди кое бербей, этегин ээр кашка орой, атына күч бере кыйкырып, катуу теминди. Эки балбандын күчүнө туруштук бере албаган чепкен, дал ортосунан айрылып кетти. Бир жак өңүрүн жеңи менен айрып алган Тайчабар, аны делбектете, көпчүлүктүн ортосун аралай чаап барып, бийлердин алдына ыргытып ат тизгинин тарта, оң колун көкүрөгүнө ала, ийилип койду.

Жыланач этиндеги чепкенинин жарымы жок Жусмамат «жаман боздун» оюна коюп, жай бастырып баратты. Анын абалын эч ким түшүнгөн да жок. Утурлап чыккан бирөө да болбоду.

# Турду балбан



Турду Алим уулунун чоң атасы Калбек. Калбек Намазбектин Алек деген уулунан. Алек Турдунун ба-басы болот. Ал 1901-жылы төрөлүп, 90 жашында же, 1989-жылы март айында дүйнөдүн кайткан. Атакедеги «Алике дөбө» деген бейитке алгачкы болуп коюлган.

Анын бою 180-190 го жетип, салмагын мен бала кезимде тартканымда 140 килограмм эле. Эткелинен келип, сөөктөрү билинбеген, желкеси менен бели туташ, жоон адам болчу. Билеги жеңдей болуп, кармаган балбандын салаасы жетпеген. Өлөр өлгүчө этинен түшпөй, бир калыпта жүрдү. Сабатсыз, дыйкан–чарбадар эле.

Ал киши менен кошо, көпкө жүрүп, эчен балбандыгына күбө болдум. Башынын өткөн окуяларын айтып берчү. Бир жолку аңгемесинде, жаштыгын эскерет.

–Мен балалыктан эр жетип, боз улан болуп, үйлөнө элек убагым. Айылда өзүм теңдүү Эркул, Токтобай, Бегимат өңдүү досторум менен күрөшүп эңишип ойнойбуз. Аларды дайыма утуп алчумун.

–Жакында боло турган тойго Алай, Өзгөн, Кара-Кулжа, Куршаб, Кара-Суу, деги эле ар тараптан куда–сөөк, дос–жарлар чакырылыптыр. Ар топтун башчылары балбандары менен келет экен. Тамаша Суук–Дөбөнүн желкесиндеги Кара-Баткакта өтөт–деген кабар, узун элдин учуна, калың кылктын катмарына жетип, көпчүлүк, күн санап, кулак түрүп калышты.

–Атактуу Тайчабар балбан сөзсүз келет. Сен аны менен бир эңишке түшүп көрбөйсүнбү? Утсаң да, утулсаң да атың элге таанылат - дешти, мени күүлөшүп досторум.

–Ал атактуу балбан болсо, мен силерден башкалар менен эңише элекмин.

–Эмне экен. Ал да биздей адам. Балбандын балбаны болсо да аны аял төрөгөндүр. Күчүнү бир сынап көрбөйсүнбү дешти.

Биздин сөзүбүздү атам угуп калыптыр.

–Кой балам, Тайчабарга түшөм деп ойлобо «Ал каман» сени чалып, майып кылып коет. Күчкө толоор,

баралына келе элексин-деп тыйып койду.

Баягы күткөн күн келип Кара-Баткакта тамаша башталды.

–Тайчабар балбан чыкты. Ортодогу ат ойнотуп турган Тайчабар деген балбан.

–Оо, оңор эмес го. Ат өзүнө куп келишиптир, кайдан тапты экен?

–Балбандар атты тандап минет. Издеп жүрүп, тапкан да– деген, элдин кобурун угуп, карасам ортодо оңор эмес, жоон атты минген бой келбети келишкен, карылуу балбан атын ары– бери бастырып, жүрдү.

– Соорунду таздардагылар алмак болду. Бакалдан ким чыгат? деп бакалдар дүрбөп калышты.

–Тайчабарга тең келээр Жусмамат балбандын карылыгы жетип, шалдайып отурат. Андан башка, ылайыктуу балбан жок.

–Эл болуп кантип, бир балбан чыкбайт. Тапкыла. Эненер эркек төрөгөн эмеспи? дешип, карыялар кийинкилерди опузалашат.

–Бир болсо, Турду жарайт. Салып көрбөйлүбү?

–Кой, жаш баланы мертинтип албайлы. Башканы тапкыла!

–Ылайыктуу эч ким жок.

Аңгыча Тайчабар балбанды жетелеген жарчы, элди аралай кыйкырып калды.

–Тайчабар балбанга чыга турган кимин бар? Бакал, тооке, сабайда балбан барбы? Эңише турган, эркек чыгабы? Болбосо соорунду бергиле.

–Жарчынын сөзү өтүп кетти. Турдуну чыгарбасак болбой калды. Кана, Турдуну камдагыла деп, көпчүлүк шашып калышты.

–Мен кимиси чакырар экен деп, ортону карамыш боло кулак түрөм.

–Алим аке, балага уруксат бериниз. Элдин намысына жарап берсин?

–Койгула, балам жаш? Бирин–экин эңишке түшө элек. Тайчабардан башкага болсо да мейли эле. Чыкпайт, –деп, атам, кесе, жооп берди.

–Алим аке уруксат бериниз? Бир–эки тартышкандан кийин ажыратып алабыз. Бакалдан балбан чыкты деген, аты калсын деп тургандар жаалап жиберишти.

Бирөөсү ат жетелеп келип, оңдоп токуп, басмайылын бышыктап, менин алдыма туура тарта берди.

Көйнөктөрүмдү чечтирип, жыланач атка мингизишти.

–Турдуга кайсыл атты мингизип жатасынар?

–Өмүрзактын тору айгыры.

–Ал жарай турган ат. Кана, Омийин! Ата-бабалардын арбагы колдосун! Ак жолтой болуп, эңип кел! Бакалдардын намысына жара, – дешип, тургандар бата беришти.

Ага чейин Тайчабарга, бакалдардан бирөө барып

–Бизден бир бала чыгат, эңишке түшө элек. Кармашып кой десе:

–Келсин деп, Тайчабар теңсинбептир.

Тору айгырды булкунта ортого чыктым. Салт боюнча экөөбүз учурашып, ажыраштык. Бир топко «Сен, кол сун» болуп, туруп калдык. Кармаша кеттик. Менин билегим, аныкына карганда жоон болгондуктан, манжалары жетпей, токтото албады. Улам кармаган сайын, бир булкуп, колумду сууруп алдым. Ал кайра колун сунганча келип, мени билекке, саныма алаканынын кыры менен уруп жатты. Анын кылыгына, менин ачуум келди. Дадилдеп, көз токтотуп, карасам балбандын жашы элүүлөргө барып калгандай. Менден бойчон, узун, как элес, киши экен.

Манжаларым кыска болуп, билегин чап кармасам да токтото албадым. Улам аймалашып, кармалашып, бирде ал, бирде мен колубузду чыгарып кетебиз. Бир убакта, оң келе калып, анын эки манжасы колума илеше түштү. Катуу кармасам, колум кычкачтай болуп катып калды. Анын булкунганына карабай, бир колун билектен алып ээр кашка тарта басып, атымды теминдим. Канчалык умтулсам да атым жылбайт.

–Чү, жаныбар. Чү деп, катуу–катуу теминем. Ат ордунан былк этпейт. Эки манжаны ээр кашка кадап, басып турам. Ал көп аракет кылды. Колун эч чыгара албады. Колун тартты. Түрттү. Такыр сууруй албады. Карасам, ээр кашка басылган эки манжанын чыпалагы чычайып, бөлүнүп турган экен. Бир колум менен анысынартка шарт кайрысам, «кырс» эте сына түштү. Балбан дирт эте, «Ай, ай кара», «Ай, ай кара» деп, мага үтүрөндөдү. Ээр каштын үстүндөгү, эки салаанын бармагы да, улам кыбырап көзүмө түшө калды. Аны да бир колум менен бекем кармап, артка кайрысам «кырс» эте жалпайып жатып калды. Баятан бери, эңкейип турган балбан, башын көтөрүп, эки тарабын элендей каранып, «Ай, ай кара», «Ай–ай, кара» деп бакырып жатты.

Менин кулагым бүтүп, эч нерсе угулбайт. Бир мезгилде мандай тарабымы карасам, элди баары оозун ачып күлүп жаткандай. Ошол кезде, жонума чып–чып эте, камчы тийгендей болду. Кулагым «шау» эте ачыла түштү. Кылчайып карасам, камчысын көтөрүп, атам артымда турат.

–Эй, кара. Кое бер, кое бер. Байге сеники дешип, атымы билбеген таздарлар кыйкырып жатышыптыр.

–Кое бер, балам–деди атам. Балбандын колун бошоттум.

Ал колун шалдайткан бойдон, артын карабай, ортодон чыгып кетти. Бакалдар менин атымы жылоолоп, сүрүлө топко келдик.

–Тайчабар балбанды, эмне балакет кылып, жылдырбай койдуң? Экинчи сага түшкүс болду окшойт. Эңишкен кандай болоорун үйрөттүнбү? дешип, туугандарым келекелеп жатышты.

Той ээси, «соорун» деп, бир байталын жетелеп келиптир. Ага карбадым. Аксакалдар «Тайчабар алсын, биз ыраазыбыз» дешти.

–Соорун караныкы дешип, таздарлар албай коюшуптур.

Жусмамат балбан атын чаап келип, менин атымды тизгинден алып, көпчүлүктүн ортосун тегерете кыдыртып, Тайчабар балбандын алдына келгенде:

–Асый ат карыса куннаны бар. Кунанды таптап койгонбуз. Таанып жүр. Аты Турду. Турдунун эңгени менин эңгеним. Мөөрөй биздики деп, Тайчабарга мени тааныштырды.

–Мени менен эңишкендерди балбан катары саначу эмесмин, Жусмаматтын баласы, сен ушунча болуп калсаң, мен экинчи эңишке түшпөйм деди Тайчабар.

* * *

Кызыл-Суунун Барак деген айылында бир тууган жездем, Бапыгул казы жашайт. Бир күнү аларга учурушканы барып калдым. Үйүндө чогулуп отурганыбызда, жездем кеп салып калды

–Кайним, сени балбан чыкты деп угабыз. Той–тамашага катышып турасынбы?

–Ооба. Кара-Кулжа, Гүлчө, Алай аймагында өткөн тойго чакырышса да, чакырышпаса да барам.

–Балбанды чакырбай да, той–тамаша өтмөк беле. Жакшы келипсин. Эки күндөн кийин айылыбызда той болот. Эңишке

түшүп бере аласынбы?

–Өзүбүздүн элдин атынабы, же сиздердин атыңыздардан түшөйүнбү?

–Балбан баарыбыздыкы, Бирок, бизде аш–той боло калса, таздар келип, үстөмдүк кылып, балбандарыбыз баш көтөрө албай калышты. Сен биздин атыбыздан чыгып, доорондо ат ойнотуп турчу. Тайчабар эңишке түшпөйт, Чому деген иниси бар. Доор ошонуку. Чому менен бир, тартышып бер.

–Мейли, ат жагы кандай болот?

–Сага ылайык ат табабыз. Ага чейин жакшылап эс ал.

Кийинки күнү тойдун тамашасы болуп, эл жантайыш дөбөнүн бетин бербейт. Дөбөнүн этегиндеги түзөңдө, атчандар каз катар тизилишип, ортолук аябай эле кенен. Бир маалда ат ойноткон бирөө ортого чыкты.

–Чому, Чому дешип, эл дүрбөп калышты.

Ал ары–бери бастырып, өзүнө тең таймашаар балбандын чыгышын күтүп, мойнун созо, элди карайт. Бир маалда жездем кимдир бирөөлөргө

–Ат даярбы? деди.

–Бир эмес, эки атты даярдадым, казым.

–Балбан, тандаганын минсин деди, жездем.

Мойну койкойгон, көзү–башы жайнаган тору кашканын жанына барып, үстүндөгү ээрдин кашынан бир–эки булкусам, ат солк этпеди. Шарт үзөнгүгө бут салып, ээрге отурарым менен ошол жерде тургандар:

–Ата-бабалардын арбактары колдосун. Алдырба, алып кел, Оомийин! дешип көпчүлүк бата беришти.

Торукашканы турган жеринен атырылтып ортого атып чыктым. Чомуга барып кол алышып, учурашкандан соң, колуму ага сунуп бердим. Балбан шап билектен алып, өзүнө карай тарта бергенде, колуму силке, сууруп алдым. Кезек аныкы эле. Колун берээр бекен десем, ал суна албады. Аймалашып, кыйла турдук. Жана колуму сунсам, шап билектен алып, эки колдоп, тартып кирди. Жана колуму силкип бошотуп алдым.

–Кана, сен колуңду сунчу десем, ал тайсалдап, колун бере албады. Улам, өзүн тарта, кетенчиктей баштады. Шаштырып, колун кармашка, чапчып, кол сунам. Ал колун ала качып, кулачын бийик жаят. Ага болбой, өктөм умтулам. Минген атым да, жалтаңдабаган курч жылкы экен. Теминсем ага жете калат. Ал тизгинин тартып, качкан болот.

–Экөө алыша албады. Ажыратып койгула, деген добуштар чыга баштады. Ал улам, качкан сайын, мен артынган калбай ээрчип алдым. Эл чуру–чуу түшө:

– Ажырашсын деп, бата кылып жиберишти.

–Экөөбүз бир жаңсыл бололу. Кайра чыгаргыла деп, ортого туруп алдым. Той ээси мага бир тай берип, Чомуга бир кой берип ыраазычылыгын билдирди.

–Туура! Туура! Соорун туура бөлүштүрүлдү деп чурулдап жатышты.

Ортодон чыгып барып, атты ээсине тапшырып кайра келсем. Бир бейтааныш адам мени менен учураша кетти.

–Тууган, сен эңишке чыкканда Тайчабар балбан аябай кыжаалат болду. Ал ат үстүндө жоон табылгы саптуу камчысын ээр кашка туурасынан коюпулам ныгыра, салмагын сала

–Кызына гана талак Кара. Биякка да келген экен. Чомуга өктөмдүк кылып жатат деп, кыжына, камчы сапка салмагын салганда «карс» эте, камчы ортосунан сынып кетти. Жыгачтын эң катыгы табылгы сынгандан кийин, балбандын кыжалаттыгы оңор эместигин байкадым. Сага кыжынганына караганда, өчпөс, өчү бар окшойт.

–Кыжалаттыгын жазгысы келсе ортого чыкпайбы? Күч атасын тааныбайт дедим.

* * *

–Бир мезгилде Алай, Гүлчө өзүнчө эле. Эки район биригип куз жыйынтыгын чыгарып, той берип калышты.

–Эки райондон балбандын балбандары чыксын–дешип Алайдан Аттиш деген балбанды, Гүлчөдөн мени чыгарышты. Улам серпишип, бирибиздин колубузду, бирибиз кармай албадык. Бир топ убакыт өткөндө мен колуму бердим. Ал тарта албады. Өктөмдүк кыла баштадым. Ал кетенчиктеп тайсалдады. Мен эки колумду барабар сунуп, «Тарт» десем, бир колумда тизгин бар эле. Тизгинди шап эки колума ороп, ээр кашка арта салды. Аш-баш дегиче болбой, атын теминип, айдап баратат.

Тизгин эки элидей калын кайыштан эле. Аттын күчүнө салганда кайыш керилип, эки колумду кыйып кетти. Үзөңгүнү чирене тээп, ат үстүндө тура калып, өзүмө тартканда, тизгин «тарс» эте үзүлүп кетти. Анын аты сүрдүгө барып, чылбыр бою узап кетти.

Мен атымы катуу теминип барып, ага жете калдым да, колунан шап кармап, жыйынды тегерете сүйрөдүм. Бир тегеренип келгенибизде, бир-экөө чуркап келип, атымы тизгиндеп кетишти.

–Энген жерде, таштабай эрежени буздун-дешти, топ башылар.

–Колум карышып, чыкбай калды–деп Аттишти бекем кармап кое бербедим. Милициялар келип, ар бир манжамды кайрып, козголто албай коюшту. Өзүм секин салааларымды бирден бошотуп, укаламыш болуп калдым.

Катуу кармап чеңгелдегенде колдор карышып калат дешип тургандар мени кубутташып мөрөй ыйгарышты.

* * *

Тага журтум жооштордон эле. Мадынын тегерегинде жашашчу. Оштон базарлап, кайтып келе жатып, аларга конок болдум.

–Жээн, ырас келипсин. Туруп, тамаша көрүп кет. Айылыбызда чоң той болуп жатат дешти.

Каякка шашылмак элем. Тойду көрөйүн деп, калып калдым. Баштагы күнү кеңеши деп, союштар союлуп, очок–казандар даярдалды. Алыскы катташкандар келип, чакан тамашалар өткөрүлдү. Майда, бала–чака айылдагы балбандар эңиш–күрөшкө түшүшүп, чаң улак берилип, анча–мынча соорундар да коюлду.

Таң эрте менен тамаша башталып, ортого чыккан жарчылар, калың элди аралай жар салышты.

Биринчи жарчы: –Оо, калайык, калың журт.
Кулак түрүп, баарың ук.
Экинчи жарчы: Биринден бириң сурагын,
Балбаның болсо чыгаргын,
Биринчи жарчы: Жеңип алсын таймашып,
Балбан билек кыраанын,
Экинчи жарчы: Жаамы келген, эл калыс,
Азыр болот эр алыш.
Биринчи жарчы: Манжалары карышып,
Балбандар турса арышып,
Экинчи жарчы: Күчүнө көргөн там берип,
Айта жүрсүн таанышып.
Биринчи жарчы: Балбандар чыксын элдеги,
Байгени алат, жеңгени,

Экинчи жарчы: Тамаша көрсүн көпчүлүк,
Ишенгениң кел бери.

Ортого чоң атчан, узун бойлуу, как элес, бирөө чыкты. Ал чечинбей эле, атын ары–бери бастырып, жүрдү.

–Ким бул? Кайсыл балбан?

–Жапалактык балбан.

–Жыгач балбан ушулбу?

– «Жыгач балбан» «Тирөөч балбан» дешти тургандар.

–Эңишкен балбанын жөн койбойт дейт, чынбы?

–Анысын билбейм, Бирок Ош, Кара-Суу, Араван, Ноокат тарапта буга тең келе турган, балбан жок деп, сүйлөшкөндөрдү угуп, ортодогу балбанга, астейдил көңүл бөлдүм.

Бою ого эле чоң. Арык, сөөк-саактуу адам экен. Өзүн токтоо кармап, көпчүлүктү тоготпогон таризде, ары–бери ат бастырып турду.

–Ассалоому алейкум балбан. Бүгүнкү соорун сиздики. Сизге теңдеше турган, балбандар али төрөлө элек–дешип, тааныштары мактоо айтып жатышты.

Балбан алардын сөзүнө акырын баш ийкеген боло, атын соорuга чапкылап турду. Тагаларымдын бирөөсү келип

–Турду ушу менен бир алышып көр. Тагаларын суранып жатабыз. Эмне дейсин?

–Ат табылабы?

–Аттын жайын кудай алсын. Ат элеби? Тагаларың жалаң ат кадырлаган кишилер. Эй бала, баягы боз күрөңдү алып кел, быякка?

Мен аттын ээр токумун оңдогуча, бирөөсү балбанга жетип барып

–Тоодон келген балбан бар экен, эңише бересизби?

Балбан башын ийкеп, мен боз күрөң менен алек болуп жатканда келип, көрүп, ат алмашып, чечинип, даярданып туруптур.

Экөөбүз көрүшүп, аттарды бир кайрып, кайра келгенибизде мага колун беримиш болуп баратып, алаканынын кыры менен билекке бир койду. Кол сунушуп тартыштык. Анын салаалары менин билегиме жетпей койду. Улам тартышкан сайын, менин жумуру билегимден, колу сыйгаланып чыгып кетип жатты. Анын билеги ичке экен. Кармаганымда алаканыма дал келип, муштуму тээк болуп, тартканга ылайык эле.

Шап билектен алып, колун ээр кашка бастым.

Колу узун экен. Өзү ээрде отурат. Ат жылбай койду. Тизгинди катуу силкип, темине, бир колум менен камчы бастым. Жаны ачышкан ат, чирене булкунуп туруп, шарт тартып кетти. Жыгач балбандын ээрден көчүгү көтөрүлүп барып, атынын мойнунан аша, жерге сулап түштү. Тагаларым чуркап келишип, атымы суулуктап, жабыла ортого алышты.

Эртеси соорунга тийген атты жетелеп үйгө келе бердим.

* * *

1938-жылы жайдын ысык мезгилинде облустук чоң той берилип калды. Жетекчилер ортолук болсун деп Кызыл-Суунун үстүндөгү Султан-Супа деген жерди тандайт. Ар жагы Кара-Кулжа, бер жагы Алай, Гүлчө, Кара-Суу, Өзгөн бардыгына ортолук эле.

Алгачкы эңишке Чому экөөбүздү чыгарышты. Ысыктын күнүндө менин денемден май сызгырылып, тер менен кошо чыгат. Калыстыр улам колдорубузду самындатып жуугузуп, кайра чыгарышат. Кайра эле экөөбүз алка–шалка терлеп, колубуз сыйгаланат.

Экөөбүз үч күн эңишип, бири бирибизди ала албадык. Улам кармашып, тартышып калабыз. «Ал, эле ал! Тарт, эле тарт!» деп эл чуулдап калат. Кайра эле колдорубуз жылмышып, денебизден тер куюлат. Өзүбүз да карарып, күнгө күйдүк. Аттарыбыз терлеп, сооруларынан көбүк чыгат. Чарчаганыбызда бири бирибизди жандап, ат бастырып калабыз.

–Экөөбүз кыйышпас дос бололу. Биз тарапка келип эңишсен мен чыкпайын, Силер тарапка барганда, сен чыкпа деди Чому. Экөөбүз убадалашып кол алыштык.

Замандын тейи бузулду. Турмуш ойлогондой болбой мезгил өзгөрдү.

–Жолугушабыз. Алдыбызга ат тартышып, кучакташкан кыяматтык дос болобуз, деген убадабыз, аткарылбай калды. Ал өзү кырдуу жигиттер менен согушка кетти. Канча жолу кабарын күттүм, келбеди. Кайран ган жигит. Эми гана аты чыгып, балбандыгы даңаза болоордо, согуш аны биздин арабыздан алып кетти.

Анда келбет да, сөөлөт да, чоң адам керчилик да бар эле. Күчү өз денесине сыйбай, ташып турчу. Ошол үч күн алышканыбызда, эрежени бузуп ат салышышып, оморолотушсак, кол беришпей кычылык кылып, муштап–аткышсак, же буту–колубуздан алып, тескери тартышсак, бирибиз алат

элек. Соорунда тиймек. Экөөбүз тең ага барган жокпус. Улам нөөбөт менен билек сунушуп. тартышып бирибизге бирибиз жаман ойлободук. Же ат жалына өбөктөп, же ат мойнун кучактап, жаналакетке түшпөдүк. Үзөнгүлөрдү кагыштыра, тизелерди тийгизе, эки колдоп, ат үстүнөн так алышка, аракет кылып, эңишибиз таза болду. Көңүлүндө арамдык жоктугун байкап, алымын жетишинче сыйлашка аракет кылдым. Кайран жигиттин, мени түшүнгөнүнө али күнгө чейин ыраазы болуп, көп эстейм.

* * *

Турдунун балбандыгына мен бала кезден күбө болдум. Күнгөй-Жылганын кашатында, чоң кырман болчу эле. 1944-жылы жылдагыдай эле, кол орок менен орулган буудайды ташып келип, кырманга жанччуубуз. Мен моло ташты сүйрөгөн атка минип, эртеден–кечке өзүмөн улуу кишилер менен бирге болом. Күндөгүдөй эле моло таш сүйрөгөн атты минипулам үн сала момукту тегерене бастырам. Кэрээлден кечке ат да, мен да тынбайм. Кырманда иштеген Турду, Азим, Абдырахман, Айдаралы аксакалдар кырмандын жака белин тазалап, тарап, боо чачып, кырман оодарышат. Бакал–саманын иргешип, кечинде жел жүргөндө кызылын сапырышат.

Бүгүнда кечкирип, иш аяктады. Мен минген атымды, ат багарга тапшырып коюп, кырманга кайра келдим. Азим аксакал кырман оодорып жаткан моло ташка келгенде, аны ары–бери түртүп, ордунан кыймылдата албай

–Турду, моло ташты жылдырышып койчу? деди.

–Сен кырманды оодора бер, мен моло ташты экөөнү бир чыгарып коем–деди Турду.

–Экөөнү бир көтөрө аласынбы?деди ары тарапта турган бухгалтер.

Көрсө ал Турдунун балбан экенин билбеген Кызыл-Суу айылынан келип, колхозго жаңы бухгалтер болгон киши эле.

–Экөөнү бир көтөрсөм, эмне бересин? деди Турду.

–Эгер, экөөнү бир көтөрсөн, элүү кг буудай берем. Көтөрө албасаң, сен эмне коесун?

–Жалгыз торпогум бар. Ошону коем.

Кырмандагылар экөөнүн мелдешине чогула калышты.

Турду эки моло ташты бири-бирине жанаша койду да, экөөнү эки колу менен кармап, эки челек сууну көтөргөнсүп, тайтандай басып, жыйырма метрдей жерге алып барып,

үйүлгөн канектин жанына койду.

Мелдешкен бухгалтер таң кала, аңкайып туруп калды. Бир молоташ болжолу кеминде 140-150 кг чыкса, экөө биригип 280-300 кг барбар ташты, чым этпей жыйырма метрдей жерге көтөрүп баруу, көрүнгөн эле кишинин колунан келе бербесе керек. Бухгалтер Турдунун жанына келип, жонунан таптап:

–Күчүңө баракелде! Үч күндүн ичинде айткан буудайынды үйүңө жеткиртем. Мээнетин ак деп, колун кысат.

Айткандай эле, кырман караган кишиден, экинчи күнү кечинде элүү кг буудайды атка өңөртүп берип жибериптир.

Кырмандагылар ал жердин арпа буудайын жанчып бүтүшүп Жол–Жылгадагы кырманга келишет. Анда Кырман Мырзаибрайимдин дөбөсүндө эле. Күн бою моло таш менен кырман жанчып, кырманчылар түнү бою–түнкү жана эрте мененки шамалга саман–топонунан арылтышып, сапырык сапырышат. Таң эртенден аял–эркек таракка салып, калбыр менен үйрүп, дан тазалашат. Даярдалган кызыл дан, мамлекетке тапшырылыш үчүн эшек, төө, өгүзгө артылып, арабага салынып районго жөнөтүлөт. Күндө тазаланган данды, салганга кап жетпейт. Ар үйдөн шалчаларды чогултуп, алып келтип, аларды тигип, баштай мака салынган чөөдөй кылып, тазаланган данды толтурушат.

Кырман дөбөнүн желкесиндеги Апазбектин үйүнүн ордунда болчу. Бир маалда, күн күркүрөп Коңур-Дөбө тараптан кара булут калың каптап, күндүн үрөйү бузулду. Кырманчылар шашып калышты. Кырманды үйүшүп, үстүнө канектелген паяларды жабышып, сапырыктан чыккан данды, жамгыр тийбес, далдоо жайга киргизели дешип, алапайларын таппай, шашып жатышты.

–Жакынкы Мырзаибрайим аксаклдын тамына, убактылуу киргизип туралы дешип, майда каптагы дандарды колдошуп жеткирип жатышты. Аралык эки жүз кадамдан ашыгыраак болуп, жете берээрде, чуңкур–аңгал, андан ары жыйырма отуз кадамдай өйдөлүш эле. Колхоздун жетекчилери тынбай көзөмөлгө алып, бухгалтер кырмандагы данды көз жаздымга калтырбай, даярдалганын да, кеткенин да, грамына чейин эсептеп, жазып турчу.

Дөбөлөнгөн кызыл дан улам идиштерге салынып, кап жетпей калды. Аялдар отуз–кырк килограммдан көтөрүп ташып, элдин баары чарчап чаалыгышты. Күн карарып,

булуттар удургуп анча–мынча жамгыр тамчылайбаштаган чакта, чоң шалчадагы буудайды, колдошуп көтөрүүгө эч ким даабай турду.

–Менин жонума, эптеп көтөртүп койгула деди, Турду балбан.

–Айланайын балбан, ушунча жүктү көтөрөм деп, белиң сынса жараксыз болосуң. Биз да, дооңдо калабыз дешип, кырманчылар жабыла каршы чыгышты.

–Жеткирээрине ишенсинби? деди бухгалтер Турдуга.

–Жеткирем.

–Жеткире албасаңчы?

–Баягы сага айткан торпогумду ал, сен эмне бересин?

–Элүү килограмм дан коем.

–Макул, Капты эптеп жонума койгула.

Кырманчылар шалчанын оозун бууп, бышык байлашты. Төрт эркек дан толтурулган шалчаны төрт тарабынан кармап, көтөрүшүп, балбандын жонуна араң коюшту.

Турду талтая туруп, араң кадам таштап барып, майдалай басып, шашып жөнөдү. Кырманчылар тегеректеп «жыгылып кетпесин» дешип, аярлаша, артынан ээрчий жүрүштү. Балбан устаканадагы көөрүктөй күшүлдөп–бышылдап басып, чуңкур–аңгалдан аярлай өтүп, өрдөн буттары титиреп, араң чыкты да, тамга кире бергенде

–Шалча, айрылып кетпесин деп, аркасындагы буулган шалчаны дубалга сыдыра сүйөп, жерге койду да

–Бухгалтыр үкө, болдубу? деди.

–Балбан ака, илабиз илабиз. Мен сөздөн кайтпайм деп, бухгалтыр ыраазылыгын билдирди.

– «Колхоздун буудайын мелдешип уттуруп жиберди» деп бухгалтырдын үстүнөн, районго чагым түшөт. Бухгалтер бир күнү эч кимге билинбей үйүнө көчүп кетти.

* * *

Жогорку айылдын маңдайындагы Айкан Тепшиде арпа жанчкан кырман болоор эле. Ага бөксө–кыя менен ат жолу барчу. Кырманга молоташты жеткирүүгө эч ким чыкпайт. Таш оор болгондуктан, эч ким өңөрүп да, чыга албайт болчу. Биргадир улам зарыгып, сурана бергенинен:

–Мен өңөрүп чыгайын деп, Турду айтса,

–Дооңдо калабыз деп, башкарма ынабай коет.

Биргадир колхоздун аттарынан тандатып, эң күчтүү деген атты алып келип, Турду менен макулдашат. Атты калыңдап токушуп, күмөлдүрүк салып, басмайылды эки кабаттап, молоташты секиге жылдырып барышып, балбанга араң өңөртүшөт.

Турду алып барган молоташ, көп жылдыр бою ордунан жылдырган эч ким жок, калып кетти. Бүгүнкү жаштар ага көңүл да бурушпайт. Ал ташты чым басып, алиге чейин турса керек.

* * *

Бир жолу балбан эшекке дан салынган кабын артып, тегирменге жөнөйт. Жарым жолго жеткенде жалтыраган музданг эшек өтпөй, ордунан жылбай коет. Жол четтеп, карарган жерге эшегин жетелесе тайгаланып, жыгылып калат. Канча токмоктоп, тарткыласа да эшеги турбай коет. Жадаганда, үстүндөгү кабын кучактап, муздан ары өткөрүп, кайра келсе, эшеги дале турбайт.

Эшекти жаткан жеринен, басмайылды чыңай тартып, белинен кучактап, өйдө көтөрсө, арткы эки аягы чийнедей болуп, сүдүрөлүп калат. Эшегин да, муздан өткөрүп, кабын кайра артып, эшегин айдап тегирменге жете келет.

* * *

Балбан жолдо кетип баратса Ибрайимдин уулу Бакир чөп ташып жүрүптүр. Акырында эки канеги калган экен.

–Эки канек чөбүңө, кайра убара болуп, узак жолдо кайра келесинби? Бир эле, басып алып кет дейт, балбан.

–Бир басып кеткенге, атым тарта албайт – дейт ал.

–Атын кантип тарта албайт? дейт Экөөнү бириктирип, мен көтөрүп, алып кетсем кантесин?

–Экөөнү бириктире көтөрсөн, чөптү сага берем деди ал.

Балбан атынан түшүп, жанындагы арканды туурасынан бир кулач аралыкта жерге төшөп, эки канек чөптү тебелеп жүрүп басып, таңып, аркандын эки башынан илип, учтарын эки колуна артынчыктап, эңкейе жата калып, шарт көтөргөндө, таңылган чөп башынан ашып кетет. Оңдонуп, кайра көтөрүп, ордунан жылганда

–Утуш сиздики деп, чөптүн ээси басып кетет.

* * *

Балбан аба, көп жылдарды карытып, күчүңүз менен көптүн оозунда болдуңуз. Арманыныз бобосо керек?

–Арманы болбогон да, киши болобу? Арманым бар да, жок да.

–Анысы кандай?

–Арманым жоктугу, иним Жоро мезгилинде башкарма болуп, согушка да, мобилизацияга да барбадым. Эл тарткан кыйынчылыкты тартпадым.


Арманым бардыгы–тентуш болуп эңишип, таанышкан, дос бололу деп, убадалашкан Чому, согушка кетип, дайынсыз болду. Кайран жигит–көөнүмө аябай туура келип, жакты эле. Аны менен той–тамашада бирге жүрүп, бир боло албадым. Көп азаматтарды, жаштарды согуш курутпадыбы. Көбүн майып кылып, эңишке жараксыз кылып койду. Кийинки чыккан балбандардын мезгилинде жашым өтүп кетип, эңише албадым.

Төлөгөн Корулга келип эңишке түштү. Атайлап барып, көрүштүм. Алтымыш төрткө жашым жетип калган. Бир кармашып көрөйүн дедим.

–Карып калганымда кой. Бир бутуң майып, чыкпа деди, иним Жору.

– Чыныгы балбан менен эңишип жеңилсем, мейли эле деди балбан.

## Мырзаибраим улакчы



Мырзаибраим Жумабек уулу 1896-жылы туулуп, 75 жашында, же 1971-жылы ааламдан өткөн. Ал денеси чымыр, сөлөттү киши эле. Бүркүт, ителги, куш таптаганмүнүшкөр болгон. Улакчылык өнөрдө алдына киши салган эмес. Ат таптаган чарбадар эле. Боло турган атты өзү таптап, улакка үйрөтүп, дайыма этин бузбай, бир калыпта минген.

Бир жылы Төөбай экөө Гүлчөдөн келе жатышса, эл Чап-Жылгада улак чаап жатышкан болот.

–Мырзаибраим атыңын белин бышыт. Улакчылар чаап жаткан эчки, же серке. Экөөбүздүн кимибиз алсак да, кубалашка эч ким даабайт. Сай жакка түшүп, экөөбүз

тартышып, өйдөгө салалы. Силкишип кете беребиз. Бат эле үзүлөт. Анан калганын көрөбүз –дейт Төөбай.

Айткандай эле эки улакчы жакындаганда көпчүлүк тең жарыла жол бошотушат. Барып, улакты шарт жулуп алышып, тартышып, сайга түшө, өйдө салышат. Кууган эч ким жок. Улакчылар эки балбанды ана чыгат, мына чыгат дешип, аттарын дем алдырышып, күтүп тура беришет.

Балбандар улакты тартышып жатып, ортосунан үзүп алып үйлөрүнө кетишет. Жолдо аларды көргөн бирөө, улак чапкандардын жанына келгенде

–Эки улакчы көрүнөбү? дешип суроо салышат.

–Экөө эбак эле үйлөрүнө жетишти-деп жооп берет.

Улакчылар түңүлүп үйлөрүнө таркашат.

Мырзаибраим үйүндө бүркүтүнө жем берип отурса Эркул, Токтобай, Бегимат, Маматумар, Бекташ болушуп, салам айтып келип калышат.

–И эмнеге чогулуп калдынар? дейт улакчы.

–Өзгөн, Куршаб райондорунун планы толуп, элге чоң тамаша берип жатыптыр. Атайын чакыруу келгенинен сага келдик дешет.

–Андай болсо, барып келгиле.

–Сен кошо жүр. Атын да, семиз. Бардыгына жарайт.

–Өзүмчү?

–Өзүң болбосон, биздин барганыбыз бекер. Сага келдик. Жүр.

–Ушунча келип калыпсынар, макул. Мен даярдангыча Жетимишти тору кашка аргымагы менен Турдуну алып келе калгыла. Баарыбызга мөрөй алып бере турган торукашка. Анын кадырын биле жүрөлү дейт.

Корулдан чыккан топ, Кызыл-Суу аркылуу Куршабка жетишет. Колхоздордун пландары толуп, бардык жерде той берилип жатыптыр. Тору кашканы минген Турду эңишке чыкса, эч ким чыкпайт. Чыкканын эңип, Турду эч кимге мөрөй бербейт.

Бир орунда жөн турбай, жыландай сойлогон тору кашканы минген Турду, көргөнгө алптай сезилет. Дайыма эңишке кийимин чечип, жылаңач түшчү. Ал эткелинен келип, далысы кулач, көкүрөгү казандай, булчундары буруюп, жендей билеги. барак бешиликтей болгон салааларын тизесине коюп, чоң көзүн бардап- бардап, ачып-жумганда мандайындагы кишиге дөөдөй болуп көрүнчү.

Куршабдын борборунда өткөн чоң тойдо тору кашкага минген Турдуну

–Тайчабардын колун кайрыган, Чому менен кармашкан балбанга кимдер чыгат? Эңишчүүлөр барбы?-деп, Эркултоп элди бир кыдырат.

Эч ким даап чыга албагандан, соорун берилет.

Эртеси чоң улак берилип, тору кашка менен Мырзаибраим өзү чыгат. Комоктошкон галага тору кашканы салып, топ жирейт. Тим эле сууда сүзгөн каздай болуп, мойнун койкойто улам алга умтулат. Миңдеген аттар жетпеген, ортодогу жерде жаткан улакка, тору кашка чайкайнамда жетип, тык токтойт.

Мырзаибрайимди эңкейте койбой, тоодой болгон аттарына оморолоткон улакчылар, биринен ашып, бири теминсе, аттар кысылып, дем ала албай онтоп жатышты. Галага кирем деген көп. Чыккан жок. Анча-мынча чакан, чабал аттар чоң аттар арасында кысылып, туяктары жерге тийбей, күрс-күрс өпкө кага, жөткүрүшөт. Күн ысыкта, ат терине, адам тери аралашып, коңурсук жыт, бозомук болгон чаң аралашып, айлананы каптайт.

Ат үстүндөгү адамдарын буттары кайрылып, сууруп аларга шайлары келбейт. «Бутум ооруду» дегенди, көпчүлүк укпайт. Аба жетпей, эси оогону анча көп. Үлгүргөнү ат үстүнө тикесинен тура калышып, чыгып кетүүгө, жол издешет. Тору кашка менен сырдана болгон Мырзаибраим атка ишенип жөн койду. Аракет кылып, кайда бармак.

Бир мезгилде чоң аттардын салмагынан майышып, аба жетпегенинен, деми кысыккан торукашка турган жеринде туйлап, чычандаганда айлана кеңейе түшүп, ат улакка жете калды. Бул учурду текке кетирбеген Мырзаибраим, шап эңкейип, улакты бучкактап, өзүнө тартып, ат жалына эптеп жеткирди. Тору кашканын мойну менен ээр каштын ортосуна кысылган улак, жапма боло түштү. Мырзаибраимдин эки тарабындагы чабандестер, бириси улактын колун, бириси арткы шыйрагын өзүнө тарта, аттарын темингенде, үч аттын багыты бир болуп, галадагылар алга сүрүлдү. Артта калгандар улакка кол созушуп, улам умтулган сайын, бир тарапка созулган топ, араң чай кайнам убакыттан соң топ жиреп, четке чыгышты. Мырзаибраимге ат сырдана эле. Үн сала кыйкырып, темингенде тору кашка аткан октой алга умтулду. Күлүк эч кимди бучкактатпай, белгиленген жерге

жеткенде, чабандес улакты жалдан алып, жерге ыргытты.

Ташталган улак эстен чыгып, көпчүлүк тору кашканы минген Мырзаибраимди таңыркашып, артынан ээрчип алышты.

–Улакчыга аты, атына улакчы куп келишиптир.

–Мындай топтон жөн киши алып чыга албайт.

–Аттын да, ээсинин да оомады келген экен.

–Ким деген улакчы? Кай жердин аты экен?

–Бакалдардан келген улакчы, аты Мырзаибраим, деп сыймыктана кыйкырышты бакалдар.

Соорунду алган Мырзаибраим, атты эс алдырганы четке чыгып, шериктерин күттү.

Бир топко чейин отурушуп, аттын тери кургап, өпкөсү басылгандан соң Мырзаибраим:

–Менин черим жазылды. Эми соорун койгондо мени жандабагыла. Улакты белгиленген жерге таштайын. Анан кийинкисинде силердин ар бирине, ашырып берем деп, тору кашкага аяк артты.

Айткандай эле экинчи соорунга таштап, кайра кирип, улакты тартып алып, кошо баргандардын ар бирине бирден ашырып, алардын такымынын кычуусун кандырды.

Кийинки күнү Өзгөндө чоң той берилип, Жалал-Абаддан келген балбан ортого чыкты, тору кашканы минген Турду менен эңишмек болду. Экөө жакын келип көрүшүп жатканда баягы балбан алаканынын кыры менен Турдуну билекке уруп өттү. Турду аны кенебей, тоготкон да жок. Экөө кармашмак болгондо Турду ага билегин сунду. Балбан шап кармап, татайып, өзүнө тарта бергенде, Турду колун бир силкип, бошотуп алды.

Берки балбан колун бере албады. Улам кетенчиктеп кача баштады. Бир кармашканда эле ал чочуп калган экен. Эч алыша албай, кача бергенинен, той башкаруучулар ажыратып, Турдуга байгеге тай ыйгарышты. Кийин тору кашка менен Эркул чыгып, бир балбанды эңип, соорун алды.

Өзгөндүн этегиндеги айылда өткөн тойдо тору кашканы минген Мырзаибраим улакты эч кимге бербей, улам соорунга таштай бергенинен, жергиликтүү түрктөр өздөрүнчө сүйлөшүшөт.

–Көр улакчы эми чыкканда (Мырзаибраимдин бир көзү майып эле) атка тебелетип салалы дешет.

Улакчы адатынча топ жарып барып, улакка жетип эңкейгенде түрктөр ат салышып, оморолото

башташат. Аларга карбай Мырзаибраим улакты эңип алып, жалга артмакка көтөрө бергенде, бирөөсү атынын башы менен урдурат.

Аттын башы таза көзүнө тийип, заматта шишип кетет. Эки көзүн тең таңып алган Мырзаибраим

–Мени атайлап майып кылышты. Силерге улак тийбейт. Себеби, булардын аттарына, биздин аттар тең келе албайт. Жемге бышып, өтө эле албеттүү жылкылар экен.

–Улактан бирден ашырып кетсек жакшы болбойт беле?- дешет шериктери.

–Андай болсо, бул ишке бир Турду жарайт. Сен менин атымы минип, улакка жакын бар. Менин жанымдагы бир аттан кийин тур. Улак көтөрүлгөндө, аттын оозун катуу кагып теминсен, улакка жете түшөт. Сен тездик менен улакты кучактап, аттын жалына салып, токтобой өбөктөп, кыйкыр. Ат атырылып жөнөйт. Бутунду ашырам деп ойлобо. Алдырып жибересин. Чекелеп барганда балдардын бирөөсү көрүнгөндө улакты ыргыт. Булар да ойноп алсын.

Турду менен Мырзаибраим каракомок боло үйүлүшкөн улакчыларды аралап кирип, кетишти. Бир маалга чейин алардын төбөсү көрүнүп, анан барып, көпчүлүктүн ичинде көрүнбөй калышты.

Улакка кантип жетип, кантип алышкан, бир маалда Мырзаибраим кыйкыра атты чаап келе жаткан Турду көрүндү. Бакалдар аны утурлап алышып, бирине сала бири ашырышып, куп эле черлерин жазышып, үйлөрүнө кайтышты.

1948-жылы колхоздун асыл тукум айгырынан туулган көк айгыр үйүргө коюлган эле. Күздө талаадан тутуп келишип, ноябрь майрамына чейин, багып, таптамак болушат. Ал кабарды уккан Мырзаибраим.

–Өзүмө бергиле. Багып, таптайын-деп колхоздон жем, чөбүн алып кетет. Өзү уй бакандыктан, күндө уй кайтарып жүрө берет. Ал ат таптабай эле. уй кайтарып жүргөнүн башкарма угуп, чакырса ал көк айгырды минип келет.

–Атты суутпасаңыз, башкаларга бериниз.

–Аттын табын менен сурагыла. Башкалар таптайм деп, жемди шыкап берип, атты бузат. Менин мингеним сууткансым-деп бастырып кетет.

Убакыт келип, ноябрь майрамы райондун борбору Гүлчөдө өткөрүлөт. Ал кезде Гүлчөнүн ичи ээн жаткан,

сай эле. Улак азыркы Абдыразак атындагы мектеп интернаттын төмөн жагында болуп жаткан. Майрамга келген эл жардана карап турушту.

Атчандар ушунча көп. Кимдин ким экени, таанып болбойт. Улакчылардын ортосу тим эле, түтөйт. Баары эле улакка жетүүнүн аракетинде жүткүнүшүп, теминишет. Түш оой бергенде Мырзаибраим улакты өңөрүп, топту жарып чыкты. Көк айгырдын түсү билинбейт. Көп атчан, аны бурчатпай артынан кубалап жүрөт. Бир маалда аттарга илештирбей жогору жакты көздөй салды. Аркасынан жетип, тосмологондорго карабай, Чакмакка алып барып таштады.

Райондун баш сооруну ыйгарылып, баалуу материал берилди. Колхоз бир кой берип, алдыңкы улакчы деп, чоң жыйында макталды.

Улакчынын үч уулу бар эле. Чоңу Нүрдүн. Ал да, атасын тартып балбан аталып, эңишке түшчү. Өзү теңдүүлөрдүн баарын эңип, эми күчкө толуп калган мезгилде, согушка барып кайтпай калды.

Атка аяк арткан эркектин баары, чоң-кичинесине карабай ылдыйкы мечитте улак чаап жатышкан. Күңгөй тараптан «кетти эле, кетти! Кара эле, кара!» деген добуштан улам, элдин баары асманды тиктеп калышты. Бир бүркүт зор агарган нерсени чеңгелдеп, улакчылардын үстүнөн тескейди көздөй өтүп кетти.

Аңгыча болбой, атынын өлөөр–тирилерине карабай, тик ылдыйышта чапкылап Мырзаибраим бүркүтчү жете келип, улакчыларга көнүл бурбай, өйүзгө чаап өтүп кетти. Бир аздан соң бүркүтүнө томого тагып, бир чоң түлкүнү үзөңгү боого илип мүнүшкөр улак чапкан жерге келди.

Көрсө бүркүтүн түлкүгө салса, куушуруп келип, түлкүнү шарт илип, тескейди көздөй жөнөгөн экен. Бүркүтчү кайда конгонун таппай калбайын деп, кыйкырып, артынан салыптыр.

Айылга кеч күздө кыламык кар жаайт. Эрте менен тургандар жаңы эле өткөн карышкырдын изин көрүшүп, бүркүтчүгө келип кабар беришет.

Мырзаибраим жаңы изди кубалап, Башкы– Кара–Бөктөргө чейин кубалап барат. Из Ичке–Жылганын ортосундагы Ак–Таштын чокусун көздөй кетиптир. Акырын, акмалап барса, чоң аска таштын үстүндө карышкыр уктап жаткан болот.

Көрсө, карышкыр жаңы этке тойгондон соң, катуу уктайт экен. Аны билген мүнүшкөр аяр басып, аскага чыгат да,

карышкырдын куйругунан шарт кармап, катуу силке, аскага саландатат. Чочуп кеткен карышкыр, «ар–р» эте, артына кайрыла берет. Бирок, куйругуна жетпейт. Бүркүтчү куйруктан өйдө тартып туруп, аскага чабат. Карышкыр дагы, «ар–р» этип, артына кайрыла бергенде таягы менен дал чокуга коюп, ээсин оодарат да, аскадан ылдый таштап жиберет.

Асканы тегерене түшүп келип, карышкырды караса, ал эчак эле өлүп калган болот. Бүркүтчү карышкырды өңөрүп келип, башкарма Жоронун үйүнүн алдына таштай.

Жыл сайын бүркүтүн таптап, Отуз-Адырга келчү экен. Себеби, Отуз–Адырда түлкү көп болот. Жаңы эгин айдалып, эгин бышканда чычкандар, дан ташып, ийиндерине үйө берерин билген түлкүлөр, чычкан аңдып, көп келчү экен. Аны жакшы билген мергенчи бир күндө төрт, беш түлкү алдырып, жыйырма күндүн аралыгында жүз түлкүнүн терисин, базарга алып барып, соодагерлерге бериптир.

## Маназар уулу Маданбек

1918-жылы туулган. Чаласабат. 1938-жылы Финляндияда согушка катышып, келгенден кийин райондогу бир колхоздо башкарма болуп иштеп, кайрадан 1943-жылы согушка барып, жеңил жарадар болуп келген. Колхоздо ферма башчысы, биргадир болуп иштеген. Ал көлөмү жагынан чоң кишинин кичинеси, орто бойлуунун чону эле.

Маданбек менен кошо жүрүп, көп иштерине күбө болдум.

1946-жылдын жазгы март айында, Токтоштун устакана-сында жеке чарбадан эт өндүрүү үчүн айылдагылардын көбүн чогулттук. Ошол кезде мен колхоздо эсепчимин. Бухгалтер Алиев Токтобай Ошко үч айлык окууга жөнөгөндө, колхоздо акча жок, төрт жашар жайдары кочкорду «жатаканасына, тамак ашына» деп ыйгарышты.

Көпчүлүк арасында кептен кеп чыгып отуруп,

–Ким канча тукум жей алат? деген суроо болуп, бириси жыйырманы десе, экинчиси отузду» деди.

–Мен алтымыш даана жеймин–деди Маданбек.

–Жей албайсын– деди Токтобай.

–Жеп кетсем, менден өндүрүлүүчү алтымыш килограмм этти төлөйсүнбү?

–Төлөймүн-деди бухгалтер Токтобай.

–Төлөй албасаң эмне бересин?

–Мына бул чоң кочкорду берем. Экөө кол алышышты.

Мени кошуп, үч кишини калыстыкка көрсөтүшүп, көпчүлүк алтымыш беш жумуртканы баарыбыздын көзүбүзчө бышырышты. Калыстар беш жумуртканы жеп, алтымыш жумуртканы Маданбекке кошо аарчып, берип турдук. Бир чай пияладагы чык менен ал алтымыш жумуртканы түгөл жеп, чоң кочкорду утуп, алтымыш килограмм эттен да кутулду.

Токтобай өзүнүн эки эчкисин сатып, окууга кетти.

Маданбектин, тукум жегени районго угулуп, көпчүлүккө сөз болуп кетти. Ар ким ишенбей, мелдешем деп жүрүштү.

–Жүз жумуртканы ичип берсе, мен атымы берем. Эгер утулса Маданбек атын берсин дейт, Тогуз-Булак колхозунун башкармасы Тойчуев Адыл.

Аралыктан эки жыл өтүп, 1948–жылы апрел айында Тогуз-Булак колхозу Аралда, Кен-Жылга колхозу Күндөй –Жаңыда жер айдап жатышкан.

Маданбектин тукум ичкени кайра жаңырып, урук сепкендер «Ат коюшуп, мелдеше алышпайт» деп калышат.

–Жок. Мен айткан сөзүмөн кайтпайм. Атымы коюп, мелдешем дейт Маданбек.

–Сен атыңы койбо. Баары бир утуласын, кунажынды эле кой дешет Кең-Жылга колхозунун урукчулары Бегмат, Үсөнбек, Кебектер баш болушуп.

Алардын сөзүн уккан Тогуз-Булак колхозунун башкармасы Тойчиев Адил

–Менин төрт жашар, төрт коюм бар. Ошонун бирисин койдум. Бирок, Маданбектин курсагы жарылып кетсе, мен догунда калам. Маданбек «доом жок», деп түшүнүк кат берсин-дейт.

–«Курсагым жарылса догум жок»-деп, Маданбек түшүнүк кат жазып берет.

Экөөнүн мелдешине күбөлүккө райондон келген уполномочендер: райфинотделдин начальниги Мамасеитов Кыпы, райкомдун инструктору Аматов Сейит, Экин колхоздун өкүлдөрү:

–Маданбектин сөзүн уктук. «Өлсөм догум жок – деди» дешип түшүнүк кат жазышат. Алардын түшүнүк катын «Туура» деп сельсовет Шамырзаев Талип кол коюп, печатын басат.

Мелдешке күн болжошуп, Жошолунун дөңүндө өткөрмөк болушат. Болжонгон күнү, мелдеш башталаар алдын:

–Аманбай, мен өлүпмүн. Күндөй–Жаңынын этегинде Үч–Кемпир тараптагы Коктунун бетиндеги, аңгелдин

четиндеги ак чөпкө, бир шише арак койдум эле. Жок. Бирөө маңдайдан карап туруп, алып кетиптир. Эми эмне кылам? Ичип алсам, эки– үч сааттан кийин, эч тойбойт элем-деп тынчсызданып калды.

Баягы жерди алыстан карасам, өйдөрөөк тарабындагы ак чөп ачылып турат. Барсам бир бөтөлкө жатат.

–Мына десем.

–Айланайын, аргам кетип калды эле-деп, жүгүрүп келип, оозун шарт ачып, керней кыла, эки бөлүп ичип, шишени ыргытып жиберип.

–Эми утулбайм –деп, күдүңдөп калды.

Адыл башкарма, дакан тооктун жумурткаларын чогултуптур. Кээлери индук тооктун жумурткаларындай да бар.

Мелдешти угушуп, кызыккан элдин баары келишиптир.

–Кош айдап, урук сээп, талаада жатып, иштеп жатасынар. Бүгүн мелдеште кунажынды утабыз. Союп, бир аз улак чаап, этин салып жегиле-деп, Тойчиев Адыл башкарма колхоз мүчөлөрүнө алдын ала кулактандырат.

Эки колхоздон үчтөн алты калыс болуп, жүз жумуртканы жарып челекке куйдук. Он жумуртка ашык экен, аны өзүнчө бөлүн койдук. Жүз жумуртка, бир жука тынике челектин курбусуна чейин толду. Убада боюнча, зоотехник Осмонкул колун жууп, челекке салып, таза аралаштырып эзди. Адил өзү карап туруп, анын колун челекке салааларынан бери таза сыдырттты.

Көптүн ортосунда турган Маданбек челекти алып, жута баштады. Бир аз дем алганда челектин ичинде төрт элидей калыптыр. Күн катуулап жаап кирди. Маданбек кайра жутуп, челекти тик көтөрүп, шыпкап ууртап:

–Болдубу Адил ака. Дагы элүү жумуртканы алып келтир. Атка мелдешели-деди.

–Сенде ичеги жок турбайбы-деп, Адил тескери карады.

Мелдештин шарты боюнча, бир саатка чейин, Маданбек кусса утулмак.

Ал жанындагылардан тамеки сурады.

–Биз папироско мелдешкен эмеспиз-деп, Адил беркилерди бердиртпей койду.

Жамгыр күчөп жааганынан, баарыбыз уйчулардын үйүнө кирип отурууга, аргасыз болдук.

Үй ээси кыдырата айран берди. Маданбек да, эл

катары ичип отурду. Көпчүлүктүн, бирөөндө да саат жок экен. Адил башкарма саатын карап

–Бир саат он мүнөт болду. Рахмат. Маданбек мөрөй сеники. Үйдө үч баш, төрт тиш, багып жаткан койлорум бар. Баарысы барабар. Ортоңку койго кагаз жазып берейин, бала жибертип алдырып ал!

Маданбек койду алып келип, союп, түндөп бышырып, эртеси ишке кеткенге чейин, активдерди аксакалдарды чакырып, кудай өткөрдү.

Эртеси баягы ат мелдешти айныткан үч урукчуну башкарма

–Силер айнытпасаңар. Маданбек атты утат эле деп, тилдептир.

## Май жутканда



1948-жылы бухгалтер болуп иштеп калдым. Ошол кезде сүт планын толтурууга, өзгөчө көзөмөл көрсөтүлгөн эле. Июнь айында сүттүн саап алынышын көзөмөлгө алууга, ревкомиссияны баштап жайлоого бардык. Маданбек уй ферма. Баш–Кара-Бөктөрдүн Чеш дөбөсүндө уйчулар отурушуптур. Мен таң эртенден өз ишимди уланттым. Ар уйдан саалган сүттүн өлчөмүн алып жатсам, ар үйдөн чыккан кишилердин карааны, көбөйүп кетти. Көрсө райондон эт, жүн, тери, май чогулткан агенттер келишкен экен. Ысман аксакал уй багат. Келгендердин баары анын үйүндө отуруп, эрте мененки тамак ичип жатышыптыр. Ал мезгилде ар бир уйга беш кг май тапшыруу милдети бар эле. Аялы, болгон каймагын сызгырып, бир идишке куйган экен.

–Беш килограмм чыгат, таразага тартпай эле алсаң болот-дешет, отурган май алуучуга.

–Бир киши, ичип коючу идиште экен, беш килограмм чыкпайт.

–Мынча майды, Маданбек гана ичпесе, башка адам иче албайт- дешет отургандар.

–Маданбек ака, иче турган болсо, мен мына турган эки флягадагы майды берем. Эгер иче албаса, мага ушунча май берсин-дейт май алуучу.

Маданбек шарт туруп, колун берди.

–Алып келгилечи майды–деп, отургандардын бирөөсү, баягы идишке куюлган майды карап:

–Май ысык экен, бир аз муздасын-деп жерге койду.

Отургандардын бири май чогулткан баланын эки флягасын ачып көрүп:

–Кырк беш килограммга жетет деп, чамалады.

–Эгер иче албасам, колхоздун майын сызгырып болсо да, кутулам. Алып келгиле, тиги майды-деп, Маданбек отурган жеринде шарт көтөрүп, ысык майды ичип жиберди.

Отургандар дуу каткырышты. Таңданышты. Май чогулткан баланын өңү кубарып, сомсое түшүп, отургандарга жалына кетти.

–Акелер, жетим элем. Мынча майды төлөй албайм. Оозумдан жаңылдым. Кечирип койгула! Маданбек ака, жалгыз жетиммин. Апам карыган, мени аяңыз? –деди.

–Мына бул майдын ээсине, мага беш килограмм майга квитанция кырк. Калганына ыраазымын-деп, Маданбек ордунан турду.

Отургандар ыраазы боло, бата беришти.

Май чогулткан бала шашыла эшикке чыгып, элден май доолабай, атына флягасын арткан бойдон, кылчайбай жөнөп кетти.

–Кыштоого түшүп келсем, күн аябай ысып чыкты. Май кылгырып, оозуман кетпей койду. Айлам кеткенде, балдар жасаган көлгө түшүп, башымды чыгарып жатсам, көлдүн үстү кадимкидей май болуп калды. Үйгө келип жатсам, оозу–мурдуман май куюлуп, аябай жүдөттү. Көрсө суюк жумуртка сиңип кетет. Бышык жумуртка сасык кекиртек кылат. Май денеге сиңбейт экен–деп, Маданбек кеп кылып калаар эле.

## МАЗМУНУ

Эрке тай ............................................................ 3
Улакчы ............................................................ 69
Кармышак «текче» ............................................................ 95

«Акта качыр» ........................................................................ 107
Мамат мүнүшкөр ................................................................... 121
Мырза  уулу Төөбай ............................................................... 135
*(Төө балбан)* ....................................................................... 135
Чаңыл-Таштагы тойдо ............................................................ 144
Достошту.............................................................................. 148
Шапак боз ............................................................................ 150
Мелдешип күрөшкөндө .......................................................... 152
Ботояр бийдин ашында .......................................................... 153
Бейтааныштын аты ................................................................ 157
Улакчыларга боло берет ........................................................ 171
Коргон-Төбөдөгү той .............................................................. 178
Аманбай акенин айткандарынан.............................................. 185
Ала качмай............................................................................ 186
«Төө балбан» аталышы .......................................................... 187
Кадырбектин сары торусу....................................................... 189
Жусмамат балбан .................................................................. 191
БАЛБАН МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ .................................................. 195
ч соорунду бир алганда .......................................................... 201
Чепкен айрылганда ............................................................... 202
Турду балбан......................................................................... 208
Мырзаибраим улакчы ............................................................ 221
Маназар уулу Маданбек ......................................................... 227
Май жутканда ....................................................................... 230

**Суранчы Жетимишов**

**Кожомкул саяпкер**

Редактор: А.Султанов
Тех.редактор: М.Маматалиев
Корректор: М.Маманова
Калыпка салган: Г.Караева

Терүүгө 26.09.2010-ж. берилди. Басууга 29.10.2010-ж. кол коюлду.
Көлөмү 8,75 басма табак. Нускасы 500. Буюртма №_____.
Ош ш., Курманжан Датка-209. «Ошоблбасмакана» АК.